**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Б. СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*
**УДК: 338.2:433.1:338 (431.2)**

**Кубанычбеков Эрнист Кубанычбекович**

# Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде региондордун социалдык-экономикалык денгээлин көтөрүү (Жалал-Абад облусунун мисалында)

Адистик 08.00.05 – тармактык экономика

**Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн**
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**
**экономика илимдеринин доктору,**
**доцент**
**А.Б.Карбекова**

**Жалал-Абад 2024**

**Мазмуну**

**Киришүү**

**1 Бап. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын жана алакалашуунун илимий методологиялык негиздери жана алардын мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүндөгү мүмкүнчүлүкторү жана чектери.**

1.1 Дүйнолүк экономикалык ааламдашуу жана алакалашуунун методологиялык негиздери, алар жонүндо илимпоздордун ой-пикири жана коз-карашы
1.2 Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын жана алакалашуунун алкагында Орто Азия өлкөлөрүнүн экономикалык мамилелеринин негизги багыттары
1.3 Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын жана алакалашуунун илимий методологиялык негиздери таанууда Шанхай биримдигинин орду, алгылыктуу жана көйгөйлүү жактары

**2-бап. Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын макроэкономикалык кыймылын талдоо жана аны башкаруунун уюштуруу-методикалык ыкмалары.**

2.1 Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун ишканаларынын уюштуруунун жана иш алып баруунун экономикалык көрсөткүчтөрүнүн учурдагы абалы
2.2 Тышкы экономикалык байланыштардын негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын экономикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн талдоо
2.3 Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында суу ресурстарын пайдалануунун экономикалык-уюштуруу жагдайлары жана аларды натыйжалуу пайдалануу багытын экономикалык башкаруу системасын жогорулатуу
2.4 Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагычынын алкагында Аксы районунун ичкен сууну пайдалануучу чарбасынын мисалында долбоордук экономикалык башкаруу ыкмыларынын жардамы менен келерки мезгилге божомолдоо.

**3-бап. Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Жалал-Абад облусунун аймагына кирген энергетика тармактарынын экономикалык субъекттеринин абалын жана алардагы өнүгүүсүн изилдөөнүн**

**теориялык жана уюштуруучулук-усулдук негиздери, аларды өнүктүрүүнүн тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү**

3.1 Кыргыз Республикасындагы тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Жалал-Абад облусунун аймагына кирген энергетика тармагынын өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары жана алардын экономикалык башкарууну уюштуруунун абалына тийгизген таасири

3.2 Токтогул суу сактагычынын алкагында Нарын каскаданы иштеп чыгарган электр энергиясына болгон сарптоолордун түзүмүн моделдөөнүн базасында оптималдаштыруу.

3.3 Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Жалал-Абад облусунун аймагына кирген экономикалык субъекттеринин соода-экономикалык өз ара кызматташууну өркүндөтүүнүн милдеттери жана механизмдери

**Тыянак**

**Колдонулган адабияттар**

**Тиркемелер**

**Киришүү**

**Изилдөө темасынын маанилүүлүгү.** Кыргызстан өзүнүн эгемендүүлүгүн алгандан кийин өз алдынча көз каранды эмес мамлекет катары калыптана баштаган учурда Кыргыз Республикасы экономикалык жана социалдык байланыштарды түзүүдө биринчи кезекте КМШга кирген мамлекеттер, өзгөчө Орто Азия жана Казакстан менен байланышты өнүктүрүүгө көңүл бурулган. Алсак, Кыргызстандын экспорттук-импорттук байланышында Россия биринчи, Казакстан, Өзбекстан, Украина, Түркмөнстан, Тажикстан, Белоруссия андан кийинки орундарды ээлеп келген. Кыргызстан аларга тери буюмдарды, жүндөн, пахтадан, жибектен токулган кездемелерди, килем, пахта буласын, сейрек кездешүүчү кендерди, гранит, мрамор жана керамика плиталарын ж. б. Экспорттоп турган. Ал жактан Кыргызстан күйүүчү жана майлоочу майларды, таш көмүр, автомашиналарды айыл чарба техникаларын, кара металл, газ ж. б. алып турган.Азыркы мезгилде Кыргызстан 40тан ашуун алыскы, 12 жакынкы чет мамлекеттер менен экономикалык, экспорттук-импорттук байланыштарды жүргүзөт. Эгерде мурда Россия Кыргызстандын эн чоң өнөктөшү болуп келсе, азыр биринчи орунду Кытай Эл Республикасынын соодасы ээлей баштады. Экономикалык карым-катнаштардын көлөмү боюнча Россия, Казакстан, Өзбекстан өлкөлөрүнүн деңгээли бирдей болуп калды.

Ыкчамдатылган кызматташуу Борбордук Азия өлкөлөрүнүн көптөгөн маселелерин чечип бере алат, анткени, бир да мамлекет өз алдынча мүмкүн болчу коркунучтар жана кооптуу жагдайлар менен күрөшө албайт. Аймактык алакалашуунун илимий стратегиясын иштеп чыкпай туруп, азыркы аймактагы системалык кризистен чыгуу ар бир олко учун кыйынчылыктарды жаратат. Биздин диссертациялык жумуштун маалыматы боюнча, эгер бардык Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичиндеги ишкердик жана каржылык, соода, транспорт, транзит жааттарындагы кайра курууну жүргүзүүдөн түшчү пайдаларды кошуп көрсөк, анда жакынкы эле 10 жылдын ичинде элдин жан башына болгон кирешеси 50 пайызга көбөйүшү

мүмкүн, бул албетте, болжол менен Борбордук Азиянын жарымын түзгөн калктын кедей катмары үчүн өтө маанилүү көрүнүш.

Кыргызстанда экономикалык реформанын жүрүшүндө эл чарба тармактарын өнүктүрүү, экспортко дүйнөлүк рынокто атаандашкыдай сапаттуу товарларды өндүрүүчү базалык ишканаларды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Бул максатты жүзөгө ашырыш үчүн чет өлкөлүк инвестициялар көбүрөөк тартылууда. Эл аралык валюта фонду, Дүйнөлүк банк, Эл аралык өнүгүү ассоциациясы сыяктуу эл аралык финансы уюмдары республиканын экономикасын реабилитациялоо, жергиликтүү чийки заттардан экспортко ылайыктуу товар өндүрүүгө жөндөмдүү ишканаларды куруу багытында чоң көмөк көрсөтүшүүдө. Бул багытта кийинки учурда Азия өнүгүү банкы, Эл аралык финансы корпорациясы жана Ислам өнүгүү банкы да активдүү жардам берүүдө.Учурда Кыргызстандын чет мамлекеттер менен биргелешип курган ишканалары, компаниялары жылдан жылга көбөйүл, иштеп жатат. Алсак, Кыргызстан менен Канадалык «Камеко» корпорациясы, Ысык-Көл областындагы «Кумтөр», Талас районундагы «Жер Үй» алтын кендерин иштетип атат.

Жер жана агрардык реформаны ишке ашырууда, айыл чарбасын натыйжалуу тармакка айландырууда да экономикалык байланыштар маанилүү роль ойноодо. Азыркы мезгилде Кыргызстан азык-түлүк продукциялары менен өзүн-өзү толук камсыз кыла албай жатат. Мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланган учурда республика айыл чарба продукцияларын экспорттоого толук жөндөмдүү экендиги илимий жактан далилденген. Эгерде 1995-ж. республиканын сырткы карызы 600 млн америкалык долларды түзсө, 2021 жылга  5 млрд долларга жетип калды. Адегенде берилген карыздарды төлөөнүн мөөнөтү биринин артынан бири бүтүп жатат. Ошондуктан берилген жардамды өндүрүшкө максаттуу түрдө кайтарым болгудай деңгээлде жумшоону эстен чыгарбашыбыз абзел. Кыргызстан келечекте эл аралык рынокко жүндү, ферментацияланган тамекинин жалбырагын, пахтаны, көп жылдык чөптүн, кант кызылчасынын,

гибриддик жүгөрүнүн, жашылча-бакча өсүмдүктөрүнүн уруктарын көбүрөөк экспорттоого мүмкүнчүлүктөрү бар.

Жалпысынан алганда Кыргызстандын, ошондой эле Борбордук Азия мамлекеттеринин келечеги кеңири. Аймактын өлкөлөрү орточо кирешеси бар мамлекеттердин катарына кирүүнү самап келатышат – алардын бул багыттагы аракеттерин ИДПнын өсүшү (жыл сайын 3-4 пайыздан көбүрөөк) эле айтып турат. Экономиканын туруктуу өнүгүшү тейлөө чөйрөсүнүн, мунайгаз тармактарынын жана жеке секторлордун өсүшүн камсыз кылат. Учурдагы чарбалык турмуштун жана ааламдашуунун этаптарында ар бир өлкөнүн же өлкөлөрдүн топторунун эл аралык алакалашуу иштерине катышуу деңгээли анын келечектеги тагдырын аныктоочу фактор болуп саналат. Бул толук бойдон өнүгүүсү катаал шартта жүрүп жаткан Борбордук Азия өлкөлөрүнө да таандык. Бардык адамзат коомунун экономикалык, саясый, социалдык жана маданий карым-катнашын камтыган ааламдашуунун жүрүшү дүйнөлүк өнүгүүнүн учурдагы этабындагы жалпы үстөмдүк кылган көрүнүш. Учурдагы шарттарда, ааламдашуунун текши эместигине байланышкан кесепети, изилдөөчүлөрдүн алдына бул ишке жаңы көзкарандысыз, биринчи кезекте, постсоветтик мамлекеттерди жана эл аралык аймактык бирикмелерди тартуу маселесин коюп отурат. Бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк коомчулуктагы экономикасын чыңдоо жана мамлекетин бекемдөөнүн негизги фактору болуп алакалашуу иштерин тереңдетүү саналат. Ансыз биздин жаш мамлекетибиздин ролу да, жалпы алакалашуу биримдигиндеги орду да алсыз бойдон кала берет. Ошон үчүн биздин өлкөлнүн тышкы дүйнө менен болгон кызматташуусунун жалпы эрежесин жана шарттарын түзүп чыгуусу керек. Ушуга байланыштуу биздин өлкөнүн инновациялык өнүгүшү үчүн аймактык кызматташуунун теориялык, усулдук жана иш жүзүндөгү тажрыйбаларын акыл сыдыргысынан өткөрүү эң маанилүү маселелердин бири болуп турат. Азыркы учурда аймактык алакалашуунун көйгөйлөрүнүн өткөөл экономикалуу өлкөлөргө карата чагылышы өтө жеткиликсиз изилденген,

колдо болгон иликтөөлөр аймактык алакалашуунун өнүгүшүнүн айрым аспектерин гана карайт. Ошол себептерди эске алып азыркы эмгекте Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде региондордун социалдык денгээлин көтөрүү маселелери изилденген. Кыргызстандын экономикасын нормалдуу иштешин аныктаган эн негизги фактору - бул региондогу мамлекеттер менен тушунуктуу, тушумдуу кызматташуу жана кызыкчылыктардын балансын табууга таянган мамилелерди сактоону жана онуктурууну талап кылат. Ушул биздин диссертациялык изилдөө көрсөткөндөй, аймактагы экономикалык кызматташуунун тереңдешиндеги негизги чөйрө – бул аймактын бай жаратылыш көрөңгөлөрүн пайдалануу тармагында, суу - энергетика чөйрөсүндө көйгөйлөрдүн чечилишине бардык Борбордук Азия мамлекеттери кызыкдар экени шексиз. Аймактагы алакалашуу иштеринин тереңдешине багытталган максаттарга жетишүү үчүн, биздин оюубузча, бардык аракетти экономикалык өз ара кызматташуудагы эң артыкчылыктуу багыттарга бурушубуз керек. Алардын негизгиси - суу - энергетикалык көрөңгөлөрдү сарамжалдуу пайдалануу. Бул багыттагы кызматташуунун артыкчылыгы төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт: Борбордук Азия мамлекеттерди жалпы суу бассейни, бирдиктүү экологиялык тутум, газ түтүктөрүнүн жалпы курулушу (линиясы) Газли – Бухара – Ташкент - Шымкент – Алматы байланыштырып турат. Аймактын суучарба чөйрөсүндө азыркы күндө төмөнкүдөй көйгөйлөр орун алып калды:• суу көрөңгөлөрүнүн жалпы жетишсиздиги;• бирдиктүү укуктук базанын жоктугу;• кошуна өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын ойго албай коюу;•трансчегаралык дарыялардагы сууларды бөлүштүрүү боюнча талаптардын бузулушу;• ордун толтуруу иштеринин аткарылбагандыгы (сөз Токтогул суу сактагычындагы суу үчүн Кыргызстанга кыш мезгилиндеги жылуулук жана энергокөрөңгөлөр менен орду толтурулбагандыгы жөнүндө баратат).Бул көйгөйлөрдүн баарын Борбордук Азия мамлекеттеринин жетекчилеринин жетиштүү саясый эрки менен чечсе болот. Бардык маселелер иштиктүү сүйлөшүүлөрдүн

жүрүшүндө чечилиши керек. Эң негизгиси – сууну саясый жана экономикалык кысымдын куралына айландырбаган жөн болот. Сууга жалпы баалуулук катары статус берилиши керек. Суу Борбор Азия үчүн бөлүп-жаруучу эмес – бириктирүүчү башталыш болушу абзел. Аймактын мамлекеттеринин ушул багыттагы биргелешкен аракети бири - биринин эгемендигин урматтоо, тең укуктуу өнөктөштүк, улуттук кызыкчылыктарды эсепке алуу жана өз ара алынган милдеттенмелерди ак тилектен аткаруу талаптарына негизделиши керек. Бул чөйрөдөгү башкы милдеттерди аткаруу үчүн аймактын өлкөлөрүнүн бардык аракеттери төмөнкүдөй иштерге багытталышы зарыл: аймактын суу көрөңгөлөрүн пайдаланууга акыл-эс менен мамиле кылып, анын жаңы стратегиясын иштеп чыгууга; кошуна мамлекеттердин аймагында жайгашкан мамлекеттер аралык суу обьектилерин пайдалануунун таалаптарын иштеп чыгууга багытталышы керек. Аймактын суу-энергетикалык көрөңгөлөрүн кыйла таасирдүү пайдалануу боюнча Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан үчүн биргелешкен стратегияны иштеп чыгуу максатка ылайык келет. Орто Азиянын өлкөлөрүнүн жалпы Суу-энергетикалык саясатын ишке ашырууда чоң үмүт Мамлекеттер аралык Суу-энергетикалык консорциумга артылып жатат. Ушундай шартта Кыргыз Республикасы  бай жана арзан, анын үстүнө болгону 10%ы гана өздөштүрүлгөн суу-энергетикалык ресурстарга ээ (потенциалы – жылына 142 млрд. кВт/саат)  бар экендиги менен мүнөздөлөт. Суу-энергетика ресурстары менен камсыз болуусунун жогору деңгээли республиканын энергетика комплексинин бат өнүгүүсү үчүн жагымдуу өбөлгөлөрдү түздү. Аталган комплекс өткөн кылымдын 80-жылдарынын башынан баштап Орто Азия аймагындагы суу энергетикасынын ири өндүрүүчүсү болуп, Борбордук Азиянын Бириккен энерготутумуна иштелип чыгылган электр энергиясынын 50%дан ашуунун берип жатты.

Илимий адабиятта аймактык биримдиктин пайда болушунун үч негизги себептери бөлүнүп көрсөтүлөт: мамлекеттердин географиялык жакындыгы жана экономикалык, социалдык жана маданий

кызыкчылыктарынын бирдиктүүлүгү ушундай кооперацияга барууну жаратат; конституциялык биримдик идеясы; пайдалуулугуна карата тандап алуу, анын саясый авторлору мүчөлүктүн чыгымдары менен кирешелерин талдап чыккандан кийин, эгер анын чыгымдары алынчу кирешелеринен аз болсо, анда бир эле учурда анын экономикалык аспектиге өтүшү ыкчамдалып кетиши мүмкүн делинет. Изилдөөчүлөрдүн ортосунда аймактык алакалашуунун күчөшү жана мүмкүнчүлүктөрү, эркин сооданын глобалдык келечеги да талкууга алынып жатат.Изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү эл аралык соода-экономикалык мамилелердин кеңейиши баалардын төмөндөшүнө, жумуш орундарынын көбөйүшүнө, сунушталган продукциялардын ассортиментинин кеңейишине жана тейлөөлөрдүн сапаттарынын жакшырышына алып келет, ошонусу менен калктын турмушунун сапаттуу жакшырышын жаратат деген ойду карманышат. Бул изилдөөчүлөр мүмкүн болчу аймактык ассоциялар менен байланышкан кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү түзүмдүк таасирлерди көрсөтүшөт: ири сериялуу өндүрүш, адистешүү менен атаандашуунун таасири өндүрүштүк чыгымдарды кыскартуу багытында иштеп, ноу-хауны колдонууну күчөтөт жана өндүрүштүн пайдалуу жана таасирлүү уюштурулушун камсыз кылат. Натыйжада, экономиканын реалдуу секторундагы эмгектин өндүрүмдүүлүгү артат. Изилдөөчүлөр рынокту ачуунун дайыма өзгөрүп турушу кошуна өлкөлөр үчүн улуттук экономиканын атаандаштыгы жөнүндөгү маселени көтөрүүгө мажбурлайт. Улуттук өндүрүш кубаттуулугун кыйла күчтүү башка аймактык ассоциялардын мүчө-өлкөлөрүнүн атаандаш - ишканаларынын сиңирип кетүү мүмкүнчүлүгүнөн улам улуттук чарбалык саясаттын автономиясы да, ошондой эле жумушчу орундары да жоголуп кетүү коркунучунда калышы мүмкүн. Анткени, глобалдык соода да, ошондой эле аймактык алакалашуу да туруктуу инновациялык иш-аракеттердин, кадрларды окутуу жана кайрадан окутуу зарылдыгы менен коштолуп турат. Аталган алакалашуу жана анын таасирдүүлүгү жөнүндөгү маселелер биздин атактуу илимпоздор Ш. М.

Мусакожоевдин, А.З.Закировдун, Т. К. Койчуевдин, С.А.Омурзаковдун, Г.К.Ташкулованын, А.З.Зулпукаровдун, А.М.Ташбаевдин, Ч.К. Райымбаевдин жана башкалардын эмгектеринде каралган.

Эл аралык жана аймактык алакалашуунун жүрүшүнүн тереңдетилген теориялык аспектери ЕврАзЭСке кирген мамлекеттердин белгилуу окумуштуулары Л .И. Абалкиндин, К. Л. Астаповдун, А. С. Булатовдун, О. Т. Богомоловдун, Н. Зиядуллаевдин, А. П. Киреевдин, В. К. Ломакиндин, Л. И. Луценконун, В. Леонтьевдин, М. М. Максимованын, О. Т. Порохоровскийдин, В.Е. Рыбалкиндин, К. А. Семеновдун, А. В. Сидоровичтин, С. А. Ситаряндын, А. Спициндин, Е. С. Строевдин, М. Уваровдун, Л. С. Черныйдын, Ю. В. Шишковдун жана башкалардын эмгектеринде чагылдырылган. Ошону менен бирге белгилеп коюшубуз керек, алакалашуунун жүрүшүнө арналган көптөгөн жарык көргөн материалдарга карабай, жалпысынан Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштарды, аймактык алакалашуу кызматташтыгынын таасирлүү багыттары жана формалары, аймактын өнүгүшүндөгү инновациялык аракеттердин ролу жөнүндө бирдиктүү ой-пикир изилдоолор жок. Ошондуктан, Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык жактан жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгы жана алардын региондордун социалдык денгээлин көтөрүү багытында изилдөөнүн темасын, ушул иштин максатын менен милдеттерин, анын түзүлүш ыңгайын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Диссертациялык иштин темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөө демилгелүү (инициативдик) болуу менен, иштин темасы Кыргызстандагы жалпы илимий жана мамлекеттик изилдөө программаларына шайкеш келет. Ошондой эле, бул иш 2013-2019-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, 2025-жылга чейинки экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациясынын стратегиясы жана 2035-

жылга чейинки экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациясынын концепциясы менен тыгыз байланышы бар.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Ушул эмгектин негизги максаты Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык жактан жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгын эске ала туруп, алардын региондордун социалдык денгээлин көтөрүү багытында изилдөө болуп саналат. Азыркы, ааламдашуунун өлкөлөргө тийгизген таасиринин күчөп бараткан шарттарында, өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн келечегине, туруктуу атаандаштыкты түзүүгө, улуттук коопсуздукту камсыз кылууга карата жаңыча ой жүгүртүү менен кароо муктаждыгы жаралып отурат. Азыркы жаралган КОВИД-19 шартында экономикалык кризис транзиттик экономикалуу өлкөлөрдүн, аларга ортоазия өлкөлөрү да кирет, өнүгүү жолундагы көйгөйлөрүн курчутту. Азыркы учурдагы, өлкөнүн экономикалык атаандаштык мүмкүнчүлүгү, анын экономикасынын инновациялык деңгээлинин камсыздыгына көз каранды болуп турган шарттар, транзиттик өлкөлөрдүн алдына инновациялык экономиканы түзүүдөгү татаал милдеттерди койду, анын ийгиликтүү чечилиши Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү алакалашуунун, экономикалык өнөктөштүктүн артыкчылыктарын орду менен пайдаланууну талап кылат. Диссертациялык изилдөөгө коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл:

1. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык маселелери менен ушул багыттагы дүйнөлүк тажрыйбаны изилдөө, ошондой эле аларды Кыргызстандын региондору үчүн пайдалануунун мүмкүнчүлүгүн изилдөө;
2. Тышкы экономикалык байланыштардын жана алакалашуунун жүрүшүнүн негизги багыты менен формасын табуу, Кыргызстандын орто азия аймагынын өлкөлөрү жана ЕврАзЭСтин катышуучу өлкөлөрүнүн алакалашуудагы негизги ордун талдоо жана аныктоо,

ошол мамилелердин артыкчылыктуу жактарын жана бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин келечегин карап чыгуу ;

3. Кыргыз Республикасынын ЕврАзЭСтин алкагындагы иш-аракеттеринин негизги багыттарын, алакашуунун жана ааламдашуунун Кыргызстандын региондоруна, алсак Жалал-Абад облусунун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө тийгизээр таасирин карап чыгуу, Кыргыз Республикасынын келечектеги тышкы экономикалык саясатынын өнүгүшүнүн негизги багыттарын аныктоо;
4. Борбордук Азия мамлекеттери менен биргеликте Жалал-Абад облусунда жашаган калктын социалдык маселелерин чечүү багытында жаратылыш ресурстарын пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгып, суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун экономикасын чыңдоо максатында алардын экономикалык-уюштуруу жана башкаруу маселесине байланыштуу абалын андан ары жакшыртуу жоболору негиздеп иштеп чыгуу жана чарбалардын жана ишканалардын иш-аракеттеринин анализинин негизинде суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун көрсөтүп келечектеги иштеп чыгарылган электр энергиясын туура пайдалануу жана божомолдоо негизинде башкарууну жакшыртуунун жолдорун аныктоо;
5. Борбордук Азия мамлекеттери менен шериктештик мамилелердин алкагында Жалал-Абад облусунда иштеп чыгарылган энергетика ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн жана алар менен шартталган маалыматтык камсыздоону керектөөнү изилдөө, ошондой эле иштелип чыгылган энергияны керектөөчүлөргө жеткирүү боюнча көп максаттуу башкаруу концепциясын негиздөө жана типтүү максаттардын түзүмүндөгү башкаруу маселелердин комплексин аныктоо;
6. Кыргыз Республикасынын суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун алкагында алакалашуу жана кызматташуу Кыргызстан жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн көптөгөн маселелерин чечип бере ала

турганын аныктоо жана формалдуу алакалашуунун өнүгүшүнө тикелей, ошондой эле кыйыр таасир тийгизген экономикалык иш-аракеттин жалпы шарттарынын өзгөрүшүнүн ар бир мамлекетке тийгизген таасиринин мүнөздөрүн тактоо, аймактык мыйзам ченемдүүлүгүнүн жалпы жаратылышын көрсөтүү, алардын жүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү.

7. Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагычынын жана суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун алкагында Орто Азия мамлекеттеринин аймагындагы экономикалык жаңылануунун өз ара аракеттенүүсүнүн негизи катары формалсыз алакалашуунун чектерин талдоо, алардын саясый-экономикалык тутумдарынын өзгөчөлүктөрү менен байланышкан жүйөөлүү негиздерин аныктоо.

**Изилдөөнүн методологиясы жана усулу.** Диссертациялык иштин теориялык жана методологиялык негизи болуп Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык маселелери менен ушул багыттагы дүйнөлүк тажрыйбаны изилдөө, ошондой эле аларды Кыргызстандын региондору үчүн пайдалануунун мүмкүнчүлүгүн пайдалануунун илимий жана практикалык маселелери боюнча экономика илимдеринин классиктеринин, кыргыз жана чет өлкө окумуштууларынын эмгектери саналат. Изилдөө жараянында Кыргыз Республикасынын суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун алкагында маалыматтарды таануу, талдоо жана синтездөө, индукция жана дедукция, тутумдуулук жана комплекстүүлүк сыяктуу жалпы илимий ыкмалары, диссертациялык иштин жаңы жоболорун негиздөөгө карата тарыхый жана логикалык ыктоолор, ошондой эле анык усулдук эрежелер жана моделдөө жолдору колдонулду.

Изилдөөнүн усулу ата мекендик жана чет өлкөлүк теория менен практикада жыйналган билимдерди жана тажрыйбаларды окуп үйрөнүүгө жана жалпылоого, Кыргыз Республикасынын суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун алкагыгында экономикалык башкаруунун жана талдоонун

аракеттеги тутумун баалоого, моделдөөнүн Кыргыз Республикасынын энергетика тармагынын экономикалык субъекттери боюнча маселелерин, маалыматтык базасын, эрежелерин жана жолдорун аныктоого, суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун алкагында Орто Азия мамлекеттеринин аймагындагы экономикалык жаңылануунун өз ара аракеттенүүсүнүн негизи катары калыптанды.

**Изилдөөнүн маалыматтык базасын** улуттук жана эл аралык статистикалык агенттиктердин материалдары менен жарыкка чыккан макалалары (ачык айтканда, мамлекеттик статистиканын кызматынын, Борбордук Азия мамлекеттер аралык статистикалык комитетинин, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн статистикалык органдарынын, Бүткүл дүйнөлүк банктын, МВФнын), Кыргыз Улуттук Академиясынын институттарынын, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин, Кыргыз Улуттук Университетинин, Кыргыз-славян Университетинин, РИАнын институттарынын (ИМЭМО РАН, ЦЭМИ РАН, РАНдын экономика институтунун, РАНдын Европа институтунун жана башкалардын) жана мамлекеттен тышкаркы изилдөө борборлорунун (Москвадагы Карнеги институтунун, шаарлардын экономика институттарынын, “Евразийский монитор” долбоорунун, Heritage Foundation House, Cato Institute ж. башкалардын) түздү. Биз Кыргызстандык, россиялык жана чет элдик журналдарда (“Вопросы экономики”, “Мировая экономика и международное отношения”, “Экономика и математические методы”, “Проблемы прогнозирования”, “ПОЛИС”, “Экономическая наука современной России”, “Экономический вестник РГУ”, “Общество и экономика”, American Economic Review, Journal of Public Economics, Journal of International Economics, Quarterly Journal of Economics, Journal of Political Economy, Journal of Economics Perspectives, Canadian Journal of Economics, Public Choice, Journal of Common Varket Studies, Constitutional Political Economy и др.); монографиялары, университеттердин, эл аралык уюмдар жана изилдөө борборлорунун, жумушчу материалдары жана баяндамалары, ошондой эле

Интернет жыштыгы (тарамы) пайдаланылды жана экономиканы башкаруу көйгөйлөрү боюнча кыргыз жана чет өлкө окумуштууларынын эмгектеринде берилген жана негизделген пайдубалдык концепциялар жана гипотезалар; Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигинин, Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Каржылык рынокту тескөө жана көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызматынын мыйзамдык жана ченемдик актылары, программалык документтери жана чечимдери түзүштү.

**Илимий жаңылыгы.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы менен айырмаланган негизги жыйынтыктары төмөнкүлөр:

1. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык маселелери менен ушул багыттагы дүйнөлүк тажрыйбаны изилдөө, ошондой эле аларды Кыргызстандын региондору үчүн пайдалануунун мүмкүнчүлүгү изилденди;

2. Тышкы экономикалык байланыштардын жана алакалашуунун жүрүшүнүн негизги багыты менен формасы аныкталып, Кыргызстандын Борбордук Азия аймагынын өлкөлөрү жана ЕврАзЭСтин катышуучу өлкөлөрүнүн алакалашуудагы негизги орду талданды, ошол мамилелердин артыкчылыктуу жактары жана бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин келечеги изилденди;

3. Кыргыз Республикасынын ЕврАзЭСтин алкагындагы иш-аракеттеринин негизги багыттарын, алакашуунун жана ааламдашуунун Кыргызстандын региондоруна, алсак Жалал-Абад облусунун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө тийгизээр таасири карап чыгылды, Кыргыз Республикасынын келечектеги тышкы экономикалык саясатынын өнүгүшүнүн негизги багыттары аныкталды;

4. Борбордук Азия мамлекеттери менен биргеликте Жалал-Абад облусунда жашаган калктын социалдык маселелерин чечүү багытында жаратылыш ресурстарын пайдалануу боюнча сунуштар иштеп чыгылды, суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун экономикасын чыңдоо максатында алардын экономикалык-уюштуруу жана башкаруу маселесине байланыштуу абалын андан ары жакшыртуу жоболору негизделди, ошондой эле Жалал-Абад орблусунун чарба жана ишканаларынын иш-аракеттеринин анализинин негизинде суу-энергетика ресурстарын

пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун көрсөтүп келечектеги иштеп чыгарылган электр энергиясын туура пайдалануу жана божомолдоо негизинде башкарууну жакшыртуунун жолдору аныкталды;

5. Борбордук Азия мамлекеттери менен шериктештик мамилелердин алкагында Жалал-Абад облусунда иштеп чыгарылган энергетика ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн жана алар менен шартталган маалыматтык камсыздоону керектөө изилденип, иштелип чыгылган энергияны керектөөчүлөргө жеткирүү боюнча көп максаттуу башкаруу концепциясы иштелип чыкты жана типтүү максаттардын түзүмүндөгү башкаруу маселелердин комплекси аныкталды;

6. Кыргыз Республикасынын суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун алкагында алакалашуу жана кызматташуу Кыргызстан жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн көптөгөн маселелерин чечип бере ала турганы аныкталды жана формалдуу алакалашуунун өнүгүшүнө тикелей, ошондой эле кыйыр таасир тийгизген экономикалык иш-аракеттин жалпы шарттарынын өзгөрүшүнүн ар бир мамлекетке тийгизген таасиринин мүнөздөрү такталды, аймактык мыйзам ченемдүүлүгүнүн жалпы жаратылышын көрсөтүү менен алардын жүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүлдү.

7. Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагычынын жана суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун алкагында Орто Азия мамлекеттеринин аймагындагы экономикалык жаңылануунун өз ара аракеттенүүсүнүн негизи катары формалсыз алакалашуунун чектери изилденди, алардын саясый-экономикалык тутумдарынын өзгөчөлүктөрү менен байланышкан жүйөөлүү негиздери аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык баалулугу.** Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык маселелери менен ушул багыттагы дүйнөлүк тажрыйбаны изилдөө, ошондой эле аларды Кыргызстандын региондору үчүн пайдалануунун мүмкүнчүлүгү багытындагы ишкердикти башкаруу мейкиндигинде экономиканы өнүктүрүү тууралуу методологиялык принциптердин жана конкреттүү практикалык сунуштардын иштелип чыккандыгында. Диссертациянын теоретикалык жоболорун, негизги тыянактарын жана сунуштарын мамлекеттик саясатты түзүүдөжана

ишкердик институттарынын ишмердүүлүгүнүн тактикасын жана саясатын иштеп чыгууда колдонсо болот.Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана курстарды окууда колдонулса болот.

**Изилдөөнүн экономикалык баалулугу.** Изилдөөдө азыркы илимдин регионалдык экономикага тийгизген таасири жөнүндөгү теориясын жана методологиясын өнүктүрөт, түшүнүк жана аналитика аппаратын кеңейтет. Изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык ишканаларды башкаруунун аймактык алкагында экономикалык механизмдердин негизги жоболорун тактайт жана толуктайт. Изилдөөдөгү ишканаларга болгон регионалдык башкаруу модели, ишкердикти модернизациялоону жана өзгөрүүлөрдү изилдөөдө комплекстүү кароого мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле, изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды жүзөгө ашырууну келечекте Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык маселелери менен ушул багыттагы дүйнөлүк тажрыйбаны пайдалануунун мүмкүнчүлүгү багытындагы ишканалардын экономикасын башкарууну тереңдетүүдөгү инфраструктуранын өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды тартууда жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууда колдонсо болот.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Бул диссертациялык иштеги Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык маселелери менен ушул багыттагы дүйнөлүк тажрыйбаны изилдеп, ошондой эле аларды Кыргызстандын региондору үчүн пайдаланууну башкаруунун теоретикалык-методологиялык жана практикалык тажрыйбасы аныкталды жана ишканалардын экономикасынын башкарууну натыйжалуулугун аныктоочу индикаторлорунун экономикалык-математикалык модели иштелип чыгылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Коргоого алып чыгып жаткан негизги тыянактар эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда талкууланган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациянын негизги мазмуну, теориялык тыянактары жана илимий-практикалык сунуштары изилдөөчүнүн 14 макалаларында жарыяланган. Алардын арасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы тарабынан сунушталган илимий журналдарга жарыяланган макалалар, Россиядагы илимий цитаталарга ээ болгон журналдарда жарык көргөн жана ушундай эле башка илимий журналдарга жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация кириш сөздү, үч бапты, корутундуну жана пайдаланылган адабияттардын тизмесин камтыйт.

## 1 Бап. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын жана алакалашуунун илимий методологиялык негиздери жана алардын мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүндөгү мүмкүнчүлүктөрү жана чектери.

### 1.1 Дүйнөлүк экономикалык ааламдашуу жана алакалашуунун методологиялык негиздери, алар жонүндо илимпоздордун ой-пикири жана коз-карашы

Азыркы эгемендүү көз карандысыз мамлекеттердин географиялык абалы, рыноктук мамилелеринин жакындыгы, бири-бирине болгон саясый кызыкчылыктарынын төп келүүсү сыяктуу жалпылыктарга ылайык ортобуздагы экономикалык ишкер байланыштарыбызды кайра калыбына келтиришибиз зарыл. Бүгүнкү дүйнөлөштүрүүнүн жана ааламдашуунун шартында ар кимибиз өзүбүздү тышкы байланыштардан таптакыр ажыратып үзүп салып, жеке өнүгүп өсүп кетебиз деген ой жүгүртүү өтө катачылык болот. Бул багыттан алып караганда Кыргызстан үчүн жакынкы кошуналарыбыз менен катар башка мамлекеттер менен өнөктөш болуу албетте, бизге керектуу багыт. Андыктан, экономикалык алдынкы мамлекеттердин рыноктук экономика шартындагы болуп көрбөгөндөй ыкчам өнүгүп өсүшүнүн сабактарын үйрөнүү, ири инвестиция булактарын тартуу зарылдыгынан жаралып отургандыгын түшүнгөнүбүз оң болот. Азыркы

учурдун эң маанилүү өзгөчө белгиси адамдардын чарбалык иштерине байланышкан бардык аракеттердин ааламдашуусу болуп калды. Илимий-техникалык прогресстин дүркүрөп өсүшү, социалисттик блоктун кыйрашынан улам жаңы мамлекеттердин дүйнөлүк экономиканын тутумуна аралашышы жана жаңы өнөр жайлуу өлкөлөрдүн мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүшү, кедей өлкөлөрдүн дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнө болгон каржылык көзкарандылыгы ушул тутумдун өз ара бардык байланыштарынын өрчүшүнө алып келди, ал эми уламдан - улам көбөйүп бараткан коопсуздукту камсыздоонун экологиялык кеңири көйгөйлөрү менен милдеттери – алардын чечилиши үчүн бардык аракеттер менен көрөңгөлөрдү дагы да көбүрөөк бириктирүү муктаждыгына алып келди. Натыйжада дүйнө кыйла бирдиктүү абалга, ал эми экономикалык аракеттер – улам бийик ааламдашууга такалды. Дүйнөлүк экономикада пайда болгон бүгүнкү күндөгү көптөгөн көрүнүштөрдү экономикалык ааламдашуу менен байланыштырып келишет: ирилешкен трансулуттук корпорацияларды да, экономиканын аймакташуусун да, дүйнөлүк сооданын чапчаңдашын (интенсификацияланышын) да, жакындашуу (конвергенция) көрүнүшүн да, а түгүл каржылык өз ара тыкыс байланышты да ушул көрүнүшкө такашат.

“Ааламдашуу” терминин 1983-жылы Т. Левит киргизген, ал трансулуттук корпорациялар чыгарган айрым продуктыларынын рынокторунун аралашып туташуусу ааламдашуунун мазмуунун түзөт деп эсептеген. Гарвард бизнес мектебинин окулдөрү [7, с.15] “ааламадашуу” терминине бир топ кенен маани берип, аны экономикалык колдоочулукту жогото турган глобалдык рыноктун өнүгүшү менен байланыштырышат. Бирок, ага болгон мамилелердин ар түрдүүлүгүнө карабастан, “ааламдашууну” түшүнүүдө, тышкы рыноктогу алып-сатуунун (операциялардын) жөнөкөй көбөйүшүн эмес, акыр аягында жалпы бирдиктүү рынокту түзүү, жаңы сапатка өтүү менен улуттук экономикалардын алакалашуусуна алып келе турган жалпы мамилени эсептешкен [8, с.14]. Бул көрүнүштүн негизинде өндүрүштүн улам күчөп бараткан чоң масштабдагы эл аралык мамилеге өтүшү (интернационализацияланышы), ошондон улам өзүнүн өндүрүшүнүн таасирдүүлүн сактап туруу үчүн чет элдик тикелей (прямых) инвестицияларды тартуу менен бирге, эмгекти уюштуруудагы жана башкаруу тажрыйбасындагы жаңы технологиялар менен алдыңкы усулдуктарды тарта билиши жатат. Ушуга байланыштуу көптөгөн, анын ичинде өнөр жайлуу өлкөлөрдө да, ар түрлүү өлкөлөрдүн фирмаларынын ортосунда өндүрүштүк биргелешип иш алып баруу (кооперация) тереңдеп, биргелешкен ишканалардын саны арбууда, анын натыйжасында чет элдик

компаниялардын көзөмөлүндө турган ишканалардын саны көбөйүп, корпорациялар ортосундагы соодалашуу улам күч алып баратат.

Учурдагы ааламдашуу менен байланышкан өнүгүүнүн эң мүнөздүү өзгөчөлүгүнүн бири болуп, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жүрүшүнө мамлекеттик жетекчиликтин кийлигишүүсүнүн ар тараптуу күчөшү саналат. Бул жобо толугу менен КМШ өлкөлөрүндөгү экономикалык алакалашуунун жүрүшүнө да тийешелүү. Ушундан улам *уюштурулган алакалашуу* деген, башкача айтканда, эки же андан көп сандагы мамлекеттердин өз ара макулдашуусунун негизиндеги иш-чаралардын тутуму менен ишке ашырылып жаткан алакалашуу болуп саналат. Анткени менен, мамлекеттин алакалашууну башкаруудагы талаптары менен усулдуктары ар башка өлкөлөрдө ар башка келет.

Европа биримдиги (ЕБ) өлкөлөрү уюмдашкан алакалашууну ишке ашырууда коомдун өнүгүшүндөгү экономикалык мыйзамдарды пайдаланышат. Европа экономикалык коомчулугундагы уюмдашкан алакалашуунун механизми баарынан мурда алымды, сандык чектөөлөрдү, экспорттук субсидияларды, капиталдардын кыймылын, жумушчу күчүн чектөөөнү жокко чыгарууну ичине камтыйт. Ошонусу менен алакалашууга катышып жатышкан ар башка өлкөлөрдүн ишканаларынын ортосундагы атаандаштык үчүн жол ачат. Алакалашуунун бул тарабы алакалашууну эл аралык рыноктук карым-катнаш менен окшоштурган көптөгөн батыштын окумуштууларынын эмгектеринде чагылдырылган [11, с. 21].

XX жана XXI-кылымдардын кесилишиндеги дүйнөнүн өнүгүшү ааламдашуунун жүрүшүнүн түздөн-түз таасиринде өтүп жатат. Ааламдашуунун мааниси – мамлекеттер ортосундагы өз ара байланыш менен өз ара көзкарандылыктын кескин курчушу менен мүнөздөлөт. Ал планетардык маалыматтык мейкиндикти, капиталдын, товарлардын жана жумушчу күчүнүн дүйнөлүк рыногун түзүүдө, жаратылыш чөйрөсүнө таасирин тийгизип жаткан техногендик көйгөйлөрдүн эл аралык деңгээлге көтөрүлүшүнөн көрүнүп жатат. Экономикадагы ааламдашуунун өнүгүшү алдыңкы жаңы технологияларды пайдалануу менен жаратылыш байлыктарына жана маалыматтык мейкиндиктерге көзөмөл жүргүзүү үчүн болгон атаандаштык күрөшү менен тыкыс чырмалышкан. Ааламдашуу улам күчөгөн атаандаштык менен ыкчам өсүп бараткан илимий-техникалык прогресстин ылдамдашынын үстөмдүгүндөгү өз ара бири-бирине сиңишүү жана экономиканын биригишинин синоними болуп калды. Маалыматты алуунун, берүүнүн жана иштеп чыгуунун дээрлик жаңыртылган тутумунун пайда болушу каржылык жана товардык рынокту, анын ичинде ноу-хау рыногу менен адистешкен тейлөөлөрдү бириктирүүчү глобалдык тарамды

түзүүгө мүмкүндүк берди. Бир эле мезгилде аймактык трансулуттук компаниялардын өндүрүштүк процесстерди ыңгайлаштырган, көрөңгөлөр менен илимий ачылыштарды пайдалана билген, дивесификацияны жана инвестицияларды башкара алган глобалдык деңгээлге көтөрүлүшү жүрүп жатат. Экономикадагы ааламдашуунун мүнөздүү белгиси өз алдынчалык менен алакалашууну айкалыштыра алгандыгы болду. Мына ушунун өзү ”Экономиканын ааламдашуусунун деңгээли канчалык жогору болсо, анын кичинекей булактары ошончолук күчтүү болот” деген “Нейсбиттин парадоксунда” [12, с.22] да орун тапты. Ушуга окшош эле иштер коомдук-саясый чөйрөдө да жүрүп жатат. Изилдөөчүлөр дүйнөдө байланыштардын эл аралык теңдештик жана жекелик мүнөзү менен түшүндүрүлө турган ааламдашуусу жана үзүктөлүшү (фракментациясы) жүрүп жатканын белгилешет. Дж. Нейсбитт бир жагынан саясый казкарандысыздыкка жана өзүн өзү башкарууга, экинчи жагынан экономикалык топторго (альянстарга) биригүү кыймылы жүрүп жатканын белгилейт. Экономикалык, маалыматтык, маданий чөйрөлөрдөгү ааламдашуу улуттук идентификация менен бирдикте тыкыс жүрүп жатканы байкалат [13, с.1-2]. Маалыматтык ачыктык жана атаандаштыктын жүрүшүнүн ыкчамдыгы улуттун өзүн-өзү таанууга болгон аракети социалдык, экономикалык жана саясый өнүгүүнүн күчтүү кыймылдаткычы болуп эсептелет. Ошол эле учурда улуттук аң-сезимдин жаралышы ааламдашууга байланышкан талкалагыч өзөктөн качма күчкө каршы коомдун коргонуу аракети болуп эсептелет.

Экономикада болсо – бул өлкөнүн ичиндеги салттуу байланыштардын үзүлүшү, атаандаштыкка жарабаган өндүрүштүн бузулушу (деградациясы), жумушсуздуктун күчөшү; маданият жана идеология тармагында – ошол коомго төп келбеген идеялардын, баалуулуктардын жүрүш-туруш үлгүлөрүнүн кириши болуп саналат. Ошол эле учурда, коомдун социалдык - экономикалык абалына канчалык күчтүү доо кетсе, ага болгон жооп да кескин болот, кээде улуттук жана исламдык фундаментализм формасына да өтүп кетиши мүмкүн. Жер шарынын ар кандай жерлеринда жаралган жана кандуу терроризмге айланган этникалык жана диндик карама-каршылыктардын башаты мына ушунда жатат [14, с 3-286].Көпчүлүк изилдөөчүлөр социалисттик тутумдун, борбордук мерчемдештирүүнүн жок болушун өзүнө тийешелүү баалуулук тутуму бар либерализмдин салтанаты катары карашат. Изилдөөчүлөрдүн башка топтору мындай жолдон сак болууга үндөшөт, анткени, коммунизмдин жок болушу капитализм азыркы түрүндө жападан жалгыз туура жол экенинин билдирбейт[1] дешет.

Америкалык изилдөөчү Р. Аллен ааламдашуунун экономикага тийгизген таасирин изилдеп, рыноктун баш аламан жүрүшү азыркы учурдагы рынокту жөнгө салуу концепциясына, айрыкча монетаризм концепциясына дал келбейт деген тыянакка келет. Акыркысы, жүгүртүүдөгү акча массасы менен ИДПнын баалык динамикасынын бири-бирине көзкарандылыгы туруктуу жана алдын ала болжолууга болот деген ойдон чыгат. Ошондо, ошол массанын көлөмүнө таасир берүү менен өкмөт экономиканын туруктуулугун камсыздоочу каражатты өз колуна алат. Ал эми каржылык рыноктун ааламдашуусу аталган туруктуулуктун жана божомолдоонун бузулушун жаратып, өз кезегинде дүйнөлүк каржылык кургуйду (кризисти) жаратканын Р. Аллен белгиледи. Дал ушул каржылык чөйрөдөгү ааламдашуунун жүрүшүнүн өтө кескин өнүгүшү кокустук эмес. Компьютерлештирүү, электрондук эсеп менен насыялык карталардын тутуму, спутниктик жана оптикалык - волокондук байланыш иш жүзүндө каржылык маалыматтарды көз ирмемде жеткирип, бүтүмдөрдү жасоого, каражаттарды мамлекеттик чек аралар менен аралыкка карабай бир эсептен экинчисине которууга мүмкүнчүлүк берет. Ушунун өзү трансакциялык чыгымдарды кескин кыскартты жана дүйнөлүк каржылык рыноктун түзүлүшүнүн бирден-бир негизги фактору болуп калды [15, с.69-71].

Башка фактору – каржы институттарынын иш-аракеттериндеги тышкы жана ички шарттарынын өзгөрүшү болду. Бреттон – Вудтук тутумдун талкаланышы жана белгиленген валюталык курстардын тартибинин жокко чыгарылышы мурунку бекилүү турган улуттук каржылык мейкиндиктин жоюлушу, улуттук каржылык рынокко карата чет элдик капиталдын баскынчылыгын (экспансиясын) күчөттү, ал болсо валюталардын курсунун өзгөрүштөрүнөн пайда табууну жаратты. Өз кезегинде, дүйнөлүк рыноктогу банкалык тейлөөлөрдөгү атаандаштыктын күчөшү, банкалык операциялардын кирешелүүлүгүнүн кыскарышы жана банкалык маржанын төмөндөшү өнүккөн өлкөлөрдүн көпчүлүгүн 80-90-жылдары каржылык иш-аракеттердин чөйрөсүн жөнгө салуудан четтөөгө алып келди. Жөнгө салуудан алыстоо банкалык жаңы мүмкунчүлүктөрдүн пайда болушуна түрткү болуп, ал мурун иштеп келген эрежелер менен чектөөлөрдөн арылууга, жеңилдетилген тартипте иш алып баруучу оффшордук банкалык тейлөөлөрдүн жаралышына алып келди. Валюталык операциялардын көзөмөлдөн чыгуусу оффшордук банктардын “ыплас акчаларды” тазалоодогу эң ыңгайлуу жайына айлантты.

Каржы чөйрөсүндөгү туруксуздук менен катар, ааламдашуу дүйнөлүк экономикадагы теңсиздикти жаратып, социалдык ажырымды

күчөттү. Англиялык, канадалык жана америкалык экономисттердин тобунун "Өткөөл мезгилдеги глобалдык экономика" изилдөөсүндө белгиленет: "экономиканын глобалдыкка айланышы өнүгүүнүн ар тараптуу өркүндөшүн билдирбейт; тескерисинче, ал бир эле убактагы өтө күрдөөлдүү экономикалык тутумдун бөлүнүшүнө жана стагнирленген, ансыз да алсызданган, ыңгайсыз абалга кептелгендердин көбөйүшүнө алып келет"[16, с. 32]. Бул ой дагы тагыраак экономиканын ааламдашуусундагы социалдык акыйкаттыкка арналган МОТтун 81-сессиясындагы анын Генералдык директору М. Хансендин докладында айтылган. Анда "Улуттук экономикаларды дүйнөлүк тутумга алакалаштыруу, андагы теңсиздиктин пайда болушун жок кылуунун же басаңдатуунун ордуна, тескерсинче аларды күчөтүп жана көп жагынан аны курчутуп жатабыз" [17, с.1-15] деп айтылган.

Ааламдашууга байланышкан социалдык - саясый көйгөйлөрдүн курчушу, бир гана өнүгүп келаткан өлкөлөрдө эмес, бир караганда, эң ыңгайлуу шарттагы өнүккөн өлкөлөрдө да орун алып келатат. Өндүрүштүн түзүмүнүн өзгөрүшү жана массалык чыгарылган эмгек сыйымдуу товарлардын үчүнчү дүйнөгө карата жылышы, өнөр жайлуу өлкөлөрдүн салттуу тармактарына катуу тийди, ошонусу менен көптөгөн ишканалардын жабылышына жана жумушсуздуктун арбышына алып келди. Өндүрүштүн кыскаруу өзгөчөлүгү абдырап калган анклавтардын түзүлүшүнө, коомдун социалдык ажырымынын күчөшүн жаратты. Эмгектенүүнүн жаңы формалары да (кызматка жалдоонун жекече түргө өтүшү, убактылуу келишимдер) жана жумушчу күчүнүн рыногунун ааламдашуусу турукташууну бузуучу фактор болуп калды. Тыштан кирген арзан жумушчу күчтөрү өнүккөн өлкөлөрдүн эмгек рыногундагы атаандаштыкты күчөттү, ошонун өзү ал өлкөлөрдөгү этникалар аралык мамилелерди курчутту жана улуттук сезимди күчөттү. Ааламдашуу мазмууну боюнча өзөктөш, бирок бир аз башка багытка бурулуу менен айырмаланган, ачык айтканда, экономикалык иш-аракеттердин аймакташкан багытына бурулду. Бул, тагыраак айтсак, бирикмелер түзгөн өлкөлөрдүн тобун кучагына алып, аларда чектелүү масштабдагы ааламдашуу түзүлөт жана сооданын чоң жана кичине болсо да ачыкка чыгышы, капиталдын кыймылы менен жумушчу күчүнүн тийешелүү ааламдашуу топторунун чегиндеги кыймылы ишке ашат. Аймакташуу, бир жагынан (өз алкагынын ичинде) ар башка өлкөлөрдүн экономикалык биримдигинин ишке ашышына көмөкчү болот, экинчи жагынан – ар кандай экономикалык топтордун өз алдынчалыгын күчөтүп, алардын ортосундагы араздашуу менен атаандаштыкты күчөтүп ааламдашуунун жүрүшүн кечеңдетет. Көптөгөн изилдөөчүлөр: "Аймакташуу башка топтор жана өлкөлөр менен карама - каршылыкта болуу эмес,

кызматташуунун духун арттырышы керек, болбосо мурунку улуттук өзгөчөлүктү жандантып, анын жогорку деңгээлине тушугуп калабыз” [18, с.1-26] дешет.

Ааламдашуунун жүрүшүнүн өнүгүшү товарлардын жана алардын өндүрүштүк факторлорунун эл аралык кыймылынын өсүшүнүн мыйзамдуу натыйжасы болуп калды. Ошого байланыштуу өлкөлөр ортосундагы өндүрүштүк – сатып өткөрүүчүлүк байланыштарды мындан да тереңдетүү жана дүйнөлүк соода жолундагы көптөгөн тоскоолдуктарды четтетүү муктаждыгы келип чыкты. Бул иштерди толук көлөмдө аткаруу мамлекеттер аралык алакалашуу арттырып, ар түрлүү биримдиктердин алкагында гана ишке ашырууга боло тургандыгын аныктады.

Бирдиктүү каржы мейкиндигин түзүүнүн биринчи жолку масштабдуу мерчеми 1986-жылы иштелип чыгылды. Анын максаты каржы рыногун ыңгайлаштыруу жана иш жүзүндө бардык каржылык агымдардагы чектөөлөрдү алып салуу болчу. Программа өз жемишин иш жүзүндө капиталдын эркин жүгүртүүсүнүн хартиясына айланып калган 1988-жылдагы директива кабыл алынгандан кийин гана берди. “Алдыга умтулуу кыймылы” (ster by ster) аталган мерчемге ылайык 1993-жылдын 1-январына карата бардык мүчө-мамлекеттер (Грецияны эсепке албаганда) өз ортолорундагы капиталдардын жүгүрүү кыймылын бошотту. Бул экономикалык жана валюталык биримдиктин курулушунун биринчи баскычынын аяктагандыгынын белгиси болчу. Капиталдын эркин кыймылы бизнесмендер менен катардагы жарандарга ЕБнын бардык өлкөлөрүндө банкалык эсептерин ачууга мүмкүндүк берет, ошондой эле мүчө-мамлекеттердин биринен - экинчисине чектелбеген сумманы которууга жана Европада колдонулган каржылык мүмкүнчүлүктөрдүн баарын пайдаланууга жол ачат. Натыйжада, капиталдын эркин жүгүртүлүүсү экономикалык жана каржылык алакалашуунун бекемделишине алып келди.Товарлардын, элдердин, тейлөөлөр менен капиталдын эркин жүгүртүлүшү төлөмдөр тутумун ачыктоо менен коштолду. Мүчө-мамлекеттер ортосундагы товарлар менен тейлөөлөргө төлөм өткөрүүгө тоскоол болгон тосмолор бул негизги эркиндиктин ишке ашышын татаалданткан. Ошондуктан, мүчө-мамлекеттер төлөмдү төлөм ала турган жаран жашаган мүчө - мамлекеттин валютасы менен эсептешүүгө жол берди.

Атаандаштыктын бирдиктүү шарты болбосо, өнөр жай жана айыл чарба товарлары үчүн бирдиктүү рынок иштей албайт. Бул бардыгы үчүн жалпы рыноктогу бирдей мүмкүнчүлүктү түзүүнүн жана жеке же мамлекеттик сектордун же мамлекеттин кийлигишүүсүнүн натыйжасында атаандаштыктын бузулушун токтотуунун бирден-бир жолу. Ошону үчүн

Кызматташтыктын милдеттеринин бири, бирдиктүү рыноктогу эркин атаандаштыкты Келишимге киргизилген негизги эрежелерге ылайык коргоочу тутумду түзүү болуп саналат. Ачык айтканда, ишканалар ортосундагы атаандаштыкты чектеген макулдашууларга тыюу салынат, ошондой эле рыноктогу үстөмдүктүү абалды ээлеп, товарларына жогорку бааларды койгон ишканалар тарабынан тартип бузуулардын бардык формалары мыйзамсыз деп табылат. 1991-жылдан тартып Комиссиянын ыйгарым укуктарына көзөмөлдөө кошулуп дагы кыйла кеңейтилген, башача айтканда, алдыңкы фирмалардын чоң масштабдагы биригүүлөрүнө вето же колдоо көрсөтүү укугу да берилген. Комиссия бирдиктүү рыноктогу акыйкаттуу атаандашуунун эрежелерин сактоону камсыз кылат жана аларды бузгандарды катуу жазалайт. А түгүл соттордун көмөгү менен анын таасирдүүлүгүн камсыздоо максатында атаандаштыктын эрежелеринин өркүндөтүлүшүнө да жооп берет. Мурункусундай эле Биримдиктин эмгекти көп талап кылган жумуштарынын бирине белгиленген тартиптерди иш жүзүнө киргизүү жаатындагы эрежелер менен ачык чечимдердин кеңири арсеналын түзүү болуп эсептелет. Экономикалык жана валюталык биримдикти түзүү – батышевропалык алакалашуунун келечектүү эң башкы багыттарынын бири. Ал үч баскычка эсептелген: **биринчиси** – 1990-жылдын 1-июлунан – 1993-жылдын 31-декабрына чейин ЕБнын ичиндеги капиталдарды жүгүртүүнү ачыктоо, бирдиктүү ички рынокту түзүүнү аяктоо, мүчө-өлкөлөрдүн бир катар макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн жакындаштыруунун чараларын көрүү; **экинчиси:-** 1994-жылдын 1-январынан – 1998-жылдын 31-декабрына чейин. – Европалык валюта институтун түзүү, Европалык борбордук банк башында турган Европалык борбордук банктардын иштешинин юридикалык базасын жана келечектеги иш-аракетин түзүү, бирдиктүү валюта “евро”ну киргизүүгө даярдык көрүү, мүчө-өлкөлөрдүн экономикалык саясатын тыкыр тескөөгө алуу. **Үчүнчү** баскыч – 1999-жылдын 1-январынан тартып – 2002-жылдын 30-июннуна чейин. – ЕВБнын иштей башташы, валюталык биримдиктин катышуучуларынын бирдиктүү валюта саясатын ишке ашыруусу, бирдиктүү европа валютасын, алгачында накталай эмес, андан кийин накталай жүгүртүүгө киргизүү жана улуттук акча белгилерин жүгүртүүдөн чыгаруу.

1991-жылы Маастрихте ЕБ өлкөлөрүнүн каржылык – экономикалык алакалашуусунун түпкүлүктүү багыты – европалык улуттук экономиканын директивдүү талаптарынын окшоштугунун (конвергенциясынын) түпкү багыты жана бюджеттик жана каржылык саясаттын бекем librarian сакталышына негизделген окшоштук талаптары иштелип жатат. Ошол эле учурда ЕБнын валюталык биримдигине мүчөлүккө кирүүнүн “өткөөлдүк” талабы болуп

ЭВБнын биринчи баскычынын жүрүшүндөгү шарттардын аткарылышы эсептелет: мамбюджеттин тансыктыгы ИДПнын 3 пайызынан ашпашы; мамлекеттин карызы ИДПнын 60 пайызынан ашпашы; жылдык инфляция баанын эң туруктуу ЕБнын үч өлкөсүнүн ортолоштурулган инфляция деңгээлинин плюс 1,5 пайыздык пунктунан (п.п.) ашпашы (– ал болжол менен 3-3,3 пайыз болчу); узак жылдык ставканын баалык көлөмү жылдык ставканын көлөмү эң туруктуу ЕБнын үч өлкөсүнүн ортолоштурулган деңгээлинин 1996-жылдагы эң туруктуу баанын эсептик көрсөткүчтөрү боюнча плюс 2 пайыздык пунктунан (п.п.) ашпашы – ал 9 пайызга жакын эле; ЕБда белгиленген валютанын алмашуу курсунун турукташуу механизминдеги олку-солкулуктун деңгээлинин сакталышы кажет эле. 1999-жылдын 1-январынан тартып "евро" экономикалык альянска кирүүгө макул болушкан жана маастрихтин талаптарын учурунда аткарууга убада беришкен, акча-насыялык саясатты жүргүзүүнүн улуттук көзкарандысыздыгынан баш тарткан Европалык биримдиктин 11 өлкөсү үчүн жалпы валюта болуп калды. Жыйынтыгында "евро" инфляция менен ийгиликтүү күрөшүүгө, пайыздык ставкаларды төмөндөтүүгө көмөк болот жана салыктын салмагын жеңилдетет деп күтүлгөн, башкача айтканда, инвестициялардын, өндүрүштүн өсүшүнө, жумушсуздуктун азайышына түрткү болот жана ошондон улам катышуучу-өлкөлөрдүн мамлекеттик каржысын турукташтырат деп күтүшкөн. Эгер, 1996-жылга карата ЕБнын бирдиктүү ички рынокко өтүшү ошондо эле Батыш Европада 300 миңден 900 миңге чейинки жаңы жумушчу орунун түзүүгө көмөк болуп, жан башына болгон орточо кирешенин деңгээлин 1,1 пайыздан – 1,5 пайызга көтөрүп, инфляцияны 1 – 15 п.п. төмөндөтүп, өнөр жай экспортун 20 – 30 пайызга көбөйтүп, ЕБнын ар башка өлкөлөрүндөгү ички баалардын ажырымын товарлар боюнча – 22,5тен 19,6 га жана тейлөөлөр боюнча – 33,7ден 28,6 га түшүрүп жана ЕБдан капиталдын эл аралык алып чыгуусун 1992-жылдагы 28 пайыздан – 44 пайызга жеткирген болсо, анда "евронун" киргизилиши көптөгөн кошумча макроэколномикалык артыкчылыктарды берээри айдан ачык эле.

**Таблица 1.1 - Европа Биримдигинин мүчө-өлкөлөрүнүн 2021 жылдын 1 январына өнүгүүсүнүн негизги экономикалык өрсөткүчтөрү, % менен.**

| Өлкөлөр тобу | ЕБнын калкындагы үлүшү | ЕБнын ИДПсындагы үлүшү | ЕБнын бюджетиндеги үлүшү |
|---|---|---|---|
| ЕБнын бюджетинин негизги | 23,94 | 32,24 | 33,65 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| төлөөчүлөрү | | | |
| ЕБнын бюджетине орточо деңгээлдеги салым төлөөчү өлкөлөрү | 38,65 | 49,13 | 46,59 |
| ЕБнын фондусунан орточо деңгээлде колдоо алуучу ЕБнын-15 мүчө-өлкөлөрү | 13,25 | 11,94 | 12,63 |
| ЕБнын фондусунан жогорку деңгээлде колдоо алуучу ЕБнын-15 мүчө-өлкөлөрү | 2,25 | 1,58 | 1,79 |
| ЕБнын фондусунан орточо деңгээлде колдоо алууга далалаттуу жаңы мүчөлөрү | 4,42 | 1,42 | 1,54 |
| ЕБнын фондусунан ж огорку деңгээлде колдоо алууга далалаттуу жаңы мүчөлөрү | 17,49 | 3,70 | 3,80 |

Булагы: www.ertport.ru Мировая экономика,2021

**Таблица 1.2 - Европа биримдиги, АКШ жана Япония өлкөлөрүндөгү негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр**

| Көрсөткүчтөрү | жылы | Ченөө бирдиги | ЕБ | АКШ | Япония |
|---|---|---|---|---|---|
| Калкы | 2020 | млн. | 302,2 | 272,0 | 127,0 |
| ИДП (дүйнөдөгү үлүшү) | 2020 | % | 16,0 | 22,0 | 7,3 |
| Товарлар жана тейлөө экспорту | 2019 | ИДП % | 16,9 | 10,3 | 10,7 |
| Товарлар жана тейлөө импорту | 2019 | ИДП % | 15,9 | 13,2 | 9,1 |
| Экспорт (дүйнөдөгү үлүшү | 2019 | % | 18,9 | 15,2 | 9,1 |
| Жумушсуздук | 2020 | % | 8,9 | 4,0 | 4,7 |
| Мамбюджеттин | 2020 | ИДП % | 0,3 | 2,2 | -12,1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| барабардыгы | | | | | |
| Мамлекеттик карыз | 2020 | ИДП % | 69,7 | 44,5 | 130,4 |
| Күнүмдүк баланс | 2020 | ИДП % | -0,53 | -4,4 | 2,5 |

**Евро зонанын өлкөлөрүнүн ортосундагы сооданы, FOB экспортун, CIF импортун кошпогондо.**

**Булагы: www.ertport.ru Мировая экономика,2021.**

2020-жылда 21 катышуучуну бириктирген Азиялык - Тынчокеандык экономикалык кызматташуу форумунун иши активдеше баштады – ага иш жүзүндө Тынч океандын чыгыш жана батыш жээктерине чыгуу жолу бар бардык мамлекеттер менен аймактар кирген. Катышуучулардын өндүргөн биргелешкен ИДПсы 16,8 трлн. долларды түзүп, бул дүйнөлүк сооданын дээрлик 55 пайызына барабар болду.

**Таблица 1.3 - Валюта биримдиктеринин өнүгүшүнүн варианттары (% менен)**

| Көрсөткүчтөрү | 2020-ж. | 2022-ж. | 2023-ж. | 2024-ж. | 2025-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-вариант. Кошумча фискалдык консолидация жана эмгек рыногун кайра курууга байланышкан валюта биримдиги | | | | | |
| Чыныгы ИДП | 0,2 | 0,9 | 1,0 | 1,1 | 2,9 |
| ИДП дефлятору | -0,3 | -0,7 | -1,1 | -1,4 | -1,9 |
| Узак мөөнөттүү пайыз ченеми | 0,1 | -0,1 | -0,3 | -0,4 | 0,0 |
| Жумушсуздук деңгээли | -0,2 | -0,4 | -0,6 | -0,8 | -2,0 |
| Мамлекеттик бюджеттин жалпы балансы (ИДПга карат % менен) | 0,4 | 0,9 | 1,5 | 2,1 | 0,8 |
| Таза кирешелер | 0,0 | 0,0 | 0,11 | 0,2 | -1.1 |
| Чыгашалар | -0,4 | -0,9 | -1,4 | -1,9 | -1,9 |
| Мамлекеттик жалпы карыз (ИДПга карата % менен) | -0,4 | -1,4 | -2,7 | -4,5 | 12,6 |
| Соода балансы (млрд. USD менен) | -3,5 | 13,8 | 22,8 | 31,6 | 27,9 |
| 2-вариант. Кошумча фискалдык консолидация жана эмгек рыногун кайра курууга байланышы жок валюта биримдиги | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Чыныгы ИДП | 0,1 | -0,3 | -0,6 | -0,9 | -2,5 |
| ИДП дефлятору | 0,1 | 0,3 | 0,6 | -0,9 | 2,3 |
| Узак мөөнөттүү пайыз ченеми | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 0,5 | 0,5 |
| Жумушсуздук деңгээли | 0,2 | 0,4 | 0,7 | 0,9 | 2,0 |
| Мамлекеттик бюджеттин жалпы балансы (ИДПга карат % менен) | -0,2 | -0,5 | -0,7 | -0,9 | -1,3 |
| Таза кирешелер | 0,0 | -0,1 | -0,2 | -0,3 | 0,7 |
| Чыгашалар | 0,2 | 0,4 | 0,5 | 0,6 | 0,6 |
| Мамлекеттик жалпы карыз (ИДПга карата % менен) | 0,1 | 0,7 | 1,4 | 2,3 | 9,8 |
| Соода балансы (млрд. USD менен) | -1,7 | 22,1 | 31,7 | 38,8 | 67,3 |

Эл аралык алакалашуу, анын аймактык өзгөчөлүктөрү жана карама-каршылыктары, социалдык-экономикалык таасири жөнүндөгү маселелерге ата мекендик жана чет элдик адабияттарда да кыйла маанилүү орун берилет. Көпчүлүк илимий иштерде алакалашууну белгилүү аймактардагы түзүлгөн шарттарга жараша эл аралык мамиленин учурдагы көрүнүшү катары баалашат. Ошол эле учурда алакалашуунун жүрүшүнүн дүйнөлүк масштабдагы үлгүлөштүрүү маселелерине, алардын натыйжалуулугун жана карама-каршылыктарын изилдөөгө, алакалашуунун рыноктук жана саясый башталыштарынын көйгөйлөрүнө салыштырмалуу анча көңүл бурулбай келет.Мисалы, алакалашуунун карама-каршылыктарына М. Максимованын, Ю. Шишковдун, С. Выгодскийдин, В. Гречихиндин, Н. Захарованын, Е. Журавскаянын эмгектери арналган. Ал эми А. Филиппенконун, В. Филипповдун, П. Божиктин, Ю. Борконун, эмгектери учурдагы алакалашуунун жүрүшүнүн усулдуктарына, социалдык-экономикалык көйгөйлөрүнө жана өзгөчөлүкөрүнө багытталган.

Н. Сенин: “Эмнеси болсо да бардык өлкөлөр, формасы, усулдугу, алардын экономикасынын бул жүрүшкө катышуусунун деңгээлине карабастан, эл аралык алакалашуунун тарыхый жүрүшүнүн катышуучулары болуп саналышат” [29,С.9]ЕЭБдагы (Европа экономикалык биримдиги) алакалашуунун өнүгүшүндө, анын статистикалык таасирин карап чыгуу катышуучу-өлкөлөрдүн улуттук чарбаларындагы түзүмдүк өзгөрүүлөргө түшүндүрмө бере алган эмес. Соода-экономикалык биримдиктин көлөмү

жана анын таасирдүүлүгүнүн байланышы, ошондой эле алакалашуунун өндүрүштүн түзүмдүк кайра курууларга жана өлкөлөрдүн керектөөлөрү түшүнүксүз бойдон калды. Ушул учурда ЕЭБда ишке ашырылган экономикалык биримдиктин концепциясы пайда болду (рыноктук-институционалдык багыт). Алакалашуунун ушул концепциясынын чегинде алакалашуудагы өз ара аракеттердин кыйла татаал (тереңдетилген) формаларына өтүү динамикалык процесс катары карала баштады. Ал статистикалык гана эмес, ошол эле учурда динамикалык таасир катары каралды. (Б. Балаша, Т. Щитовский) [4,С.10].Б. Балаша биринчи жолу алакалашуунун феноменин - эки тараптуу жүрүш катары (алакалашкан өлкөлөрдүн чарбалык субьектеринин ортосундагы теңсиздикти (дискримиация) жоюу иш-чарасын ишке ашыруу) жана (алакалашуу чегиндеги теңсиздиктин жоктугу) катары кароону киргизди. Бул окумуштуу алакалашуунун 5 формасын бөлүп көрсөттү: эркин соода зонасы, бажы биримдиги, жалпы рынок, экономикалык биримдик, толук экономикалык алакалашуу, булар ушул жүрүштүн концептуалдык үлгүлөрү, эң жөнөкөй стадиядан-кыйла татаал стадияларга жыла турган үлгү катары чыгышат [4,С.11] . Б. Балаша алакалашууну соода, капиталдарды, тейлөө жана эмгек көрөңгөлөрүн алмаштыруу тармагындагы теңсиздиктерди жоюуучу дикамикалык процесс катары карайт [1.С/48].

Түзүмдүк мектептин жетектөөчү өкүлдөрү ( Я.Тинберген, А. Филипп, А. Маршаль, Ф. Перру) алакалашуунун субьективдик факторлору аныктоочу үлгүсүн негиздешти. Бул мектептин жалпы алгылыктуу жагы (парадигмасы) саясый факторлордун аныктоочу маанисин негиздегендигинде жана алакалашуунун жүрүшүнүн түзүмдүк аспектисин бөлүп карагандыгында болуп саналат (улуттук жана улуттар аралык иш-чаралардын жана алакалашуу саясатынын милдеттүү мүнөздөрүн). Алакалашуу экономикалык биримдиктин дегээлинде болушу мүмкүн жана ал улуттук экономиканын түзүмүнүн түп тамырынан бери өзгөрүшүнө жана өлкөнүн коомдук-экономикалык өнүгүшүнүн ыңгайлашкан теңдешүүсүнө жетишүүгө алып келет [5,С.4]. Ушул багыттын чегинде Я. Тинберген алакалашуунун эки үлгүсүн киргизди: “жагымсыз” (мүчө-өлкөлөрдүн катышуучу чарбачыл субьектилеринин теңсиздикти биргелешип жоюу) жана “жагымдуу” (макулдашылган экономикалык саясатты иштеп чыгуу жана жүргүзүү) деген [4,С.13]. А. Маршаль болсо аймакташтыктан “калктын кызыкчылыгы үчүн алакалашууну” көрөт. Окумуштуу алакалашууну рыноктун эмес, чарбалардын биригиши катары аныктайт. Ал эми Ф. Перру алакалашуунун өз ара аракеттеринен катышуучу-өлкөлөр тобунун “ынтымактуу аймакты” түзүшүнөн деп түшүнөт [4,С.14; 6,С.169].

Рынок мектеби алакалашууну өндүрүштүн товарлары менен факторлорунун эркин жүгүртүлүшү үчүн тоскоолдуктарды жоюуучу иш-чара катары түшүндүрөт. Алакалашуунун өз ара аракеттеринин үлгүсү алакалашкан өлкөлөрдүн рынокторунун соода мамилелериндеги жогорку талаптагы биригүү иштерин сыпаттайт [4, С. 7]. Либералдык (рыноктук) концепция алакалашуу боюнча бир нече өлкөлөрдүн чегиндеги рыноктук күчтөрдүн эркин аракеттенүүсүн камсыз кылган бирдиктүү рыноктук аймактын түзүлүшүн жана иштешин билдирет. Алакалашуунун жүрүшүндө мамлекеттин кийлигишүүсүнө жол берилбейт жана баарынан мурун, алакалашуу өлкөлөрүндөгү соода мамилелеринин толук либералдашкан рыногунун биригишин билдирет (өндүрүш факторлорунун эркин кыймылын, рыноктук атандаштыкты жана өз алдынча жөнгө салууну камсыздоо). Алакалашууну ишке ашыруу рынокторду бириктирүүдөгү мамлекеттин саясый чечимине көз каранды келет.

Неолибералдык концепция алакалашып жаткан улуттук чарбалардын шарттарын теңдештирүү максатында мамлекеттин кийлигишүүсүнө жол берет [3, С. 32]. Рыноктук-институционалдык багыттын өкүлдөрү (М. Аллэ, Б. Балаша, Г. Хейлперин, М. Бийе, Г. Кремер жана башкалар) мамлекеттин жөнгө салуучу кийлигишүүсү менен рыноктук күчтүн аракетинин салыштырмалуу ыңгайлашкан мүмкүнчүлүгүн негиздеп беришкен. Мындагы мамлекеттин ролу атаандаштыктын шарттарын теңдештирүү жана алакалашкан өлкөлөрдүн саясатын ыңгайлаштырууда турат [4, С. 10].

Ал эми федерализм болсо мамлекеттин улуттан жогору турган абалын жактайт. Бул концепция алакалашуунун кыймылдаткыч күчү саясый факторлор болуп эсептелет (саясый биримдиктин түзүлүшү) дейт да, ал эми биригүү өлкөлөрдүн керектөөсүнө гана жооп берет, анткени, алар жалпы көйгөйлөрдү чечүү үчүн кооперацияга барышат, ошондой эле алакалашуунун жүрүшүнүн шарты катары федерацияга же конфедерацияга биригүүнү билдирет [2, С. 139-141].

Неофункционализм концепциясы (Э. Хаас, Ф. Шмиттер, Д. Най) алакалашуунун өз ара аракеттенүүсүнүн акыркы баскычынан улуттан жогору турган тутумду көрөт [1, С. 49]. Мамлекеттин ролу алакалашуудагы өлкөлөрдүн ортосундагы ар кандай көйгөйлөрдү чечүүдөгү керектүү муктаждык катары бааланат. Неофункционализм концепциясына ылайык, өлкөлөрдүн алакалашуу тутуму карама-каршылыктуу жана динамикалуу, бирок дал ушул карама-каршылыктар менен кагылышуулар кызматташуудагы тоскоолдуктарды жеңип өтүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат (карама-каршылыктарды чечүүдө ыкка келүү жолун издөө,

карама-каршылыктардын өзөгүн табуу – алакалашуунун көмөкчүсү) [1,С. 50-51].

Учурдагы “катарлашкан” теориялар алакалашуунун жүрүшүн башкаруу аспектисиндеги улуттук жана улуттан жогору турган аспектилерди бирге карайт, алакалашуу механизмин ишке ашыруудагы өнүгүүнүн элементтери менен формаларынын катарлаш мүнөзү тууралсындагы жободон улам ушундай тыянакка келет [2, С. 41-42]. “Концентрикалык шакек” концепциясынын да жаңылык катары киргизилиши мүмкүн, анткени, анда “алакалашуунун уюгунун” болушу жана борбордон алыста турган өлкөлөрдүн концентрикалык шакектеринин жайгашышы (абстрактык түшүнүктө - алакалашуунун институционалдык болушу жана алардын иш жүзүндөгү өз ара байланышы) алардын алакалашуусунун тереңдигине көз каранды келет.

Селектикалык жана ар башка ылдамдыктагы концепциясы да, алакалашуунун концепциясы да жогорудагы теорияга жакын келет. Алакалашуунун селектикалык теориясына ылайык (Өзгөрмө геометриянын Европасы), алакалашуунун жүрүшүнүн катышуучу-өлкөлөрү шартка жараша алакалашуу иш-чараларынын айрым бөлүктөрүндө катышуусу мүмкүн [5, С. 4].Ар башка ылдамдыктагы алакалашуу катышуучу-өлкөлөр өздөрүндөгү социалдык-экономикалык, саясый жана башка шарттарга байланыштуу жалпы коюлган максаттарга жетүү үчүн ар башка көлөмдөгү убакытты зарптоого мажбур болушат. Бул үлгүнүн өз алдынча учуру катары “жогорку ылдамдыктагы Европа” концепциясы саналат, ал ар башка өлкөлөрдөгү алакалашуунун жүрүшүнүн ылдамдыктарын дифференциялоону түшүндүрөт [2, С. 45-49]. Алакалашуудагы “жарым-жартылай катышуу” үлгүсү өлкөлөрдүн өз ара аракеттеринин айрым чөйрөлөрүндөгү катышуусун билдирет (тышкы, коргонуу же социалдык саясаттагы) [5, С. 4]. Сектoралдык алакалашуу концепциясы (М. Шумандыкы) улуттук чарбанын белгилүү секторлорунун биригишин билдирет, мисалы, өз ара кызматташууну мындан ары тереңдетүү үчүн ЕОУСту же Евроат түзүүнү камтыйт [5, С. 4].

Алакалашуунун феноменин түшүндүрүүнүн башкы көйгөйү экономика менен саясаттын катнашы болуп саналат. Коюлган маселелерди чечүүнүн үч жолун болжолдосо болот:

1) биринчи багыты – алакалашуунун жүрүшү саясый себепке эгедер жана саясый акт болуп эсептелет (Р. Быстрицкий, И. Джон, П. Уайлс); иш жүзүндөгү тарыхый абал баарынан мурда

мамлекеттин саясый биримдигине жетишүүгө алып барат, ал эми экономикалык артыкчылык анчалык жетиштүү болбошу мүмкүн;

2) экинчи багыты – алакалашуунун жүрүшү барынан мурда экономикалык факторлорго негизделет, экономикалык шарттташууларга баш ийет (чарбалык байланыштардын интернацияланышы, эмгектин эл аралык бөлүнүшү ж. б. ), ошону менен бирге чоң мааниге ээ болгон саясый максатты да карманышат (Дж. Капоразо, Ч. Рэнсем);

3) үчүнчү багыты – алакалашуу бирден-бир обьективдүү экономикалык мыйзам ченемдүүлүк катары эсептелет (өндүрүштүн масштабын кеңейтүүнүн керектиги, кайра өндүрүү циклинин улуттук чектен чыгып кетиши) (Т. Раковска-Хармстоун, М. Максимова, М. Сенин) [3, С. 35-38; 1, С. 41].

Жогоруда айтылгандардын натыйжасында негизги теориялык мектептерменен концепциялардын чектеринде алакалашуунун жүрүшүн үлгүлөштүрүү төмөнкүчө топтолгонун билсе болот:

1) алакалашуунун саясый-укуктук формасын чектөөдө (Б. Балашинин алакалашуу стадиясында);

2) иш жүзүндөгү эл аралык тажрыйбанын өнүгүшүн түшүндүрүүдө (бажылык жана экономикалык биримдиктин концепциясында);

3) алакалашуунун өз ара аракеттеринин кыймылдаткыч күчтөрүн жана факторлорун табууда (түзүмдүк мектептин түшүнүгүндө);

4) алакалашуунун "акыркы тыянагын" табууда (федералдуулук, көп пикирдүүлүк, неофункционализм ) жана башкалар.

Ошентип, жыйынтыктап айтканда, 1). Европа биримдиги (ЕБ), эркин соода жөнүндөгү Түндүкамерикалык макулдашуу (ЭСТАМ) жана Азиялык - Тынчокеандык экономикалык кызматташуусу (АТЭК) үч кубаттуу аймактык кызматташуулар болуп саналат, аларда андан ары кеңейүүнүн эң чоң мүмкүнчүлүгү бар чарбалык биримдиги улам күчөп бараткан катышуучу-өлкөлөр болуп саналат; 2). Бирдиктүү рынок негизги төрт эркиндикке негизделген – товарлардын, элдердин, тейлөөлөрдүн жана капиталдын эркин жүгүртүлүшүнө; 3). ЭСТАМды түзүүнүн башкы максаты аймактагы сооданын өнүгүшүнө болгон тоскоолдукту алып салуу, орундуу атаандаштыктын маанисин көтөрүү, инвестиция тартуу үчүн мүмкүнчүлүктү кеңейтүү, макулдашуулар менен талаштарды чечүүнү камсыздоо боюнча оңтойлуу укуктук жана башка кепилдик; 4). Алакалашкан ар башка

параметрдеги улуттук экономикалык тутум жана алардын элементтеринин катнашын (чоңдугун, таасирдүүлүгүн, окшоштугун); аймактык алакалашуу тутуму жана алакалашкан улуттук чарбалардын катнашын; аймактык алакалашуу тутумунун түзүлүшү жана алардын аткарчу иштеринин катышын; аймактык алакалашуу тутумунун өзгөчөлүгү (сапаты) жана алакалашуу функцияларын тактап алуу керек.

## 1.2 Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын жана алакалашуунун алкагында Орто Азия өлкөлөрүнүн экономикалык мамилелеринин негизги багыттары

Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин эл аралык мамилелерге өз алдынча катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Кыргыз Республикасы тышкы саясатында биринчи кезекте өзүнүн элинин кызыкчылыгын коргоо, жаңы демократиялык, укук туткан мамлекетти куруу үчүн тышкы ыңгайлуу шарттарды түзүү максатын көздөйт. Кыргызстан тышкы саясаты: тынчтыкты, Кыргыз Республикасынын чек араларынын туруктуулугун сактоо; КМШнын жана дүйнө элдери менен ар тараптуу байланыштарды чыңдоо; КМШдагы улут аралык кагылышууларды токтотуу, алардын Кыргызстанда болушуна жол бербөө; чет элдик инвестицияларды республиканын эл чарбасына көбүрөөк тартуу; эл аралык соодага улуттук өндүрүштүн продукцияларын алып чыгуу; Бириккен Улуттар Уюмунун ж.б. эл аралык уюмдардын иштерине активдүү катышуу; согуштук блокторго жана союздарга катышпоо; нейтралдуу абалды сактоо ж.б. принциптерге таянат.

Тышкы саясатынын максатына жана принциптерине ылайык Кыргыз Республикасы тез арада эле эл аралык аренада колдоого ээ болуп, кеңири таанылды жана өз алдынча мамлекет катары кадыр-барктуу бир катар эл аралык уюмдардын (БУУ, ОБСБ, МВФ, ЮНЕСКО ж. б.) мүчөлүгүнө кабыл алынган. Кошуна олколор менен мамилелердин абалы региондогу жана олкодогу коопсуздугун, Кыргызстандын экономикасын нормалдуу иштешин аныктаган эн негизги фактору. Бул региондогу мамлекеттер менен тушунуктуу, тушумдуу кызматташуу жана кызыкчылыктардын балансын табууга таянган мамилелерди сактоону жана онуктурууну талап кылат. Ушул изилдөө көрсөткөндөй, аймактагы экономикалык кызматташуунун тереңдеши бир нече негизги чөйрөлөрдө өтүшү мүмкүн: 1 – аймактын бай жаратылыш көрөңгөлөрүн пайдалануу тармагында, энергетика жана суу чарба чөйрөсүндө, транспорттук коммуникация тармагында; 2 – газ жана

мунайзат түтүкчөлөрүн куруу чөйрөсүндө; 3 – мамлекеттер аралык эмгекти бөлүштүрүүнүн негизиндеги өндүрүш кооперациясы жана биргелешкен ишканалар тармагын өнүктүрүүдө; 4 – андагы көйгөйлөрдүн чечилишине бардык Орто Азия мамлекеттери кызыкдар болгон экология чөйрөсүндө. Аймактагы алакалашуу иштеринин тереңдешине багытталган максаттарга жетишүү үчүн, биздин оюубузча, бардык аракетти экономикалык өз ара кызматташуудагы эң артыкчылыктуу багыттарга бурушубуз керек. Мындай багыттардан төртөөнү бөлүп көрсөтсөк болот.

Биринчиден, суу жана энергетикалык көрөңгөлөрдү сарамжалдуу пайдалануу. Бул багыттагы кызматташуунун артыкчылыгы төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт: ортоазиялык мамлекеттерди жалпы суу бассейни, бирдиктүү экологиялык тутум, газ түтүктөрүнүн жалпы курулушу (линиясы) Газли – Бухара – Ташкент - Шымкент – Алматы байланыштырып турат.

Аймактын суучарба чөйрөсүндө азыркы күндө төмөнкүдөй көйгөйлөр орун алып калды:

• суу көрөңгөлөрүнүн жалпы жетишсиздиги;

• бирдиктүү укуктук базанын жоктугу;

• кошуна өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын ойго албай коюу;

•трансчегаралык дарыялардагы сууларды бөлүштүрүү боюнча талаптардын бузулушу;

• ордун толтуруу иштеринин аткарылбагандыгы (сөз Токтогул суу сактагычындагы суу үчүн Кыргызстанга кыш мезгилиндеги жылуулук жана энергокөрөңгөлөр менен орду толтурулбагандыгы жөнүндө баратат).

Бул көйгөйлөрдүн баарын Борбордук Азия мамлекеттеринин жетекчилеринин жетиштүү саясый эрки менен чечсе болот. Бардык маселелер иштиктүү сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө чечилиши керек. Эң негизгиси – сууну саясый жана экономикалык кысымдын куралына айландырбаган жөн болот. Сууга жалпы баалуулук катары статус берилиши керек. Суу Борбор Азия үчүн бөлүп-жаруучу эмес – бириктирүүчү башталыш болушу абзел. Аймактын мамлекеттеринин ушул багыттагы биргелешкен аракети бири - биринин эгемендигин урматтоо, тең укуктуу өнөктөштүк, улуттук кызыкчылыктарды эсепке алуу жана өз ара алынган милдеттенмелерди ак тилектен аткаруу талаптарына негизделиши керек. Бул чөйрөдөгү башкы милдеттерди аткаруу үчүн аймактын өлкөлөрүнүн бардык аракеттери төмөнкүдөй иштерге багытталышы зарыл: аймактын суу көрөңгөлөрүн пайдаланууга акыл-эс менен мамиле кылып, анын жаңы стратегиясын иштеп чыгууга; кошуна мамлекеттердин аймагында жайгашкан

мамлекеттер аралык суу обьектилерин пайдалануунун таалаптарын иштеп чыгууга багытталышы керек. Аймактын суу-энергетикалык көрөңгөлөрүн кыйла таасирдүү пайдалануу боюнча Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан үчүн биргелешкен стратегияны иштеп чыгуу максатка ылайык келет. Борбордук Азиянын өлкөлөрүнүн жалпы Суу-энергетикалык саясатын ишке ашырууда чоң үмүт Мамлекеттер аралык Суу-энергетикалык консорциумга артылып жатат.

Борбордук Азия мамлекеттеринин экономикалык алакалашуусун өнүктүрүүдөгү экинчи артыкчылыктуу багыт болуп соодалык-экономикалык кызматташуу болуп эсептелет. Бүгүнкү күнү аймактагы өлкөлөрдүн ортосундагы өз ара соода ишинде көптөгөн тоскоолдуктар бар. Натыйжада мамлекеттердин экономикасына түздөн-түз зыян келтирип жаткан контрабанда гүлдөп-өсүп жатат. Акыркы жылдардагы Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы товар жүгүртүүнүн өсүш жолун (динамикасын) талдоо көрсөттү, айрым жылдардагы анча - мынча жанданууга карабай, өз ара соодалашуунун көлөмү, жалпысынан төмөндөп бараткаНЫ байкалат. Мисалы, Казакстан менен Өзбекстандын ортосундагы товар жүгүртүү 2020-жылы 2015-жылга караганда дээрлик эки эсеге кыскарган (422 млн. доллардан – 212 АКШ долларына чейин). Кыргызстан менен Казакстандын ортосундагы товар жүгүртүү ушул эле мезгилде эки эседен көбүрөөк кыскарган (202 млн. АКШ долларынан – 90 млн. АКШ долларына чейин). Бул абал соодалашуу үчүн биздин республикаларда колго алаар эч нерсенин жоктугунан жаралып жаткан жок. Тескерисинче, көптөгөн тармактар (позициялар) боюнча биздин экономика бирин – бири толуктап турат. Бул көйгөйлөрдү да, тараптардын кызыгуусу бар болсо, чечсе болот. Соода - экономикалык чөйрөдөгү көйгөйлөрдү чечүүнүн төмөнкүдөй механизмин сунуштаса болот: эркин соода тартибинин иштешин камсыз кылуу үчүн керектүү көлөмдөгү бажы жана салык мыйзамдарын ыңгайлаштыруу; бажылык эрежелер менен иш-аракеттерди бир түргө келтирүү; Борбордук Азия мамлекеттерине кирчү товарларга бир тараптуу чектөө киргизүүгө жол бербөө керек.

Борболрдук Азия мамлекеттеринин экономикалык өз ара аракеттенүүдөгү үчүнчү артыкчылыктуу багыты – транспорттук – коммуникациялык чөйрөдөгү кызматташуусу болуп саналат. Бүгүнкү күндө көптөгөн бажы алымдары, камсыздоо төлөмү, башка дагы төлөмдөр оор жүк ташуучу транспорттордун аймактын өлкөлөрүнөн транзиттик өтүшүн өтө эле кымбат кылып жатат. Ошондуктан, транспорттук – коммуникациялык чөйрөдө биринчи кезектеги мааниге жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү аймактын мамлекеттеринин аймагындагы жолдор аркылуу транзиттик ташуусундагы

ыңгайлуу укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук шарттардын маселеси чыгып отурат. Ушул маселелердин чечилишинен, кандайдыр бир деңгээлде, аймактагы экономикалык алакалашуунун таасирдүүлүгү да көз каранды болуп турат. Бул маселени чечүү үчүн ортоазия өлкөлөрү: а) транспорт тармагындагы укуктук-ченемдик актыларды жакындаштыруулары; б) транспорттун бардык түрлөрү үчүн бирдиктүү тарифти макулдашуу жана киргизүүлөрү; в) жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуунун тарифин мүмкүн болушунча жакындатуулары керек. Эгер, экономикалык алакалашуунун жогоруда саналган бардык үч багыты боюнча белгилүү натыйжага жетишчү болсок, анда андан да жогорку - кызматташуунун инвестициялык деңгээлине чыксак болот.

Ушундан улам, ортоазия өлкөлөрүнүн экономикалык өнүгүү боюнча алакалашуусундагы төртүнчүартыкчылыктуу багыт болуп өндүрүштүк кооперацияны өнүктүрүү жана чарбалык тикелей байланыштарды күчөтүү саналат. Орто Азиядагы аталган алакалашуунун ушул багытын ишке ашыруунун төмөнкү механизмин сунуштаса болот:

• экономикалык иш-аракеттерди жөнгө салуучу улуттук мыйзамдарды жакындаштыруу;

• аймактын алкагындагы мамлекеттердин субьекттеринин иштерине бирдей уюштуруучулук – экономикалык шарттары камсыз кылуу;

• өнөр жай тармагындагы өндүрүштү адистештирүү боюнча макулдашылган саясатты жүргүзүү;

• аймактын мамлекеттери үчүн кызыкчылыкты жараткан жогорку таасирлүү өндүрүштү колдоо;

• чарбалык субьекттердин алкагындагы Илимий-техникалык жана өндүрүштүк кооперацияны өнүктүрүү;

• бир катар өз ара байланышкан багыттар боюнча биргелешкен программалар менен инвестициялык долбоорлорду түзүү.

Жалпысынан алганда, Борбордук Азиядагы экономикалык алакалашууну тереңдетүүгө төмөнкү багыттагы жолдорду басып өтүү менен жетишүүгө мүмкүн:

1. Эркин соода зонасын.
2. Бажы биримдигин.
3. Төлөмдүк жана валюталык биримдик.
4. Товарлардын, тейлөөлөрдүн жана капиталдардын жалпы рыногу.

Андан тышкары, аймактагы экономикалык алакалашуунун тереңдешине улуттук мыйзамдардын жана ченемдик актылардын жакындатылышы, бажылык мыйзамдардын ыңгайлашусун камсыз кылуу жана башка чаралар көмөкчү болот. СССР кыйрагандан кийинки мезгилдердин ичинде көп эле аймактык жана мамлекеттер аралык уюмдар түзүлдү. Аларга КМШ да, Борборазиялык экономикалык кызматташуу да, Бажы биримдиги да, жана башка биртоптору кирет. Бул иштердин жүрүшү толук мыйзам ченемдүү. Алгачкы учур, борбордон алыстоо тенденциясынан кийин, өз көзкарандысыздыктарын жарыялашкан союздук республикалар өздөрүнүн улуттук эгемендүүлүктөрүн күчөтүлгөн түрдө бекемдей башташты. Артынан анын кийинки дагы бир баскычы жүрүп кетти. Бирдиктүү экономикалык, коргоо, маданий жана маалыматтык мейкиндик уюшулду. Аймактык уюмдардын ичиндеги өзгөчө орун Евразиялык экономикалык коомчулукка таандык, ал расмий түрдө Казакстан, Кыргызстан, Россия, Белорусь жана Тажикстандардын ортосундагы Бажы биримдигинин базасында пайда болгон. Казакстандын көптөгөн саясатчыларынын ойлору боюнча ЕврАсЭС бүгүнкү күндөгү КМШ аймагындагы эң алгылыктуу модель болуп саналат. Бул уюм, калкы 180 млн. адамдан турган өлкөлөрдү, жаратылыш байлыктарына бай жана өнүккөн өндүрүштүү инфраструктурасы бар кеңири территорияны бириктирип турган бул уюмдун дүйнөлүк рыноктогу өз алдынча жетиштүү өнөктөш болууга толук мүмкүнчүлүгү бар. Аны үчүн бул кызматташтык түзүмүндө ачыктык жана кабыл алган чечимдерин аткара ала турган механизми бар эл аралык уюмдун статусу бар, мындай мүмкүнчүлүк Бажы биримдигинде жок болчу.

ЕврАзЭСтин катышуучу-өлкөлөрүнүн мурунку алынган милдеттенмелердин жол улоочулугун камсыздоо турасындагы милдеттенмеси да маанилүү болуп саналат. 2000-жылга чейин Бажы биримдигинин катышуучу-өлкөлөрүнүн мейкиндигиндеги бирдиктүү экономикалык аймак түзүлгөн эле, укуктук жана маданий - билим алуу чөйрөлөрүндөгү өз ара кызматташуу кеңиген. Айрым бажы иштерин жөнөкөйлөштүрүүгө жетишилди, министрликтер менен ведомстволордун каржылык жана чарбалык милдеттерди чечүү боюнча бирдиктүү мамилени түзүүгө, ачык айтканда, транспорт менен энергетикада макулдашууга баруулары чечилди. Көптөгөн бажылык алымдар менен чектөөлөрдү алып салуунун өзү эле Казакстандын өнөктөштөр менен болгон товар жүгүртүүсүн 2015 жылы 44 пайызга көбөйттү. Кийинкиисинде бул цифра жыл сайын өсүшкө ээ болду. Мисалы, 2016-жылы мурунку көрсөткүчтөр - 82 пайызга, 2017-жылы – 53 пайызга, кийинки жылы – 24 пайызга, 2019-жылы болсо – 57 пайызга көбөйдү. Ал эми мамлекеттер аралык түзүмдөрдүн таасирдүүлүгүнө

келсек, моюнга алышыбыз керек, көп учурда кабыл алынган чечимдер менен кол коюлган келишимдер аткарылбай калып жатты. Мындай абалдан чыгуунун жолу иштин жаңы тажрыйбасына өтүүдө болду, эми мамлекеттердин ичиндеги иш - аракеттер бардык катышуучулар тараптан аткарылгандан кийин гана келишим күчүнө кире турган болду, демек, бул бардыгы үчүн милдеттүүлүк дегендик эле.

ЕврАзЭСтин айырмаланган өзгөчөлүгү эмнеде? **Биринчиден**, ЕврАзЭСтин бардык катышуучу-өлкөлөрү бир пикирге келишти – эми келечектеги уюмдун документтерин даярдоонун биринчи баскычында алар өздөрүнүн ыйгарым укуктарын улуттук түзүмдүн үстүндө турчу түзүмгө бербей турган болду, ушул кадам менен ар бир өлкөнүн өз алдынчалыгы менен эгемендиги сакталат. Бирок, бул, коомчулук бекемделгенден кийин мамлекеттер ортосундагы улуттуктан жогору турган Европа биримдигине окшогон органга өтүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт. Азыркы макулдашылган уюштуруу - укуктук форма бир команда болуп жана алгылыкту шартта Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна кирүү жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, ар кайсы континенттерде өз кызыкчылыктарын жылдырууга жана коргоого мүмкүндүк берет.

Европалык экономикалык коомчулуктун **экинчи** айырмаланган өзгөчөлүгү – постсоветтик мейкиндикте биринчи жолу колдонулуп жаткан чечимдерди кабыл алуунун “салмактап добуш берүү” тутумуна өтүүсү, Алакалашуу комитетин каржылоодо өлкөлөр өзүнүн экономикалык мүмкүнчүлүгүнө жараша добуш берүүсү болуп саналат. Коомчулуктун бюджетине Казакстандын салымы 20 пайызды түзөт. Калган мамлекеттер үчүн ал төмөнкүчө бөлүштүрүлдү: Россия Федерациясы үчүн – 40 пайыз, Белоруссия үчун – 20 пайыз, Кыргызстан менен Тажикстан үчүн – 10 пайыз. Чечим кабыл алууда добуштун 3/2син алуу жетиштүү, бул кайсы бир мамлекеттин биринин үстөмдүгүн жокко чыгарат. Анткени менен, ЕврАзЭСтин жогорку органы болгон – мамлекеттердин жетекчилеринин деңгээлинде жылына бир жолудан кем эмес жана өкмөттөрдүн башчыларынын катышуусу менен жылына эки жолу өткөрүлчү Мамлекеттер аралык Кеңеште, ар бир тарап бир добушка ээ болот, чечим болсо консенсус менен кабыл алынат.

Андан тышкары, ЕврАзЭС башка аймактык уюмдарга караганда максаттарынын ачыктыгы жана ага жетүүнүн мөөнөттөрүнүн тактыгы менен айырмаланат. Азыркы учурга карата, ЕврАзЭСтин өнүгүүсүнүн 2015-жылга чейинки түпкүлүктүү багыты (стратегиясы) иштелип чыккан. Мисалы, жакынкы жылдары коомдун мүчө-өлкөлөрүнүн тышкы соодасынын статистикасын жүргүзүүнүн бирдиктүү усулдугу киргизилиши керек. Ошол

эле мезгилде ЕврАзЭСтин катышуучу-өлкөлөрүнүн биринен – экинчисине товарларды жана транспорттук каражаттарды алып кирип жана алып чыгуудагы бажы иштеринин эрежеси менен бажы көзөмөлдөрү бир түргө келтирилет. 2015-жылдан баштап коомдун өлкөлөрүнүн экономикалык коопсуздугун камсыздоочу макулдашылган иш-чаралардын тутумуна өтүү, ал эми 2005-жылдан тартып макулдашылган чек ара саясаты киргизилип, көп тараптуу чек аралык кызматташуу өнүктүрүлүп, 2016-жылга карата коомдун мүчө-мамлекеттеринин тышкы тооругундагы (чегарасындагы) өткөрүү пункттарын жасалгалоо аяктамак. 2020-жылга карата ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн тышкы чек араларын жасалгалоо жана аларды макулдашылган коргоо иштери толук бүткөрүлмөк, ошондой эле бажы кызматын башкаруунун бирдиктүү тутумун түзүү жана ЕврАзЭСтин мамлекеттеринин ортосундагы чек аралык бажы көзөмөлү алынып салынмак болчу. 2025-жылга карата ЕврАзЭСтин мүчө - мамлекеттеринин чек араны башкаруунун бирдиктүү кызматы түзүлөт. 2001-жылдын 14-сентябрындагы Алма-Ата шаарында өткөн ЕврАзЭСтин Мамаралыккеңештин отурумунда Алакалашуу комитети, туруктуу өкүлчүлүктөрдүн комиссиялары жана ЕврАзЭСтин биринчи Генералдык секретары шайланган. Андан сырткары ЕврАзЭСтин Алакалашуу комитетинин секретариатынын түзүмү жана коомдун 2002-жылга бюджети бекитилген (83 млн. рос. рубли көлөмүндөгү). ЕврАзЭСтин Алакалашуу комитетинин Мамаралыккеңешининин биринчи отурумунда коомдун мүчө-мамлекеттеринин бажылык аймагында өндүрүлгөн жана алынып келинген подакзисттик товарлардын Базалык тизмеси жана эң төмөнкү ставкалары бекитилген болчу. Чек ара саясаты чөйрөсүндө маалыматтык өз ара аракеттенүү жөнүндө чечим кабыл алынган. Аны иш жүзүнө ашыруу катышуучу-өлкөлөрдүн чек ара кызматтарына коомдун тышкы чек арасын бекемдөөгө жана коргоого жардам бере турган маалыматтар менен ыкчам алмашып турууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Жалпысынан, ЕврАзЭСтин багыты боюнча бардык беш катышуучу-өлкөлөрдүн чыныгы экономикалык алакалашуу жолундагы иш-аракеттердин башталгандыгын белгилесек болот. Дагы бир чыныгы экономикалык алакалашууга мүмкүнчүлүгү бар уюм катары Шанхай кызматташуу уюмун (ШКУ) айтсак болот, ал азыркы күндө коопсуздук жана кызматташуу боюнча дүйнөдөгү эң таасирлүү уюм катары эсептелерин эскерте кетсек ашыкча болбойт. Ушул жылдын июнь айында “Шанхай бешилтиги” башынан эле негизги милдети терроризм жана экстремизм менен күрөшүү үчүн түзүлгөн уюм, олуттуу өзгөрүүгө учурады. Баарынан мурда жана эң маанилүүсү мамлекеттердин жетекчилеринин жалаң эле аскердик-саясый аракеттенүүнү кеңейтүү эмес, ошондой эле экономика тармагында да өз ара

кызматташуунун аракетин кеңейтүү туурасындагы макулдашуусу болду. ШКУнын мамлекет башчыларынын 2001-жылдын сентябрындагы Алма-Ата шаарындагы биринчи жолугушуусунда экономикалык кызматташуунун айкын механизми жана багыттары талкууланган. Келечектеги өз ара кызматташуу чөйрөсүнүн ичинен артыкчылыктуу катары транспорттук инфраструктура менен телекоммуникация, отун – энергетика сектору, айыл чарбасы, туризм, банк чөйрөсү, суучарбачылыгы жана жаратылышты коргоо тармактары белгиленген болчу.

Биринчи отурумда аймактык экономикалык кызматташуунун негизги максаттары менен багыттары жана соода жана инвестици тармагындагы ыңгайлуу шарттарды түзүү боюнча иш-аракеттерди баштоо жөнүндө Меморандумга кол коюлган. Ушул меморандум экономикалык кызматташунун узак мөөнөткө эсептелген программасын иштеп чыгуунун негизи болот. ШКУнын алкагындагы кызматташууну өнүктүрүүнүн негизги максаттары болуп:

1) катышуучу-мамлекеттердин экономикасынын жалпы өнүгүүсүнүн кызыкчылыгындагы экономикаларынын бирин – бири толуктоочу жагдайларын ачуу;

2) чарбачыл субьекттердин биргелешкен өндүрүштүк жана соода-экономикалык иш-аракеттеринин өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү;

3) тышкы экономикалык иш-аракеттерди жөнгө салуучу улуттук мыйзамдарды бир шайкештикке келтирүү ж. б.

Жалпысынан айтканда, Шанхай кызматташтык уюмунун түзүлүшү аймактын мамлекеттеринин ортосундагы карым-катнаштарды жаңы деңгээлге көтөрөт жана ошол эле учурда аймактагы жана бүткүл дүйнөдөгү коопсуздук менен туруктуулукту бекемдейт. Орто Азиядагы алакалашуунун жүрүшүнүн тереңдеши жана аймактык кызматташуунун кеңейиши бир гана аймактын мамлекеттеринин социалдык-экономикалык абалынын чыңдалышына жана дүйнөлүк рынокко биргелешип чыгуусуна гана түрткү болбостон, бүтүндөй аймактын коопсуздугун, туруктуулугун жана өнүгүүсүнүн бышыктыгын камсыздоого да түрткү болот.

Аймактык экономикалык алакалашуунун негизин талдап чыгуу аймактык экономикалык кызматташуунун өзүнүн негизинде ааламадашуу менен алакалашуунун жалпы теориясына таянган бир катар мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ экенин көргөздү. Аймактык алакалашуунун биринчи баскычынын оңунан чыкпай калышы белгилүү катачылыктардан, татаал

экономикалык шарттардан, ошондой эле өтө ашкере кеткен жана ишке ашпай турган божомолдордон улам болгон.

ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринде экономикалык кайра курууну жана макроэкономикалык саясатты жүргүзүү боюнча макулдашылган иштер үчүн туруктуу (регулярный) негизде Коомчулуктун өлкөлөрүнүн экономикаларынын абалына жана өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүлүп келет. Мониторингдин тыянагы 2007-жылдын апрелиндеги ЕврАзЭСтин Мамаркеңешинин отурумунда өкмөт башчыларына баяндама берилген.

БЭМдин (бирдиктүү экономикалык мейкиндиктин) укуктук базасын түзүү үчүн керектүү документтерди даярдоонун жүрүшүндөгү ЕврАзЭСтин алкагында макулдашылган экономикалык саясат жөнүндө Макулдашуунун долбоору иштелип чыгылган.

Менчиктештирүү тармагындагы макулдашылган саясатка өтүү максатында ЕврАзЭСтин Алакалашуу комитети 2007-жылдын июнунда “ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттериндеги мамлекеттик мүлктөрдү менчиктештирүүнүн жалпы багыттары” бекитилген. ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин мамлекеттик мүлктү тескөө укугу берилген органдарына өз иштеринде ушул документти колдонуу сунушталган.

Макулдашылган инновациялык саясатты жүргүзүүнүн алкагында ЕврАзЭСтин Парламенттер аралык Ассамблеясы менен бирдикте ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин инновация жана инновациялык иш - аракеттер жөнүндө мыйзамдарын ыңгайлаштыруу боюнча Сунуштар даярдалган. Көрсөтүлгөн Сунуштар 2007-жылдын майында ПАА тарабынан кабыл алынган жана ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин парламенттерине Коомчулуктун укуктук базасын өркүндөтүү ишинде пайдалануу үчүн жөнөтүлгөн. Сунуштарда ЕврАзЭСтин бирдиктүү инновациялык мейкиндигин түзүү Концепциясын (статегиясын) даярдоо жагы сунушталган. Бул маселе Тараптардын тийешелүү министрликтери менен ведомстволорунда иштелип жатат.

Бюджеттик – салыктык чөйрөдөгүмыйзамдарды ыңгайлаштыруу максатында ЕврАзЭСтин ПААсы менен бирдикте Коомчулуктун мүчө-мамлекеттеринин бюджеттик жана салыктык мыйзамдарына салыштырма - укуктук талдоо жүргүзүлдү, ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин бюджеттик жана салык мыйзамдарынын негизги Концепциясы кабыл алынды.

Жумуштардын кийинки баскычы – бирдиктүү түргө келтирүүгө багытталган ЕврАзЭСтин салык мыйзамынын Жалпы бөлүмүнүн Негизин жана бюджеттин Негизин даярдоо:

-бюджеттик тескөө чөйрөсүндөгү мыйзамдарды, анын ичинде бюджетти түзүүнүн жана аткаруунун жалпы талаптарын;

-салык тутумунун иштешинин талаптары менен механизмдерин даярдоо каралган.

ЕврАзЭСтин Мамаркеңешинин “2008-жылга карата бюджеттик саясат жөнүндө” Бюджеттик Кайрылуусу (Послание) даярдалган, ал 2007-жылдын октябрында Коомчулуктун мүчө-мамлекеттеринин жетекчилери тарабынан кабыл алынган. Бюджеттик кайрылуунун жоболорун эсепке алуу менен 2008-жылдын бюджетинин долбоору иштелип чыккан болчу.

2007-жылдын октябрындагы ЕврАзЭСтин Мамаркеңеши (мамлекет жетекчилеринин деңгээлинде) ЕврАзЭСтин жаңы редакциядагы мамлекеттер аралык максаттуу программаны иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун Тартибин кабыл алды.

ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин Президенттеринин 2016-жылдын январында сунушталган демилгесин ишке ашыруунун алкагында төмөнкү мамлекеттер аралык максаттуу программаларды даярдоо боюнча иштер аткарылды:

• ”Инновациялык биотехнологиялар”;

• ”2019-2023-жылдарга электрондук технологиялардын өнүгүшүнүн Евразиялык стратегиялык программасы”;

• ”ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин тышкы чегарасын жасалгалоо жана чыңдоо”;

•”ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин бажы транзитин көзөмөлдөөнүн бирдиктүү автоматташтырылган маалыматтык тутумун түзүү”;

• ”ЕврАзЭСтин аймагындагы уран алуучу өндүрүштүн таасирине кабылган, ошондой эле башка радиоактивдүү булганычка дуушар болгон чөлкөмдөрүн рекультивация кылуу”;

• ”ЕврАзЭСтин калкынын денсоолугу”.

Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын жогорку окуу жайларынын демилгеси менен “Евразиялык экономикалык коомчулуктун эл аралык ядердик инновациялык Консорциумун түзүү” жөнүндө Макулдашуунун долбоору даярдалган, ошондой эле ага кол коюуга Беларусь Республикасынын, Кыргыз Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын жогорку окуу жайлары да кошулушкан, атом тармагы

боюнча кадрларды бирге даярдоого катышууга даяр экендиктерин билдиришкен.

ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин машина куруу техникасын сатуу жана сервистик тейлөө борборун түзүү демилгесин ишке ашыруунун биринчи баскычы катары ЕврАзЭСтин мүчө-мамлекеттеринин товарлар жана тейлөөлөр жөнүндө Маалыматтык тутуму ачылды. Машина куруучу техника жана аны өндүрүүчүлөр жөнүндө маалыматтар базасы түзүлдү.

## 1.3 Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын жана алакалашуунун илимий методологиялык негиздери таанууда Шанхай биримдигинин орду, алгылыктуу жана көйгөйлүү жактары

Кыргыз Республикасы ШКУнын экономикалык мүмкүнчүлүгүнө артыкчылыктуу маани берет. ШКУнун алты өлкөсүнүн өкмөт башчыларынын 2001-жылдын 14-сентябрында Алма-Ата шаарында "Аймактык экономикалык кызматташуунун негизги максаттары менен багыттары жана соода жана инвестиция тармагындагы ыңгайлуу шарттарды түзүү" боюнча Меморандумга кол коюулушу менен соода менен экономика тармагындагы кызматташууга жол ачылган.

ШКУнун МӨКүнүн 2003-жылдын сентябрында Пекин шаарында **ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин соода-экономикалык көп тараптуу кызматташуусунун Прграммасы** кабыл алынган.

ШКУнун өлкөлөрүнүн экономикалык кызматташуусу иш жүзүндө 2004-жылдын 22-23-сентябрларында Бишкек шарында өткөн ШКУнун МӨКүнүн кезексиз отурумунун жүрүшүндө бекитилген **соода-экономикалык көп тараптуу кызматташуунун Прграммасынын аткарылышы боюнча иш – чаралардын Мерчеми** алдыга ташталган чоң кадам болду, анда көп тараптуу негизде аткарууга мерчемделген 127 экономикалык долбоорлор камтылган эле.

ШКУнун Шанхай шаарындагы (2006-жылдын июну) маарекелик (юбилейлик) саммитинде Ишкердик Кеңештин (ИК) уюштуруу сессиясы, өнөр жайчылар менен ишкерлердин Форуму, Банкалар аралык биримдиктин Кеңешинин (БАБК) отуруму болуп өттү. Аталган иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча ШКУнун ИКсынын ишмердигин жөнгө салган документтер бекитилди, ИКнын Москва шаарында орун алган туруктуу иштөөчү Секретариаты уюшулду, БАБКнын мүчө банктарынын ортосундагы аймактык экономикалык кызматташууну колдой турган 2010-жылга чейинки

аракеттеги Протокол менен Программаларга кол коюлду. Мүчө-мамлекеттердин ортосундагы соода - экономикалык кызматташууга колдоо көрсөтүү үчүн КЭРдин Өкмөтү 2004-жылы ШКУнун мүчө-мамлекеттерине 900 млн. АКШ долларындагы жеңилдетилген насыя бөлүнөөрүн расмий түрдө жарыя кылган. Ушул насыялык бөлүүлөрдүн алкагында Кызыл-Кыя шаарында кубаттулугу жылына млн. тонна цемент чыгара турган келишимдик баасы 58 млн. АКШ долларына барабар келген цемент заводу курулду.

Соода - экономикалык чөйрөдөгү белгилүү натыйжаларга жетүүнүн чоң кадамы 2006-жылдын 15-сентябрындагы Дүйшөмбү шаарында өткөн ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин өкмөт башчыларынын Кеңешинин кезектеги отурумунун өтүшү, анын жүрүшүндө биринчи жолу транспорт каттамдары чөйрөсүндө ШКУнун мейкиндигиндеги транзиттик мүмкүнчүлүктү жогорулатууга багытталган долбоордун аныкталышы болду. Андан тышкары, Тараптардын тийешелүү ведомстволорунун жетекчилери тарабынан эл аралык автомобилдик жүк ташуулар үчүн ыңгайлуу шарт түзүү жөнүндө Макулдашууну даярдоо боюнча өз ара түшүнүшүү жана колдоо жөнүндө Меморандумга кол коюлушун айтсак болот. КРдын ШКУ өлкөлөрү менен товар жүгүртүүсү 2007-жылы 2006-жылга салыштырмалуу 51,0 пайызга өсүп, 2,38 млрд. АКШ долларына жетти, же КРдын чет өлкөлөр менен жалпы товар жүгүртүүсүнүн 60,7 пайызын түздү (3,92 млрд. АКШ доллары). Мисалы, 1-орунду Россия ээлейт – (50,9 пайыз), 2-орунда Казакстан – (21,7 пайыз), 3-орунда – Кытай (17,5 пайыз) турат.

2006-жылдын 15-июнунда Шанхай шаарында ШКУнун, уюмдун уюшулганынын беш жылдыгына арналган маарекелик саммити болду. Саммиттин жыйынтыгында бир катар документтер бекитилди, алардын катарында ШКУнун беш жылдыгынын Декларациясы, маалыматтык коопсуздук боюнча эл аралык биргелешкен комююнике, 2007-2009-жылдарга карата терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүүнүн кызматташуу Программасы, билим тармагы боюнча кызматташуу жөнүндө Макулдашуу, ошондой эле бир катар ШКУ РАТС тын багытындагы документтер кабыл алынды. Шанхай саммитинин жыйынтыгы боюнча Кыргызстан үчүн саясый чоң мааниге ээ болгон башка да бир топ чечимдерге жетишилди. **Биринчиден**, мамлекеттин жетекчилери кезектеги 2007-жылдын 1-январынан башталган мөөнөткө ШКУ РАТС Аткаруучу директору болуп Кыргызстандын өкүлү шайланмай болду, бул кызматта азыр да М. У. Субанов иштеп жатат. **Экинчиден**, 2006-2007-жылдардагы мөөнөткө уюмдун төрагалык милдети Кыргыз Республикасына өткөрүү чечими кабыл алынды.

ШКУнун Бишкек саммитинин 2007-жылдын 16-августундагы ийгиликтүү өтүшү тышкы саясаттагы эң маанилүү окуя болду жана Кыргызстандын эл аралык беделинин жана имиджинин көтөрүлүшүнө зор өбөлгө болду. Анын жогорку деңгээлде өткөндүгү белгиленди. Агы 15 делегаттар катышып, алардын ичинен 10 мамлекет жетекчилеринин деңгээлинде эле. Анын жаңы көрүнүшү болуп ардактуу мейман катары биз тараптын демилгеси менен Түркмөнстандын Президентинин чакырылышын айтса болот, бул жакшы жышаан катары бааланды. Саясый мерчемде пайдубалдык негиздеги саммиттин документинин – ШКУнун узак мөөнөттүү ынак кошуналык, достук жана кызматташуу жөнүндөгү Келишимине кол коюлушу десек жаңылбайбыз, ал саясый карым-катнашты иш жүзүндө жаңы агымга буруп койду. ШКУдагы КРдын төрагалыгынын алкагында төмөнкүдөй иш - чаралар болду: коопсуздук кеңешинин секретарларынын үчүнчү жолугушуусу (25-май), коргоо министрлеринин (27-май), ТИМК (9-июль) кеңешмеси.

Жалпысынан алганда, Кыргыз Республикасынын ШКУга катышуусу эл аралык терроризмдин, диний экстремиздин жайылышына, бангизаттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө, куралдардын, мыйзамсыз миграциялар коркунучуна активдүү каршы турууга мүмкүндүк берип, Кыргызстандагы, жалпы эле аймактагы коопсуздуктун жана туруктуулуктун камсыздалышынын негизги шартына айланды, ошонусу менен өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн жана көзкарандысыздыгын сактоонун пайдубалы болду. ШКУнун Орто Азиядагы аймактык коопсуздукту сактоодогу жана КРдын экономикалык туруктуу өнүгүшүндөгү маанилүү ролун эске алсак, анда ШКУга мүчө болуу алкагындагы тышкы саясый ишмердиктин активдеши Кыргызстандын улуттук кызыкчылыгына толук жооп берип, көп тараптуу тышкы дипломатиядагы артыкчылыктуу багыттардын бири болуп саналат. 2008-жылдын 27-28-августтарында Дүйшөмбү шаарында ШКУнун 8-саммити болду, ал бир жактуу жумушчу мүнөзгө ээ болду жана коопсуздук жана каржы чөйрөсүндөгү саясый жана тармактык документтеринин жаңы пакеттерине кол коюу менен коштолду. Анын алгылыктуу жактары катары Биргелешкен коммюникедеги, "*Бишкек отурумунда коюлган милдеттер, ошондой эле жетишилген макулдашуулардын ийгиликтүү ишке ашып жатканынын* белгиленгенин айтсак болот. Саммиттеги Кыргызстандын Президентинин транспорттук жана телекоммуникациялык мейкиндикти түзүү, ошондой эле энергетика тармагындагы, соода жана бизнес чөйрөсүндөгү кызматташууну өнүктүрүү боюнча экономикалык жана алакалашуу жааттарындагы иштерди терендетүү керектиги туурасындагы айткандары тажрыйбалык чоң мааниге ээ болду. Ачык айтканда, КР үчүн

артыкчылыктуу долбоорлор менен демилгелер: “КЭР – КР – ӨзР” темир жол курулушу, уулуу заттар көмүлгөн жайларды бекемдөө (реабилитациялоо), суу-энергетикалык көрөңгөлөрдү рационалдуу жана таасирдүү биргелешип пайдалануу жөнүндө макулдашуу, аймактык Суу-энергетикалык Академияны түзүү, Орто Азиянын суу-энергетикалык маселелери боюнча жогорку деңгээлдеги 1 - жолугушууну өткөрүү жана Жаштар форумун чакыруу маселелери белгиленди.

Регламентке ылайык, өлкө жетекчилери көтөргөн сунуштар менен демилгелердин негизинде ШКУнун Секретариаты аларды ишке ашыруунун белгилеген тийешелүү иш-чаралардын Мерчемин иштеп чыгат. Ошол эле учурда тармактык органдардын деңгээлинде эң маанилүү жана бардык тараптар менен макулдашылган долбоорлор сунушталып турат.

ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин жетекчилери кол койгон документтер:

1. Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекеттеринин жетекчилеринин Дүйшөмбү Декларациясы.

2. Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекеттеринин жетекчилер Кеңешинин Уюмдун өткөн жылдагы ишмердиги жөнүндө ШКУнун Генералдык секретарынын баяндамасын бекитүү жөнүндөгү № 1 - чечими.

3. Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекеттеринин жетекчилер Кеңешинин Шанхай кызматташтык уюмунун Аймактык терроргo каршы түзүмүнүн 2007-жылдагы ишмердиги жөнүндө Шанхай кызматташтык уюмунун Аймактык террорго каршы түзүмүнүн Кеңешинин баяндамасын бекитүү жөнүндөгү № 2 - чечими.

4. Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекеттеринин жетекчилер Кеңешинин Шанхай кызматташтык уюмунун диалог боюнча өнөктөшү статусу жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндө № 3 - чечими.

5. Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекеттеринин жетекчилеринин отурумунун жыйынтыгы боюнча Биргелешкен коммюникеси.

ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин жетекчилеринин катышуусунда кол коюлган документтер:

1. Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекеттеринин биргелешкен террорго каршы машыгуусун уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Макулдашуу.

2. Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө-мамлекеттеринин ортосундагы курал-жарактардын, ок - дарылардын жана жарылгыч заттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы күрөшүү боюнча кызматташуу жөнүндө Макулдашуусу.

3. Шанхай кызматташтык уюмунун Банкалар аралык бирикмеси жана Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы өнөктөштүк мамиленин негиздери жөнүндө Меморандуму.

Алгачында, чегара аймактарындагы ишенимди арттыруу жана аскер күчтөрүн кыскартуунун механизми катары түзүлгөн ШКУ, кыска эле аралыктын ичинде эле институттук өнүгүүнүн орчундуу жолун басып өттү: кызматташуунун укуктук омоктуу базасы түзүлдү, иш жүзүндө көп тараптуу кызматташуунун так багыты аныкталды.

ШКУнун башка көптөгөн эл аралык уюмдардан утуштуу көрүнүшү, Уюмдун өзүнүн жаратылышында кандайдыр бир кагылышууларга багышталган мүнөздүн жоктугунда турат. Бул мерчемден алганда ШКУнун АТКТсы өзүнүн күчтүк тобуна ээ эмес жана болгону терроризм, экстремизм жана сепаратизм менен күрөшүүдөгү тескөөчүлүк жана маалыматтык талдоочулукту камсыздоочу гана механизмге ээ экендиниде турат.

ШКУда аймактык кызматташуунун жаңы үлгүсү түптөлгөн, анын өзгөчөлүгү биргелешкен демилге, аймактын коопсуздугу жана туруктуулугу, ошодой эле саясат жана коопсуздук, соода-экономикалык жана маданий – гуманитардык тармактардагы тыкыс кызматташуу болуп саналат.

Таасирдүү саясый кызматташууну камсыз кылуу максатында ШКУ өлкөлөрүнүн мамлекеттеринин жана өкмөттөрүнүн жетекчилеринин жылына бир жолку жолугушуусу өткөрүлүп турат, анын жыйынтыгы боюнча ШКУнун андан аркы өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттары боюнча маанилүү чечимдер кабыл алынып, өткөн жыл үчүн Уюмдун ишинин натыйжасы чыгарылат. Биринчи жолу Москва шаарында 2006-жылдын май айында ШКУнун Парламенттеринин жетекчилеринин жолугушуусу өткөрүлдү.

ШКУ өз ишмердигинде эл аралык байланыштын өнүгүшүнө чоң маани берет. Өткөн мезгилдин аралыгында КМШ, АСЕАН, ЕврАзЭС, ОДКБ, ОЭС жана ЭСКАТО менен өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандумдарга кол коюлду, аларда аймактык коопсуздук жана соода-экономикалык

кызматташууну камсыздоо тармагындагы кызматташууну андан ары чыңдоо жана кеңейтүүнүн даана кадамдары каралган.

Соода – экономиалык чөйрөдө да бир катар натыйжаларга жетишилди. Мисалы, 2003-жылдын сентябрындагы Пекин шаарындагы ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин МБКнин 3- отурумунда көп тараптуу соода-экономикалык кызматташуунун Программасы кабыл алынган болчу. Ал эми 2004-жылдын сентябрында жогоруда аталган Прграмманыны аткарылышы боюнча иш-чаралардын Мерчеми бекитилген, анда көп тараптуу негизде ишке ашыруу мерчемделген 127 экономикалык долбоорлор камтылган эле.

Ушул Программанын алкагындагы узак мөөнөткө эсептелген (2020-жылга чейин) ШКУнун мүчө-мамлекеттери аймактык көрөңгөлөрдү өз ара пайдалуу жана натыйжалуу негизде иштетүүгө, товарлардын, капиталдардын, тейлөөлөрдүн жана технологиялардын ШКУнун мейкиндигинде эркин жер которуусун баскычтар боюнча камсыздоого жетишүүнү көздөгөн болчу.

Шанхай саммитинин жүрүшүндө (2006-жылдын июну) өлкөлөрдүн жетекчилеринин алдына көп тараптуу соода-экономикалык кызматташуунун Программасын аткаруу боюнча аракеттерди ыкчамдатуу, экономиканын артыкчылыктуу тармактарындагы маанилүү долбоорлорду ишке ашыруу, соода менен инвестиция үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү милдеттери коюлган. ШКУнун Бишкек саммитинин жүрүшүндө ШКУнун кызматташуусундагы артыкчылыктуу багыттар катары энергетика, транспорт, маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялар алынган эле. Ташкент шаарындагы ШКУнун ӨБКнын отурумунда көп тараптуу соода-экономикалык кызматташуунун Программасын аткаруу боюнча иш-чаралардын Мерчеминде каралган кызматташуунун долбоорлорун кайрадан карап чыгуунун (инвентаризациялоонун) керектигин жөнүндө чечим кабыл алышкан. Аталган документтерди аткаруу мөөнөтүнө жана аткарылышынын мүмкүнчүлүк деңгээлине жараша ондоп чыгуунун максатка ылайыктыгы, алардын аткарылышынын техника – экономиалык негиздемесинин тууралыгын жана аларга кетчү каражаттын эсебин, жумшалчу көрөңгөлөрдүн жана материалдардын зарпталышын тактап чыгуу керек эле.

Тараптар иш - чараларлын кайрадан каралып такталган Мерчемин ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин тышкы экономика жана тышкы соода иштерине жооп берүүчү министрлеринин Кеңешмесинин кароосуна алып чыгып (2008-жылдын 24-сентябры, Пекин шаары) жана андан кийин анын ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин өкмөт башчыларынын (премьер-

министрлеринин) Кеңешинде ( 2008-жылдын 30-октябры, Астана шаары) бекитүүгө коюулушу каралган.

Маданий – гуманитардык чөйрөдө да кыйла активдешүү байкалып жатат. Ачык айтканда, ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин 2009-2011-жылдарга карата маданият чөйрөсүндөгу кызматташуунун Мерчеми кабыл алынган, анын алкагында тең укуктуулук жана этномаданияттык өз алдынчалыкты сыйлоо талаптарынын негизинде бир катар долбоорлорду ишке ашыруу белгиленген.

Ошону менен бирге ШКУнун алкагында анын өнүгүшүнө тоскоол болуп жаткан бир катар көйгөйлүү маселелер бар. Тарыхый ченемде иштегенине аз эле убакыт болгонуна карабай ШКУ өзүнүн ишке жарамдуулугун көрсөтө алды, ал экономикалык айкын долбоорлорго караганда, көп жагынан алынган декларацияларды, кайрылууларда жана ой - пикирлерде көбүрөөк көрүнүп турат. Белгилеп коюу керек, ШКУнун экономикалык тармактагы кызматташуусунун мерчемдери менен долбоорлору жалпысынан азырынча укуктук, уюштуруучулук жана каржылык макулдашуулардын деңгээлинен көтөрүлө элек. Мамлекеттер аралык деңгээлде аларды ишке ашыруунун ниеттери гана бар, анын аткаруучулук механизми али иштей элек, анткени, тараптар сунуш кылган долбоорлордун каржылык камсыздоосунун таасирдүү тутуму жок. Андан тышкары, аталган Мерчемдин ийгиликтүү ишке ашышына карата ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин өзүндө олуттуу экономикалык тоскоолдуктар бар, ага экономикалык долбоорлордун аракет мерчемдери шайкештирилбегендиги жана алардын маалыматтык камсыздоосунун начардыгы кирет. Ошондой эле ШКУнун мейкиндигиндеги алакалашуунун жүрүшүнүн темпине карата ШКУнун негизги мүчөлөрүнүн – Россия менен Кытайдын ортосундагы пикирдин чачкындыгы да таасирин тийгизүүдө. Кытай болсо, Уюмдун ишмердигинин террорго каршы күрөшү (үч балаага” каршы күрөшүү”) жана экономикалык негизинин ортосунда теңдик болушу керек деп эсептейт, ал эми жакынкы келечекте экономикалык жана маданий – гуманитардык өз ара кызматташуулары негизги максатка айланышы керектигин белгилейт.

Россия, тескерисинче, ШКУнун аскердик - саясый кызматташуусун жана терроризм, экстремизм жана сепаратизм тармагындагы активдүү салтка айланып бараткан актидүүлүгүн күчөтүүгө көңүл бурат, ал эми ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин экономикалык алакалашуусун кийинки келечектин маселеси деп эсептейт. ШКУнун алкагындагы көп тараптуу кызматташуунун негизинде саясый факторлор жатканы көрүнүктүү болуп калды: ачык айтканда: аймактын туруктуулугун жана коопсуздугун камсыздоо алдыңкы

орунга чыкты. Ошол эле учурда ШКУнун мейкиндигиндеги тескери көрүнүштөргө каршы туруу социалдык-экономикалык абалга байланыштуу экени да талашсыз болуп калды. Кедейчилик көйгөйүн чечүү коушумча жумуш орундарын түзүү менен байланышкан, туруктуу экономикалык өнүгүүнү камсыздай турган кеңири масштабдагы программаларды ишке ашыруу болсо, өз кезегинде, ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин кеңири экономикалык алакалашуусунун алкагында аймактын ыкчамдатылган экономикалык өнүгүшүн билдирет.

ШКУ мүчө-мамлекеттериндеги Уюмдар жөнүндө өз ичинде жана чет өлкөлөрдө да коомдук оң пикирди жаратуу үчүн ШКУнун ишмердигин маданий – гуманитардык кызматташуу жана маалыматтык жактан коштоосунун андан аркы тереңдешине олуттуу көңүл буруу талап кылынат. Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлүү учурларына карабастан, ШКУнун ишмердигиндеги, Уюмдун эл аралык аренадагы авторитетинин жана таасиринин өскөндүгү, анын башка аймактык түзүмдөр менен өнөктөштүк байланыштарынын бекемделиши жана улам өсүп келаткан эл аралык уюмдар менен болгон алакалары, ошондой эле ШКУнун БУУнун Генералдык Ассамблеясынын алдындагы байкоочулук статусуна ээ болушу тикелей далил болуп турат. Ушунун баары ШКУнун келечектеги өнүгүшүнө ишенимдүү кароого негиз берет.

**1 бап боюнча тыянак:**

1. Аймактык экономикалык алакалашуу - бул бир гана дүйнөлүк экономиканын атаандаштыгынан коргонуу эмес, ааламдашууга түрткү болуп жаткан экономикалык баскынчы үстөмдүктөн (экспанциядан) сактануу да болуп саналат. Ошондой эле бул ар бир өлкөнүн туруктуулугун жана өз алдынчалыгын сактоонун да ыкмасы. Ааламдашуу менен алакалашуу – бул жакынкы он жылдыктардын ичинде дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүн аныктай турган обьективдүү жана бири-бири менен байланышкан иш-аракет.

2. Аймактагы алакалашуу иштеринин терендешине багытталган максаттарга жетишүү үчүн **Биринчи** багыт, бул суу жана энергетикалык көрөңгөлөрдү сарамжалдуу пайдалануу.

3. Орто Азия мамлекеттеринин экономикалык алакалашуусун өнүктүрүүдөгү **Экинчи** багыт болуп соодалык-экономикалык кызматташуу болуп эсептелет.

4. Орто Азия мамлекеттеринин экономикалык өз ара аракеттенүүдөгү **Үчүнчү** багыты – транспорттук – коммуникациялык чөйрөдөгү кызматташуусу болуп саналат.

5. Ортоазия өлкөлөрүнүн экономикалык өнүгүү боюнча алакалашуусундагы **Төртүнчү** багыт болуп өндүрүштүк кооперацияны өнүктүрүү жана чарбалык тикелей байланыштарды күчөтүү саналат.

## 2-бап. Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын макроэкономикалык кыймылын талдоо жана аны башкаруунун уюштуруу-методикалык ыкмалары.

### 2.1 Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун ишканаларынын уюштуруунун жана иш алып баруунун экономикалык көрсөткүчтөрүнүн учурдагы абалы

Учурда тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун экономикасынын бардык секторлорунда жаныча рыноктук мамилелер тийиштүү деңгээлде орнотулган жана практикада кеңири колдонулуп келе жатат. Ошондой болсо дагы биздин оюбузча тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун ишканаларынын рынок мамилелеринин тереңдиги жана массалык түрдө колдонулушунда кээ бир маселелер бар. Мисалы рынок сунуш жана талаптын баланстуулугун талап кылат, башкача айтканда өндүрүлүп жаткан товарлар жана кызматтар рыноктогу талаптарга жооп бериш керек. Бирок мындай баланска жетүү үчүн бир топ жылдар бар, алардын эң негизгилери биздин оюбузча эки багытта болуш керек. Биринчиден суроо-талапты билүү үчүн аларды терең изилдеш керек. Бул илимде маркетингдик изилдөө аркылуу жүргүзүлөт, башкача айтканда товарды жана кызматтарды чыгаруудан мурун суроо-талаптардын көлөмүн, багытын, кете турган каражаттарды алдын ала эсептеп жана башка жолдор менен аныкталат. Мындай көп эмгекти талап кылганына карабастан азырынча рынокту ишенимдүү жолдордон болуп эсептелет.

Экинчи жактан тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун ишканаларынын тийиштүү балансты камсыз кылууда товарларды жана кызматтарды керектөөлөрдүн суроо талаптарына дал келе турган товарларды жана кызматтарды жасоо. Бул деген суроо талаптардын келечектеги тенденцияларын алдын ала билүү. Мунун өзү

товарлардын сапаты, алардын практикада колдонулушунун ыңгайлуулугу жана эң негизгиси болуп алардын баалары менен байланышкан. Кептин бардыгы товар өндүрүүчүлөр жактан керектөөчүлөрдүн купулуна толо турган сапатту товарларды чыгаруу болуп эсептелет.

Маселени тереңиреек карасак экинчи жак дагы рынокту изилдөө менен байланышкан, айрыкча тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде ар кандай өндүрүүчү товар керектөөчүлөрдүн талаптарын жакшы билбей туруп рвноктук ийгиликтерди жарата албай. Бул маселе боюнча негизги фактор катары, кайсы товар, кайсы мамлекеттен алынып келет, ал товарларга алып келгенче кеткен чыгымдар, канедай жол менен алып келинет ж.б. Албетте товарды ар кандай типтеги ишканалар жана ишкердик структуралар жаратат. Бирок алар башкача айтканда ишканалар ар түрдүү масштабда болгондуктан товарларды керектөөчүлөрдүн талабын кайсы типтеги ишканалар канааттандыра алат деген маселе чыгат. Биринчи иретте мындай ишканаларга чоң масштабдуу техника жана технология тактан кубаттуу, ар түрдүү жаңылыктарды киргизүүгө каражаттары жетиштүү ишканалар кирет.

Ушул эле учурда чоң жана орто масштабдагы ишканалардын өздөрүнүн көйгөйлөрү да артык. Алардын эң негизгилеринин бири улам өзгорүлүп турган рыноктогу талаптарга өз убагында жана тийиштүү мейкиндикте ийкемдүүлүк менен жооп кайтаруу маселеси турат. Мындай талапты аткарууда чоң ишканалар өзүнчө ийкемдүү, рыноктун шартына адаптиптүү структураларын түзүүсү зарыл. Мындай талаптын көпчүлүк бөлүгүн жогоруда айтылып кеткендей  ишкердик структуралар түзөт. Алар чоң ишканалардын курамында гана болбостон көп учурда өз алдынча ишканалар болот, бирок чыгарган товарлары чоң ишканалардын прогаммасына түздөн-түз байланышта болот. Бул деген жер ресурстарын иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгүн чоң ишканалардын көрсөтмөлөрүндө өткөрөт дегенди билдирет. Алар ар бири өз алдынча эркин

өндүрүш структуралары болгондуктан бири-бири менен байланышта келишим аркылуу жүргүзүлөт да рынок мамилелерине толук жооп берет.

Биздин талдообузга караганда тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун ишканаларынын **жалпы** эле ишкердиктин пайда болуусу тууралуу жогоруда кыскача баяндап кеткенбиз. Бирок тагыраак талдоону талап кылган нерсе алардын пайда болушунун муктаждыгы, тартиби жана структурасы. Адегенде тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун ишканаларынын пайда болушу негизинен өлкөдө рынок мамилелерине өтүүдөгү жүргүзүлгөн реформаларга байланыштуу. Өзгөчө айыл чарбада, соодада, үй тиричилик кызматында, транспортто, коомдук тамактанууда жана башка чөйрөлөрдө. Ишкердүүлүктүн структурасы, алардын ичинен ишкердиктин ишмердүүлүгү калыптанып, учурда системалык түрдө ар бир сектордун өзгөчөлүктөрүнө ылайык ишканалардын тобун айтсак болот. Муну таблица менен да көрсөтүүгө болот (2.1-таблица).

**Таблица 2.1 -Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча саны**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 392 | 419 | 497 | 456 | 468 | 472 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 366 | 391 | 470 | 429 | 443 | 446 |
| Өнор жай | 2100 | 2081 | 2020 | 2113 | 2223 | 2280 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1947 | 1901 | 1867 | 1960 | 2080 | 2098 |
| Иштетүү өндүрүшү | 1608 | 1587 | 1547 | 1624 | 1686 | 1691 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1480 | 1447 | 1421 | 1500 | 1570 | 1580 |
| Электроэнергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 41 | 42 | 40 | 38 | 33 | 30 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 35 | 35 | 35 | 33 | 31 | 28 |
| Курулуш | 1294 | 1310 | 1343 | 1321 | 1497 | 1516 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| -анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 1242 | 1254 | 1189 | 1277 | 1448 | 1480 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 592<br><br>598 | 590<br><br>539 | 643<br><br>598 | 732<br><br>683 | 764<br><br>722 | 780<br><br>740 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 215<br><br>190 | 218<br><br>200 | 224<br><br>196 | 245<br><br>212 | 246<br><br>210 | 252<br><br>215 |
| Маалымат жана байланыш<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 529<br><br>470 | 548<br><br>494 | 501<br><br>445 | 505<br><br>467 | 560<br><br>525 | 590<br><br>550 |

**Маалымат булагы: Автордун эсеби менен диссертациялык материалдардан.**

Жогорудагы таблица көрсөткөндөй 2021-жылдын биринчи январында Ишканалардын түзүлүшүнө ар түрдүү факторлор таасир этет, алардын негизгилери болуп ишканаларды түзүүгө муктаждык, ишкердүүлүккө коюлган талаптар, мыйзам алкагында көрсөтүлгөн жоболор, жумуш менен камсыздоодогу муктаждык жана башкалар кирет. Ал эми жер ресурстарын иштеткен ишканалардын иш алып кетүүсүндө башка структуралардай эле өлкөдөгү көп жылдардан бери өкүм сүрүп келе жаткан экономикалык кризистин да таасири бар.

Эки тенденциянын (экономикалык кризис жана экономикалык аракеттердин лиралдашуусу) экономикалык калыптануунун жүрүшүндө карама-каршы аракеттенет. Бир тараптан алганда экономиканын либерализациясы ишкердин ишмердигинин өзгөчө көзөмөлүнөн көпчүлүк мамлекеттик кийлигишүүлөрдөн таш тартканын түшүндүрөт. Экинчи тараптан өндүрүштүн төмөндөөсү каржылык чаржайыттык жана башка терс көрүнүштөр экономикада “ишкердикке каршы” багытты экономикалык кризистин шартында юридикалык-физикалык жактардын төлөм жөндөмдөрүн азайтып, ишкердүүлүктүн активдүүлүгүн азайтууга алып келет. Ишкердик кызматтын жагымдуулугун айтканда сөзсүз мамлекеттик менчиктештирүү максаттуу ишке ашыруунун жыйынтыртарын, мамлекеттик менчикти приватташтыруу 1997-жылы жыйынтыкталып, ошол тармактарда

тиричилик тейлөө, соода, коомдук тамактануу ж.б. өзгөчө ролун баса белгилөөгө болот.

Токтогул суу сактагычка кирген аймакта жер ресурстарын иштеткен ишканалардын иш жүргүзүүсүндө эң чоң ролдордун бири бул менчик түрлөрүнө жана уюштуруу формаларына ылайык экендиги белгилүү. Чакан ишканаларда көбүнчө жеке менчик үстөмдүк кылат, себеби дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй жеке менчик экономикалык эркиндикти либералдык чечимдерди кабыл алууну жана ошондой эле рыноктогу абалды эске алуу менен ийкем жана өз убагында чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүктү түзөт. Ушул эле учурда рыноктун талабын аткаруу максатында жер ресурстарын иштеткен бизнес дагы атаандаштыкка жөндөмдүү болуш керек. Бул максатта жер ресурстарын иштеткен ишкерлер дагы жакшы техникаларды, заманбап технологияны, рыноктогу суроо-талаптарды жакшы деңгээлде анализ аркылуу башкарууну жакшы уюштура алса болот. Төмөнкү таблицада менчик формасындагы ишканалардын экономикалык ишмердиктеринин түрү боюнча келтиребиз (таблица 2.2)

**Таблица 2.2 - Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын менчик формалары боюнча экономика секторуна бөлүнүшү**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 354 | 375 | 452 | 411 | 419 | 427 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 329 | 352 | 428 | 386 | 394 | 398 |
| Өнор жай | 2040 | 2019 | 1973 | 2063 | 2042 | 2048 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1900 | 1856 | 1832 | 1921 | 1915 | 1921 |
| Иштетүү өндүрүшү | 1580 | 1558 | 1527 | 1602 | 1543 | 1520 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1458 | 1426 | 1406 | 1482 | 1432 | 1423 |
| Электроэнергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 31 | 32 | 32 | 29 | 24 | 25 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 29 | 29 | 30 | 27 | 24 | 25 |
| Курулуш | 1276 | 1294 | 1231 | 1310 | 1399 | 1420 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| -анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 1227 | 1244 | 1180 | 1268 | 1352 | 1370 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 583<br><br>535 | 578<br><br>535 | 632<br><br>592 | 721<br><br>678 | 1623<br><br>1588 | 1754<br><br>1690 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 206<br><br>184 | 210<br><br>194 | 216<br><br>191 | 238<br><br>208 | 217<br><br>183 | 230<br><br>202 |
| Маалымат жана байланыш<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 503<br><br>448 | 519<br><br>465 | 479<br><br>427 | 484<br><br>449 | 480<br><br>448 | 482<br><br>450 |

**Маалымат булагы: Автордун эсеби менен диссертациялык материалдардан.**

Талдоо көрсөткөндөй Токтогул суу сактагычка кирген аймакта жеке менчик ишканалардын 25 пайыздан көбү өзүнүн ишмердигин дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоодо, 16,5 пайыз өнөр жайда, 11,8 пайызга жакыны кесиптик жана илимий техникалык ишмердикте ишке ашырышкан.

2021-жылдын 1-январына карата өзүнүн бизнесин ачууга катталган жеке ишкерлердин саны биздин эсеп менен 23,0  миң адамды түзгөн.

Ири өндүрүштүк бирдиктерди көп сандаган өз алдынча бирдиктүү технологиялык циклга өзгөртүү, жалпы экономикалык секторго бөлүштүрүү трансформациялык мезгилге туура келгенин белгилөөгө болот. Бул өз кезегинде майда ишканаларды экономикалык шарты боюнча ири ишканаларга туура келбеген шартта, ири иштерди аткара албагандыгын көрсөттү.

Бирок келечекте ишкердинктин жаңы формаларын кадимки корпорация, холдинг, ассоциация ж.б. негизинен бөлүнгөн ишканаларды бирдиктүү жалпы тапшырмаларды, стратегиялык өнүгүүлөрдү бириктирген бирикмеге айлануусу мүмкүн.

Ошондуктан ири милдеттерди аткаруучу жалпы максатта чарбалык бирикмелерге бirigүү аракети уюшулуп, аларды ири иштерди аткаруучу

маанилүү уюштуруу институционалдык кайра түзүүлөргө алып келет деп эсептөөгө болот.

Аны менен бирдикте бул өндүрүштүк бирдиктин механикалык концентрациясы деп билдирбейт, өткөн мезгилде экономиканы терең максаттуу, ыктыярдуу биригүүгө алып келиши мүмкүн.

Жалал-Абад облусунун тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Узбекистан менен чектешкен аймактардагы Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын ишмердүүлүгүн талдоодо регионалдык факторлор дагы чоң роль ойнойт. Мунун себеби ар кандай өндүрүш жана чарбачылык мүнөзгө ээ, себеби өндүрүштүн өзгөчө айыл чарбачынын мейкиндикте жайланышы аймактык табигый климаттык шарттарынан көп көз каранды. Табигый климаттык шарттар кээ бир дыйканчылыкта жана мал чарбасында атаандаштыкка туруштук бере турган артыкчылыкты же болбосо кемчилдикти да жаратышы мүмкүн. Мисалы, Чаткал районунда мал чарбасынын ар түрдүү жолдорун колдонууга ыңгайлуу шарттар бар. Ал эми Ноокен районунда багбанчылыкты, анын ичинен жаңгак жана мөмө жемиш өстүрүүгө жакшы шарт түзүлгөн. Эгерде туризм жана эс алуу жактарын алсак Аксы районунун Сары-Челек регионунун бул жактан потенциалы баарынан жогору турат.

Ушул эле учурда өндүрүш күчүнүн эң негизгиси болгон жумушчу күчүн да эске алуу керек. Бул жактан ар түрдүү региондордун шарттары ар түрдүү. Негизинен бул тараптан эзелтеден бери калыптанып келген калктын мейкиндикте жайгашканын эске алууга болот. Жогоруда айтылгандардын баары тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын ишмердүүлүгүнө дагы түз жана кыйыр таасири бар, аны ишканалардын региондордо жайгашканынан билсе болот. (таблица 2.3).

**Таблица 2.3 - Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын аймактар боюнча саны**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| Токтогул району<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 203<br><br>176 | 208<br><br>173 | 189<br><br>156 | 187<br><br>159 | 187<br><br>161 | 187<br><br>161 |
| Ноокен району<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 496<br><br>440 | 510<br><br>443 | 517<br><br>459 | 504<br><br>456 | 507<br><br>461 | 512<br><br>466 |
| Аксы району<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 391<br><br>335 | 415<br><br>355 | 462<br><br>409 | 433<br><br>381 | 434<br><br>384 | 440<br><br>390 |
| Чаткал району Ала-Бука району менен<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 30<br><br>28 | 30<br><br>27 | 30<br><br>28 | 29<br><br>27 | 22<br><br>20 | 24<br><br>21 |
| Таш-Комур шаары Шамалды-Сай шаарчасы менен<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 485<br><br>442 | 451<br><br>409 | 432<br><br>399 | 456<br><br>426 | 442<br><br>411 | 457<br><br>426 |
| Базар-Коргон району<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 227<br><br>209 | 206<br><br>197 | 263<br><br>250 | 255<br><br>242 | 254<br><br>240 | 260<br><br>246 |
| Сузак району<br>-анын ичинен<br>чакан ишканалар: | 754<br><br>715 | 760<br><br>720 | 743<br><br>693 | 774<br><br>721 | 816<br><br>773 | 910<br><br>876 |

**Маалымат булагы: Автордун эсеби менен диссертациялык материалдардан.**

Ишканалардын дагы бир уюштуруудагы көрсөткүчү бул аларда иштегендердин саны жана сапаты. Жумушчу күч жалаң гана өндүрүш күчтүн эң негизгиси болбостон, өндүрүш мамилелеринин эң негизги кыймылдаткычы болуп эсептелет. Чындыгында жумушчу күч алардын ичинен өзгөчө инженердик-техникалык кызматкерлер, менеджерлер, уюштуруучулар өндүрүштүн үч факторун (эмгектин каражатын жана предметин, жумуштун өзү) тийиштүү мейкиндикте жана мезгилде бириктирип, каалаган багытта ишкананын иш жүргүзүүсүнө себепкер болот. Ушул эле учурда жумушчу күчтүн пайдаланышы дагы рыноктун талабына жараша болот, башкача айтканда жумушчу күчтүн саны рыноктун суроо-талаптарына жараша болот.

Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын жумушчу күчү менен камсыз болуусу суроо-талапка гана карабастан, жумушчулардын квалификациясы өткөргөн кызматтары тийиштүү таларка жооп бериш керек. Мунун өзү тиги же бул региондун, шаардын калкынын жумуш менен камсыз кылуу маселесине да такалат. Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын эмгек ресурстарын колдонууда оорчулукту жеңилдетүүчү аракет деп саналып, бул аймакта оор эмгектеги төмөн квалификациядагы мүнөзү менен айырмаланат. Ошондуктан жаңы рынок экономикасынын аракеттенүү шартында эң башынан эмгек резервдеринин сандык өсүшү эмес, иштегендердин сапаттуу алдыкы планга, натыйжалуу жыйынтыктарга умтулуусубашкы болуп эсептелет.

Бул тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын ишкердиктин жалпы абалына таасир этип, бирок тилекке каршы ресурстарын иштеткен бизнес тийиштүү деңгээлде өспөйт деп эсептелет. Ошол эле учурда жашыруун деле эмес мамлекеттин “желкесинде” көптөгөн өзүн өзү актабаган, зыян тарткан ишканалар отуруп, алар өз алдынча иштөөгө, эң жөнөкөй ижарада жана чакан бизнестин иштерин жүргүзсө толук болмок. Орто жана ири ишканалар дайыма инвестицияга муктаж болуп, мамлекет да жеке тараптар да ата мекендик жана чет өлкөлүктөр акча жумшоого ашыгышпайт. Бул түшүнүктү кээ бирлеринде сарптоочу акчасы жок, чет өлкөлүк жана ата мекендик адамдарга пайдалуу эмес, бирок эң башкысы чакан бизнес өтө көп каражат сарптоону талап кылат. Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө эреже боюнча чакан жана орто бизнес мамлекеттик экономикалык саясатка кирип, аны чечүү экономикалык жалпы стабилдешүүнү, экономикалык өсүштөрдү жөндөмдүү жолго салат.

Эми ишканалардын түрлөрүнө жараша тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын бизнестеги кызматкерлердин санын карап көрөлү (таблица 2.4).

**Таблица 2.4 - Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын кызматкерлеринин экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча тизмелик саны**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 5415 | 5560 | 5641 | 5436 | 5187 | 5220 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 2711 | 2560 | 2974 | 2716 | 2551 | 2570 |
| Электроэнергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 911 | 1107 | 807 | 833 | 508 | 540 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 293 | 317 | 267 | 276 | 309 | 334 |
| Курулуш | 13142 | 12691 | 12792 | 12144 | 12492 | 12620 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 8539 | 8110 | 8340 | 8695 | 8634 | 8783 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 3236 | 3008 | 3089 | 3245 | 4293 | 4326 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1759 | 1636 | 1933 | 2019 | 3171 | 3197 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги | 1441 | 1210 | 1540 | 1664 | 1705 | 1723 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 816 | 780 | 841 | 884 | 823 | 840 |
| Маалымат жана байланыш | 3193 | 3386 | 2787 | 2465 | 2245 | 2290 |
| -анын ичинен чакан ишканалар: | 1500 | 1735 | 1300 | 1407 | 1287 | 1311 |

**Маалымат булагы: Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкердик.**

Жогоруда таблица көрсөткөндөй тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын иштегендердин саны жалпысынан туруктуу эмес көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, өзгөчө айыл чарбада, өнөр жайда, курулушта, жумушчулардын санынын жыл өткөн сайын азайгандыгы байкалат. Ушул эле учурда соодада

кызмат көрсөтүүчү, мисалы мейманканаларда, коомдук тамак аш өндүрүшүндө жумушчулардын өскөндүгү байкалат. Албетте мындай көрүнүштөрдү кадимки рынок шартындагы болуп жаткан кубулуштар катары эсептесе болот. Себеби мындай көрүнүштөр дүйнөлүк тенденцияга да окшошуп кетет. Айтсак дүйнөлүк экономикада реалдуу секторлордо айыл чарбасы, өнөр жайдын үлүштөрү бир аз болсо да азайгандыгы, ал эми кызмат көрсөтүүнүн үлүшү көбөйгөнүн кадыр эсе болуп жаткан иш сыяктуу көрсөк болот.

Ушул эле учурда жалпы экономиканын өсүшүндө мындай тенденциялардын тескери жактары да бар. Себеби өндүрүш тармактардын үлүшүнүн азайышы жаңы кошумча нарк салыгынын азайышына же болбосо жаңы нарктын көлөмүнүн төмөндөшүнө алып келет.

Мындай көрүнүштөрдүн дагы бир жагы – бул жер ресурстарын иштеткен бизнесте ортомчулук иштин көбөйүшүнөн да көрсөк болот.

Дагы бир маанилүү жетишпестик ишкердиктин өнүгүү жолунда бул биринчи капиталды куруу булактарын чектөө мааниси, толук жер ресурстарын иштеткен ишкердикти калктын кирешеси түрүндө, кредиттик байланыштар мамлекеттин каржы каражаты болуп саналат. Аталган булактардын бирөөсүн дагы инвестициялык мүмкүндүгүн күчтүү манисинде ишенимдүү деп атоого болбойт. Калктын сактаган акчалары келечекте бир нерсе курууга жана келечеги үчүн өтө аз.

Кредиттик булактарга болсо чегинен жогорку пайыздык кредиттер, коммерциялык банктардын чакан бизнеске акча жумшоону каалабагандыгы, керектүү кепилдиктин жоктугунан акчасын жоготуу тообкелчилиги аздыгынан ишенүүгө болбойт. Мамлекеттик каржылоо болсо өткөөл мезгилден бери эч кандай жыйынтык бербей жатат.

Ишкердикти купондоштуруу жолу менен өнүктүрүү ийгилик алып келбеди. Белгиленген, аныкталган факторлорду эске алуу менен ишкердикти өнүктүрүү чөйрөсүндө ишкердиктин минималдуу төмөн чегиндеги бизнес пайдалуу эмес. Бизнести мүнөздөөчү көрсөткүчкө бардык керектөөчү жана

товар сатып алуучунун өлчөмү киргизилет. Жана ар бир конкреттүү учурда, жагымсыз кырдаалда сатып алуучунун көз карашы пайда болот. Башка тараптан алганда биздин өлкө үчүн чакан ишкердик көбүнчө адамдардын эптеп жашоосу үчүн тармак деп каралат, ал закон актылары менен эсептешүүгө барбаган цивилизациялуу коомдун этика ченемдерине такалат.

Мындан тышкары дүйнөлүк практикада эчактан бери эле калыптанган. Эң башкысы тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын бизнести колдоону жигердүү ишке ашыруу үчүн мамлекеттик органдардын түрдүү баскычында тиешелүү тигил же бул өлчөмдө комплекстүү чара көрүлүп турат. Бул жагынан алганда экономикасы дурус өнүгүп жаткан региондордун бай тажрыйбасы эчактан бери эле калыптанган. Албетте, ар региондун жер ресурстарын иштеткен ишкердикти өнүктүрүү боюнча өз алдынча басып өткөн жолу, региондук өзгөчөлүгү, тигил же бул жагынан жөнгө салуу артыкчылыктары дагы бар.

Өнүккөн өлкөлөрдүн бай тажрыйбасы көрсөткөндөй ишкердүүлүктү билгичтикте, туура калыптандыруу, андан ары карай өнүктүрүү экономиканы алдыга жылдырууга, анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттырууга ыңгайлуу шарттарды түзөт. Эң башкысы атаандаштык чөйрөнү калыптандырып, андан ары өнүктүрүүгө түрткү берип, экономика секторлоруна монополиялардын үстөмдүк кылышын басаңдатып, базар алкагында товардын арбышына, тейлөө иштеринин кеңейишине түрткү болуп, ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга, жумушчу орундарын ачууга, жумушчулардын калың катмарынын арбышына, экспорттун арбышына, салыктан түшкөн каражаттын көбөйүшүнө олуттуу салымын кошот.

Экономикасы мыкты жолго коюлган мамлекеттерде жер ресурстарын иштеткен жана орто бизнеске тиешелүү ишканалар көпчүлүк учурда экономикалык өсүштүн ылдамдашын, түзүмүн жана улуттук дүң продукциянын сапатын аныктоодо белсемдүү орунду ээлейт. Евробиримдик өлкөлөрүнө 70% чейинки ички дүң продукция буларга туура келет. Мындай

ишканалар дүйнөнүн көп өлкөлөрүндөгү дүң жана чекене соода ишинде, тамак аш өнөр жайында, курулуш комплекстеринде үстөмдүк кылат. Жер ресурстарын иштеткен бизнеске бардык экономика секторлорунда иштегендердин 70% га жакыны чегерилип, Европалык Биримдиктин товар айлануусунун 50% ашыгы туура келет. Ушундай бизнести өнүктүрүү улуттук экономиканын түзүмүн жакшыртуунун, калкты иш менен камсыз кылуунун, элдин жашоо-тиричилигинин өсүшүнүн эң башкы шарттарынын бири катары эсептелет. Ушундай жагдайды эске алуунун жыйынтыгынан улам акыркы 20 жылдын ичинде мындай ишканалар АКШда 3 эсеге, Японияда 2 эсеге арбыган. Ал эми Италияда жылына 300 миң ишкана ачылып, бизнес менен аракеттенет. Ишкер адам коомдун мыктыларына айланган. Ушундай экендигин XX-кылымдагы мыкты экономисттердин бири катары таанылган Йозеф Шумпетер төмөндөгүдөй даана белгилеген. Ишкерлер, дейт ал, чарбанын өсүшүн жана өзгөрүшүн тобоколдиктин, жаңы изденүүнүн негизинде жетишет. Чакан бизнестин артыкчылыгы анын новаторлук-потенциалдык ийкемдүүлүгү, жумшалуучу каражаттын аздыгы, ыкчам өнүгүп кетүүсү, түзүмүн тез өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жана тобокелдиктин салыштырмалуу төмөндүгү менен олуттуу айырмаланат. Жогоруда айылгандан улам ишкер чөйрөсүндө ар кандай өндүрүш финансылык кредиттик, административдик жана интеграция болгон багытында болгон байланыштардын дагы ролу чоң. Адатта турукташкан шартта ишкердик менен башка структуралар ортосунда тиешелүү маалымат түзүлүп, алар тиешелүү башкаруу чечимдерин кабыл алууга мүмкүндүк берет. Мындай байланыштардын жок болушу ишкердин ишмердигин туруктуу темпте камсыздоого толук мүмкүндүк бербейт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн деңгээлинде ишкердин ишмердик маалымат берүү өз түзүмдөрүндө консультациялык кеңештерди аткаруу же окутуп-үйрөтүүнү жүргүзүү жолдору менен аткарылат. Мына ушундай максатта бардык областтарда, Кыргызстандын ири шаарларында бизнес борборлор түзүлдү. Бирок түзүлгөн түзүмдөр дайыма эле туура


багытта иш алып бара албай жатат. Мисалы, тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан  менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын бирдиктүү маалыматтык база, ишкердик боюнча мониторинг системасы, чакан жана орто бизнести жергиликтүү бюджеттен каржылоо жана чет өлкөлүк инвестиция тартуу чектелген. Ишкердин ишмердигинде кредиттик ресурстардын каналдарын анализдөө маанилүү орунга ээ. Аларды биринчи кезекте ишкердик субъектилерин заманбап технологиялар, жаңы жабдуулар, аппараттар, приборлор менен камсыздоо зарыл. Эл аралык каржылык органдар өздөрүнө колдоонун каржылык багыттарын кабыл алышат. Муну менен кошо республикалык, муниципалдык жана областтык деңгээлде финансылык сактоо формаларында, өндүрүштүк-технологиялык камсыздоодо, жер ресурстарын иштеткен ишкердиктин негизги потенциалын аныктоодо объективдүүбожомолдор бар.

Дагы бир тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Узбекистан  менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын   жумушуна таасир берүүчү нерсе – бул жумушчулардын квалификациясы, алардын жоопкерчилиги, бардык эле жумуш тартибин айтсак болот.учурда дүйнөлүк практикада эң негизгилерден болуп ишкердик чөйрөдө эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу маселеси турат. Тилекке каршы Кыргызстандын практикасында статистикалык маалыматтардан ишкананын эсеп-кысабын көрө берсе, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн өлчөөдө эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн көрсөткүчү эске алынбайт. Чындыгынла эле коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгү, коомдун жалаң гана көрсөткүчү эмес, анын күзгүсү болуп эсептелет го.

Биздин оюбузча жогоруда айтылган көрсөткүчтү талдоо багытында ар бир ишкердик ишкананын абалын өзүнө окшош ишкерлер менен салыштырууда, же болбосо ошол бир эле ишкананын ар кандай жылдагы көрсөткүчтөрүн салыштырууда эмгек өндүрүмдүүлүгүн аныктоо өтө зарыл иш катары да бааласак болот.

Ушуга байланыштуу эмгек потенциалынын сапаты менен эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн корреляциялык байланыштарын да айтсак болот. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн аныктамасына ылайык мындай көз карандылыкты төмөндөгүдөй сүрөт менен көрсөтсөк да болот (сүрөт 2.1

)




Көрсөтүлгөн баалоодон көрүнүп тургандай эмгек потенциал дайыма сооданын натыйжалуу көрсөткүчтөрүнө салым кошо алат. Бул идеянын тууралыгын, методиканын негизин күбөлөндүрөт. Ар бир 0,01 эмгек потенциалынын сапатына 0,0325 өндүрүштүк эмгектин өсүшү туура келет. Бул эмгек потенциалын максаттуу жогорулатуунун резервдеринин натыйжаларынын өсүшүн күбөлөндүрдү.

Жогоруда келтирилген ар түрдүү көрсөткүчтөрдүн бири-бирине болгон көз карандысыз жер ресурстарын иштеткен ишканаларды башкарууга да көмөктөш болот. Муну башкарууда чечим алууда, ал чечимди башкаруучуларга жеткирүүдө. Ориентир катары айрым учурда негиз катары пайдаланса да болот. Кала берсе башкаруу бул туура чесимдерди иш жүзүнө ашырууну билдирет эмеспи.

## 2.2 Тышкы экономикалык байланыштардын негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-

**Абад облусунун ишканаларынын экономикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн талдоо**

Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка сырткы мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын агрардык сектордо чарба жүргүзүүнүн жаңы түрү-фермердик чарбачылык азыркы учурда жакшы жолго коюлуп жатат. Ошол эле учурда өнөр жай комплекстериндеги өндүрүштө салгундап, ири ишканалар биринин артынан экинчиси банкротко кептелген учурлар аз эмес. Экономикалык реформанын жүрүшүндө олуттуу өзгөрүүлөр башталган. Бирок, учурунда базар мамлелеринин иштиктүү механизмин билген адистердин жетишсиздигинен айрым атка минерлердин тайкы ой жүгүртүүсүнүн кесепетинен улам бир жагынан калыптанган экономиканын уңгусуна доо кетип, далай элдин байлыгы таланса, экинчи жагынан жер ресурстарын иштеткен ишкердик акырындык менен экономиканын өз алдынча секторуна айлана баштаган.

Ошол убактагы экономикалык реформалардын олуттуу кемчилдиктеринен улам жер ресурстарын иштеткен ишкердиктин өнүгүүчү ушул кунгө чейин солгундап жатат. аларга негиз кылып ар түрдүү мисалдарды келтирсек болот. Биринчи иретте айыл чарбасында тийиштүү материалдык база түзүлгөн ири чарбаларды (колхоздор, совхоздор) жоюу аркулуу жер ресурстарын иштеткеннекей дыйкандык жана фермердик чарбалар эч кандай экономикалык негизсиз кала берсе тийиштүү материалдык базасы жок жер ресурстарын иштеткен ишкердик чарбалар түзүлгөн. Мунун натыйжасы мурдагы агрардык индустриялык чарбалардан натуралдык, башкача айтканда кол эмгегин көп талап кыла турган чарбаларга айланган. Ушундай эле көрүнүш, өнөр жайда, кутулушта, транспортто ж.б. секторлордо да орун алып келе жатат. Ушул эле көп убакыттардын чегинде (биздин оюбузча 30 жылда өнөр жайда, курулушта, транспортто) чакан ишкердиктин тийиштүү өнүгүү темпи камсыз болуп, бара-бара өз калыбына

келе баштады. Ошондуктан учурда жер ресурстарын иштеткен бизнес экономиканын өнүгүшүнүн олутту бөлүгүн түзүп, чарба комплекстеринин өзөгүнө айланып жаткандыгын байкоого болот. Эң башкысы мындай ишканалар биринчи кезекте калктын товарга карата керектөөсүн жана тейлөө чөйрөсүндөгү муктаждыгын үзгүлтүксүз көзөмөлгө алып, инновациялык артыкчылыктарды ыкчам колдонууга, продукциялардын жаңы, атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияларды чыгарууга жетишүүдө. Анын үстүнө, бизнестин мындай түрү каптиалдык салымды аз керектөөсү, ошондой эле калыптанган инфраструктуранын негизинде эле потенциалдык эмгек капиталын жана материалдык ресурстарды натыйжалуу, билгичтикте пайдаланууга кыйла ыңгайлашкандыгы менен олуттуу айырмаланат.

Өткөн тажрыйба көрсөткөндөй жер ресурстарын иштеткен бизнес өлкөнүн чарба комплекстерин өнүктүрүүнүн башкы кыймылдаткыч күчү катары эсептелет. Анткени экономиканын базар шартындагы өнүгүшүнө түздөн-түз олуттуу оң таасирин тийгизет. Эң башкысы өтө ийкемдүүлүгү жана багыттарын өзгөртүүгө кыйла ыңгайлашуусу, ошол эле учурда арбын каражатты талап кылбастыгы менен жер ресурстарын иштеткен бизнестер чарбанын башка түрлөрүнөн өзгөчөлөнөт.

Ушул эле учурда айыл чарбада негизинен жер ресурстарын иштеткен ишкердик, башкача айтканда дыйкан жана фермердик дыйкан чарбалар өкүм сүрөт да айыл чарбаны индустриялаштырууга, айыл чарбадагы техниканы кеңири колдонууда, жаңы технологияларды киргизүүдө уюштуруу жактан дагы чарбалардын потенциалы да жол бербей жатат. өзгөчө республиканын түштүк өрөөнүндө ар бир чарбага орточо эсеп менен 4 га дан айдоо жери туура келет да, тийиштүү материалдык базанын консентрациясы болбой калган. Ушундан улам чарбаларды адистештирүү проблемалары курч боюнча калууда. Алардын көпчүлүгү универсалдуу типте болуп, эч кандай кооперация же болбосо келишим менен интеграциялык операциялар байкалбайт. Кыскасын айтканда чарбалардын стратегиялык эмес учурдагы

пландаштыруу маселелери каралбаган сыяктуу көрүнөт, себеби өндүрүлгөн продукцияларын чар жайыт абалында базарларга сатуу менен алектенишет.

Кыргызстанда чарбаларды кооперативдештирүү жөнүндө –жылы мыйзам кабыл алынган. Ушуга байланыштуу өкмөттүн жана жергиликтүү өзөн-өзү башкаруу органдары такай үгүт иштерин да жүргүзүп келе жатат. Бирок кооперативдик кыймыл учурунда токтоп калгансыйт же болбосо формалдуу түрдө, башкача айтканда кагаз жүзүндө гана жүрүп жатат. мисалы, Жалал-Абад облусу аймагында 14 кооператив бар, алардын бешөө кагаз жүзүндө, -сегизинде кооперативдердин 7-10 го чейин мүчөлөрү бар, бирөөндө гана 35 мүчө катталган. Алардын уставдары көпчүлүк учурда Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдын жоболоруна ылайык келбейт. Жалал-Абад облусу аймагына жер ресурстарын иштеткен ишканалардын экономикалык көрсөткүчтөрү алардын өндүрүп чыгарган товарларына байланыштуу. Адегенде өнөр-жай секторундагы жер ресурстарын иштеткен ишканалардын көрсөткүчүнө кайрылабыз (таблица 2.5).

**Таблица 2.5 – Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын өнөр жай продукцияларынын (ишкердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) айрым түрлөрүнүн көзөмөлү**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан эгиндеринин уну, тонна | 188,4 | 136,8 | 195,4 | 152,8 | 276,2 | 312,8 |
| чакан ишканалар | 66,7 | 41,2 | 47,6 | 41,1 | 82,8 | 96,7 |
| Өсүмдүк майы тыс.л. | 2411,8 | 1935,5 | 585,5 | 363,3 | 383,8 | 378,9 |
| чакан ишканалар | 2329,9 | 1820,1 | 585,5 | 2,3 | 5,9 | 5,0 |
| Көңдөй, кызартылбаган макарон азыктары. кг | 8531,2 | 8944,7 | 4190,6 | 7186,1 | 10951,3 | 12437,1 |
| чакан ишканалар | 184,5 | 283,5 | 400,6 | 39,1 | 311,8 | 427,5 |
| Газдаштырылган татту эмес жыттандырылбаган минералдык суулар, л. | 4854,7 | 7111,9 | 8343,5 | 10432,4 | 9559,7 | 10134,6 |
| чакан ишканалар | 4498,1 | 5988,1 | 3797,5 | 3143,3 | 2182,2 | 2348,1 |
| Этил спирти, арак, коньяк, л. | 2357,0 | 2329,4 | 2817,9 | 2849,1 | 4483,5 | 5173,9 |
| чакан ишканалар | 2357,0 | 137,4 | 86,9 | 93,1 | 414,5 | 512,8 |
| Бөтөлкө, флакон, жана ушул | 166,9 | 205,2 | 222,1 | 392,1 | 258,3 | 342,5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| өндүү пластмассадан жасалган буюмдар, миң даана<br>чакан ишканалар | 0,8 | 3,2 | 14,8 | 101,2 | 3,2 | 9,4 |
| Эшик, терезе, алардын четиндеги жыгачтары, эшиктин босогосу, жалюзи жана ушул өндүү буюмдар, миң кв.м<br>чакан ишканалар | 54,8<br>54,8 | 68,4<br>68,4 | 46,1<br>46,1 | 51,4<br>51,4 | 47,2<br>47,2 | 42,9<br>42,9 |
| Эмерек, тыс.сом<br>чакан ишканалар | 278,9<br>184,8 | 337,8<br>140,9 | 429,7<br>180,2 | 487,7<br>178,3 | 424,1<br>148,8 | 462,6<br>162,9 |

**Маалымат булагы: Кыргыз Улуттук статистикалык комитети.**

Таблица көрсөткөндөй изилдөө мезгилинде тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын өнөр жай продукцияларынын чыгаруунун көлөмү ар түрдүү көрүнүштө болду. Мисалы, дан өндүрүү, макарон өндүрүүлөр жана бөтөлкө пластмассалык буюмдар өскөн, калган продукцияларды өндүрүү, мисалы этил спирти, бут кийим чыгаруу, эмерек жасоо ж.б. көлөмү азайган. Муну рынокто суроо-талаптар менен түшүндүрсө болот. Мисалы, жыгачтан эшиктерди жасоо суроосу кескин түрдө азайып, алардын ордуна пластикалык эшиктерди жана терезелерди жасоо өскөн, ушундай эле көрүнүш эмеректерди жасоодо байкалат. Дагы бир тенденция катары жер ресурстарын иштеткен ишканалардын көлөмү улам өскөн сайын алар орто бизнеске айланат да, анда жогорудагы көрсөткүчтөр башка түрдө да болушу мүмкүн. Мисал катары төмөнкүлөрдү айтсак болот: 2019-жылы дан эгиндеринин унун чыгарууда орто бизнестин үлүшү 43,4%, чакан ишканалардыкы 18,6%, ушундай эле көрүнүш өсүмдүк майы тиешелүү иретте 2,7% жана 0,1%, бут кийимди чыгаруучу орто бизнесте 0% жана жер ресурстарын иштеткен бизнесте 99,6, эмеректерди жасоо орто бизнесте 41% жана 22,1% ж.б.у.с. Демек чакан ишканаларда негизинен бут кийимдер, эмеректер, макарон, дан өсүмдүктөрүнүн ундары чыгарылат.

Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун

ишканаларынын  айыл чарба продукцияларын чыгарууда негизинен дыйкан чарбалар менен үй-бүлөлүк ишкердиктин салымы көп. Алардын сан жагынан дагы айыл чарба продукцияларын өндүрүү ыкмалары боюнча дагы көп окшоштуктар бар, чындыгында эле дыйкан чарбалардын масштабын алсак алар көпчүлүк учурда орто бзнеске эмес, чакан ишкердикке жакыныраак. Ал эми үй-бүлөдүк же жеке ишкерлердин өндүргөн продукцияларын жер ресурстарын иштеткен бизнес деп айтсак да болот. Айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн дагы бир өзгөчөлүгү алардын регионалдык мүнөзү. Тактап айтканда айыл чарба продукцияларын өстүрүү территориялардын табигый климаттарына жараша болот жана ар бир территориянын тигил же бул экономикалык ишкердикке адистештирилгенине жараша болот. Мындан тышкары ар бир территориянын айыл чарба продукцияларын өстүрүүдөгү калыптанган адаттарды жумушчу күчүнүн квалификациясын, географиялык жайгашуусун да айтсак болот. Төмөндө айыл чарба продукциясын өстүрүү аймактар боюнча келтирилет (таблица  2.6).

**Таблица 2.6 – Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын айыл чарба продукцияларыны  боюнча көлөмү (тыс. сом)**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Токтогул району | 5586,0 | 7838,6 | 9658,9 | 9003,3 | 10458,2 | 11568,3 |
| чакан ишканалар | 11,2 | 22,2 | 22,8 | 55,5 | 54,0 | 56,4 |
| орто ишканалар | - | - | - | - | - | - |
| дыйкан (фермер) чарбалары | 5574,8 | 7816,4 | 9636,1 | 8947,8 | 10404,2 | 11401,9 |
| Ноокен району | 16269,9 | 20353,7 | 23543,2 | 23538,6 | 27925,9 | 29922,7 |
| чакан ишканалар | 29,5 | 33,5 | 61,9 | 52,0 | 40,2 | 58.8 |
| орто ишканалар | 100,5 | 94,8 | 140,2 | 226,5 | 261,2 | 272,5 |
| дыйкан (фермер) чарбалары | 16139,9 | 20225,4 | 23341,1 | 23260,1 | 27624,5 | 31935,1 |
| Аксы району | 895,8 | 8671,3 | 9743,1 | 9720,6 | 13011,0 | 16849,0 |
| чакан ишканалар | 94,7 | 121,9 | 125,9 | 80,2 | 97,4 | 114,6 |
| орто ишканалар | 56,9 | 156,7 | 133,5 | 167,5 | 292,1 | 304,9 |
| дыйкан (фермер) чарбалары | 8799,2 | 8392,7 | 9483,7 | 9472,9 | 12621,5 | 16429,5 |
| Чаткал району | 7258,1 | 9065,4 | 10499,9 | 10744,4 | 10625,9 | 12773,8 |
| чакан ишканалар | 54,1 | 19,1 | 7,7 | 14,1 | 13,5 | 23,5 |
| орто ишканалар | - | - | - | - | - | - |
| дыйкан (фермер) чарбалары | 7204,0 | 9046,3 | 10492,2 | 10730,3 | 10612,4 | 12750,3 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ала-Бука району | 9164,3 | 13007,3 | 15046,3 | 14346,8 | 15185,2 | 19942,0 |
| чакан ишканалар | 1,3,9 | 140,7 | 176,2 | 184,6 | 202,5 | 329,6 |
| орто ишканалар | 100,8 | 203,5 | 143,6 | 133,6 | 152,8 | 248,4 |
| дыйкан (фермер) чарбалары | 8959,6 | 12663,1 | 14726,5 | 14028,6 | 14829,9 | 19364 |
| Базар-Коргон району | 7490,3 | 7272,9 | 9941,9 | 13598,5 | 14712,9 | 17834,7 |
| чакан ишканалар | 33,8 | 80,2 | 133,6 | 170,9 | 205,5 | 316,4 |
| орто ишканалар | 40,6 | - | - | - | - | - |
| дыйкан (фермер) чарбалары | 7415,9 | 7192,7 | 9808,3 | 13427,6 | 14507,4 | 17518,3 |
| Сузак району | 16001,4 | 23779,3 | 23183,5 | 26243,7 | 26804,8 | 28587,0 |
| чакан ишканалар | 368,4 | 503,7 | 610,0 | 743,1 | 590,1 | 620,7 |
| орто ишканалар | 619,5 | 687,6 | 875,7 | 973,7 | 723,4 | 940,3 |
| дыйкан (фермер) чарбалары | 15013,5 | 22588,0 | 31697,8 | 24526,9 | 25491,3 | 27026 |
| Токтогул шаары | 0,4 | 0,5 | 0,6 | 1,3 | 2,2 | 2.4 |
| чакан ишканалар | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 0,8 | 1,3 | 2.1 |
| орто ишканалар | 0,2 | 0,2 | 0,2 | 0,5 | 0,9 | 0,9 |
| дыйкан (фермер) чарбалары | - | - | - | - | - | - |

**Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети.**

Таблица көрсөткөндөй региондордун дээрлик бардыгында айыл чарба продукциясын өндүрүү изилденген мезгилдин ичинде өскөн бир гана тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын 2015-жылга карагында өсүү бир аз азайган. Ушул эле таблицага кайрылсак айыл чарба продукцияларын өстүрүүнүн эң жогорку көлөмдөгү өндүрүү Аксы районунда байкалган. Себеби, башка региондорго караганда өткөн кылымдын 90-жылдарынын орто чендеринде айыл чарбасындагы материалдык базаны жана кээ бир орто чарбаларды сактап калышкан. Дагы бир айта турган нерсе бул жер ресурстарын иштеткен бизнестердин өз ара жакындыгында, башкача айтканда ишкананын көлөмү чоңойгон сайын ишканалардын негиги фонддорунун консентрациясы, алардын көлөмү жана өндүрүштө колдонула турган технологиялар өзгөрүлөт. Тактап айтканда ири ишканалар, алардын ичинен эң ири масштабдагы компаниялар, корпорациялар, бирикмелер ири өлчөмдөгү материалдык-техникалык базага ээ болуу менен керектөөчүлөргө негизги товар чыгаруучу булактарга айланат.

Бирок ушул эле учурда ири ишканалар ийкемдүүлүк жагынан позициясын жоготуп рыноктун суроо-талаптарына реациясы дагы татаалдашат. Ошондуктан ишканалардын ар бир түрүнүн өзүнчө орду бар, алар бири-бирин алмаштыра алышпайт. Учурунда тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын жер ресурстарын иштеткен бизнестердин пайда болушу практикадагы суроо талаптарга өз убагында жооп берүү аракетин жасады десек да болот. Себеби өз алдынча экономика секторунда айланган бизнестин бул түрү чыкканда эле азыркы учурдагы чарба жүргүзүүнүн башкы саясатын түзүп олтурат. Ушул багытты билгичтикте калыптандыруу жана атаандаштыкты камсыз кылуунун негизинде социалдык бир катар көйгөйлөрдү чечүүгө болот. Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын иштешине баскычтык менен шарт түзүү, чыгарган товардын жана тейлөөнүн сапатын жакшыртуу аркылуу алдыга коюлган максаттын өтөсүнө чыгууга, экономикалык реформаны жыйынтыктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын  бир нукка түшүп, калыптанып калган жер ресурстарын иштеткен  бизнеске олуттуу өлчөмдө өндүрүштүк эмгек жана финансылык ресурстар чегерилип, бир кыйла тажрыйба топтолуп калгандыгын белгилөөгө болот. Ири ишканаларды салууга, колдо барын иштетүүгө стратегиялык мааниси бар түрдүү сырьелук ресурстардын тартыштыгын, ошол эле учурда эмгек капиталынын жетиштүү санын эске алуу менен жер ресурстарын иштеткен  бизнестин ар тараптан колдоп, мамлекеттик деңгээлде жөнгө салуу учурдагы эң көйгөйлүү иштин бирине айланып олтурат.

Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад

облусунун ишканаларынын аймак5 боюнча бир кылка орун алган эмес. Албетте жер ресурстарын иштеткен ишканалардын өнүгүүсүнүн эң негизги себептеринин бири бул ички жана тышкы инвестицияларды тартуу болуп эсептелет. Инвестициянын негизги багыттарынан болуп өндүрүштүн потенциалын жогорулатуу жана өндүрүш кубаттуулугун кеңейтүү гана эмес өндүрүштү өзочө территориялык, регионалдык атаандаштык артыкчылыгын түзүү болуп эсептелет. Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын атаандаштык көрсөткүчтөрү канчалык жогору болсо, региондун экономикасынын көрсөткүчү дагы татыктуу болот. Бирок ушул эле учурда инвестицияны тартуу экономикадагы секторлорго да байланыштуу болот (таблица 2.7).

**Таблица 2.7 – Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын инвестицияны негизги капиталына экономика секторлору боюнча колдонуунун абалы (тыс.доллар)**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 0,0 | 0,0 | 2,0 | 0,3 | - | 3,0 |
| чакан ишканалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,3 | - | 3,0 |
| Өнор жай - бардыгы | 14,1 | 42,7 | 94,8 | 62,7 | 70,9 | 72,6 |
| чакан ишканалар | 12,8 | 40,4 | 20,0 | 53,2 | 21,7 | 42,5 |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Пайдалуу кендерди казуу | 1,0 | 1,8 | 4,9 | 22,7 | 12,8 | 15,9 |
| чакан ишканалар | 1,0 | 1,8 | 4,9 | 22,7 | 12,8 | 15,9 |
| Иштетүү өндүрүшү | 13,2 | 40,9 | 89,9 | 39,9 | 20,2 | 12,3 |
| чакан ишканалар | 11,8 | 38,6 | 15,1 | 30,4 | 8,9 | 4,1 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 0,0 | - | 0,0 | 0,0 | 37,9 | 12,3 |
| чакан ишканалар | 0,0 | - | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| чакан ишканалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| 18Курулуш<br>чакан ишканалар | 12,9<br>11,0 | 7,9<br>7,9 | 27,8<br>27,8 | 15,5<br>13,2 | 20,0<br>18,4 | 16,0<br>12,3 |
| Дүң жана чекене соода: автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо<br>чакан ишканалар | 52,6<br>30,0 | 20,7<br>20,0 | 30,8<br>21,8 | 66,6<br>31,8 | 37,7<br>22,3 | 32,1<br>18,0 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо<br>чакан ишканалар | 0,2<br>0,2 | 23,3<br>0,5 | 6,5<br>3,4 | 10,1<br>0,3 | 6,0<br>1,0 | 2,0<br>0,2 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги<br>чакан ишканалар | 0,2<br>- | 0,0<br>0,0 | 0,3<br>0,3 | 0,1<br>0,1 | 0,0<br>0,0 | 0,0<br>0,0 |
| Маалымат жана байланыш<br>чакан ишканалар | 1,0<br>0,1 | 2,0<br>0,4 | 2,6<br>1,9 | 3,3<br>1,5 | 13,1<br>11,4 | 10,4<br>8,2 |

**Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети.**

Жогорудагы таблица көрсөткөндөй тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун аймагына кирген экономика секторлорунун ичинен транспорт жана байланыш комплекси, соода, автомобиль оңдоо, мейманкана, ресторан башкы орунду ээлейт. Ал эми инвестициялардын эң аз көлөмү айыл чарбасында жана транспорт тармактарында болгон мындай көрүнүштү калыптанган нерсе катары дагы түшүнсө болот, анткени инвесторлордун дагы кызыкчылыктарынын өз ара ирети болот. Алардын арасында айыл чарбасы менен транспорт тармагы жагымсыздык тармактарга кирет. Себеби бул тармактарда инвестициянын кайтарымдуулугу жана пайдалуулугу өтө төмөн. Ошондуктан бул чарбаларга инвестицияны негизинен өкмөттүн жардамы же болбосо түздөн-түз бюджеттен бөлүнүп берилет.

Чакан ишканаларды инвестициялоо региондордогу инвестициялык жагымдуулуктан жана климаттан да көз каранды. Чындыгында регионалдык инвестициялык чөйрө жер жерлерде инвестиция тартуу климаттарына да жараша болот. Тактап айтканда ар бир территориянын инвестициялык потенциалы болот. Ал потенциал негизинен жер жана суу ресурстары, тоо-кен байлыктарынын запастары, инфраструктуранын абалы, бизнести алып

баруучу адистердин квалификациясы жана жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Төмөнкү таблицада чакан ишканаларга тике чет өлкөлүк инвестициялардын аймактар боюнча түшүүсү чагылдырылат (таблица 2.8).

**Таблица 2.8 - Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын инвестицияны аймактар боюнча түшүүсү (тыс.долл.)**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Токтогул району<br>чакан ишканалар | 2,6<br>2,6 | 56,5<br>56,5 | 11,6<br>11,6 | 6,7<br>1,0 | 4,4<br>1,6 | 6,0<br>2,0 |
| Ноокен району<br>чакан ишканалар | 45,6<br>45,6 | 7,1<br>7,1 | 7,9<br>7,9 | 27,6<br>27,6 | 16,8<br>13,7 | 16,2<br>12,4 |
| Аксы району<br>чакан ишканалар | 1,2<br>1,1 | 1,6<br>0,4 | 1,6<br>0,3 | 5,1<br>4,6 | 3,2<br>2,5 | 4,0<br>2,1 |
| Чаткал району<br>чакан ишканалар | 0,2<br>0,2 | 0,3<br>0,3 | 0,1<br>0,1 | 0,2<br>0,2 | 0,0<br>0,0 | 1,2<br>1,2 |
| Ала-Бука району<br>чакан ишканалар | 4,0<br>4,0 | 13,1<br>13,1 | 7,6<br>7,6 | 19,4<br>18,7 | 2,9<br>1,9 | 6,3<br>4,0 |
| Базар-Коргон району<br>чакан ишканалар | -<br>- | 2,3<br>2,3 | 10,2<br>1,6 | 2,2<br>2,2 | 34,4<br>34,4 | 6,8<br>6,8 |
| Сузак району<br>чакан ишканалар | 16,0<br>14,9 | 33,7<br>32,4 | 71,7<br>0,5 | 17,4<br>15,2 | 4,6<br>1,2 | 8,2<br>4,4 |
| Токтогул шаары Уч-Терек шаарчасы менен<br>чакан ишканалар | -<br>- | 0,1<br>0,1 | 0,0<br>0,0 | 0,0<br>0,0 | 0,6<br>0,6 | 5,1<br>5,1 |

**Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети.**

Эгерде чакан ишканалардын ишмердүүлүгүн тереңирээк талдасак, анда дүң жана чекене соода тармагы көңүл бурат. Сооданын негизинен жүрүшү бир топ факторлордон көз каранды. Алардын эң негизгилеринен болуп үй-бүлөлүк керектөөчү товарларды жана кызматтарды сатып алуудагы калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгү болуп эсептелет. Жөндөмдүүлүктүн өзү айлык акыга, пенсия, пособиенин көлөмүнө жана башка кирешенин булактарынан көз каранды, башкача айтканда калктын канчалык сатып алуучу жөндөмдүүлүгү жогору болсо, ошончолук суроо-талаптын пайда болушу да белгилүү. Бирок ушул эле мезгилде керектөөчү товарларды жана кызматтарды сатып алууда рациналдуу жана иррационалдуу жолдорду дагы эске алуу зарыл.

Чакан бизнестин дагы бир өзгөчөлүгү бул элге эң керектүү тармактарында биринчи иретте өнүгүү процесси байкалат. Мындай тармакка мейманкалар жана речторандар көрсөткөн кызматтар кирет. Булардын арасында коомдук тамактануу, жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу да кирет. Чакан бизнестин бул тармактарындагы ыңгайлуулукту анын ийкемдүүлүгүндө уюштуруу маселелери тез арада чечилгендигине да байланыштуу. Ушундан улам чакан бизнестин өнүгүүсү экономикалык ишкердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө гана эмес аймактарга дагы таандык. Муну мейманканалардын жана ресторандардын мисалында косөтөбүз (таблица 2.9).

**Таблица 2.9 – Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдүн аймактар боюнча көлөмү (тыс. сом.)**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Токтогул району | 365,6 | 463,4 | 492,7 | 539,6 | 624,2 | 648,2 |
| чакан ишканалар | 257,8 | 323,7 | 345,2 | 385,3 | 432,6 | 447,0 |
| жеке ишкерлер | 107,0 | 138,8 | 147,5 | 154,3 | 191,6 | 201,2 |
| Ноокен району | 773,6 | 1073,0 | 1253,2 | 1685,5 | 2129,8 | 2258,2 |
| чакан ишканалар | 756,0 | 1040,2 | 1220,9 | 1641,2 | 2073,3 | 2201,0 |
| жеке ишкерлер | 16,1 | 30,2 | 28,6 | 40,5 | 52,6 | 57,2 |
| Аксы району | 197,8 | 247,1 | 428,9 | 537,9 | 682,1 | 698,8 |
| чакан ишканалар | 148,3 | 181,7 | 298,0 | 351,8 | 299,0 | 322,6 |
| жеке ишкерлер | 49,5 | 65,4 | 105,2 | 154,9 | 346,7 | 376,2 |
| Чаткал району | 23,7 | 40,9 | 44,8 | 48,3 | 60,1 | 72,5 |
| чакан ишканалар | 13,7 | 23,8 | 37,3 | 40,1 | 53,9 | 64,2 |
| жеке ишкерлер | 8,5 | 15,1 | 4,7 | 4,9 | 6,2 | 8,3 |
| Ала-Бука району | 434,1 | 654,1 | 708,0 | 809,4 | 954,3 | 980,6 |
| чакан ишканалар | 395,9 | 614,3 | 682,2 | 783,5 | 926,2 | 950,3 |
| жеке ишкерлер | 38,0 | 35,9 | 24,2 | 25,9 | 28,1 | 30,3 |
| Таш-Комур шаары Шамалды-Сай шаарчасы менен | 131,3 | 168,6 | 182,4 | 202,4 | 225,2 | 240,9 |
| чакан ишканалар | 127,5 | 163,2 | 177,6 | 197,3 | 219,4 | 234,8 |
| жеке ишкерлер | 3,8 | 5,4 | 4,8 | 5,1 | 5,8 | 6,1 |
| Кара-Кол шаары | 629,3 | 820,7 | 871,6 | 994,0 | 1171,2 | 1242,5 |
| чакан ишканалар | 529,8 | 700,9 | 757,1 | 837,9 | 983,8 | 1052,3 |
| жеке ишкерлер | 99,5 | 119,8 | 114,5 | 136,2 | 161,6 | 190,2 |
| Токтогул шаары Уч-Терек шаарчасы менен | 685,8 | 1083,4 | 1263,0 | 1500,2 | 1873,6 | 2260,2 |
| чакан ишканалар | 526,5 | 821,2 | 1123,7 | 1297,7 | 1717,9 | 2213,0 |
| жеке ишкерлер | 19,5 | 62,4 | 18,6 | 21,0 | 35,0 | 47,2 |

Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети.

Таблица көрсөткөндөй бул бизнестин бардык аймактарда өнүккөнү байкалат. Айрыкча өсүү Таш-Комур жана Кара-Кол шаарларында орун алган. Ушул эле учурда мейманканалар жана ресторандар бизнестин жөнөкөй түрлөрү болуу менен бирдикте аларды стратегиялык көп жылдарга багытталган пландаштыруу кала берсе орто мөөнөттөгү шарттарга ылайыкталган бизнес иштеп чыгуу проектери кеңири жайылган эмес. Демек бул багытындагы маркетингдик изилдөөлөр клиенттердин талаптарын божомолдоо иштери такыр кездешпейт.

Жалпысынан айтканда Жалал-Абад облусу аймагына кирген жер ресурстарын иштеткен ишканалардын пайдалуулугу алардын финансылык көрсөткүчтөрү менен аныкталат. Төмөндө экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча жер ресурстарын иштеткен ишканалардын продукцияларын сатуудан түшкөн каражат (таблица 2.10).

**Таблица 2.10 – Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын продукцияларын сатуудан түшкөн каражат (экономикалык секторлор боюнча), тыс.сом**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 845,3 | 1324,6 | 1794,6 | 2760,3 | 2565,1 | 2445,6 |
| чакан ишканалар | 481,3 | 839,6 | 1165,6 | 1628,6 | 1434,2 | 1400,8 |
| Өнор жай - бардыгы | 23561,2 | 27619,7 | 31476,7 | 33886,9 | 36136,9 | 38434,4 |
| чакан ишканалар | 11515,0 | 12252,7 | 13411,1 | 14896,2 | 18368,3 | 19699,3 |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Пайдалуу кендерди казуу | 1113,9 | 1426,1 | 2125,8 | 2299,7 | 2917,0 | 2998,7 |
| чакан ишканалар | 624,3 | 800,2 | 998,4 | 1330,1 | 2045,7 | 2117,6 |
| Иштетүү өндүрүшү | 21437,4 | 24985,8 | 27976,6 | 30264,0 | 32070,6 | 34186,6 |
| чакан ишканалар | 10369,8 | 10942,7 | 11792,9 | 12933,6 | 15653,9 | 16884,7 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 686,4 | 889,2 | 1004,0 | 889,0 | 630,9 | 701,4 |
| чакан ишканалар | 253,1 | 327,8 | 355,9 | 378,2 | 396,5 | 412,5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 323,4 | 318,5 | 370,4 | 434,2 | 518,4 | 547,7 |
| чакан ишканалар | 267,8 | 182,0 | 263,9 | 254,3 | 272,2 | 284,5 |
| Курулуш | 11732,1 | 12405,5 | 23531,9 | 16156,2 | 15310,4 | 14663,5 |
| чакан ишканалар | 7038,4 | 7895,7 | 8540,2 | 11360,8 | 10671,3 | 10554,3 |
| Дүң жана чекене соода: автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 6057,8 | 6864,6 | 9619,8 | 9714,9 | 11035,3 | 12994,5 |
| чакан ишканалар | 3758,8 | 4400,0 | 6498,0 | 6244,7 | 7117,7 | 8763,4 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 1664,4 | 1728,6 | 2040,2 | 2573,6 | 2748,4 | 2876,9 |
| чакан ишканалар | 779,9 | 785,4 | 1533,6 | 1769,6 | 1793,9 | 1842,3 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги | 279,3 | 344,6 | 584,7 | 615,4 | 847,5 | 968,5 |
| чакан ишканалар | 130,7 | 222,4 | 249,4 | 258,4 | 264,0 | 310,4 |
| Маалымат жана байланыш | 1645,8 | 1807,3 | 1857,1 | 2015,8 | 2161,6 | 2258,3 |
| чакан ишканалар | 799,3 | 935,0 | 842,4 | 1015,8 | 1150,0 | 1124,0 |

**Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети.**

Жогоруда таблица көрсөткөндөй жер ресурстарын иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгүндө экономиканын бардык тармактарында тийиштүү деңгээлде өсүш бар. Мунун өзү жер ресурстарын иштеткен ишканаларлын керектүү экендигин жана алардын дүң продукциясын өндүрүүдөгү салымы өсүп бараткандыгын билдирет. Кыскасын айтканда экономиканын кандай сектору болсун анын ишканаларынын иштетүүдөн түшкөн пайдасы олуттуу орунду ээлейт. Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын ичинен 2019-жылдын маалыматы боюнча 43,3% субъектилер пайда алуу менен, чыккан же 2015-жылга салыштырганда 7,3% көптүк кылат. Мындай көрсөткүч чарба түрлөрү боюнча бирдей эмес. Алсак, айыл чарбасыныкы 47,0%ды, кыймылсыз мүлктөрдүн операциясы 46,1%ды, соода жана автомобилдерди оңдоо, жеке керектөө предметтерин пайдаланууда 45,1%ды, түзгөн. Ошол эле учурда жер ресурстарын иштеткен бизнестин негизинде калыптанган ишканалардын бир бөлүгүнүн кирешесине караганда чыгашасы арбын болуп калган. Булардын катарына финансылык иш жагынан

алектенгендерде 42,2%ды, коммуналдык, социалдык, жана жекече тейлөө көрсөтүү чөйрөсүндө 39,0%ды, мейманканаларда, ресторандарда 38,8%ды камтыган.

Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын экономикасынын транспорт секторундагы жер ресурстарын иштеткен ишкердиктин дагы өзүнүн ээлеген орду бар. Акыркы 5жыл ичинде бул бизнес түрүндөгү ташылган жүктүн көлөмү 5,9 мин. тоннага арбыган же 25,1 мин. тоннага жеткен. Иликтөө көрсөткөндөй жүктүн 98,4% жеке ишкерлердин аракети менен ташылган. Мындай жагдай дагы узак мезгилге чейин сакталат. Анткени, 2013-жылдын маалыматы боюнча бул көрсөткүч 98,8% камтып турган.

Ишкердиктин бул түрү боюнча ташылган жүргүнчүлөрдүн саны убакыт өткөн сайын арбып жатат. 2019-жылы жер ресурстарын иштеткен ишканалар аркылуу 519,7 млн. жүргүнчү ташылган же 97,5 млн. кишиге арбыган. Бул республиканын % ээлейт. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү жагынан жүк ташыгандай эле жеке ишкерлердин ээлеген орду кыйла олуттуу. Акыркы 6 жылдын ичинде 99,0 млн. жүргүнчүгө көбөйгөн. Ал эми жер ресурстарын иштеткен ишканалардан ташылган жүргүнчүлөрдүн саны кийинки мезгилде өскөндүгүнө карабастан, азырынча туруктуу тенденция калыптанбай жатат.

Кийинки мезгилде тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын бизнестин алкагында байланыш жагынан тейлөөнүн көлөмүнүн өсүшү бир кылка өнүкпөй жатат. Алсак, жалпы тейлөөнүн көлөмү 2014-жылы 166,2 мин. сомду, 2018-жылы 354,7 мин.сомду, 2019-жылы 177,2 мин.сомду камтыган. Бул боюнча тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын көрсөткүчү жыл сайын туруктуу өнүгүп жатат. Жер

ресурстарын иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгүн аймактык резервдерде да талдоо өзүнчө кызыкчылыкка ээ. Себеби, жер ресурстарын иштеткен ишканалардын ишмердүүлүгү да региондордогу потенциалдарга жана аларды колдонууга жараша болот. Биздин диссертациялык жумушта көрсөтүлгөндөй жер ресурстарын иштеткен ишканадалрдын чыгарган продукцияларынын дээрлик көпчүлүгү, башкача айтканда республикада үчтөн эки бөлүгүн Бишкек шаары түзөт, калган региондор биригип үчтөн бир бөлүгүн араң түзүп жатат. Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун аймагына кирген жер ресурстарын иштеткен ишаналардын көпчүлүгү соода сатык, мейманкана, автомобиль ремонттоодо ж.б. бизнестерде орун алган. Республикадагы ишкер чөйрөсүндөгү абалды талдасак тилекке каршы пайдалуу жер ресурстарын иштеткен ишканалардын саны 50%га жетпейт, аларга караганда орто бизнестин ишканалары бир топ эле натыйжалуулукту көрсөтөт. Анткени алардын дээрлик көпчүлүгү пайдалуу ишканалар болуп эсептелет. Ушул эле учурда жер ресурстарын иштеткен ишканалардын түзүлүшү биздин оюбузча эң керектүү көрүнүш катары баалашыбыз керек. Биринчиден жер ресурстарын иштеткен ишкана бизнестеги биринчи кадам болуп эсептелет да, кытай элинин макалындай ар кандай жүрүмдөр биринчи кадамдан башталат дегендей эле болсо керек. Экинчиден жер ресурстарын иштеткен ишканалар иштеткен бизнестин чоң бизнеске айлануусунда алар трамплин сыяктуу ролун ойнойт. Мындан да маанилүү нерсе жер ресурстарын иштеткен ишканалар аркылуу бизнести үйрөнүүгө болот да, бул чөйрөнүн таттусунда, ачуусун да көрсө болот. Төмөнкү таблицада пайдалуу жер ресурстарын иштеткен ишканалардын үлүшү көрсөтүлгөн. (таблица 2.11)

**Таблица 2.11 – Токтогул суу сактагычынын аймагына кирген пайдалуу жер ресурстарын иштеткен ишканалардын жалпы санындагы экономикалык ишкердиктин түрлөрү боюнча салмагы (пайыз менен)**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы<br>чакан ишканалар | 40,5<br>38,6 | 39,0<br>36,8 | 44,3<br>42,3 | 44,3<br>42,3 | 40,3<br>38,3 | 41,0<br>38,9 |
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук<br>чакан ишканалар | 28,0<br>35,5 | 41,3<br>38,9 | 46,9<br>44,9 | 52,4<br>49,9 | 50,9<br>49,7 | 50,7<br>48,9 |
| Өнор жай - бардыгы<br>чакан ишканалар<br>анын ичинде:<br>Пайдалуу кендерди казуу<br>чакан ишканалар<br><br>Иштетүү өндүрүшү<br>чакан ишканалар<br><br>Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)<br>чакан ишканалар<br><br>Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу<br>чакан ишканалар | 38,6<br>36,6<br><br>30,3<br>26,5<br><br>42,8<br>40,9<br><br>36,6<br>37,1<br><br>19,4<br>19,9 | 38,9<br>36,3<br><br>30,4<br>26,4<br><br>43,7<br>41,1<br><br>47,6<br>48,6<br><br>15,1<br>14,1 | 43,1<br>40,9<br><br>41,0<br>37,3<br><br>47,1<br>44,9<br><br>40,0<br>40,0<br><br>21,7<br>21,1 | 42,2<br>39,8<br><br>40,6<br>37,5<br><br>45,6<br>43,1<br><br>42,1<br>45,5<br><br>22,0<br>20,7 | 39,1<br>37,2<br><br>33,7<br>31,4<br><br>42,4<br>40,3<br><br>45,5<br>48,4<br><br>21,5<br>20,7 | 38,9<br>37,1<br><br>33,2<br>31,0<br><br>41,5<br>40,0<br><br>46,1<br>47,5<br><br>20,8<br>20,7 |
| Курулуш<br>чакан ишканалар | 39,3<br>37,7 | 39,8<br>37,9 | 45,2<br>43,2 | 47,4<br>46,0 | 39,7<br>38,7 | 39,4<br>38,2 |
| Дүң жана чекене соода: автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо<br>чакан ишканалар | 42,4<br>41,0 | 37,4<br>35,3 | 45,0<br>43,2 | 43,7<br>42,1 | 39,6<br>37,8 | 39,1<br>37,4 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо<br>чакан ишканалар | 47,1<br>47,0 | 42,7<br>40,8 | 47,6<br>46,2 | 44,9<br>43,5 | 41,6<br>39,6 | 41,2<br>38,7 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги<br>чакан ишканалар | 29,8<br>28,9 | 36,7<br>34,5 | 35,3<br>32,1 | 38,8<br>34,4 | 37,4<br>32,9 | 37,1<br>31,9 |
| Маалымат жана байланыш<br>чакан ишканалар | 42,5<br>41,5 | 35,2<br>33,8 | 42,7<br>41,6 | 42,8<br>41,1 | 39,1<br>36,6 | 39,0<br>35,9 |

**Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети.**

Жогоруда таблица көрсөткөндөй тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын арасында

пайдалуу иштегендердин үлүшү айыл чарбасында 49,7%, курулушта 38,7%, транспортто 39,6% кездешет. Бул көрүнүш экономиканын кандай гана сектору болбосун жер ресурстарын иштеткен ишканалардын продукция чыгаруучу өндүрүмдүүлүгү алардын материалдык базасына колдонгон технологиясына, техниканын же жабдуунун өндүрүмдүүлүгүнө жараша болот. Кайсы жер ресурстарын иштеткен ишкана техникалык жана технологиялык атаандаштык артыкчылыгы болсо, ошончолук эмгектин өндүрүмдүүлүгү жогору болот да, атаандаштыкка туруштук берет.

Башка жактан караганда тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын ишмердүүлүгү көп учурда тобокелчиликке дуушар болот да, алардын өмүр сүрүшү, башкача айтканда турмуш цикли башкаларга караганда кыска болуу тенденциясы байкалат. Бул көрүнүштү табигый нерсе катары көрсө да болот, себеби жер ресурстарын иштеткен ишканалар бир жагынан түптөлүп натыйжалуулугу ашса, орто бизнеске өтүү шарттары түзүлөт. Экинчиден, эгерде ишканалардын иши жүрбөй калса, алардын жарылуусуна же болбосо башка бир структураларга кошулуусуна жол ачылат. Мындай көрүнүш өзгөчө тобокелчилик рамкалары бар мындай чектөөлөргө ылайык жер ресурстарын иштеткен ишканалардын жабылышы же профилинин өзгөрүшү орто же чоң бизнестерге караганда жеңилирээк болот. Ошондуктан чакан бизнести көпчүлүк мезгилде ишкемдүү жана ар кандай өзгөрүүлөргү адаптивдүү деп да айтышат.

Ошентип тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын финансы маселелерин талдоонун жыйынтыгы – алардын пайда алуусунда (таблица 2.12).

**Таблица 2.12 – Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын пайдасынын экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча суммасы, мин сом.**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 112,6 | 242,8 | 242,9 | 458,4 | 374,1 | 358,3 |
| чакан ишканалар | 62,4 | 148,2 | 149,7 | 297,4 | 230,9 | 224,1 |
| Өнор жай - бардыгы | 1628,8 | 1902,6 | 2325,3 | 3362,2 | 2727,5 | 2698,0 |
| чакан ишканалар | 840,3 | 1007,6 | 1128,0 | 1342,2 | 1486,7 | 1410,5 |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Пайдалуу кендерди казуу | 124,9 | 158,5 | 278,4 | 314,4 | 331,3 | 301,8 |
| чакан ишканалар | 59,6 | 93,0 | 74,6 | 130,6 | 192,0 | 187,3 |
| Иштетүү өндүрүшү | 1450,0 | 1666,9 | 2004,1 | 3012,2 | 2338,0 | 2531,0 |
| чакан ишканалар | 733,1 | 874,3 | 1021,4 | 1179,6 | 1261,7 | 1467,6 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 27,2 | 41,3 | 30,3 | 15,6 | 24,6 | 15,3 |
| чакан ишканалар | 22,6 | 27,6 | 21,5 | 15,5 | 24,6 | 12,0 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 26,7 | 35,9 | 12,5 | 19,9 | 33,5 | 15,4 |
| чакан ишканалар | 24,9 | 12,7 | 10,4 | 16,5 | 8,4 | 5,7 |
| Курулуш | 1149,4 | 921,1 | 958,1 | 2089,0 | 1341,2 | 841,6 |
| чакан ишканалар | 733,5 | 514,4 | 562,3 | 847,9 | 820,8 | 501,8 |
| Дүң жана чекене соода: автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 2345,5 | 2857,5 | 3148,1 | 4070,0 | 3616,8 | 3245,9 |
| чакан ишканалар | 1519,4 | 1977,8 | 2162,2 | 2829,4 | 2614,4 | 2115,5 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 272,9 | 207,4 | 246,4 | 384,3 | 370,8 | 298,6 |
| чакан ишканалар | 112,6 | 114,1 | 122,2 | 209,4 | 168,0 | 142,8 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги | 23,8 | 56,2 | 51,2 | 46,0 | 76,3 | 70,5 |
| чакан ишканалар | 12,7 | 45,6 | 17,2 | 25,6 | 28,8 | 21,4 |
| Маалымат жана байланыш | 323,4 | 307,7 | 326,8 | 296,8 | 428,2 | 348,9 |
| чакан ишканалар | 226,0 | 142,7 | 124,0 | 159,8 | 253,3 | 189,7 |

**Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети.**

Таблица көрсөткөндөй абсолюттук пайданы көп алгандардын арасында дүң жана чекене соода, өнөр жай, курулуш, айыл чарба кирет. Бул тармактарда райданын туруктуу өсүшү байкалат. Ушул эле учурда пайданын

көрсөткүчтөрү ар түрдүү көз каранды. Алардын ичинен өндүрүшкө же инфраструктурага байланышпаган факторлор да арбын. Мисалы, рынок коньютурасынын өзгөрүшү суроо-талаптын катышына да таасир берет да баалардын абалына түздөн-түз таасирин көрсөтөт. Жаратылыштагы кескин өзгөрүүлөр дагы (суу каптоо, кургакчылык, жаанчылдык, суук, ысык) ушул багытта таасирин берет. Демек пайда көрсөткүчүндө белгисиздик факторлордун үлүшү чоң орун алган. Ошондуктан пайданын көрсөткүчтөрү кокустук кубулуштарды да чагылдырат жана пайда жалпысынан эффенктивдүүлүктүн бийик көрсөткүчтөрүнө карабастан ал объективдүүлүктү кандайдыр бир деңгээлде касыз кыла албайт.

Пайдага караганда рентабелдүүлүк эффективдүүлүктүн көрсөткүчтөрүнө жакыныраак болот, башкача айтканда рентабелдүүлүк пайданын өз наркка болгон катышы катарында (айыл чарбада) пайданын негизги фонддун нормативдүү айлантма фондго катышы катары (өнөр жайда ж.б.) чарбалардын жана ишканалардын натыйжалуулугунун көрсөткүчү катары пайдаланса да болот (таблица 2.13).

**Таблица 2.13 – Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын операциялык ишмердигинин экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча рентабелдүүлүгү (пайыз менен)**

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 10,5 | 8,8 | 9,0 | 16,1 | 11,7 | 12,4 |
| чакан ишканалар | 12,0 | 13,5 | 12,3 | 15,6 | 11,8 | 12,0 |
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 2,1 | 8,5 | 6,8 | 17,7 | 10,7 | 10,8 |
| чакан ишканалар | -1,4 | 4,3 | 8,7 | 20,3 | 10,6 | 10,4 |
| Өнөр жай - бардыгы | 4,7 | 1,8 | 5,4 | 8,3 | 6,2 | 5,6 |
| чакан ишканалар | 5,3 | 7,3 | 7,1 | 6,0 | 6,1 | 5,1 |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Пайдалуу кендерди казуу | 3,0 | -26,9 | 9,5 | -1,1 | 5,5 | 5,0 |
| чакан ишканалар | -0,5 | -1,8 | 0,8 | -13,6 | 3,4 | 2,9 |
| Иштетүү өндүрүшү | 5,1 | 4,2 | 5,3 | 9,6 | 6,6 | 6,3 |
| чакан ишканалар | 5,7 | 8,1 | 8,0 | 8,8 | 6,6 | 6,2 |
| Электр энергия, газ, буу | -3,5 | -2,1 | 1,6 | -3,3 | 0,6 | 0,3 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чакан ишканалар | 4,7 | 6,5 | 1,2 | -0,8 | 3,4 | 3,1 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 5,8 | 8,3 | 3,1 | 1,6 | -0,9 | 0,1 |
| чакан ишканалар | 4,6 | 3,7 | 3,7 | 3,2 | 0,7 | 0,2 |
| Курулуш | 9,9 | 5,7 | 3,8 | 12,0 | 3,3 | 2,9 |
| чакан ишканалар | 10,0 | 4,5 | 6,0 | 6,0 | 2,5 | 2,4 |
| Дүң жана чекене соода: автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 57,6 | 54,1 | 43,6 | 74,7 | 57,4 | 54,8 |
| чакан ишканалар | 59,3 | 74,2 | 40,9 | 83,8 | 56,6 | 54,1 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 16,8 | 11,1 | 9,1 | 10,7 | 9,2 | 8,4 |
| чакан ишканалар | 11,5 | 11,4 | 3,9 | 10,7 | 2,5 | 2,1 |
| Мейманканалар менен ресторандар ишмердиги | -22,1 | 6,6 | 3,0 | -2,8 | -8,2 | 0,1 |
| чакан ишканалар | -17,3 | 13,4 | 0,6 | -9,8 | -6,8 | 0,1 |
| Маалымат жана байланыш | 14,9 | 16,0 | 11,6 | 5,4 | 12,6 | 10,9 |
| чакан ишканалар | 26,8 | 16,5 | 9,7 | 13,0 | 17,3 | 10,8 |

**Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети.**

Таблицада келтирилген маалыматтарга ылайык тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын бизнесте рентабелдүүлүк менен иш жүргүзгөндөрдүн арасында дүң жана чекене сооданы, маалымат жана байланышты айтсак болот. Бул түшүнүктүү, себеби, мисалы соода чөйрөсү ортомчулук ишмердүүлүктү аткаруу менен салыштырмалуу аз каражат кетирип, пайданы алып келчү тармак. Сооданын дагы бир мүнөздөмөсү бул убакыт менен байланыштуу, кандай гана соода ишканасы болбосун ал тез айлантма жасап товарды чыгаруучулар менен керектөөчүлөрдүн байланышын түзсө, ошол чөйрө натыйжалуулукка ээ болот.

Ал эми өндүрүш секторлорунда, мисалы айыл чарбада, курулушта, байланышта рентабелдүүлүктүн өлчөмү өндүрүш каражаттарынын көлөмүнө өндүрүлгөн продукцияны сатуу жана суроо-талапка да көз каранды. Биздин

оюбузча бул жерде рыноктогу шарттарды изилдөөгө да кеңири көңүл буруш керек. Мисалы, ошол эле мейманканалардын терс рентабелдүүлүгү аларга болгон суроо маселелерин изилдөө бир топ кыйынчылыкка тургандыгы менен түшүндүрсө болот.

**2.3 Тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында суу ресурстарын пайдалануунун экономикалык-уюштуруу жагдайларыжана аларды натыйжалуу пайдалануу багытын экономикалык башкаруу системасын жогорулатуу.**

Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматы боюнча биздин планетадагы калктын үчтөн бири же 1,5 млрд адам таза сууга зар. Сууга таңсык адамдардын саны 2025-жылы 3 миллиардга жетерин адистер белгилейт. Соңку 10 жыл ичинде таза сууга болгон муктаждык беш эсе өстү. Бир тонна буудай өстүрүү үчүн 1,5 миң кубометр суу, бир тонна пахта өндүрүүгө 10 миң кубометр суу, ал эми 1 тонна болот эритүүгө 300 кубометр, 1 тонна жез алууга 500 кубометр, 1 тонна никель алууга 4 миң кубометр таза суу сарпталат. Жер шарындагы баардык суунун 3 гана проценти таза суу экенин окумуштуулар эсептеп чыгышкан. Суунун айынан 20-кылымдын ортосунан бүгүнкүгө чейин дүйнөдө 500 ашык ар кандай деңгээлдеги жана масштабдагы конфликтер болгонун адистер эсептеп чыгышкан. Азыркы кездеги Жакынкы жана Орто Чыгыштагы, Азия жана Африкадагы жаңжалдардын анабашы суу үчүн күрөш экени маалым. Америка президентинин суу маселелери боюнча мурдагы кеңешчиси Джойс Старрдын ою боюнча, суу коопсуздугу глобалдык жана регионалдык коопсуздуктун эң негизгиси болмокчу. Кыскасы суунун тартыштыгы күчөп, сууга ээлик кылуу үчүн кармаш барган сайын курчуганы дээрлик бардык мамлекеттердин ички жана тышкы саясатын, соода-экономикалык алакаларын аныктоочу факторлорго айланды. Суу башы болгон, бирок бул эбегейсиз байлыкка толук ээлик кыла албай келген Кыргызстан үчүн да суу стратегиясы мамлекеттик суверенитеттин негизги проблемасы. Мен башка жагдайлардын,

өбөлгөлөрдүн маанисине дегеле шек келтирбейм. Суудан башка да байлыктарыбыз мол экендигин айтып манчыркап калабыз. Бирок, Кыргызстан региондогу жана дүйнөдөгү кубаттуу державага айланабы же чабал өлкө бойдон калабы, эл аралык мамилелердин активдүү, таасирдүү субьектиси болобу же геосаясаттын пассивдүү обьектиси бойдон калабы, өз байлыгына өзү ээ өнүккөн мамлекет болобу же колунан кутун качырган, оозунан жемин алдырган бечара кейпин киеби? Дал ушундай түйүндүү суроолордун жандырмагы суу жана аны пайдаланууга байланыштуу. Кыргызстан сууга бай жана сууга зар өлкө. Парадокс мына ушунда турат. Кыргызстандын жалпы территориясынын 80 ашык процентин тоолор түзөт жана ошол ак кар, көк муз тоолордон куралган 35 миң майда жана чоң дарыялардан жылыга 51 млрд кубометр таза суу өрөөндөргө агып келет. Жер асындагы таза суунун запасы – 13 млрд метр/куб, көлдөрдөгү таза суунун запасы – 1745км/куб жана өлкөбүздүн жалпы территориясынын 4% ээлеген мөңгүлөрүбүздө 650 км/куб таза суунун запасы бар экинин адистер өз убагында эсептеп чыгышкан. Жалпылап айтканда Кыргызстан таза суунун запасы боюнча дүйнөдөгү ири мамлекеттердин катарына кирет. Ал эми КМШ өлкөлөрүндө алдыңкы орунду ээлейт.

Кыргызстан өзүндөгү суунун 4501,9 млн/куб же 26,9 % айыл чарбасына, чарбалык жумуштарга 481,5 млн/куб, өндүрүштүк максаттарга 673,1млн/куб. Башка иштерге 1,3 млн/куб жумшайт. Ар жылы мөнгүлөрдөн куралып, тоолордон агып түшкөн 51 млрд кубометр суунун 15-20% гана пайдаланылат. Жалаң китепке таянбай, практиканы да айта кетейин. Мен бир нече райондо, анын ичинде Ак-Талаа районунда аким болуп иштедим. Ак-Талаа районунун тоолорунда куралган Ала-Буга дарыясы бир мезгилде 15-25 миң гектар аянтты сугарууга кубаты жетет. Бирок бир гана насостук станция аркылуу мыкты болсо 3 миңге чукул айдоо аянты үчүн пайдаланылат. Калган суу айыл чарбасына эч пайдасыз 12 миң (!) гектар түптүз талааларга тамчысын тийгизбей өтүп, куркураган бойдон Нарын дарыясына кошулуп барып Токтогулга куят. Ал эми Токтогул, Күрп-Сай, Таш-Көмүр, Шамалды-

Сай, Үч-коргон, Орто-Токой, Киров, Папан сыяктуу ири гидротүйүндөрдогү жана суу сактагычтардагы 34,14 км/куб суунун 9.09 км/куб гана Кыргызстан керектейт. Аталган гидротүйүндөрдү жан суу сактагычтарды кармоо, кайтаруу, сактоо жана оңдоо өңдүү элементардуу зарыл жумуштарга Кыргыз Республикасы жылыга 2,5-3 млн доллар сарптайт. Калган суу каякка кетет? 80% Коңшу Өзбекстан менен Казакстандын жүз миңдеген, 10% Тажикстандын миңдеген гектар талааларын гүлдөтүүгө, алардын экономикасын өнүктүрүүгө кетет. Бир эле Токтогул суу сактагычын ишке берүүнүн натыйжасында Сыр-Дарыя бассейниндеги керектөөчүлөрдүн саны эселеп өскөн. 400 миң гектар жаңы дер өздөштүрүлгөн, 918 миң га аянтты суу менен камсыздоо 90% өскөн. СССРдин министрлер Советинин атайы комиссиясы кезегинде ушундай бүтүм чыгарган. Андан бери канча пайда табышканын алар гана билет. 2017-жылдын 1-январына карата Токтогул суу сактагычындагы суунун көлөмү 9,26 млрд куб метрди түздү, бул 2016-жылдын ушул мезгилине караганда 4,17 млрд куб метрге аз.

Токтогул суу сактагычынын суу-энергетикалык ресурстарын сактоо максатында 2017-жылдын 1-апрелинде 6,7 млрд куб метр деңгээлинде сууну үнөмдөө, электр энергиясын үнөмдүү пайдалануу боюнча чаралар жана биринчи кезекте электр энергиясын керектөөнүн лимитин катуу сактоо боюнча чаралар ишке ашырылат. Ай сайын электрди бөлүштүрүүчү компаниялардын жана ири өнөр жай ишканаларынын электр энергиясын керектөөнүн белгиленген лимитин аткаруусуна мониторинг жүргүзүү ишке ашырылат. Токтогул суу сактагычындагы сууну үнөмдөө максатында, Тажикстан Республикасынан 600 млн кВтч чейинки көлөмдө электр энергиясын алып келүүнү караган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу кабыл алынган.

Токтогул ГЭСиндеги Т-2 кыйроосунан улам 300 МВт кубаттуулугундагы ГА-2 гидроагрегатынын генерациясы бүтөлүүдө. Бул кубаттуулуктун ордун толтуруу жана күз-кыш мезгилдеринде электр энергиясынын тартыштыгын жабуу үчүн «Электрдик станциялар»

ААК Бишкек шаарынын ЖЭБине пландалгандан ашыкча күч келтирүүдө. 2017-жылдын 1-январында Бишкек шаарынын ЖЭБине жүктөмдөр 360 МВт түздү, бул 2015-жылдын көрсөткүчтөрүнөн 30 МВт жогору.

Май айынан сентябрь айына чейинки аралыкта тартыштыктарды азайтуу максатында Тажикстан Республикасынан 215,99 млн кВтч, же пландык көрсөткүчтөн 2 эсеге көп көлөмүндө электр энергиясын импорттоо ишке ашырылган.

Электр энергиясынын тартыштыгын кыскартуу үчүн Казакстан Республикасынан «Т.И.Батуров атындагы Жамбыл ГРЭС» АК иштеп чыгарган электр энергиясынын 1,0 млрд кВтч көлөмүндө импортун ишке ашыруу жөнүндө макулдашуу жүргүзүлгөн. Тараптардын ортосунда 2016-жылдын декабрына 231 692 463 кВтч көлөмүндө, 2017-жылдын январына 199 000 000 кВтч көлөмүндө электр энергиясын сатып алуу-сатуу келишими түзүлгөн.

2016-жылы Казакстан Республикасынан, Тажикстан Республикасынан электр энергиясын импорттоонун бардык көлөмү 334,29 млн кВтч түздү.

2016-жылы (оперативдүү маалыматтар) керектөөчүлөргө 10111,9 млн кВтч электр энергиясы чыгарылган. Товардык продукция 9 332,5 млн сомду түзгөн. РЭК боюнча чыгарылган электр энергиясы үчүн жыйналган акча каражаттары 9082,0 млн сомду жана берилген товардык продукциялардын 97,3 %ын түздү.

2016-жылы РЭК түйүндөрүндө электр энергиясын (оперативдүү) жоготуулар 2004,8 млн кВтч же 16,0 % пландалган жоготууларда 16,5 %ды түздү, 2015-жылы жоготуулар 17,9 %ды түзгөн.

2017-жылдын 1-январында керектөөчүлөрдүн РЭКтин алдындагы дебитордук карыздары 1534,4 млн сомду түздү жана 20,3 %га көбөйгөн.

Жылуулук энергиясын иштеп чыгуу 2016-жылы 3129 миң Гкал түздү (2767,3 миң Гкал ордуна), бул 2015-жылга карата 361,7 миң Гкал көп же 113 %га барабар.

Ошону менен бирге газ өндүрүүнүн, газ менен камсыздоо системасы аркылуу газ түрүндөгү отунду бөлүштүрүүнүн (бул сектордо салыштырма салмагы 13 %ды түзөт) көлөмү өлкөнүн түштүгүнө газ берүү токтогондугунан улам 2016-жылы 18,3 %га кыскарды.

Кыргыз Республикасынын энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу жана энергетикалык ишканалардын финансылык туруктуулугун камсыздоо, ачык-айкындуулукту жогорулатуу жана республиканын энергетика секторуна реформа жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасынын энергетика тармагын өнүктүрүүнүн комплекстүү узак мөөнөттүк жана кыска мөөнөттүк пландары ишке ашырылууда. Кыргыз Республикасында энергетикалык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча негизги иш-чаралар болуп иштеп чыгуучу кубаттуулуктардын жаңыларын ишке киргизип, иштеп жаткандарын жакшыртуу, жогорку чыңалуудагы электр берүү линияларын жана 110-500 кВ подстанциясын куруу, бөлүштүрүүчү тармактарды өнүктүрүү, электр энергиясынын автоматташкан эсеп системасын киргизүү жана башкалар саналат:

- Кыргызстандын түштүгүнүн көз каранды эместигин камсыз кылуу жана Төмөнкү-Нарын ГЭС каскадынын генерациясын толук берүү үчүн 500 кВ «Датка» подстанциясынын жана 220 кВ электр берүү линиясынын 248,6 км созулган курулуштары жана 220 кВ электр берүү линиясынын 5 подстанциясын реконструкциялоо аяктады, бул энергетикалык көз карандысыздыкты түзүү жолундагы энергетиктердин мындан аркы аракеттерин көрсөттү;

- Газпром менен болгон макулдашуу, мунай иштеп чыгаруучу заводдорду, газ өткөрүүчү түтүктөрдү куруу энергетика ресурстарынын дүйнөлүк интеграция түзүмүнө кирүүсүнө мүмкүндүк берет (Кыргыз Республикасынын аймагына газ алып келүүнү, газды ташууну жана жер алдында сактоону, газды бөлүштүрүүнү жана сатууну, техникалык тейлөөнү, диагноз коюуну жана ондоону кошо алганда Кыргыз Республикасынын газ-транспорттук жана газ бөлүштүрүүчү системаларын, газды жер алдында

сактоо объекттерин жана газ комплексинин инфратүзүмүндөгү башка объекттерди куруу, реконструкциялоо жана эксплуатациялоону ишке ашыруу);

- «Газпром Кыргызстан» ЖЧК тарабынан ишенимдүүлүгү төмөн болгон газ түтүктөрүн алмаштыруу, турак үйлөрдү жана коммуналдык тиричилик объекттерин газ менен камсыздоо, ички газ өткөрүүлөрүн жана газ жабдыктарын кайрадан монтаждоо боюнча иштер 10 370,3 миң сом суммасында 854 объектте аткарылды;

- 2016-жылдын 26-апрелинде «Бишкек шаарынын жылуулук электр борборун модернизациялоо» долбоорун ишке ашырууну баштоонун салтанаттуу аземи болду, мында Бишкек шаарынын ЖЭБинин кубаттуулугун 300 МВт жогорулатуу жана кыргыз көмүрүн пайдалануу пландалды, бул суу режимине дуушар болбогон, базалык, кепилденген электр кубаттуулугун түзүү үчүн 50 жыл мурун ишке киргизилген, эскилиги жеткен жабдууларды алмаштырууга мүмкүндүк берет;

- суу-энергетикалык ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана энергетикалык коопсуздукту камсыз кылуу максатында кубаттуулугу 237,7 МВт болгон Жогорку-Нарын ГЭС каскадынын курулушу башталды;

- Кыргыз Республикасынын энергетикалык көз каранды эместигин толук камсыздоо үчүн «Датка-Кемин» 500 кВ ЭБЛдин (электр берүү линиясы) курулушу жүрүп жатат;

- экспорттук коридорлорду диверсификациялоо үчүн «CASA-1000» долбоорунун алкагында «Датка-Ходжент» (Тажикстан) 500 кВ ЭБЛ боюнча иштер жүрүп жатат;

- 4 долбоор аяктады: «Кыргызстандын түштүгүндө электр берүү линияларын модернизациялоо», «Камбарата ГЭС-1 техникалык-экономикалык негиздемелерди (ТЭН) иштеп чыгуу», «Кара-Кече жылуулук электр станцияларынын техникалык-экономикалык негиздемелерин иштеп чыгуу» жана «Бишкек шаарынын Ак-Ордо турак-жай конушунда эки чынжырлуу ЖЧ 110 кВ жана ПС 110 кВ куруу»;

- Бишкек жана Ош шаарларынын электр түйүндөрүн модернизациялоонун 3 жылдык программасы аяктады, авариялык өчүүлөрдүн саны азайды жана керектөөчүлөрдүн социалдык чыңалуулары төмөндөдү;

- коммерциялык жана техникалык жоготууларды кыскартуу, финансылык абалды жакшыртуу, рентабелдүүлүктү, кредит берүү жөндөмдүүлүгүн жана инвесторлор үчүн энергия секторунун жагымдуулугун жогорулатуу максатында 2015-2016-жылдары энергетика секторун реформалоо боюнча иш-аракеттер планы ишке ашырылды (Өкмөттүн 2013-жылдын 24-июлундагы № 299 буйругу);

- электр энергиясын көп функциялуу эсептегичти орнотууну ишке ашыруу керектөөчүлөргө энергия компанияларынын катуу эсепке алууну жүргүзүү ниетин көрсөттү, айрым жерлерде электр энергиясын чектен тыш жашыруун колдонгондорду ачып көрсөттү жана жалпысынан электр энергиясынын коммерциялык жоготууларын кыскартты.

- чакан гидро энергетика чөйрөсүндө 4 кичи ГЭС курулушунун техникалык-экономикалык негиздемелери иштелип чыкты (Ысык-Көл облусундагы кубаттуулугу 20 МВт болгон Орто-Токой ГЭСи, Ош облусундагы кубаттуулугу 7,7 МВт болгон Ой-Тал ГЭСи, Чүй облусундагы кубаттуулугу 1,5 МВт болгон Сокулук ГЭС-5 жана Баткен облусундагы кубаттуулугу 3 МВт болгон Төрткүл ГЭСи) жана эки кичи ГЭСти (Орто-Токой жана Төрткүл) куруу үчүн тендер жарыяланат, катышуучуларды алдын ала тандоо жүрүп жатат.

Ал эми минералдык, дарылык касиетке ээ суулардын 10-15% гана өздөштүрүлүп, калганы кол тийгис бойдон жатканын эсептөөлөр көрсөтөт. Ондогон сапаттуу, минералдык, дарылык касиети бар жана ж.б. пайдалуу суулардын кени алигиче изилденбей келүүдө. Кейиштүү реалдуулук ушу – Кыргызстанда миңдеген гектар даркан талаалар суу жетпей какшап турат. Калктуу конуштардын 30% ашыгы таза сууга зар болуп күн кечирүүдө. Үчүнчүдөн, идишке куюлуп сатылып жаткан суулар Кыргызстандын

керектөөсүнүн 35-40 пайызын гана канааттандырат. Калганы тыштан ташылып келет, импорттолот. А эн негизгиси, суу ресурстары ички жана тышкы саясатта, экономикалык мамилелерде чечүүчү фактор катары эсептелинбейт. Өтө маанилүү стратегиялык ресурс, экологиялык кенч, экономикалык байлык, ички-тышкы соодада товар, саясый-дипломатиялык мамилелерде артыкчылык катары колдонулбайт. Колдонгон мындай турсун, ага олуттуу, салмактуу, кирише да элекпиз. Сугат суусун товар катары пайдалануу, коңшулар менен бул маселеде тең ата сүйлөшүү тууралуу өткөн мезгилдерде жакшы демилгелер көтөрүлүп, бирок белгисиз себептерден улам кыр ашпай, суу маселесинде али чабалдык кылып жатабыз. Башканы койдук, Кыргызстандагы жер үстүндөгү суулардын көлөмү алигиче өткөн кылымдын 70-80-жылдарындагы изилдөөлөргө таянып аныкталып келүүдө. 1997-жылы, 2000-жылы ТАСИС жана АБР аркылуу толук эмес, кээ бир аймактарда гана текшерүү жүргүзүлгөн. Эгемендүүлүк жылдары суу ресурстарыбыз жана аны пайдалануу абалы толук жана комплекстүү изилденбеген. Ошол эле учурда миллиондогон доллар каражаттар пайдасы азыраак семинарларга, “демократияны өнүктүрүү” сыяктуу шектүү долбоорлорго жана мамлекеттик бийликти алсыраткан ар кандай “оптимизациялоо стратегияларын иштеп чыгууга жана реализациялоого” жумшалып келбеди беле. Ушунун өзү да биздин сууга карата мамилебизди көрсөтүп турат.

Биздин өкмөт да аракеттенип жатат. Президент А.Атамбаев демилгелеген Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында ирригациялык тармактардын начарлыгынан айдоо аянтына жеткенче суунун 40% коромжу болору белгиленип, ирригацияны өнүктүрүү схемасын даярдоого 2,2 млн доллар каралган. Андан тышкары, ар жылы 10 миң гектар жерге суу чыгарып, жаңы өздөштүрүү же кайра өздөштүрүү болжолдонгон. Сууну үнөмдүү колдонуу жана түшүмдүүлүктү арттыруу максатында тамчылатып сугаруу технологиясы акырындап колдонула баштады. Бул келечектүү саясат. Бирок дагы кандай аракеттерди көрүү зарыл?

1) суу дипломатиясы тышкы саясатта эң приоритеттүү багыт катары аныкталууга тийиш. Бул конкреттүү, кылдат кадамдарды талап кылат. Бирок кылдаттык деген маселени дагы ондогон жылдарга оодара салуу эмес, ар бир жагдайды тактап, дүйнөлүк тажрыйбаны, эл аралык укуктук нормаларды натыйжалуу, ыктуу колдонууну түшүндүрөт. Ириде аныктамаларды тактап алалы, ошондо гана каталардан кутулабыз деп Д. Дидро айткандай, суу ресурстарына, дарыяларга, көлдөргө, мөңгүлөргө эртең биздин мамлекет утулуп калбагандай аныктамаларды ири алдыда өзүбүз макулдашып алуубуз зарыл. “Чектеш суу”, “чек арадагы дарыя”, “орток суу”, “жалпыга тийиш дарыя”, “жогорку агым”, “куюлма”, “суу калыптанган аймак”, “мамлекет аралык суу”, “биргелешип пайдалануу”, сыяктуу ондогон аныктамаларды эки жана көп тараптуу макулдашууларда этият колдонуу, ала кушту атынан атап, ага биздин өнөктөштөрдү бекем аргументтер менен ынандыруу зарыл. Мисалы, Кыргызстандын ички тоолорунда топтолуп, биздин аймактан өтүп, биз салган суу сактагычтарда сакталып, анан коңшуларга тынбай аккан суулар, чоң-кичине дарыялар “трансграничный, “совместный”, “общего либо межгосударственного пользования” сыяктуу айлакерлер ойлоп тапкан, таңууланган жана колу-бутту тушаган аныктамалар, терминдер аркылуу бат эле бизге тиешеси жок сууларга айланып келгени жакшы маалым. Башка өлкөлөрдө биз менен коңшуларыбыз ортосундагыдай эле жагдайлар кандай чечилгенине абай салалы. Дээрлик баардык мамлекеттерде суу башы өлкөлөр өз пайдасынан кур жалак калбагандыгын көрүүгө болот. Мисал арбын, бирок айрымдарын келтирели. Колумбия дарыясы (223 км/куб суу) Канададан куралып, АКШга агат. Дарыянын 772 км Канаданын территориясын, 1971 км АКШ территориясын аралап агат. 1961-жылкы келишим боюнча АКШ ар жылы Канадага 60-70 млн доллар компенсация, Колумбия дарыясында курулган ГЭСтерди пайдалануудан түшкөн каражаттан жылыга 250-350 млн доллар төлөйт. Ал эми Түркия Болгария менен 1993-жылкы келишимге ылайык сугат суусун сатып алат. Суу куралган, башталган мамлекетке аны пайдаланган мамлекеттер акча, компенсация төлөп, сугат суусун товар

катары кадыресе эсептешээрин өз убагында Турдакун Усубалиевдин демилгеси менен түзүлгөн комиссия 20 ашык мамлекеттердин мисалында далилдеп берген. Ошентип, сууну, сугат суусун сатуу Европа, Латын Америкасы, Азия, Жакынкы Чыгыш мамлекеттеринде кеңири колдонулган тажрыйба. Аталган аймактардагы баардык өлкөлөр ошого кыңк этпей макул дегенден алыспыз, бирок сатканы да, сатып алганы да ушул жолду тандап алышкан. Изденүү, ойлонуу, талашуу, сүйлөшүү, эсептөө, үнөмдөө, сууну сактоо, суу объектилерин куруу сыяктуу не бир түркүн аракеттер аркылуу өз ара пайдалуу макулдашууга келишкен.

2) биз да суу маселесинде аяр, өтө билимдүү жана мекенчил дипломаттардын жана адистердин бүтүндөй муунун калыптандырууга тийишпиз. Президент Атамбаевдин жаңы элита калыптандыруу демилгесинин алкагында дипломаттардын, юристтердин, инженерлердин, технологдордун жана экономисттердин, кыскасы суу стратегиясын түзүп, аны ишке ашырууга жөндөмдүү мыкты адистерди даярдоо жана кайра даярдоо зарыл. Мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарында иштеген кызматкерлерди да суу маселесин чече алгыдай билим потенциалын чыңдоо керек. Бекеринен айтканыбыз жок. Кыргызстан түркүн эл аралык келишимдерде мойнуна сыйыртмак салдырып, көбүнесе утулуп, ана далайдан соң эсибизге келгенде эл аралык сотко барып, ал соттордон жеңилип келгенибиз биз сунуштаган жагдайлардын маанисин ого бетер арттырып турат.

3) агып жаткан суу өзүнөн өзү эле стратегиялык факторго же товарга айланбайт. Аны сактоо, пайдалануу, үнөмдөө боюнча ар кандай өндүрүштүк-технологиялык кубаттуулуктар талап кылынат. Макул, агын сууну сугат убагында айдоо аянттарына пайдаландык дейли. А сууну аз пайдаланган учурларда коңшулар бербесең ак койдук, бизге агызбай, жайпатпай, сел-ташкын кылбай карма, непада каптап кетсе чыгымын тартасың десе, анда канттик. Же тескерисинче, суу тартыш мезгилде сен карөзгөйлүк кылып сууну бербей жатасың, буздуң келишимди, төлө зыянды, кыргыз тууган,

дейт, мында не кылабыз. Айтор сууну кайда, канча көлөмдө, кантип сактайбыз, кем болсо кантип үнөмдөйбүз, көп учурларда каякка батырабыз, какшыган талааларга кантип жеткиребиз? Мына ушул нерселер аныкталып, изилденип, чечип алганыбыз оң болмокчу. Айтайын дегеним жабык жана ачык, ири жана майда гидротүйүндөр менен бассейндер, узун жана кыска каналдар, ар кандай кубаттуулуктагы гидроэнергэтикалык жана ирригациялык объектилерди куруу аркылуу гана сууну натыйжалуу пайдаланып, эл аралык мамилелерде аргумент катары пайдалана алабыз.

Аргумент демекчи, эл аралык укук нормаларын колдонууда да эки ача түшүнүктөр, стандарттар жок эмес. Кээ бир коңшулар биздин жана Тажикстандын ГЭСтерди куруу аракеттерибизге капа болуп, ар кандай деңгээлдердеги форумдарда каршы пикирлерин айтып келишет. Аргументи кайсы? “Кыргызстан менен Тажикстан өзүм билемдикке салып, кудай берген жаратылыш байлыгы сууга ГЭС салып, суу аягындагы мамлекеттердин элинин укугун, экономикалык кызыкчылыгын жана экологиялык балансын бузууга ниеттенүүдө. Буга жол берүүгө болбойт”. Жалпак тил менен айтканда ушул. Жакшы. Ошол эле кудай берген жаратылыш байлыктары газ, нефть, алтын, көмүр, темирди ал мамлекеттер каалагандай пайдаланып, башкаларга сатса болот, ошондой эле байлыкты биз макулдашуу аркылуу гана пайдаланышыбыз керекпи? А Бириккен Улуттар Уюмунун уставынын ар бир мамлекет өнүгүүгө, өзүнө тиешелүү ресурстарды пайдаланууга укуктуу деген фундаменталдуу принциби жокко чыгабы же айрым гана мамлекеттерге карата колдонулабы? Кеп коңшулардын бизге ниетинин начардыгында деле эмес. ГЭСтерди Россия менен биргелешип куруу боюнча Кыргызстандын аракеттерине коңшулардын каршылыгы өзүбүздүн чабалдыгыбыз, мамиле түзө албаганыбыз, сүйлөшө билбегенибиз жана ошол эле коңшуларды шыкактаган державалардын эки ача ажырым саясаты менен байланыштуу. Бирок ошол жана башка ачык айтылбай турган нерселерди терең иликтеп, биз тарапка ылайыктуу жоболорду таамай далилдеп, эл

аралык тажрыйбадан прецеденттерди таап, өнөктөштөрдү жана алар аппеляция кылып жаткан эл аралык коомчулукту ынандыруу, интеллектуалдык жана саясый-дипломатиялык энергияга, экономикалык аракеттерге муктаж.

4) өткөн мезгилде Борбордук Азиядагы Суу-энергетикалык консорциумдар түзүү аракеттеринен бизге ылайыктуу майнап чыкканы жок. Демек сууну пайдалануу боюнча мамлекеттер аралык кызматташтыктын башка формаларын издөө керек. Же кызматташуунун, өнөктүктүн форматын, мазмунун өзгөртүү, пайдалуу, келечектүү жолдорун табуу зарыл. Эгер бул жолдорду бүгүн издеп, ошого шайкеш шарттарды эмитен түзүп албасак, анда эртең суу коңшулар ортосунда изги кызматташтыктын эмес, талаш-тартыштын жана мындай учурда дароо пайда боло калуучу, эки тарапка тең дегеле мөрөй бербей турган тышкы “ортомчуларга” күнкор болобуз

5) суу ресурстарын жана аларды натыйжалуу пайдалануу жолдорун иликтеп, ушул маселелер менен такай алектенген, стратегиялык жана оперативдик сунуштарды иштеп чыга турган, кыскасы тиешелүү жана комплекстүү илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн суу институтун түзүү керек. Көп мамлекеттерде суу маселеси менен алектенген илимий институттар жана мамлекеттик суу саясатын аныктаган, ишке ашырган жана координациялаган ыйгарым укуктуу бийлик органдары бар. Аз да болсо бар адистерди топтоп, илимди, анын ичинде Улуттук илимдер академиясын реформалоонун алкагында Суу институтун уюштуруп алууга неге болбосун. Болот.

6) таза сууну, минералдык жана дары сууларды иштетүүнүн улуттук рыногун жана экспорттун көлөмүн арбытуу мамлекет үчүн чоң пайда алып келээри түшүнүктүү. Адистердин иликтөөсү көрсөткөндөй ичүүчү таза суунун жана минералдык, дары суулардын 15% гана өздөштүрүлүүдө. А ичиле турган суу рыногу, ага болгон керектөө эбегейсиз. Бирок конкуренттер да жетиштүү. Демек, ичүүчү таза сууну жана минералдык, дары сууларды

иштетип, ички керектөөнү канааттандырып, тышка экспорттой турган ишканалардын тармагын колдоо зарылчылыгы да күн тартибинде. Бул бальнеологиялык анализден тартып бургулоо, технологиялык адистерди даярдоо, сууну идиштерге куюу, сактоо, транспорттоо, логистиканы уюштуруу, маркетинг, тышкы рынокко чыгарууну дипломатиялык коштоо сыяктуу маселелердин комплексин чечүүнү талап кылат. Дипломатиялык коштоо жөнүндө ойдон чыгарып айткан жерибиз жок. Бүтүндөй дүйнөдө дипломаттар өз өлкөсүнүн бизнесинин кызыкчылыктарын тышкы чөйрөдө колдоп келишкен, колдой беришмекчи. АКШнын мамлекеттик департаменти жана конгресси америкалык бизнести жана экономикалык долбоорлорду чет мамлекеттерде жакшы колдобой жатат деп дипломат, окумуштуу В. Хэррон атактуу “Рэнд корпорейшнге” жасаган докладында айыптайт. Кызыкчылыктарына кенедей шек келсе дүйнөнүн ар бир чекитин аңтарып, керек болсо ошол жерди сапырып жиберүүгө даяр Американын саясатчылары өздөрүнө ушинтип наараазы болуп жатса, бизге окшош энөө, кенебес мамлекеттер каруусун казык кылыш керек.

7) кыргыз эли сууну ыйык эсептеген, кор кылбай кымбат туткан. Бирок бул маданият кедергисине кетүүдө. Демек коомдо суугa аяр мамилени, аны үнөмдүү пайдалануу маданиятын калыптандыруу көңүл бөлө турган идеологиялык милдет. Эң аялуу жана кымбат байлыгыбыздын бири сууну акыл менен, жакшылап, мыктап пайдалануу маселелери биздин өлкөнүн стратегиялык өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болгондуктан эмитен жеңди түрүп киришүү зарыл.

### 2.4 Кыргыз Республикасынын Токтогул суу сактагычынын алкагында Аксы районунун ичкен сууну пайдалануучу чарбасынын мисалында долбоордук экономикалык башкаруу ыкмыларынын жардамы менен келерки мезгилге божомолдоо.

Кыргыз Республикасы - суу ресурстары өз аймагында топтолгон Борбордук Азиядагы жалгыз өлкө, анын гидрогеологиялык өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы мына ушунда. Кыргызстан жер астындагы жана жер үстүндөгү суулардын зор запасына ээ, анын запастары дарыяларда, түбөлүк мөңгүлөрдө жана кар катмарларында.

Республикада 3500 ашык чоң жана майда дарыялар бар, алар Сырдарыянын, Амударыянын, Чүй, Талас, Или, Тарым дарыяларынын жана Ысык-Көлдүн негизги бассейндерине таандык. Ал дарыялардын суу ресурстары Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу агып өтөт жана Борбордук Азиянын мамлекеттерине кетет. Башка жактан республикага агып келген суу ресурстары жок. Жер үстүндөгү тиричилик (эксплуатациялык) агымдар өзүнө табигый жол менен түзүлгөндөн башка сугат жерлеринен кайтып келип жер алдындагы суу жолдоруна кошулган суулардан турат.

Республиканын жалпы аянтынын ичинен мөңгү жана кар катмарлары аймактын 4,1 %ын ээлеп жатат. Колдо бар маалыматтарга ылайык 60-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын аймагында жалпы аянты 8076,9 кв.км түзгөн 8208 мөңгү эсептелген. Азыркы учурда мөңгүлөрдүн активдүү эрип жаткандыгы байкалат, эксперттердин баасы боюнча ал көрсөткүчтөр 20 %га төмөндөгөн.

Кыргызстандын аймагында Борбордук Азиянын бардык мөңгүлөрүнүн 45 %га жакыны турат, алар дарыяларды каныктырган негизги булактардын бири болуп саналат жана алардын абалы жөнүндө божомолдор климаттын глобалдык өзгөрүшүнө байланыштуу өзгөчө кооптонууну жаратат. Мөңгүлөрдүн азайышынан улам алардан башат алган майда дарыялардын агымынын азайышына климаттын өзгөрүшүнүн таасир тийгизип жаткандыгы белгиленген. Агымдарды сезондуу бөлүштүрүү да өзгөрдү. 2023-2025-жылдарга чейин мөңгүлөрдүн эришинин күч алышынан улам жер үстүндөгү агымдардын көбөйүшү, андан кийин алардын болжол менен 42-20 куб. км чейин кыскарышы күтүлүүдө, бул 2000-жылдагы суунун көлөмүнүн 44 %дан 88 %га чейинкисин түзөт. Бул процесстин кесепеттери

Кыргызстандын гана эмес, ошондой эле бүтүндөй Борбордук Азия регионунун суу ресурстары менен жетишсиз камсыз болушуна, энергетикалык потенциалдын жана жер ресурстарынын азыктуулугунун азайышына алып келиши мүмкүн.

Өлкөнүн аймагында 1923 көл бар. Көлдөрдөгү суунун запасы 1745 куб. км же жалпы улуттук суу запастарынын 71 %ы менен бааланат. Эң ири көлдөрдүн катарына – Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл, Сары-Челек көлдөрү кирет, алар туюк суу бассейндеринде турат. Калгандары Сырдарыянын бассейнине таандык. Эң ири суу агып чыкпай турган тоо көлү – Ысык-Көл, өзүнүн көлөмү (1738 куб. км) жана үстүңкү бетинин аянты (6236 кв. км) боюнча ал бүткүл көл ойдуңунун климатынын калыптанышына таасир тийгизген кубаттуу фактор болуп саналат.

Республиканын аймагында жер алдындагы таза жана минералдык-термикалык суулардын зор запастары да табылган. Жогорку сапаттагы жер алдындагы таза суулардын запастары тоолордун ортосундагы ойдуңдарга топтолгон. Алар жаткан 44 жер чалгындалган. Жер алдындагы таза суулардын жалпы бекитилген запасы 10545,2 миң куб. м/сутканы түзөт.

Суу Борбордук Азия өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык жыргалчылыгынын негизги факторлорунун бири болуп саналат, ошондуктан суу ресурстары мамлекеттер аралык кызыкчылыктардын предмети экендиги табигый нерсе.

Кыргызстан менен чектешкен мамлекеттер негизинен жайкы сугат мезгилинде ирригациялык максаттар үчүн сууга муктаж болушат. Өлкөдө энергетикалык ресурстардын тартыштыгы Кыргызстан үчүн өлкөдө электр энергиясын керектөө көлөмү өскөн кыш мезгилинде сууну суу сактагычтарга топтоо кыйла пайдалуу болот. Бир өлкөдө сууну пайдалануу режиминин өзгөрүшү сөзсүз башка өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын козгойт. Азыркы учурда сууну ажыратуу жана суу бөлүштүрүү маселелери өткөн кылымдын 90-жылдарында эле иштелип чыккан мамлекеттер аралык келишимдердин негизинде чечилип келе жатат.

Кыргыз Республикасы колдо бар суу запастарынын 20-25 %ын пайдаланат. Калган агым коңшу мамлекеттердин: Казакстандын, Кытайдын, Тажикстандын, Өзбекстандын аймагына агып кетет. Республикада суу ресурстарынын кыйла бөлүгү (90 %дан ашыгы) сугатка жана айыл чарба муктаждыктарына пайдаланылат. Муну менен бирге суунун 80-85 %ы вегетациялык мезгилде пайдаланылат.

1987-2016-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын жалпы суу алышы 12,9 куб. км ден 8-10 куб.км же 40 %га кыскарган.

Чарбалык-тиричилик муктаждыктарына пайдаланылган суунун көлөмү 2006-жылга салыштырганда 1,6 эсе өскөн. Сууну пайдалануунун кыйла жогорку көрсөткүчү Чүй (анын ичинде Бишкек шаары) жана Ош облустарында белгиленген. 2016-жылы калктын киши башына эсептегенде тиричиликте сууну пайдалануу 40 куб.м түздү, бул 2006-жылдагы көрсөткүчтөн 1,6 эсе ашат.

Өлкөнүн калкы суу менен жабдуунун 1073 борборлоштурулган чарбалык-тиричилик системасынан камсыз кылынат, ошол эле мезгилде 133 системада ичилүүчү сууну булактары жер үстүндөгү суулар болуп эсептелет. Скважиналардын, тазалоочу жана зыянсыздандыруучу жабдуулардын колдонуу мөөнөтүнөн ашып кетиши, сууну саат боюнча берүү жана суу өткөргүч тармактарынын эскириши суунун коромжу (20-50 %) болушуна, авариялык кырдаалдын келип чыгышын шарттап, ичилүүчү суунун кайрадан булганышына шарт түзөт.

Кыргыз Республикасынын суу менен жабдуу системасынын 85 %га жакыны жер астындагы сууларды пайдаланат, бирок, республиканын аймагы боюнча жер астындагы суулардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшү алардын запасы аз болгон түштүк региондордо аны колдонуунун чектелишин шарттаган. Муну менен бирге суу скважиналарын жана суу өткөрүүчү тармактарды эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө үчүн финансылоонун жетишсиздиги жер астындагы суу булактарын пайдалануудан баш тартууга

жана ачык көлмөлөрдөн (дарыялар, кудуктар) анча коопсуз эмес сууларды алууга багыт алууга аргасыз кылууда.

Соңку 15-20 жылда Токтогул суу сактагычынын аймагына кирген Аксы районунунда калктын тез өсүшү ичилүүчү суу менен камсыз кылуу маселесинде кыйла кыйынчылыктарды жаратты. Натыйжада иш издеп айылдык райондордон адамдардын шаарга көчүп келишинен шаар четиндеги зоналарда мыйзамсыз жана стандартсыз конуштар пайда болуп, кийин алар мыйзамдаштырылган. Ал райондордун айрымдарында суу менен жабдуу жана тазалоо инфраструктурасы жок же белгиленген ченемдерге жооп бербейт. Аксытын калктын 15-20 %ына жакыны суу түтүктөрүнөн ичилүүчү суусуна ээ эмес. Таза суунун саны жана сапаты жагында көйгөйлөр бардыгы белгиленген.

Райондун калкынын ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүгү каралып жаткан мезгилде 2006-жылдагы 89,8 %дан 2020-жылы 91,5 %га чейин көбөйгөн. Калкты суу өткөргүч системасы менен толук камтуу белгиленген. Аны менен 90 %дан жогору камтуу эң төмөн, суу түтүктөрү жетишсиз.

Муну менен бирге калкты суу өткөрүү тармактары аркылуу ичилүүчү суу менен камсыз кылуунун деңгээли соңку жылдары көбөйгөн, бул көрсөткүчтүн анча көп эмес темпи менен мүнөздөлөт.

Алынган суулардын кыйла бөлүгү пайдаланууда жок болот. Жок болуунун себеби ирригациялык жана суу бөлүштүрүү системаларынын техникалык абалынын канааттандырарлык эместигинде, жабдуулардын эскиргендигинде, сугаттын өркүндөтүлбөгөн ыкмаларын колдонууда турат.

Кыргыз Республикасы боюнча алсак, 2016-жылдан 2020-жылдын ичинде ташып жеткирүүдө суунун коромжусу жылына 1852 млн.куб.м же суу алуунун көлөмүнүн 23 %ын түзгөн. Жалал-Абад жана Нарын облустарында коромжунун кыйла жогорку чоңдугу белгиленген, ал тийиштүү түрдө жылына 37 % жана 31,8 %ды түзгөн. Республиканын калган облустарында суу алуунун көлөмүнүн 20-30 % чегинде өзгөрөт. Алынган бардык суу ресурстарынын үчтөн бирине жакыны ташууда жок болот, бул

транспорт системасынын өтө жешилгендигин жана суу ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугунун өтө төмөндүгүн көрсөтөт.

Кыргыз Республикасы  суу ресурстарын пайдалануу багытында бизнести илгерлетүүгө кызыктар жана экономиканын бул секторунун өнүгүшүнө мүмкүн болгон чараларды көрүп, инвестицияны, анын ичинде чет өлкөлүк инвестицияны тартуу жагынан аракеттер көрүлүп жатат. Ишкердиктин туура жолго коюлушу өлкөнүн экономикалык көрсөткүчтөрүн кыйла көтөрүп, олуттуу социалдык көйгөйлөрдүн учурунда чечилишине көмөктөшүп, атаандаштык чөйрөнүн калыптанышына, калк кеңири керектөөчү товарларды чыгаруучу өндүрүштүн өсүшүнө, тейлөө алкагын кеңейтүүгө, жаңы иш орундарын ачууга чарбанын калган секторлорунун турукташып, илгерлешине өнөктүү салымын кошот.

Акыркы мезгилде республикада жана анын аймактарында сууну пайдалануу боюнча  ишкердиктин субъектилериндеги сан жагынан өсүү даана байкалып, белгилүү өлчөмдө натыйжасы чыгууда. Ишкердиктин мындай түрүндө экономикалык негизги көрсөткүчтөр экономиканын калган секторлорунукуна салыштырмалуу кыйла жогорку өсүштө экендиги менен дагы айрымаланат. Ушундай жагдайдын калыптанып жатышы сууну пайдаланууну  өнүктүрүүдө, тейлөө иштеринде ийкемдүүлүк, инновациялык изденүүчүлүк арбындыгын жана өлкөнүн экономикалык өсүшүнүн олуттуу булагына айлангандыгын, келечекте бул тенденция күчөй тургандыгын толук ырастайт.

Токтогул суу сактагычынын аймагына кирген  экономика секторлорундагы оолуттуу өзгөрүүлөр, бир катар оош-кыйыштар дагы болду. Жыйынтыгында базар мамлелеринин нугундагы натыйжалуу ыкмаларды жана үлгөлөрдү жетиштүү өлчөмдө колдонулбай калгандыгы учурда даана сезилип жатат. Анын үстүндө мындай негизги маселелер башкаруунун экономикалык жаңы механизмдерди  киргизүүгө, түзүмдүк, келишимдик, инвестициялык саясатты туура калыптандырууга келип такалат. Ушундай жагдайда сууну пайдалануу багытында иштеген ишканалар  атаандаштык

жөндөмдүүлүгүн жогорлатууну жөнгө салуу аркылуу калктын социалдык, экономикалык көрсөткүчтөрүн жакшыртуу,жаңы жумуш орундарын уюштуруу, регионду өнуктүрүүнүн оптималдуу жолдорун караштыруу учурда эң талылуу маселеге айланып олтурат.

Токтогул суу сактагычынын аймагына киргенсуу чарбалары экономикалык өсүштү камсыз кылуу стратегиялык жактан олуттуу орунду ээлей тургандыгы даана байкалат. Айрыкча, атаандаштыктын чөйрөсү түптөлүп, суу чарбасында тейлөө көрсөтүүнүн көлөмү кыйла өсүп, товар базары калыптанып, жумушсуз жүргөндөрдүн саны кыскарып, социалдык бир катар көйгөлөрдү чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бизнестин мындай түрүн ар тараптуу билгичтикте жөнгө салуу келечекте сууну пайдалануу чарбасын ыкчам өнүктүрүүгө олуттуу салымын кошуп, адистерди өстүрүүгө олуттуу түрткү берет.

Суу чарбасы Токтогул суу сактагычынын аймагына кирген экономикалык түзүмүндө келечегин аныктоодо экономикалык секторлордун ич-ара байланышын жөнгө салуучу, аспап катары дагы олуттуу маааниси бар. Эң башкысы экономиканын мындай калыптанып калган сектору мындан ары карай социалдык-экономикалык бир катар маселелерди чечүүдө башкы катарда турат. Тагырак айтканда өлкөдө саясый туруктуулукту камсыз кылууда экономикалык секторлордун башкы багыттарын аныктоого, базар мамилелеринин талабына шайкеш келгендей кардарларды даярдоого, жумушсуздуктун үлүшүн төмөндөтүүгө, социалдык жактан чыңалууну басаңдатууга, бюджеттин киреше бөлүгүнүн көлөмүнүн артылышына, экспорттун үлүшүнүн арбышына салымын кошот.

Учурда регионалдык деңгээлде ишкердикти ар тараптан колдоочу жана кызыктыруучу, албетте, коомдун талабына шайкеш келгендей нуктан, укуктук, уюштуруучулук, башкаруучулук ж.б. багыттар боюнча чараларды көрүп жатат. Регионалдык экономиканын бул секторду өнүктүрүү жана мамлекеттик колдоо көрсөтүү дайыма жоопту багытта уюштурулганын белгилеп кетиш зарыл.

Учурда бизнестин келечектүү багыттарын аныктоодо, ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну жөнгө салууда, экономика жактан баалоодо экономикалык талдоонун төмөндөгүдөй методдор кеңири колдонулат: матрица методы, товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө негизделген методу, салыштырмалуу метод, айырма методу, моделирование методы, натыжалуу атаандаштык теориясына негизделген метод, экстраполяция методы ж.б.

*Матрица методу.* Бул метод учурунда АКШ дагы "Бостон консалтинг тобу" аттуу маркетингди аркалаган мекеми иштеп чыккан. Мунун негизги өзөгүн динамикадагы атаандаштык процесстери кароого багыталса, методун теориялык уңгусу товардын өкүмсүрүү цыклынын концепциясын даярдоого керектелет.

Ишкананын аттандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоону бул метод менен жүргүзүүдө координат системасынын принцибинде түзүлгөн, матрица талданат.

Мында анын тикелей жагы линиялык масштабда базардын сыйымдуулугунун өсүү ылдамдыгы, тууралай жагы болсо базардагы салыштырмалуу пайыздык үлүшү логарификалык масштабда көрсөтүлөт. Мындай жагдайды эске алынган салыштырмалуу атаандаштыкка жөндөмдүү базар алкагындагы үлүшү арбын ишкана, тагыраак айтканда, базар сыйымдуулугунун өсүү ылдамдылгы менен базардагы салыштымалуу пайыздык үлүшүнүн арбындыгына караша аныкталат.

Ишкананын өнүгүшүн, атаандаштык жөндөмдүүлгүн бул метод менен тагыраак аныктоо үчүн суу боюнча тейлөө жумушун сатуу боюнча системага салынган статистикалык маалымат жетиштүү көлөмдө болуга тийиш. Ошол эле учурда тиешелүү өлчөмдөгү маалыматты топтоо бир топ кыйынчылыкты жаратат же мүмкүн дагы болбой калат дагы бул методдун практикалык жактан колдонулушуна терс таасирин тийгизет.Мындан тышкаары бул метод базар алкагындагы жагдайдын жүрүшүн иликтөөнү камтыбайт жана жөнгө салуу чечимин иштеп чыгууну кыйындатат.

*Товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоого негизделбеген метод.* Бул метод негизинен чарба субъектисинин атаандаштык жөндөмдүүлүгү канчалык жогору болсо, анын товарынын атаандаштык жөндөмдүүсү ошончолук жогору болот принцибине таянат. Мунун эң башкы артыкчылыгы ишкананын атаандаштыгына таасирин тийгизүүчү товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн, негизги критериясы катары, эске алат.

*Натыжыйжалуу атаандаштык теориясына негизделген метод.* Бул метод менен фирманын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоого мүнкүнчүлүк түзүлөт. Теорияга ылайык атаандаштыка жөндөмдүлүк товарларды чыгарууну туура, так уюштурулган, товарларды илимий нукта жүргүзүлгөн же финансылык каражаттарды натыжалуу колдонгон, жөнгө салууга маани берүүчү ошондой эле иновациялык өзгөрүүлөрдү артыкчылыкты учурунда өндүрүшкө киргизүүгө жетишкен фирмаларга таандык болот.

*Экстрополяция методу.* Экономикалык башкаруунун азыркы талапка жооп бере турган алдынкы методу болуп саналат. Бул методдун негизинде базарды иликтөө жана айлана чөйрөнүн өзгөчөлүгү изилденет.

Биз азыр ошондой шарт менен иштешибиз керек. Антпесек, азыркы мезгилдин талабына шайкеш келе албайбыз. Ошондой гана иштин жыйынтыгы негизинен оң натыйжа берет. Албетте, иликтөө иштерин тажыйрбасын жетиштүү адамдар жүргүзүүсү талап кылынат. Анткени, иштин көзүн жеткиликтүү билген адистер чогултулган маалыматтарды илимий негизде бир нукка салып, келечекте тиги же бул кичи ишкананын базар алкагында кандай жагдай күтө тургандыгын так, айкын аныктоого жетишет. Жооптуу иш алып баруу гана бизнестин Кыргызстандагы өнүгүү келечегин башкы багыттарынын көрсөткүчтөрүн дагы аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Токтогул суу сактагычынын аймагына кирген Аксы районунун ичкен суу пайдалануу чарбасынын акыркы 5 жылдын ичиндеги иш-аракетин изилдей туруп экономикалык башкаруу илиминин модель түзүү ыкмасын колдонуу

божомолдоо ишинде аталган чарбанын тигил же бул статистикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүлүшүн аныктоого, бышыктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Жумушту аткарууда биз тараптан диссертацияда божомолдоого байланыштуу көптөгөн чиймелер, графиктер даярдалды. Бул үчүн маалымат арбын талап кылынды, анткени андай изилдоо жасаш учун статистикалык материалдар жетишсиз. Диссертация жазуунун алкагында долбоорлоо боюнча изилдоо ишин аткарууга пайдаланууга чейин талдоодон толук өткөрүп туруп, соңунан божомолдоону негиздөөгө керектелет.

Жогоруда белгилегендей райондун ичкен суу пайдалануучу чарбанын акыркы 5 жылдык маалымыттарын пайдаланып негизги корсоткучторунун бири ичкен сууну айыл окмоттору аркылуу пайдалануу алкагында талдап, долбоор иштеп чыгабыз.

**Таблица 2.14 - Аксы районуна караштуу айыл-өкмөттөрүнүн 2016-2020 жылдардагы сууну пайдалануу боюнча маалымат. (сом).**

| Жылдар | Пайдаланган суу | Авлетим айыл өкмөтү | Ак-Жол айыл өкмөтү | Ак-Суу айыл өкмөтү | Жаны-Жол | Аксы | Кара-Жыгач | Кызыл-Туу айыл өкмөтү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2016 | 742844 | 505134 | 89141 | 51999 | 44571 | 37142 | 14857 | 0 |
| 2017 | 713976 | 364128 | 121376 | 78537 | 57118 | 64258 | 28559 | 0 |
| 2018 | 948712 | 445895 | 199230 | 94871 | 85384 | 47436 | 75897 | 0 |
| 2019 | 1101725 | 470671 | 231362 | 110173 | 99155 | 55086 | 88138 | 47140 |
| 2020 | 1324386 | 570978 | 278121 | 132439 | 119195 | 66219 | 105951 | 51483 |
| Сумма | 4831643 | 2270872 | 1014645 | 483164 | 434848 | 241582 | 386531 | 98623 |
| Орточо | 966329 | 492828 | 164276 | 106296 | 77306 | 86970 | 38653 | 19725 |

**(автор аркылуу сунушталды)**

Бул маалыматтар белгилегендей, пайдаланган суу бири-бири менен функциянaлдык байланышта болот. Ошондуктан, алардын байланышын

чагылдыруу максатында жети факторлон турган (ар бир айыл өкмөтү – фактор катары кабылданат) корреляциялык талдоо жасайбыз:

$$y = a_0 + a_1x_1 + a_2x_2 + ... \quad (1)$$

Биздин талдап жаткан ичкен суу чарбасы боюнча бардык маалыматтар таанымал болгон сон, жогорку даражалуу тендеме түзүлөт жана таблицада белгиленген маалыматтарын мазмуну боюнча коюлат. Эгерде кээ бир факторлор изилденип жаткан көрсөткүчкө түздөн-түз таасир этсе, же түз эмес жол менен таасир этсе алардын маанилерин аныктоо максатында регрессиянын алакалаш коэффициенттерин $a_0, a_1, a_2, ...,$ аныктайбыз. Андыктан у-тин эн кичинекей квадраттык маанисин тендеме аркылуу эсептегенде төмөндөгүдөй тендеме түзүлөт:

$$F = \sum \begin{bmatrix} y - (a_0 + a_1x_1 + a_2x_2 + a_3x_3 + a_4x_{41} + a_5x_5 + a_6x_6 + \\ + a_7x_7 \end{bmatrix}^2 \to \min \quad (2)$$

Кийинки эсептөөлөрдө*F-тин жеке туундусунун маанисин нолго тенеп,* $a_0, a_1, a_2, ..., a_9$,белгисиздер боюнча төмөнкү тендемени алабыз:

$$\begin{aligned} &\sum y = na_0 + a_1\sum x_1 + a_2\sum x_2 + ... \\ &\sum x_1y = a_0\sum x_1 + a_1\sum x_1^2 + a_2\sum x_1x_2 + ... \\ &\sum x_2y = a_0\sum x_2 + a_1\sum x_1x_2 + a_2\sum x_2^2 + ... \\ &\dots\dots\dots \\ &\sum x_9y = a_0\sum x + a_1\sum x_1x + a_2\sum x_2x + ... \end{aligned} \quad (3)$$

Системанын (3) эки жагын 1000-ге болуп, чарбанын маалыматтарын пайдаланып, төмөнкү системаны кабылдайбыз:

$a_0$,= *96,63;* $a_1$,= *49,28;* , $a_2$,=*16,42;* $a_3$,= *10,63;* $a_4$,= *7,73;* $a_5$,= *8,61;* $a_6$,= *3,86;* $a_7$,= *1,97.*

Ошондо, эсентоочу формула төмөндөгүдөй болот:

$$\begin{aligned} &y = 96{,}63 + 49{,}28x_1 + 16{,}42x_2 + 10{,}63x_3 + 7{,}73x_4 + \\ &+ 8{,}61x_5 + 3{,}86x_6 + 1{,}97x_7 \end{aligned} \quad (4)$$

Эсептин жана моделдин тууралыгы төмөндөгүчө текшерилет $\left|\bar{y}_{\phi} - \bar{y}_p\right| \to 0$.

Эми жалпы пайдаланылган суунун элементтери үчүн божомолду

төмөндөгүчө эсептейбиз.

**1. Авлетим айыл өкмөтү боюнча божомол (табл. 3.1 дин негизинде).**

$R^2$=0,984. Бул корсоткуч $x_{1p} = a(0).t + a(1)$ (5) формуланын жардамы менен аныкталып $x_{1p}$–нын мааниси $x_{1ф}$,*-тин маанисине жакын болот.*

Ошентип, $x_{1ф} \approx x_{1p}$. Боюнча, (5) формуланын маанисин ордуна коюу жолу менен практикалык эсептер аныкталат.

Божомол көрсөткүчтөрдү аныктоо менен томондокудой жыйынтык жасоого болот. Божомолдоочу эсептер аныктагандай пайдаланылган сууну чыгаруу жана аны сатуу натыйжалуу экени билинди. Алсак, божомол менен сууну сатуу 2024 жылы, 2016 жылга салыштырмалуу 1,6 эсеге, 2020 жылы – 1.5 эсеге жогорулайт. 2021 жылы 2020 жылга салыштырмалуу 1.25 эсеге жогорулаш божомолдоодо.

**2. Ак-Жол айыл өкмөтү боюнча 2016-2020 жылдарга маалыматтары боюнча божомол иштеп чыгабыз:**

Эгерде мааниси аркылуу жазсак:

$$x_{2p} = a(0)t^3 - a(0)t^2 + a(0)t - a(1) \qquad (6)$$

Компьютердин жардамы менен белгисиз коэффициентти аныктасак$R^2$=0,925.

Аппроксимациянын белгиси $\varepsilon = 8,9753\%$.(Жасалган божомолдор так болсун максатында 0,0001 денгээлге чейин алдык.

Божомолдоодон корунуп тургандай Ак-Жол айыл өкмөтү боюнча сууну сатуу боюнча 2024жылы 2016жылга салыштырмалуу 4.5 эсеге жогоруласа, ал эми 2020 жылга салыштырганда – 1.4 эсеге жогорулаган.

3. **Ак-Суу айыл өкмөтү боюнча сууну сатуу боюнча божомол иштеп чыксак 2016-2020 жылдарга маалыматтары боюнча** төмөндөгүчө болот:

Маалыматтарды пайдаланып $x_{3p} = a_0 + a_1 t$.тендемеси боюнча.

$a_0$ и $a_1$ – лердин маанисин аныктаганда эсептелуучу формула $x_3$ -ко карата

$$x_{3p} = a(1) + a(0)t \quad (7)$$

$x_3$ боюнча, $R^2$=0,9895 болот.

(7) формуланын негизинде, 2021 жылдан баштап божомолдор: сом, Аппроксимация белгиси 7.1273%.

Божомолдор белгилегендей, 2021 жылы сатылган суу 144358 сом божомолдонсо, 2024 г. – 186948 сом болуу божомолдонуууда, ал 2016 жылга салыштырмалуу 1,2 эсеге көп.

**4. Жаны-Жол айыл өкмөтү ичкен сууну сатуу боюнча божомол иштеп чыксак 2016-2020 жылдарга маалыматтары боюнча төмөндөгүчө болот:**

Регрессиялык тендеме - $x_{4p} = a(1) + a(0)t$ (8)

Божомолдоонун жыйынтыгында 2021 жылы 2020 жылга салыштырмалуу 18.2%-га жогорулоо божомолдолууда.

**5. Аксы айыл өкмөтү боюнча сууну пайдалануу жана сатуу боюнча божомол иштеп чыксак 2016-2020 жылдарга маалыматтары боюнча төмөндөкүчө болот:**

$x_{5p} = a(1) + a(0)t$,

$R^2$=0,96.

Божомолдоодон көрүнүп тургандай сууну сатуу боюнча 2021жылы 2016жылга салыштырмалуу 1,7 эсеге жогоруласа, ал эми 2020 жылга салыштырганда – 1.4 эсеге жогорулаган.

**6. Кара-Жыгач айыл өкмөтү боюнча суу пайдалануу жана сатуу боюнча божомол иштесек 2016-2020 жылдарга маалыматтары боюнча төмөндөгүчө болот:**

Регрессиялык тендеме - $x_{4p} = a(1) + a(0)t$ (9)

Божомолдоонун жыйынтыгында 2021 жылы 2020 жылга салыштырмалуу сууну пайдалануу 38,3%-га жогорулоо божомолдолууда.

**7. Кызыл-Туу айыл өкмөтү боюнча суу пайдалануу жана сатуу боюнча божомол иштеп чыгабыз( 2016-2020 жылдарга маалыматтары боюнча):**

Регрессиялык тендеме - $x_{4p} = a(1) + a(0)t$ (10)

Божомолдоонун жыйынтыгында 2021 жылы 2020 жылга салыштырмалуу 1,2 эсеге жогорулоо божомолдолууда.

Экономикалык башкаруунун жыйынтыгы менен алынган корреляциялык-регрессиялык модель пайдаланылган жана сатылган сууга факторлордун тийгизген таасирин аныктоодо чечүүчү мааниге ээ.

**Таблица 2.15 - Аксы районуна караштуу айыл-өкмөттөрүнүн 2016-2024 жылдардагы сууну пайдалануу жана божомолдоо боюнча маалымат. (сом).**

| Жылдар | Жалпы сатылган суу | Авлетим айыл өкмөтү | Ак-Жол | Ак-Суу | Жаны-Жол | Аксы | Кара-Жыгач | Кызыл-Туу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2016 | 742844 | 505134 | 89141 | 51999 | 44571 | 37142 | 14857 | 0 |
| 2017 | 713976 | 364128 | 121376 | 78537 | 57118 | 64258 | 28559 | 0 |
| 2018 | 948712 | 445895 | 199230 | 94871 | 85384 | 47436 | 75897 | 0 |
| 2019 | 1101725 | 470671 | 231362 | 110173 | 99155 | 55086 | 88138 | 47140 |
| 2020 | 1324386 | 570978 | 278121 | 132439 | 119195 | 66219 | 105951 | 51483 |
| 2021 | 1443581 | 622366 | 303152 | 144358 | 129922 | 72179 | 115486 | 56116 |
| 2022 | 1573503 | 678379 | 330436 | 157350 | 141615 | 78675 | 125880 | 61167 |
| 2023 | 1715118 | 739434 | 360175 | 171512 | 154361 | 85756 | 137209 | 66672 |
| 2024 | 1869479 | 805983 | 392591 | 186948 | 168253 | 93474 | 149558 | 72672 |

**(автор аркылуу сунушталды)**

Ошентип, 2024 жылы 2016 жылга салыштырмалуу 2,5 эсеге жогорулоо божомолдонсо, ал эми 2020 жылга салыштырмалуу – в 1,3 эсеге жогорулашы божомолдонуудa.

Талдоо аныктагандай жогоруда белгиленген ыкмалардын жардамы менен 20-25 жылгы келечектеги көрсөткүчтөрдү аныктоого боло тургандыгы, ошол ыкмалардын тууралыгын тастыктап койду десек болот.

**2 бап боюнча жыйынды (тыянак)**:

Диссертациянын 2-бапын (главасын) жыйынтыктай туруп, белгилесек, диссертациялык жумушта келтирилген маалыматтарга ылайык тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын бизнесте рентабелдүүлүк менен иш жүргүзгөндөрдүн арасында дүң жана чекене сооданы, маалымат жана байланышты айтсак болот. Бул түшүнүктүү, себеби, мисалы соода чөйрөсү ортомчулук ишмердүүлүктү аткаруу менен салыштырмалуу аз каражат кетирип, пайданы алып келчү тармак. Сооданын дагы бир мүнөздөмөсү бул убакыт менен байланыштуу, кандай гана соода ишканасы болбосун ал тез айлантма жасап товарды чыгаруучулар менен керектөөчүлөрдүн байланышын түзсө, ошол чөйрө натыйжалуулукка ээ болот. Ал эми өндүрүш секторлорунда, мисалы айыл чарбада, курулушта, байланышта рентабелдүүлүктүн өлчөмү өндүрүш каражаттарынын көлөмүнө өндүрүлгөн продукцияны сатуу жана суроо-талапка да көз каранды. Биздин оюбузча бул жерде рыноктогу шарттарды изилдөөгө да кеңири көңүл буруш керек. Мисалы, ошол эле мейманканалардын терс рентабелдүүлүгү аларга болгон суроо маселелерин изилдөө бир топ кыйынчылыкка тургандыгы менен түшүндүрсө болот.

Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн стратегиясында ирригациялык тармактардын начарлыгынан айдоо аянтына жеткенче суунун 40% коромжу болору белгиленип, ирригацияны өнүктүрүү схемасын даярдоого 2,2 млн доллар каралган. Андан тышкары, ар жылы 10 миң гектар жерге суу чыгарып, жаңы өздөштүрүү же кайра өздөштүрүү болжолдонгон. Сууну үнөмдүү колдонуу жана түшүмдүүлүктү арттыруу максатында тамчылатып сугаруу технологиясы акырындап колдонула баштады. Бул келечектүү саясат. Сууну пайдалануу жана сууну керектее системасында чарбалар аралык жана мамлекеттер ортосунда суу мамилелери мыйзам жүзүндө бекитилген жана Кыргыз Республикасынын 1994-жылы 14-январда кабыл алып, 1995-жылы өзгөртүүлөр киргизилген «Суу жөнүндөгү» мыйзамы

иштеп жатат. Анын башкы артыкчьшыгы белгиленген лимиттин деңгээлинде жаратылышты пайдалануу боюнча акы төлөө укугу, ошондой эле суу объектилерине жана булгоочу заттар чогулган суу курулмаларына суу жеткирүү жана суу берүү кызматгары көрсөтүлгөн.

Диссертацияда белгиленгендей, эреже катары кайсы гана мамлекет болбосун андагы системанын саясий, экономикалык жана социалдык жактан кескин өзгөрүшү, андагы өндүрүштүк-чарбалык байланыштардын бузулушу, такыр башкача жаңы шартка даярдыксыздык өндүрүштүн төмөндөшүнө, финансынын тартыштыгына жана башка негативдүү кубулуштар коштогон кыйынчылыктарга алып келет. Мына ушундай объективдүү себептер экономиканын башка тармактарындай эле суу чарбасын өткөөл мезгилдин алгачкы жылдарында эң татаал шартта иштөөгө алып келди. Мамлекет тарабынан болгон жардам, чет өлкөлүк инвестициялар жана башка суу чарба өндүрүшүндө болгон аракеттер плотина, суу сактагыч, насостук станцияларда жана башка курулмаларда, машина, механизм жана жабдуулардын иштешинде ар кандай бузулууларды, кырсыктарды болтурбай коюуга жардам берди. Ошол эле убакта суу пайдалануучу өндүрүш жана ведомстволордо акыркы жылдарда гана стабилдештируу башталды. Мамлекеттин ичинде жана мамлекеттердин ортосунда экономика жана калктын жыргалчылыгы эске алынып, суу пайдалануу азыркы стандартка ылайыкташтырышып камсыз кылууга багыт алды.

Бир нече эл аралык уюмдар кандайдыр бир деңгээлде Орто Азиянын суу көйгөйлөрүн чечүүдөгү макулдашылган иш-аракеттеринин эң жакшы, бирок сейрек кездешкен мисалдарынын бири болуп калды. БУУнун пикири боюнча, Комиссиянын түзүлүшүн аймактагы мамлекеттер аралык суу мамилелериндеги жаңы ачылыш катары бааласа болот, жана ал Орто Азиядагы башка суу бассейндериндеги кызматташуунун өнүгүшүнө зор түрткүлүк кызмат кылат. Алсак:

1. Орто Азияда, айлана - чөйрө менен байланышкан көйгөйлөрдүн курчтугун жана саясый боёгун эске алып, эл аралык суу

агымдарында мерчемделип жаткан долбоорлор менен программалардын экологиялык баалоосун, ал өлкөлөр ОВОС Конвенциясына катышпаган болсо да, мындай долбоорлордун баарынан талап кылынат.

2. КМШ катышуучу – мамлекеттеринин трансчегаралык суу обьекттерин рационалдуу пайдалануу жана коргоо тармагындагы биргелешкен аракеттердин негизги талаптары жөнүндө Макулдашууга кол коюлган.

3. Мамлекеттер аралык булактардын суу көрөңгөлөрүн биргелешип башкаруу жана коргоо чөйрөсүндөгү кызматташуу жөнүндө Макулдашууга кол коюлган.

4. Жалпысынан алганда Орто Азиянын суу-энергетикалык көрөңгөлөрүн пайдалануу үчүн кызматташуунун аймактык укуктук базасы жеткилең эмес жана жаңыдан топтоштуруга (консолидацияга) жана кайрадан иштеп чыгууга муктаж.

5.Казакстан менен Кыргызстандын ортосундагы Чүй жана Талас сууларындагы мамлекеттер аралык суу чарба курулуштарын пайдалануу жөнүндөгү Келишимге кол кюлган.

Диссертациянын бул бапында тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун аймагына кирген Аксы районунун ичкен суу пайдалануу чарбасынын акыркы 5 жылдын ичиндеги иш-аракетин изилдей туруп экономикалык башкаруу илиминин модель түзүү ыкмасын колдонуу божомолдоо ишинде аталган чарбанын тигил же бул статистикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүлүшүн аныктоого, бышыктоого мүмкүнчүлүк түздү. Жумушту аткарууда биз тараптан диссертацияда божомолдоого байланыштуу көптөгөн чиймелер, графиктер даярдалды. Бул үчүн маалымат арбын талап кылынды, анткени андай изилдоо жасаш учун статистикалык материалдар жетишсиз. Диссертация жазуунун алкагында долбоорлоо боюнча изилдоо ишин аткарууга

пайдаланууга чейин талдоодон толук өткөрүп туруп, соңунан божомолдоону негиздөөгө керектелет.

## 3-бап. Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Жалал-Абад облусунун аймагына кирген энергетика тармактарынын экономикалык субъекттеринин абалын жана алардагы өнүгүүсүн изилдөөнүн теориялык жана уюштуруучулук-усулдук негиздери, аларды өнүктүрүүнүн тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү

### 3.1 Кыргыз Республикасындагы тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Жалал-Абад облусунун аймагына кирген энергетика тармагынын өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары жана алардын экономикалык башкарууну уюштуруунун абалына тийгизген таасири

Жүргүзүлгөн изилдөөлөр экономиканын артыкчылыктуу тармактары катализациялоочу элементтер, экономикалык өз ара мамилелердин потенциалдуу кубаттуулуктары катары экономиканын калган тармактарын жана коомдун социалдык чөйрөсүн өнүгүүнүн жогоруураак тепкичине тартуусу керек экендигин көрсөтөт. Дал ушул жагдай экономикадагы артыкчылыктарды тандоонун негизги критерийи катары болуусу керек, анткени Кыргыз Республикасынын экономикасынын отун-энергетика секторун артыкчылыктардын доминантасына кошуу керек. Бул тыянак ата-мекендик экономиканын артыкчылыктуу тармактарынын маселелерин практикалык ишке ашыруу кандай гана болбосун энергетиканы тиешеси бар экендигине негизделген. Башка сөз менен айтканда, энергетикалык көйгөйдү чечүү башка тармактардын натыйжалуу өсүүсүнүн катализатору болуп калат. Жогоруда айтылган көз карашты Кыргыз Республикасынын энергетика тармагынын терс абалынын түпкү себептери жана белгилерине талдоо жүргүзүшкөн жана алар жөнүндө тыянак чыгарышкан эксперттер да бөлүшүшөт. Алардын ою боюнча Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүнүн негизги артыкчылыгы болуп республиканын экономикасынын отун-энергетика секторундагы инновациялык-инвестициялык жараян калуусу керек. Жекече алганда алар биздин республика өтө бай жана арзан, ошол эле учурда болгону 10%ы гана өздөштүрүлгөн суу-энергетикалык

ресурстарга ээ (потенциалы – жылына 142 млрд. кВт/саат), нефть менен газды өндүрүүнүн анча чоң эмес көлөмдөрү жана көмүрдүн өздөштүрүлө элек олуттуу камдоосунун (6,7 млрд.т.) бар экендиги менен мүнөздөлөөрүн белгилешет. Суу-энергетика ресурстары менен камсыз болуусунун жогору деңгээли республиканын энергетика комплексинин бат өнүгүүсү үчүн жагымдуу өбөлгөлөрдү түздү. Аталган комплекс өткөн кылымдын 80-жылдарынын башынан баштап Орто Азия аймагындагы суу энергетикасынын ири өндүрүүчүсү болуп, Борбордук Азиянын Бириккен энерготутумуна иштелип чыгылган электр энергиясынын 50%дан ашуунун берип жатты.

Энергетика комплекси Борбордук Азиядагы эң ири гидроэлектрстанцияларынын курулушунан берки убакыттагы отун-энергетика тармагынын багыттарынын бири катары Кыргызстан элинин сыймыгынын предмети болуп саналган. Масштабы жана техникалык татаалдыгы боюнча бул гидроэлектостанцияларга Кыргызстанда гана эмес, бүткүл борбордук азия аймагында тни болгон эмес. Кыргызстандын энергетика комплекси арзан электр энергиясын иштеп чыгуу менен катар коңшулаш өлкөлөрдүн кең көлөмдөгү айыл чарба жерлеринин туруктуу сугат маселесин чечүүнү да камсыз кылат. Суу бассейндери биздин республиканын мөңгүлөрүн сактоонун зарыл атрибуту болуп саналат жеген ойлор да бар. Бирок, республикабыз эгемендүүлүктү алгандан берки убакыт ичинде энергетикалык коопсуздук маселелери өз агымына коюлган. Ошого карабастан энергетика секторунун уюштуруучулук түзүмүн кайра түзүү жолу менен абалды оңдоого далалат болгондугун тан алуу керек.

Диссертациялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, акыркы бир нече жылдар ичинде энергоресурстарды өндүрүү боюнча абал төмөнкү мүнөзгө ээ (3.1-таблица).

**3.1-таблица – Кыргыз Республикасында энергоресурстардын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| Ресурстардын | Чен | 2013-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| түрлөрү | бирд. | | | | | | | |
| 1. Электр энергиясы | млн. квт/саат | 14523,2 | 15158,0 | 15168,3 | 14011,4 | 14371.4 | 13016.6 | 13054.5 |
| 2. Жылуулук энергиясы | Миң Гкал | 2933,4 | 3190,4 | 3102,4 | 2875,9 | 3181.9 | 2937.6 | 2620.1 |
| 3. Чийки нефть, анын ичинде | Миң тонна | 70 ,9 | 89,9 | 78,9 | 83,5 | 82.0 | 107.1 | 140.4 |
| 3.1. Мотор күйүүчү майы (бензин) | Миң тонна | 9.8 | 15,0 | 10,5 | 9.0 | 65.2 | 115.1 | 164.8 |
| 3.2. Дизель күйүүчү майы (газойли) | Миң тонна | 31.3 | 28,4 | 30,5 | 27.2 | 30.1 | 56.1 | 94.0 |
| 3.3. Мазут | Миң т. | 42,1 | 43,7 | 39,2 | 41.4 | 51.5 | 136.0 | 48.3 |
| 4. Жаратылыш газы | Миң $м^3$ | 19,4 | 26,6 | 28,5 | 32.5 | 32.5 | 31.6 | 28.9 |
| 5. Көмүр жана лигнит | Миң тонна | 321,3 | 830,7 | 1163,9 | 1407.9 | 1812.0 | 1928.7 | 1802. |

**Автор тарабынан КРнын УСК нын материалдары боюнча аткарылды**

3.1-таблицанын маалыматтары акыркы жылдарда электр энергиясын чыгаруунун төмөндөө тенденциясы байкалганын көрсөтүүдө. Ошондой эле электр энергиясын 2020-жылда өндүрүү (13054,5 млн. квт/саат) 2013-жылдын деңгээлине (14523,2 млн. квт/саат) жетпегендигин да белгилей кетүү керек. Ушуга окшош эле тенденция жылуулук энергиясын иштеп чыгууда да байкалат. Акыркы жылдарда нефтти өндүрүү жана кайра иштетүү жогорулаган. Чийки нефтти алуу 2020-жылы 2013-жылга салыштырмалуу 200% га көбөйүп, 140,4 миң тоннаны түздү. Жаратылыш газын алуу 2020-жылда 28,9 миң $м^3$ ду түздү. Акыркы жылдарда төмөндөө тенденциясы байкалганы менен, 2013-жылга салыштырмалуу жаратылыш газы 2013-жылга салыштырмалуу 150%га көп болду.

Көмүрдү казып алууда да ушундай эле тенденция байкалат. Аталган мезгил ичинде 560,8% га көп көмүр казып алынган. Жогорудагы маалыматтарга кошумча болуп республиканын өндүрүлгөн электр

энергиясын коом тарабынан керектөөсүн мүнөздөгөн электробалансы саналат.

**3.2-таблица – Кыргыз Республикасынын электробалансы (млн. кВт/саат)**

| Көрсөткүчтөр | 2015-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Өндүрүлгөн электр энергиясы | 15158,0 | 15168,3 | 14011,4 | 14571,5 | 13016.6 | 13054.5 |
| Чет өлкөдөн алынганы | 6,6 | - | 29,6 | 334,29 | 547.3 | 133,2 |
| Керектелген электр энергиясы | 12370,4 | 13579,8 | 13665,8 | 14833,29 | 13158,4 | 13155,7 |
| Өнөр жайы | 4898,6 | 5599,4 | 5905,3 | 7292,7 | 6744.6 | 6711,9 |
| Айыл чарбасы | 2138,8 | 2467,6 | 2551,6 | 2565.39 | 2148.1 | 2119.3 |
| Транспорт | 57,8 | 56,3 | 51,0 | 58,6 | 60.2 | 62.3 |
| Курулуш | 65,5 | 77,2 | 81,0 | 97,8 | 102.3 | 108.9 |
| Социалдык чөйрө | 2135,2 | 2137,0 | 2235,5 | 2187,3 | 2028.1 | 2114.7 |
| Жалпы жоготуулар | 3074,5 | 3242,3 | 2841,3 | 2631,6 | 2075.1 | 2038.6 |
| Чет өлкөгө чыгарылганы | 2794,2 | 1588,5 | 375,2 | 72,5 | 405,5 | 32.0 |

**Автор тарабынан КРнын УСК нын материалдары боюнча аткарылды**

Электр энергиясын пайдалуу жөнөтүүнүн түзүмүн талдоо электр энергиясын негизги керектөөчүсү болуп өнөр жайы саналаарын көрсөттү, анын керектөө деңгээли 50,0%га чейин жетүүдө, айыл чарбасы 17,0% га жакын, социалдык чөйрө 16,0% га чейин керектейт. Жалпы жоготуулардын деңгээли чоң болуп жатат, ал кээде электр энергиясын керектөөнүн жалпы көлөмүнүн 29% на чейин жетүүдө. 2020-жылда жалпы жоготуулардын деңгээли 15,32% ды түздү. Биздин экономиканын либералдашуусунун башында калк жалпы пайдалуу жөнөтүүнүн 63,0%ын керектеп жаткандыгын тактап көрсөтүү керек (90-жылдардын башында мындай керектөө 16% болгон). Өнөр жайы, айыл чарба жана коммерциялык керектөөчүлөр 90-жылдардагы 65%га караганда бул мезгилде 25,0% ды керектешкен, бюджеттик керектөөчүлөр 90-жылдардын башындагы 19,0% га караганда 11,9% ды керектешти.

Көмүр менен газды керектөөнүн төмөндөөсүнөн бүткүл жүк электр энергетика тармагына оор басым болуп түштү. Бүгүнкү күндө имараттарды жылытуу, ыссык суу менен камсыз кылуу жана тамак-аш даярдоо негизинен электр энергиясынын эсебинен жүргүзүлүп жатат. Сезондук күчтүү термелүүнү да белгилей кетүү керек – электр энергиясын кышында керектөө жайындагыга караганда 3,5 эсеге көп, мунун натыйжасында энегия жабдуулары ашыкча жүк режиминде иштеп жатат.

Албетте, жогоруда айтылгандардын баары республиканын энергия секторунун экономикалык жана техникалык абалынын чагылуусу болуп саналат. Бирок, мында практикада тастыкталбаган теориялык мүнөздөгү маанилүү учурду тактап алуу керек. Рынок экономикасынын мыйзамдарынын көз карашынан алганда товарды сатууну көбөйтүү (электр энергиясы – бул товар) өндүрүштүн колөмүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн андан ары жогорулатууга дем берүү болуп саналаарын белгилей кетүү керек. Жагдайдын парадоксу кээ бир кабыл алууга кыйын себептердин негизинде рынок экономикасынын жогоруда айтылган мыйзамы энергетика секторунда иштебей тургандыгында турат. Мындай жагдайдын себеби, биринчиден ички керектөөчүлөргө сатылган электр энергиясынын баасы аны өндүрүүгө кеткен чыныгы сарптоолорду жана энергокомпаниялардын каржылык-экономикалык абалын чагылдырбагандыгы менен шартталган. Андан ары, республиканын ичинде электр энергиясын керектөөдөгү болуп өткөн түзүмдүк өзгөртүү башка көйгөйдү ачыкка чыгарды. Иштин баары электр энергиясын мурда өндүрүш чөйрөсү тарабынан көбүрөөк иштетилген түзүмү өзүнүн долбоорлук-техникалык негизделген чечимине ээ болгондугунда турат. Башка сөз менен айтканда, өндүрүш чөйрөсүнүн энергоресурстарга басымдуулук кылган керектөөсү долбоорлоо этабында эле эсептелген жана бул эсептөөлөрдө дээрлик бардык четтөөлөр эсепке алынып турган. Дыл ушул жагдай аталган чөйрөнү үзгүлтүксүз жана сапаттуу түрдө энергия менен камсыз болуусун аныктаган. Анын үстүнө бул өндүрүштүк курулушка

гана эмес, социалдык чөйрөгө да, мектептердин, бала бакчалардын, турак жай ж.б. курулушуна да тиешелүү эле.

Диссертациялык изилдөөлөр Советтер Союзу мезгилинде биздин республикада ГЭС тер менен ЖЭБ тердин артыкчылыктуу өнүктүрүү менен энергетика тармагы түзүлгөндүгүн көрсөттү. Эгемендүүлүк менен көз карандысыздыкка ээ болгондон жана рыноктук мамилелерге өткөндөн соң Кыргызстандын электр энергетика сектору 1998-жылдан баштап өзүнүн реформасынын башатын алды, ал 2001-жылдын экинчи жарымына чейин Энергетика тутумун кайра түзүүнүн мамлекеттик программасына ылайык болуп өттү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жүргүзүлгөн реструктуризациянын натыйжасында “Кыргызэнерго” акционердик коомунун базасында 7 акционердик коом түзүлдү:

- *электр энергиясын бөлүштүрүү функциясын аткарышкан 4 акционердик коомдор (“Түндүкэлектро” ААК, “Чыгышэлектро” ААК, “Ошэлектро” ААК жана “Жалалабатэлектро ААК”);*
- *электр энергиясын берүү жана бардык ПЭС тердин жана Окуу борборунун жогорку чыңалуудагы тармактарынын базасындагы Кыргыз энерготутумунун тутумдук операторунун функциясына ээ болгон “Кыргызстандын улуттук электр тармагы” (НЭСК) ААК.*
- *“Электр станциялары (ЭС)” ААК.*

“Түндүк электро” ачык акционердик коому 2001-жылдын 1-июлунда “Кыргызэнерго” АК нун кайра түзүлүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн. “Түндүк электро” бөлүштүрүүчү компаниясы – Кыргыз Республикасынын энергия менен камсыздоочу жетектөөчү уюму. Бүгүнкү күндөгү рынок экономикасынын шарттарында бөлүштүрүүчү компания өзүн-өзү каржылап актоо принципинин негизинде республикада ички рынок үчүн өндүрүлгөн электр энергиясынын 51% ын сатып алат, жеткирет, бөлүштүрөт жана сатат, ошону менен бирге Чүй, Талас областтарынын жана Бишкек шаарынын чектеринде жайгашышкан 35-10-6-0,4 кВ чыңалуудагы бөлүштүрүү электр тармактарына ремонттук-эксплуатациялык жана ыкчам тейлөөлөрдү жүргүзүшөт.

“Чыгыш электро” ААК у “Кыргызэнерго” ААК нун 2001-жылдын 12-январында болуп өткөн кезексиз чогулушунун чечиминин жана “Кыргызэнерго” ААК нун 2001-жылдын 27-январындагы № 181-буйругунун негизинде жогорку чыңалуудагы электр тармактарынын Ыссык-Көл жана Нарын ишканаларынын базасында түзүлгөн.

“Ош электро” ААК у 2001-жылдын 1-июлунда ОшПЭС ишканасынын кайра түзүлүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн. Бүгүнкү күндө “Ош электро” ААК у рынок экономикасынын шарттарында, өзүн-өзү каржылап актоо принцибинде электр энергиясын бөлүштүрүүнү жана сатууну, Баткен, Ош областтарынын жана Ош шаарынын чектериндеги 35-10-6-0,4 кВ чыңалуудагы бөлүштүрүү электр тармактарына ремонттук-эксплуатациялык жана ыкчам тейлөөлөрдү ишке ашырып келет.

“Жалалабатэлектро” ААКу 2001-жылдын 1-июлунда Жалал-Абад ПЭС ишканасынын кайра түзүлүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн. Бүгүнкү күндө “Жалалабат электро” ААКу рынок экономикасынын шарттарында, өзүн-өзү каржылап актоо принцибинде электр энергиясын бөлүштүрүүнү жана сатууну, Жалал-Абад областынын Тогуз-Торо районунан сыркаркы чектериндеги 35-10-6-0,4 кВ чыңалуудагы бөлүштүрүү электр тармактарына ремонттук-эксплуатациялык жана ыкчам тейлөөлөрдү ишке ашырып келет.

“Кыргызстан улуттук электр тармагы” ачык акционердик коому (НЭСК) электр энергиясын жогорку чыңалуудагы тармактар аркылуу өндүрүүчүлөрдөн бөлүштүрүү компанияларына жана ири өнөр жай керектөөчүлөрүнө жеткирүү боюнча функцияларды аткаруу укугу жана милдеттенмелери жагынан “Кыргызэнерго” АК нын укуктук мураскери болуп саналат. Коомдун мүлктүк комплексине 110 кВ тон 500 кВ ко чейинки чыңалуудагы электр тогун берүү чубалгылары кирет.

“Кыргызстан НЭС” АА коомуна Борбордук Азия аймагындагы электр энергиясы жана кубаттуулугу рыногундагы кыргыз коммерциялык операторунун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын электр тутумундагы

электр энергетика объекттерин диспетчердик башкаруу боюнча техникалык оператордун функциялары берилген.

Кыргыз энерготутуму Борбордук Азия аймагынын энерготутумдары менен жарыш иштейт жана Борбордук Азиянын Биргелештирилген энерготутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат. Кыргыз энерготутумундагы электр станцияларынын жана тармактарынын сутка боюнча иштөө режимин башкаруу, башка энерготутумдар менен өз ара мамилелешүү “Кыргызстан НЭС” АА коомунун түзүмдүк бөлүгү болуп саналган Борбордук диспетчердик кызматка (БДК) жүктөлгөн.

Кыргыз энерготутумундагы диспетчердик башкаруу иерархиялык түзүмгө ээ болуп, анын башында БДК нын мөөнөттүк диспетчери турат. Ыкчам башкаруу жогорку чыңалуудагы электр тармактарынын Чүй, Талас, Нарын, Ыссык-Көл, Ош жана Жалал-Абад ишканаларынын мөөнөттүк диспетчерлери, ошондой эле 500 кВ Фрунзе, 220 кВ Кара-Балта, Главная, Ала-Арча, Чүй, Быстровка жана Ыссык-Көл подстанцияларынын мөөнөттүк электрмонтерлору аркылуу жүргүзүлөт. БДК нын ыкчам буйруктары “Электр станциялары” АА коомунун объекттеринде Токтогул ГЭС теринин каскадындагы, Бишкек ЖЭБ жана Ош ЖЭБ ишканаларынын сменаларынын башчылары тарабынан аткарылат. Иерархиялык пирамиданы бөлүштүрүү компанияларынын мөөнөттүк диспетчерлери жыйынтыкташат.

“Кыргызстан НЭС” АА коому электрэнергетика тармагын өнүктүрүү түпкү максатын аныктоодо, анын техникалык саясатын түптөөдө, келечектүү пландарын жана программаларын иштеп чыгууда катышат. Коомдун ишмердүүлүгү төмөнкү мыйзамдар менен теске салынат: “Энергетика жөнүндө” мыйзамы (1996-жылдын 30-октябры, № 56), “Электр энергетикасы жөнүндө) мыйзамы (28-январь, 1997-жыл, № 8), “Токтогул гидроэлектрстанцияларынын каскадынын жана улуттук жогорку чыңалуудагы электр берүү чубалгыларынын өзгөчө макамы жөнүндө” мыйзамы (21-январь, 2023-жыл, № 7) жана Кыргыз Республикасынын

мыйзам алдындагы актылары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору.

“Электр станциялары” АА коому – Кыргызстандын эң ири генерациялоочу компаниясы, өлкөнүн бардык электр энергиясынын дээрлик 98% ын иштеп чыгат. Компания электр энергиясы менен ички жана чет өлкөлүк керектөөчүлөрдү камсыз кылат, Борбордук Азиялык Биргелештирилген Энерготутумундагы жыштыкты жөнгө салат. Акционердик коом 2001-жылы “Кыргызэнерго” АКнун кайра түзүлүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн, анын уставдык капиталындагы акциялардын мамлекеттик үлүшү 93,65% ды түзөт.

Компаниянын курамына 7 ГЭС жана 2 ЖЭБ кирет: Токтогул ГЭСтеринин каскады, курулуп жаткан ГЭСтер ишканасы, Ат-Башы ГЭСи, Бишкек, Ош ЖЭБ дери, Камбарата-2 ГЭСи.

Электр энергетикасы секторундагы өз ара мамилелердин горизонталдык принциптери тик өз ара мамилелеринен адекваттуу экенин белгилей кетүү керек. Себеби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан эмдигиче төмөнкү маселелер аныктала элек:

- *акционердик коомдордун мүлктөрүн башкаруу;*
- *каржылык өз ара мамилелерди;*
- *тармакты адистер менен камсыз кылуу маселелери.*

Бул маселелердин баары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк фондунун артыкчылыктуу укуктары болуп саналышат. Ушул жерден логикалык суроо пайда болот: башкаруу түзүмүн кайталоо (дублирование) үчүн кандай себеп, шылтоо болуусу керек, ошондой эле мындай кайталоо канчалык деңгээлде максатка ылайык жана учурдагы жагдайларга туура келет? Көйгөйгө тутумдук, комплекстүү ыктоо көз карашынан алганда электр энергетикасы секторун өнүктүрүү маселесин дал ушул маселени чечүүдөн баштоо керек деп ойлойбуз.

Электр энергетикасынын азыркы абалы энергетикалык компаниялардын негизги акционери болуп мамлекет саналгандыгы менен мүнөздөлөт, ал энергетика секторунун акцияларынын 93% на ээлик кылат.

Гидроэнергетиканы өнүктүрүүнүн негизги багыттары болуп аракеттеги электр станцияларынын техникалык кайра куралдануусун камсыз кылуу жана реконструкциялоо, ошондой эле жаңы генерациялоочу кубаттуулуктарды ишке киргизүү саналаарын тактап өтүү керек. Биринчи кезекте Камбар-Ата ГЭСтеринин каскаддарын ишке киргизүү зарыл. Мунун баарын жогоруда айтылган иерархияга адекваттуу иерархиялык түзүмдө ишке ашырууга болот.

Электр энергиясын сатуунун жаңы рынокторун издөө жана экспортун ишке ашыруу “Электр станциялары” АА коомунун сырткы экономикалык ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыты болуп калууда. Кыргыз гидроэнергетикасынын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү келечекте электр энергиясын ири масштабда экспорттоо мүмкүнчүлүгүн кароого мүмкүндүк берет. Бирок көз карандылыкка ээ болгон жана экономиканы борборлоштурулган пландык башкаруудан баш тарткан учурдан баштап республиканын энергетикалык тармагынын алдында оптималдуу, теңдештирилген чечими дагы деле табыла элек бир катар актуалдуу техникалык, каржылык-экономикалык көйгөйлөр пайда болду.

Бул көйгөйлөрдүн эң башына электр энергиясын техникалык жоготуунун негизги себептеринин бири болгон тармактын негизги техникалык жана технологиялык жабдууларынын моралдык жана физикалык жешилүүсүн коюу керек. Андан кийин республикада көмүрдүн, нефттин жана газдын өндүрүшүнүн төмөндөөсү менен байланышкан электр энергиясын керектөөдөгү диспропорциянын өсүүсүн коюуга болот. Тармакты башкаруунун өркүндөбөгөн тутуму жана менеджменттин алсыз деңгээли акыры барып тармактын коммерциялык жоготууларынын деңгээлинде чагылуучу коррупциялык схемалардын өнүгүүсүнө дем берип жатат.

Тармактын жогоруда айтылган көйгөйлөрүн чечүү үчүн бүгүнкү күндө мамлекеттик түзүмдөрдүн деңгээлинде анык бир чаралар көрүлүп жатат. Теориялык түрдө аларды экстенсивдүү жана интенсивдүү иш чараларга

бөлүштүрүүгө болот. Ушул көз караштан алганда тармакта бүгүн көрүлүп жаткан иш чаралар көп даражада экстенсивдүү иш чараларга тиешелүү, себеби аларга капиталдык салымдардын жогору деңгээли жана негизги капиталдын көлөмүн көбөйтүү, ошондой эле киргизилип жаткан инновациялык техниканын жана технологиялардын алсыз деңгээли мүнөздүү.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе, жаңы объекттерди ишке киргизүүгө жана тармактын бар болгон негизги фонддорун, техникалык көмөкчү жабдууларын инновациялык модернизациялоо үчүн капиталдык салымдар негизинен аягы барып республиканын төлөм балансына жана тармактын ишке киргизилип жаткан активдеринин наркынын деңгээлине таасир берүүчү чет өлкө насыяларынын жана гранттарынын эсебинен ишке ашырылып жатат.

Ошондой эле жаңы объекттерди ишке киргизүү жана тармактын колдо бар болгон негизги фонддорду, техникалык жардам берүүгө жарактуу куралдарды жана жабдууларын инновациялык модернизациялоо үчүн болгон капиталдык салымдар негизинен чет өлкө насыяларынын жана гранттарынын эсебинен жүргүзүлүп жатат, булар акыр аягы республиканын төлөм балансынын абалына жана тармактын ишке киргизилип жаткан активдеринин наркынын деңгээлине таасирин тийгизет.

Диссертациялык изилдөөлөр энергетика компанияларындагы экономикалык талдоону уюштурууда негизги көрсөткүчтөр бири-биринен түп тамырынан айырмалануусу мүмкүн экендигин көрсөттү. Мисалы: НЭСК тин  эсебинин көрсөткүчтөрү РЭК тердин көрсөткүчтөрүнөн түп тамырынан айырмаланышат, себеби анда негизинен электр энергиясынын транзитинин талдоосунун көрсөткүчтөрү чагылдырылат, булар НЭСК тин экономикалык, функционалдык макамы менен аныкталышат. Ошондой эле НЭСК те кирешелердин жана жыйнолоордун  эсеби жүргүзүлбөйт.

Эсептин экономикалык көрсөткүчтөрүнүн бүткүл тутумун жалпылоо менен аларды түзүмдүк түрдө төмөнкүдөй классификациялоого болоорун белгилей кетүү керек:

1) Эсептин техникалык, нукуралык-көлөмдүк көрсөткүчтөрү – булар энергетика секторунун көрсөткүчтөрүнүн тутумунун абсолюттук ченемдери менен чагылдырылышат;

2) Эсептин каржылык-экономикалык көрсөткүчтөрү – булар энергетика секторунун көрсөткүчтөрүнүн тутумун өз ичине камтып, аларда компаниялардын экономикалык ишмердүүлүгүнүн багыттары боюнча кирешелери жана чыгашалары, ошондой эле каржылык натыйжалардын эсеби чагылдырылат.

Эсептин көрсөткүчтөрүнүн маалыматтар жана мүнөздөмөлөр деп аталган биринчи бөлүмүндө негизинен абсолюттук, салыштырмалуу жана орточо чоңдуктарды колдонуу менен жүргүзүлгөн ченөөлөр нукуралык бирдикте чагылдырылат. “Компания жөнүндөгү жалпы маалыматтарды” жана “Электр энергиясынын бухгалтердик балансынын” көрсөткүчтөрүн негизинен компаниялардын каржылык отчеттуулугунан алышат.

Көрсөткүчтөрдүн экинчи бөлүмүнүн маалыматтары эсеп менен каржылык отчеттуулуктун маалыматтарынын чагылдырылуусу болуп саналышат. Эсептик ыкмалар менен алынуучу көрсөткүчтөр да бар. Аларга төмөнкүлөр кирет:

1. Өндүрүштүк персонал үчүн өзүнчө, административдик персонал үчүн өзүнчө жана РЭКтерде электр энергиясын сатуучу жумушчулар үчүн өзүнчө эсептелинген орточо айлык эмгек акы. Мында алар классикалык формула боюнча эсептелинет: ишмердүүлүк чөйрөсү боюнча эмгек акыны төлөө фонду штаттык жадыбалга ылайык чөйрөлөр боюнча жумушчулардын санына бөлүнөт.

2. Орточо белгиленген тариф – энергетика компаниясынын акчалай туюнтуудагы товардык продукциясынын электр энергиясын нукуралык ченемде берилген пайдалуу жөнөтүүнүн көлөмүнө болгон катышы катары

эсептелинет. Товардык продукция – бул бардык керектөөчүлөргө, б.а. өнөр жай керектөөчүлөрүнө, айыл чарба керектөөчүлөрүнө, бюджеттик уюмдарга, калкка, башка бардык (насостук станциялар кошо) керектөөчүлөргө берилген электр энергиясынын акчалай туюнтулган көлөмү.

3. Орточо жыйналган тариф – энергетика компанияларынын электр энергиясын пайдалуу жөнөтүү үчүн төлөмдөрдөн түшкөн акчалардын электр энергиясын пайдалуу жөнөтүүгө болгон катышы түрүндө эсептелинет. Кандайдыр бир даражада бул көрсөткүч энергокомпаниялардын дебитордук карызынын деңгээлин чагылдырат.

Компаниянын эсебинин өзгөчөлүгү болуп компаниянын электр энергиясына кеткен электр энергиясынын өздүк наркы менен пайдадан алынган жалпы сарптоолордун суммасынан турган өздүк сарптоолорунун эсеби жүргүзүлгөндүгү саналат. Мында негизинен “Пайданын жалпы сарптоолорун” энергия компанияларынын өндүрүштүк чөйрөгө салган инвестицияларынын көлөмү катары кабыл алуу зарыл экендигин белгилей кетүү керек. Бул айтылгандар пайдадан болгон сарптоолордун түзүмү “Карызды тейлөөдөн” жана “Капиталдык салымдардан” турааты жөнүндөгү жобого негизделет. Капиталдык салымдын өзү өз кезегинде реконструкцияга болгон капиталдык салымга жана жаңы курулушка болгон капиталдык салымга бөлүнөт.

Карызды тейлөөнүн эсеби өзүнүн түзүмүндө “Карыздын негизги суммасын эсептөөнү” жана “Насыялардын пайыздарын төлөөгө кеткен чыгымдарды” камтыйт, булар акыр аягы өндүрүштүк аппаратты кармоого, б.а. кайрадан эле энергетика тармагынын өндүрүштүк ишмредүүлүгүн реконструкциялоого жана кеңейтүүгө багытталган каражаттар катары кабыл алынуусу керек. Албетте, мында бул нерсе канчалык туура ишке ашырылгандыгын эсепке алуу зарыл.

Энергетика компанияларынын эсебинин дагы бир өзгөчө маанилүү, натыйжалуу индикатору болуп таза пайданы эсептөө саналат. Ал пайданын көлөмүнөн пайдадан алынган сарптоолордун жалпы көлөмүн кемитүү менен

аныкталат. Пайдадан алынган сарптоолор негизинен насыяны жабууга жана өндүрүштүк аппаратты кеңейтүүгө жана реконструкциялоого, б.а. инвестициялоого багытталат. Биздин оюбузча, инновациялык жараяндын абалын тармактагы инвестициялык жараяндын призмасы аркылуу кароо зарыл. Бул постулатты негиз катары алчу болсок, анда акыркы бир катар жылдар ичинде биз энергетика тармагындагы төмөнкүдөй инновациялык жагдайды алабыз (3.3-таблица).

**3.3-таблица – Энергетика компанияларынын пайдадан алынган сарптоолорунун динамикасы (өткөн мезгилге карата % менен)**

| Энергетика компаниялары | 2014-жыл | 2015-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. «Электр станциялары» ААК | 100,0 | 264,0 | 37,4 | 154,7 | 91,7 | 109,3 | 253,6 |
| 2. «Кыргызстандын улуттук электр тармагы” ААК | 100,0 | 79,8 | 101,0 | 107,2 | 212,4 | 78,1 | 113,7 |
| 3. РЭК тер – бардыгы: Анын ичинде: | 100,0 | 111,1 | 121,4 | 123,1 | 192,6 | 97,0 | 177.3 |
| “Түндүк электро” ААК | 100,0 | 112,4 | 166,4 | 108,0 | 164,6 | 101,4 | 24,2 |
| “Чыгыш электро”ААК | 100,0 | 96,3 | 70,3 | 137,7 | 174,9 | 71,6 | 139,3 |
| “Ош электро” ААК | 100,0 | 229,5 | 47,3 | 182,8 | 401,6 | 93,0 | 116,6 |
| “Жалал-Абад электро” ААК | 100,0 | 46,8 | 15,8 | 104,4 | 334,5 | 94,6 | 233,9 |

**Автор тарабынан КРнын УСК нын материалдары боюнча аткарылды**

Таблицанын маалыматтары боюнча түзүм бир маанилүү мүнөздө эмес. Ошого карабастан РЭК тердин баарынын жана НЭСК ААК нун көрсөткүчтөрү оң тараптуу тенденцияга ээ экендигин белгилей кетүү керек, булардагы өсүүнүн орточо жылдык темпи тиешелүү түрдө 115,6% ды жана 111,0%ды түзүшөт. ЭС ААК у боюнча өсүү темпи бир тектүү эмес, башкача айтканда 2013-жылда өсүү темпи кескин жогорулоону көрсотсө, мунун натыйжасында кийинки мезгилдерде темптин кескин төмөндөөгө кеткен. Ошого карабастан каралып жаткан мезгилдердеги орточо жылдык өсүү темпи 104,3%ды түзгөн, бул оң тараптуу динамика.

Бул маселени деталдуураак окуп-үйрөнүү, пайдадан алынган сарптоолор энергетика тармагындагы инновациялык жагдайга канчалык таасир бергенин билүү үчүн, биздин оюбузча, пайдадан алынган сарптоолордун динамикасын корреляциялык талдоо ыкмаларын колдонуу менен энергетика компанияларындагы эсептин маалыматтары боюнча алынган электр энергиясынын жалпы жоготууларынын динамикасы менен салыштырмалуу талдоону жүргүзүү зарыл. Мында энергетика компанияларындагы электр энергиясын жалпы жоготуулардын динамикасы төмөнкү абалда (3.4-таблица).

**3.4-таблица – Энергетика компанияларындагы жалпы жоготуулардын динамикасы (иштеп чыгаруу – келип түшүүлөрдүн көлөмүнө карата % менен)**

| Энергетика компаниялары | 2014-жыл | 2015-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. «Электр станциялары» ААК | 0,37 | 0,38 | 0,38 | 0,3 | 0,32 | 0,34 | 0,37 |
| 2. «Кыргызстандын улуттук электр тармагы” ААК | 6,96 | 5,73 | 5,17 | 5,3 | 5,72 | 5,88 | 6,23 |
| 3. РЭК тер – бардыгы: | 31,4 | 25,7 | 27,8 | 21,7 | 20,8 | 17,9 | 16,5 |
| Анын ичинде: | | | | | | | |
| “Түндүк электро” ААК | 32,0 | 25,3 | 25,2 | 23,4 | 22,0 | 18,4 | 16,0 |
| “Чыгыш электро”ААК | 32,7 | 25,9 | 31,1 | 23,7 | 22,6 | 19,5 | 17,5 |
| “Ош электро” ААК | 30,8 | 25,8 | 26,5 | 19,9 | 19,5 | 16,8 | 16,5 |
| “Жалал-Абад электро” ААК | 30,1 | 25,7 | 28,6 | 19,7 | 19,3 | 16,3 | 17,5 |

**Автор тарабынан КРнын УСК нын материалдары боюнча аткарылды**

Мында пайдадан болгон сарптоолордун өзгөрүүсүн (көбойүүсүн же азаюусун) эсепке алуу жалпы жоготуулардын деңгээлинде дээрлик чагылбай жаткандыгын белилей кетүү керек. Ошондой эле жалпы жоготуулардын негизги үлүшүн техникалык жоготуулар түзгөндүгүн да белгилей кетүү керек.

Бүгүнкү күндөгү аракеттеги энергиялык жабдуулардын жана керектөөнүн түзүмүндө бөлүштүрүүчү компанияларда техникалык жоготуулардын деңгээли практикалык түрдө 16% дан кем боло албай турганына да көңүл буруу керек. Практика көрсөткөндөй, күзгү- кызкы мезгилдерде трансформатордук подстанциядан чыккан фидердеги номиналдык чыңалуу 220 Вольт болгон учурда акыркы үй-тиричилигидеги керектөөдөгү чыңалуу 185 Вольттун жака белинде болуп жатат. Демек электр энергиясын трансформатордон керектөөчүгө чейин жеткирүүнүн технологиялык жараянындагы жоготуулар МЭП ке томөнкү схема боюнча эсептелинет:

**((220-185) / 220) x 100% )=16%**

Ушул технологиялык жараян дал ушул техникалык жоготуулар болуп саналышат. Экономикалык өз караштан алганда электр энергиясын жоготууларын 1%га азайтканда компаниянын кошумча кирешеси 60,6 млн. сомду түзөт, Муну эсептөө төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

**1 % = (86,5млн. кВт.саат** x **0,7сом)= 60,6 млн. сом.**

Эсепти жүргүзүү коммерциялык жоготуулар – электр энергиясын атайылап уурдоо жана энергия компанияларындагы сатуу ишмердүүлүгүнүн кемчилдиктери менен байланышкан электр энергиясынын жетишпеген колөмү.

Бул жоготуулар бир нече түзүүчүлөрдү өз ичине камтыйт:

- *счетторду берүүдөгү жоготуулар;*
- *эсептегич счетчиктердин көрсөткүчтөрүн алуунун датасынын эсептөө мезгили менен дал келбегендиги;*
- *абонент тарабынан керектелген электр энергиясын эсепке алынуучу электр керектөөсүз келишимдердин негизинде эсептөө;*
- *эсепке алынбаган керектөөчүлөрдүн бар экендиги;*
- *электр энергиясын уурдоодон болгон жоготуулар.*

Счетторду берүүдөгү жоготуулар төмөнкүлөр менен шартталган:

- *электр энергиясын керектөөчүлөр жөнүндөгү маалыматтардын*

*так эместиги;*

- *счетторду берүүдө кетирилген катачылыктар.*

Эсептегич счетчиктердин көрсөткүчтөрүн алуу датасынын эсеп мезгили менен дал келбөөсү керектөөчүлөрдүн санынын көптүгү менен, персонал (контролерлор, электромонтерлор) менен жеткиликтүү комплекттелбегендиги, ошондой электр энергиясын эсепке алуунун автоматташтырылган тутумун өтө чектүү колдонуу менен байланышкан. Бул көптөгөн керектөөчүлөрдүн счетчиктеринин көрсөткүчтөрү эсептик мезгилден мурда алынуусуна же керектөөчүнүн өзү аркылуу берилүүсүнө алып келет. Бул нерсе электр энергиясын пайдалуу берүүнүн отчеттук көрсөткүчүнүн төмөндөөсүнө жана натыйжа катары отчеттук коммерциялык жоготуулардын көбөйүүсүнө алып келүүдө. Өзгөчө бул счетчиктин көрсөткүчтөрү керектөөчүнүн өзү тарабынан алынган учурлар үчүн мүнөздүү, бул нерсе керектөочүлөргө керектөөсүн азайтууга жана төлөмдөрдү кийинчерээк төлөөсүнө мүмкүнчүлүк берет.

Абонент тарабынан керектелген электр энергиясын эсепке алынбаган электр керектөөнүн келишимдеринин негизинде эсептөө көбүнчө абоненттерде электр энергиясынын эсебин алуучу приборлордун жоктугу менен байланышкан, мунун натыйжасында керектөөну аныктоо эсептик жол менен ишке ашырылып, пайдалуу берүүнүн жана натыйжа катары, коммерциялык жоготуулардын көлөмү бурмаланат.

Электр энергиясынын эсепке алынбаган керектөөчүлөрдүн бар болуусу менен шартталган коммерциялык жоготуулары өлкөдөгү апааттык кубулуштар менен, анын ичинде экономикалык өзгөртүп түзүүлөрдүн жүрүшүндө жаңы чарба жүргүзүүчү субъекттердин пайда болуусу менен байланышкан. Натыйжа катары акыркы жылдарда кайсыдыр бир уюмдун балансында турбаган турак жай үйлөрү, жатаканалар, бүтүндөй бир кичи райондор пайда болушту жана көп убакыттан бери жашап келе жатышат. Бул үйлөргө берилип жаткан электр энергиясы алардагы жашоочулар эч кимге төлөбөй келишет. Энергия компанияларынын төлөбөгөндөрдү токтон үзүүгө

болгон аракети натыйжа бербей келет, себеби жашоочулар кайрадан эле өз алдынча уланып алышат. Мындай үйлөрдүн электр жабдуулары квалификациялуу уюмдар тарабынан көбүнчө тейленбейт жана алардын техникалык абалы авариялар менен коркунучтуу болуп, жарандардын өмүрүнө жана мүлктөрүнө болгон коопсуздукту камсыз кылбайт.

Керектөөчүлөрдүн мыйзамсыз уланып алуусу жана эсепке алуу шаймандары менен болгон митаамчылык менен байланышкан электр энергиясын уурдоодон болгон жоготуулар “коммерциялык жоготууларды” өзгөчө олуттуу түзүүчүлөрүнүн бири, ал дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөгү энергетиктердин кам көрүүсүнүн предмети болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын энергетика секторунун бөлүштүрүүчү компанияларындагы бухгалтердик эсепти уюштуруу энергетика секторунун РЭК теринин акыркы бир нече жылдардагы негизги көрсөткүчтөрүнүн маанилерин эсептөө зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрөт (3.5-таблица).

**3.5-таблица – РЭК тердин техника-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн динамикасы (баары, млн. сом)**

| РЭК тердин техника-экономикалык көрсөткүчтөрү | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Товардык продукция | 4582,5 | 4931,8 | 6472,6 | 7116,8 | 7682,9 | 7998,3 | 9392,5 |
| 2. Бөлүштүрүүнүн өздүк наркы | 4204,4 | 3289,9 | 4111,5 | 2772,2 | 3282,6 | 4170.3 | 6101.7 |
| 3. Сарптоолордун суммасы | 4292,8 | 4990,7 | 6613,7 | 7179,6 | 7987,6 | 9105,5 | 10698,6 |
| 4. Бөлүштүрүүдөгү жалпы пайда | 583,1 | 267,0 | 220,7 | -140,9 | 633,8 | 1,4 | 225,7 |
| 5. Пайдадан алынган сарптоолор | 293,4 | 326,0 | 361,8 | 487,2 | 938,6 | 910,9 | 1615,2 |
| 6. Амортизациялык чегерүүлөр | 181,0 | 216,2 | 252,5 | 271,6 | 294,6 | 964,4 | 1041,2 |
| 7. Бөлүштүрүүдөгү таза пайда | -18,4 | 511,1 | 712,1 | -234,4 | 529,4 | -1173,9 | -1039,9 |
| 8. Өздүк капитал | 1683,7 | 621,1 | 720,3 | 880,1 | 1290,9 | 9392,5 | 9445,1 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9. Негизги фонддордун наркы | 2865,4 | 2930,6 | 2559,9 | 3344,6 | 3822,7 | 13822,8 | 14361,9 |

**Автор тарабынан КР нын РЭК теринин материалдары боюнча аткарылды.**

## 3.2 Токтогул суу сактагычынын алкагында Нарын каскаданы иштеп чыгарган электр энергиясына болгон сарптоолордун түзүмүн моделдөөнүн базасында оптималдаштыруу.

Энергетика тармагындагы экономикалык башкаруу тутумдун абалын жана өнүгүүсүн изилдөө электр энергиясынын өздүк наркынын түзүмү божомолдонуп жаткан мезгил ичиндеги экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн анык маселелерине жана өзгөчөлүктөрүнө ылайык максаттуу түрдө өркүндөп жатат. Экономикалык өнүгүүнүн ар бир этабындагы түзүмдүк өзгөрүүлөрдү окуп-үйрөнүү, божомолдоо жана ишканалардагы негизги пропорцияларды орнотуу боюнча иштер эсептөөнүн усулдарын өркүндөтүүнү гана эмес, бул көйгөйдүн жаңы шарттарда колдонулуусун окуп-үйрөнүүнү, чарбалык пландоо үчүн сунуштамаларды иштеп чыгууну да талап кылат. Мындай божомолдор макроэкономикалык божомолдор менен биргеликте ишкананын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги параметрлерин жакшыраак макулдашууну камсыз кылат.

Ишкананын өнүгүүсүнүн божомолун иштеп чыгуунун удаалаштыгы божомолдоонун горизонтунан, экономикалык ишмердүүлүктүн өнүгүүсүнүн ббаштапкы шарттарынан ж.б. көз каранды. Бүтүндөй алганда божомолду түзүү жараяны итеративдүү мүнөзгө ээ. Дал ушул итеративдүү божомол ишкананын өнүгүүсүнүн эң маанилүү багыттарын бөлүп көрсөтүүгө мумкүнчүлүк берет.

Экономикалык божомолдоонун түзүмү божомолдоо горизонту менен да аныкталат. Түрдүү узактыктагы божмолдордун мазмуну бирдей болуусу мумкүн эмес, себеби түрдүү жараяндар түрдүү туруктуулукка, болуп өтүү ылдамдыгына жана убакыттык циклдарга ээ. Алсак, кыска мөөнөттүү

божомол өз ичине акча агымынын кыймылынын, электр энергиясынын өздүк наркынын түзүмүнүн, тартылган булактардын ж.у.с. эсебин камтыйт, булар узак мөөнөттүү божмолдун объекттери боло алышпайт.

Каалагандай эле божомол колдо бар маалыматтардан куралат. Мындагы маалыматтарды тандап алууга, түрдүү элементтердин өз ара байланышын аныктоого болгон ыктоолор кыска, орто жана узак мөөнөттүү эсептөөлөрдө түрдүүчө болушат. Жакынкы келечек жөнүндөгү элестөөлөр узак мөөнөттүү өнүгүүнүн максаттарынан жана милдеттеринен келип чыгуу менен анығыраак келечектин көз карашынан каралуусу керек. Практикалык түрдө бул жобо кыска, орто жана узак мөөнөттүү божомолдорду бир убакта иштеп чыгууда жана алардын үзгүлтүксүз түзөтүүдө ишке ашырылат.

Токтогул суу сактагычынын алкагында ишкананын экономикалык өсүүсүнүн темптерин жана факторлорун божомолдоо ишкананын негизги функционалдык элементтерге карата болгон кирешесинин (же акыркы продукттун) динамикасын, бул динамиканы аныктоочу өндүрүштүк ресурстарын жана пайданын бөлүштүрүлүүсүн чагылдырат.

Экономикалык божомол электр энергиясынын өздүк наркынын келечегин иштеп чыгуудагы алгачкы кадам болуп саналат. Экономикалык божомолдоо бүтүндөй ишкананын жана анын айрым бөлүмдөрүнүн өнүгүүсүнүн илимий гипотезасын иштеп чыгууга, факторлордун динамикасын жана өз арар аракеттерин издеп табууга мүмкүнчүлүк берүү менен жөнөкөй эле алдын ала билүү болуп саналбайт. Экономикалык божомолдоо моделдеринин тутуму экономикалык мыйзамдардын аракетин жана алардын божомолдонуучу мезгилден мурунку базистик мезгилдеги иштөө механизмин, ошондой эле эң маанилүү тармактардын өнүгүүсүнүн, өндүрүп чыгаруунун темптеринин жана пропорцияларынын, ишкананын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн узак мөөнөттүү божомолун негиздөө максатындагы техникалык прогресстин негизги багыттарын илимий божомолдоонун жаңыдан аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрүн окуп үйрөнүүгө жана эсепке алууга негизделет. Мында орто жана узак мөөнөттүү

келечектеги экономикалык божомол өзүнүн курулуу усулу боюнча айырмаланаарын көздө тутуу керек. Узак мөөнөттүү божомолдо божомолдоонун илимий-техникалык натыйжаларын жалпылоого, электр энергиясынын өздүк баасынын көлөмүн аныктоонун ченемдик ыкмаларына чоң көңүл бурулат. Божомолдун негизги түзүүчүсү болуп өндүрүштүк ресурстарды келечектүү эсептөө саналат. Ресурстардын божомолу болочок экономикалык өнүгүүнүн чектөөлөрүн да, илимий-техникалык прогресстин жана социалдык саясаттын багыттарын болгон талаптарды да аныктоого мүмкүндүк берет. Ишкананын өндүрүштүк ресурстарын рационалдуу пайдалануу биринчи кезекте алардын натыйжалуулугун жогорулатууда турат. Ошону менен бирге ресурстарды кайра өндүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн өздөрү маанилүү өлчөмдө рационалдаштыруу маселелеринин жана көйгөйлөрүнүн негизги мазмунун, электр энергиясынын өздүк наркынын божомолун түзүүнүн түзүмүн жана тартибин аныкташат.

Жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн багытынан көз каранды түрдө божомолдоого болгон эки жалпы ыктоону – генетикалык жана максаттуу ыктоолорду бөлүп кароо кабыл алынган. Генетикалык божомолдоо – изилденип жаткан объекттин анын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү учурдагы элестөөлөргө негизделген болчоктогу абалын көрө билүү. Мындай ыктоодо божомол ишкананын өнүгүүсүнүн аныкталган тенденцияларынан келип чыгуу менен түзүлөт. Максаттуу ыктоо адатта объекттин алдын ала коюлган максаттарга жетүү үчүн болгон аракетинин тигил же бул шарттарына таасир берүүнүн рационалдуу жоолдорун издеп табуу катары мүнөздөлөт. Бул учурда божомолдук изилдөө келечектен бүгүнкү күнгө карай багытта жүргүзүлөт: өнүгүүнүн жетүүгө ниеттелген натыйжаларынан келип чыгуу менен аларды алуунун каражаттары божомолдонот.

Божомолдоого болгон генетикалык ыктоодо божомолдоону өткөн мезгилдин көз карандылыктары келечекте да өздөрүнүн маанилерин сактай тургандыгынан келип чыгуу менен жүргүзүшөт. Бул ыкмалар анык бир

инерттүүлүк менен байланышкан экономикалык жараяндардын параметрлеринин белгилүү туруктуулугу жөнүндөгү ойлорго негизделген.

Божомолдоого болгон мындай ыктоонун күчү көрсөтүлгөн тенденцияларды математикалык жактан так айтуу жана өз ара шартташкан көрсөткүчтөрдүн арасындагы байланыштын тыгыздыгын табуу мүмкүнчүлүгүндө турат.

Божомолдонуучу мезгилди узартуу инерцияны жана өнүгүүнүн орноп калган тенденцияларынын таасирин алсыздандырат, башкаруучу звено экономикалык өнүгүүнүн багыттарын олуттуу өзгөртүү ишинде ээ болгон эркиндик даражасын жогорулатат. Ошондуктан божомолдоодо максаттуу божомол элементтери күчөтүлүүсү мүмкүн. Алсак, ишканада мүмкүн болгон өнүгүүнүн көп багыттары бар, бирок ишкана ресурстардын чектелгендигинин айынан өнүгүүнүн өзгөчө натыйжалуу багыты боюнча барууга мажбур. Ушундан улам максаттуу ыктоо өнүгүүнүн анык бир мыйзамдарын басаңдатуучу же ишке ашыруучу тенденцияларды узак мөөнөттүү божомолдордо алардын таасирин тескөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн издеп табууда колдонулуусу мумкүн.

Ошентип, максаттуу ыктоодо божомолдор өткөн жана азыркы мезгилди окуп-үйрөнүүнүн негизинде түптөлүшөт. Божомолдоодогу эң жакшы ыкма болуп эки ыктоонун экөөсүн тең рационалдуу айкалыштыруу саналат. Мындай айкалыштырууга божомолдордун варианттуулугу жолу менен жетишүүгө мүмкүн, бул учурда көп сандагы варианттардын арасынан, бир тараптан, социалдык-экономикалык максат тарабынан божомолдонуучу мезгилге берилген жалпы экономикалык параметрлерге жетишүүгө зарыл болгон вариантын, экинчи тараптан – ресурстар менен камсыздоочу вариантын тандап алуу зарыл.

Божомолдорду иштеп чыгуу практикасында божомолдоонун экстраполяция, эксперттик баалар, моделдөө ыкмалары кеңири колдонулат.

Экстраполяция ыкмасы электр энергиясынын өздүк баасын божомолдоодо, ресурстук ж.б. чектөөлөрдү табууда, келечектин азыркы учур

жана өткөн убак менен болгон байланыштарын, өнүгүүнүн натыйжалары менен факторлорунун арасындагы бир тараптуу байланыштарды аныктоодо алмашылгыс болуп саналат. Экстраполяция маалыматтарды иштетүү үчүн анча татаал эмес куралды талап кылып, бир эле убакта божомолдоонун ыкмасы болуп да, божомолдоо объекти жөнүндөгү баштапкы маалыматтарды чогултуунун жолу болуп да кызмат кылат. Бул ыкманын жетишпеген жактары да бар, тактап айтканда: ал сызыктуу-бир жактуу байланыштарды гана чагылдырат; анын жардамы менен турукташып калган жана убакытта жана мейкиндикте уланып жаткан жараяндар жана аларга тиешелүү тенденциялар гана божомолдонот; бул ыкма узак мөөнөттүү божомолдоого анча жарай бербейт.

Эксперттик баалар ыкмасы божомолдоо объектин формалдаштырылбаган сапаттык талдоодо, гипотезаны жана келечектин мүмкүн болгон үлгүлөрүн алга сүрүүдө, өнүгүүнүн максаттарын жана милдеттерин орнотууда, узак мөөнөттүү келечектерди жана ишке түшө албаган, башталып жаткан жараяндарды божомолдоодо алмашылгыс болуп саналат. Бул ыкманын жетишпеген жагы – эксперт-адистер тарабынан келечектерди субъективдүү баалоодо ката кетирүү мүмкүнчүлүгү, маалыматтарды иштетүүдө формалдаштыруунун кыйынчылыгы. Бул ыкмада дагы колдонулуп жаткан куралдардын жакырдануусу жана эксперттерди тандоонун кыйынчылыгы да байкалат.

Моделдөө ыкмасы көбүрөөк келечектүү болуп саналат, ал өнүгүүнүн натыйжалары менен факторлорунун арасындагы көп тараптуу себептик байланыштарды статистикалык маалыматтарды математикалык кайра иштетүүнүн негизинде чагылдырат. Моделдөө божомолдоо объектинин үзгүлтүксүз жана секирик түрүндөгү өнүгүүсүн эсепке алууга, божомолдоо объектинин өзгөрүлмөлөрүнүн себептик шартталуучулугуна түрдүү даражадагы функционалдык, чекиттик жана стохастикалык, интервалдык баалого мүмкүнчүлүк берет, аны туруп калган да, жаңыдан башталып жаткан да жараяндарды божомолдоодо колдонууга болот. Ошол эле учурда

математикалык аппараттын чектен сырткары татаалдыгы, маалыматтарды иштетүүдө заманбап, кубаттуу ЭЭМдерди колдонуунун зарылчылыгы, баштапкы статистикалык маалыматтын санына жана сапатына коюлган чектен артыкча талаптар көп учурда аны изилдөөчүлөр тарабынан кеңири колдонулуусун кыйындатат. Бул ыкманын жетишпеген жагы болуп божомолдоо объектин формалдаштырылбаган сапаттык талдоонун мүмкүнчүлүктөрүн эсепке албагандыгы саналат.

Моделдөө түздөн-түз байкоого жана эксперименттөөгө толук кандуу жеткиликтүү болбогон объекттерди изилдөөдө өзгөчө мааниге ээ болот. Мындайга ишкананын өздүк наркы кирет. Математикалык моделдерде символдор (тамгалар, цифралар, математикалык белгилер) жана алардын удаалаштыктары (формулалар, теңдемелер, барабарсыздыктар) колдонулат, алардын жардамында түпкү нусканын изилденип жаткан касиеттери жазылат.

Экономикалык жараяндарды окуп-үйрөнүүдө натыйжалуу куралдын ролуна талапкер болгон математикалык модель (экономика-математикалык модель) төмөнкү жалпы талаптарга жооп берүүсү керек: а) экономикалык теориянын базасында тургузулуусу жана жараяндардын объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн чагылдыруусу; б) өздүк нарктын функциясын жана түзүмүн туура чагылдыруусу; в) анык бир математикалык шарттарды (чечилүүчүлүгү, өлчөмдүүлүктөрдүн макулдашылганды ж.у.с.) канааттандыруусу.

Биздин талаптарга божомолдоонун айрым ыкмалары канчалык ылайык келээринен коз карандысыз түрдө божомолдоо ыкмаларын тандоодогу негизги жана аныктоочу принцип болуп божомолдоо ыкмаларынын колдо бар арсеналын комплекстүү пайдалануу, туура айкалыштыруу принциби калуусу керек. Мындай ыктоонун максаты болуп баштапкы гипотезаларды ишке ашыруу тажрыйбаларынын жыйналуусуна жараша анык формага келе турган божомолдоонун өнүгүп (такталып) жаткан варианттарын алуу саналат.

Божомолдоо ишкананын ишмердүүлүгүнүн бардык областтарындагы теория менен практиканын арасындагы маанилүү байланыштыруучу звено болуп саналат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, божомолдоонун көйгөйүндө эки аспектти: теориялык-таанып билүүчүлүк жана башкаруучулук аспекттерин ажыратышат, алар башкаруучулук чечимдер боюнча алынган билимдин негизинде кабыл алуу мүмкүнчүлүгү менен байланышкан. Өздүк наркты божомолдоонун маанилүү багыттарынын бири болуп экономикалык божомолдоо саналат. Экономикалык божомолдоо – өзүнүн объекти катары ишкананын калыптануу жана өнүгүү жараянын караган, ал эми предмети - болуп иштеп жаткан экономикалык объекттердин келечектеги мүмкүн болгон абалын таанып билүү, экономикалык божомолдорду иштеп чыгуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана жолдорун изилдөө саналган илимий экономикалык дисциплина.

Экономикалык божомолдоону өркүндөтүүдөгү, иштелип чыгып жаткан божомолдордун ишенимдүүлүгүн жогорулатуудагы маанилүү роль каалагандай жаратылыштагы объекттердин өнүгүүсүнүн божомолдорун иштеп чыгуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана жолдорун окуп-үйрөнүүчү колдонмо илимий дисциплинага – божомолдоо илимине, анын ичинде анын экономикалык божомолдоо сыяктуу тармагына тиешелүү. Ошентип, чарба жүргүзүүнүн заманбап шарттары божомолдоонун фронтун максималдуу кеңейтүүнү, божомолдорду иштеп чыгуунун методологиясын жана усулун андан ары өркүндөтүүнү талап кылат. Ишкананын түптөлүү жана өнүгүү жараяндарын божомолдоонун деңгээли канчалык жогору болсо, ишканаларда бул жараяндарды пландоо жана башкаруу ошончолук натыйжалуурак болот.

Электр энергиясынын өздүк наркынын божомолдорун иштеп чыгууда анык бир принциптерди кармануу керек.

*Божомолдоонун тутумдуулук принциби* божомолдордун божомолдонуучу тутумдун ар бир элементинин мазмунуна ылайык келүүсүн жана бир эле убакта болчок мезгилдеги бирдиктүү көрүнуштү алууну

билдирет. Бул принципти сактоо ишкананын өнүгүү келечегин макулдашууда өзгөчө маанилүү.

*Божомолдоонун макулдашуучулук принциби* өздүк нарктын божомолдорун ишкананын өнүгүүсү жана башкаруучулук чечимди кабыл алуу менен мекулдашууну талап кылат.

*Божомолдоонун варианттуулук принциби* жумушчу гипотезанын өзгөчөлүктөрүнөн жана максаттын коюлуусунан келип чыгуу менен божомолдун варианттарын иштеп чыгууну талап кылат. Бул принципти практикалык ишке ашыруунун негизги көйгөйү өнүгүүнүн божомолдонуп жаткан шарттарында ишке ашырылбай турган варианттардын ичинен чыныгы, аткарууга мүмкүн болгон варианттарды аныктоодо турат.

*Божомолдоонун үзгүлтүксүздүк принциби* божомолдорду божомолдоо объекти жөнүндөгү жаңы маалыматтардын келип түшүүсүндө зарылчылыкка жараша түзөтүүнү талап кылат.

*Адекваттуулук принциби* теориялык моделдин туруктуу жана маанилүү мыйзам ченемдүүлүктөргө максималдуу жакындаштырууну билдирет. Ал ишкананын абалын жана өнүгүүсүн, б.а. аракеттеги тенденцияларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана алардан мүмкүн болгон четтөөлөрдү баалоонун зарылдыгын, четтөөлөрдүн мумкүн болгон чектерин аныктоону же бөлүнүп алынган тенденцияны ишке ашыруу ыктымалдуулугунун даражасын баалоону көздө тутат.

Ишканалардын көрсоткүчтөрүн божомолдоону иштеп чыгууда жогоруда белгиленген принциптерди колдонуу алардын сапатын жогорулатып, алардын чындыгын камсыз кылат.

Экономика-математикалык моделдөө электр энергиясына болгон сарптоолорду оптималдаштыруунун жана маалыматтар базасында жүргүзүлгөн экономикалык талдоону жүргүзүүнүн маанилүү куралы болуп саналат. Сарптоолорду экономика-математикалык талдоону жүргүзүүнүн зарылчылыгы өздүк нарктын түзүмүн оптималдаштыруу боюнча көйгөйдү чечүүгө арналган.

Экономика-математикалык моделдер төмөнкү моделдерден турат: статистикалык, баланстык же оптималдуулук, бул акыркысы детерминацияланган жана стохастикалык моделдерден турат. Бирок, моделдердин тутумун куруу үчүн мындай топтоштуруу жетишсиз. Экономика-математикалык моделдин маанилүү белгилеринин жыйындысын чагылдыруучу көп аспекттүү классификация зарыл.

Электр энергиясынын өздүк наркынын түзүмүн оптималдаштыруу маселесин экономика-математикалык ыкма менен чечип жатып, негизги сарптоолордун курамын жана өлчөмүн аныктайбыз. Өздүк нарктын түзүмүн оптималдаштыруунун экономика-математикалык модели бир катар түрдүү экономика-математикалык маселелерди ишкананын деңгээлинде да, анын бөлүмдөрүнүн деңгээлинде да чече алат. Мындай модель, мисалы, оптималдуу адистештирүү жана инновациялык өндүрүш сыяктуу бир катар маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берет. Оптималдаштыруу моделин милдеттенмелердин түзүмү, негизги каражаттарды оптималдуу пайдалануу, оптималдуу өздүк капиталды эсептөө ж.б. түзөт.

Изилденип жаткан ишкананын активдерин түптөөнүн булактарынын көлөмү төмөнкү таблицада чагылдырылган.

Экстраполяция методун иш жүзүндө кандайча колдонула тургандыгын төмөндөгү жөнөкөйлөштүрүлгөн мисал аркылуу бышыктап көрсөтүү ылайыктуу. Айталык, белгилүү товар чыгаруу чакан фирма базар алкагындагы оордун табууну узаак мөөнөткө пландаштырды дейлик. Анда иштегендер эң башында бектеген базарды иликтөөгө киришет. Дагы андан ары карай жумушун улантат. Тиешелүү убакыт өткөндө адистер сатык көлөмүн иликтөөсүн аяктайт. Мунун соңунда алар тандалган базарда келечекте сатык ишинин канчасын ийгиликтүү экендигин божомолдойт. Ушундан кийин базарды иликтөө жана айлана чөйрөнүн өзгөчөлүгү камтылат ушулардын толук жыйындысы эсктраполяция методунун үзүрүн көргөзөт.

Методдун мындай түрүн колдонулуп даярдалган жумуштун жыйынтыгы негизинен оң натыйжа берет. Албетте, иликтөө иштерин тажыйрбасын жетиштүү адамдар жүргүзүүсү талап кылынат. Анткени, иштин көзүн жеткиликтүү билген адистер чогултулган маалыматтарды илимий негизде бир нукка салып, келечекте тиги же бул фирманы базар алкагында кандай жагдай күтө тургандыгын так, айкын аныктоого жетишет. Ушул эле методду энергетика тармагындагы бизнестин Кыргызстандагы өнүгүү келечегин башкы багыттарынын көрсөткүчтөрүн дагы аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Модель түзүү ыкмасын колдонуу божомолдоо ишинде тигил же бул өндүрүштүн статистикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүлүшүн аныктоого, бышыктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Жумушту аткарууда божомолдоого байланыштуу көптөгөн чиймелер, графиктер даярдалат. Бул үчүн маалымат арбын талап кылынат. Бул метод көпчүлүк учурда көзөмөлдөө жана экстропаляция ыкмалары менен эриш-аркактыкта жүргүзүлөт. Анткени статистикалык материалдарды ишти аткарууга пайдаланууга чейин талдоодон толук өткөрүп туруп, соңунан божомолдоону негиздөөгө керектелет. Ошону менен бир катарда, тактап айтсак энергетика тармагындагы ишканалардын регионалдык экономикага тийгизген таасири аларды натыйжалуулугун өлчөө көрсөткүчтөрүнүн аныкталышы ж.б. суроолор биздин илимпоздордун жумуштарында жетишсиз денгээлде каралган. Ал эми энергетика тармагындагы ишканалардын экономикалык башкаруусунун механизмдери, ыкмалары, кээ бир көрсөткүчтөрү, мисалы, статистикада чарба отчетторунда энергетика тармагындагы ишканалардын экономикалык натыйжалуулугунун эң негизги көрсөткүчтөрүнүн бири аталган эмгектин өндүрүмдүүлүгү көрсөткүчү изилденбей жана каралбай, таптакыр жоголуп кетүү денгээлинде турат. Ошондой шартта энергетика тармагындагы ишканалардын ишин оптимизациялоо маселеси биринчи орунга чыгышы шексиз. Энергетика тармагындагы ишканаларды башкарууда моделдик же моделирование ыкмалары менен иш алып баруунун методологиялык негиздери диссертациялык жумуштун бир багыты болуп

саналат жана аны баалоо боюнча иш-чараны 3 багыт боюнча ишке ашыруу сунушталган: 1) энергетика тармагындагы  ишканалаорды башкаруунун методологиясын иштеп чыгуу; 2) башкаруу системасынын элементтерин модель жолу менен аныктоо; 3) компьютердин жардамы менен маалыматтардын моделин тузуу.  Илимде моделдин алдынкы ыкмалары тизмегинде башкаруу системасын иштеп чыгуу жолу кенири колдонулат. Диссертацияда Токтогул суу сактагычынын алкагында энергетика тармагындагы  ишканаларынын акыркы 5 жылдык ишин оптимизациялык абалын аныктаганбыз. Аны 3.6  таблицанын маалыматында чагылдырганбыз:

.

**Таблица  3.6**

| | 2016 | 2017 | 2017 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы боюнча | | | | | |
| Энергетика тармагындагы ишканалардын иштеп чыккан продукциясы, млн.сом | 695,8 | 921,7 | 1138,6 | 1301,3 | 1204,6 |

Ушул маалыматтар чагылдырып тургандай, республика боюнча энергетика тармагындагы  ишканалар иштеп чыккан продукциялар 2020 жылы, 2016 жылга салыштырмалуу  1,7 эсеге ашкан, же  73,3%. Дагы бир тенденция катары энергетика тармагындагы  ишканалардын көлөмү улам өскөн сайын алар орто бизнеске айланат да, анда жогорудагы көрсөткүчтөр башка түрдө да болушу мүмкүн. Мисал катары төмөнкүлөрдү айтсак болот: 2020-жылы продукциянын энергетика тармагындагы  бизнестин үлүшү 32,5%; 23,6%; 14,3%; 7,3%, болгон.

Таблицадагы маалыматтарды пайдаланып мейкиндиктеги чекиттерди белгилесек о, х, t,  чекиттер ($x_{1i}$,$t_i$),  алардын маанилеринин кесилишин логарифмалык функциясы мындай болот: $x_i$=alnx+b  жаны белгилерди кийирсек x=$ln_{[}$,  ошондо, акыркы тендеме бир сызык менен жатса  х=ах+в , анда тендеме:

$x_1$ =700,27+367,76 Lnt   болот          (1)

Ошол тендеменин маанилерин ордуна койсок:

$\hat{X}_{1р(2016)}$ =700,27;   $\hat{X}_{1р(2017)}$=955,1818;   $\hat{X}_{1р(2018)}$=1104,296;

$\hat{X}_{1р(2019)}$=1210,094:   $\hat{X}_{1р(2020)}$=1292,157          (2)

7 таблицадагы $x_{1Ф}$ – тин маанисин аныктап $x_{1Р}$, маанисин ордуна койсок жана аппроксимациянын каталыгын эске алып,

$$\text{E} = \frac{1}{n}\sum\frac{\left[x_{1Ф} - \widehat{x_{1р}}\right]}{x_{1Ф}} * 100\% = \frac{1}{5}(0{,}006424 + 0{,}036326 + 0{,}03012853 + 0{,}070089 + 0{,}072685) * 100\% = 4{,}31\%$$

Регрессиянын тендемеси менен байланышын тапсак:

$$\wp_{tx1} = \sqrt{1 - 1\frac{\sigma^2_{\text{ост}}}{\sigma^2_{\text{x1}}}} \qquad (3)$$

где $\sigma^2_{\text{x1}} = \frac{1}{n}\sum(x_{1Ф} - \overline{x_1}\ )^2$ – жалпы дисперсиянын жыйынтыгы, $x_{1Ф}$, где $\overline{x_1}$ = 1052,4

$\sigma^2_{\text{x1}} = \frac{1}{n}\sum(x_{1Ф} - \hat{x}_1)^2$ – жалпы дисперсия. Ушул формулалардын негизинде:

$$\sigma^2_{\text{x1}} = \frac{1}{5}(127163{,}56 + 17082{,}49 + 7430{,}44 + 61951{,}21 + 23164{,}84) = 47358{,}508$$

$$\sigma^2_{\text{ост}} = \frac{1}{5}(19{,}98{,}9 + 1121{,}0309 + 1176{,}787743 + 8318{,}5344 + 766{,}22825) = 2127{,}2668$$

Анда $\wp_{tx1}$ аныктасак:

$$\wp_{tx1} = \sqrt{1 - \frac{2127{,}2668}{47358{,}508}} = \sqrt{0{,}955} = 0{,}98$$

Аныкталган эсептоолордун негизинде республика боюнча энергетика тармагындагы ишканалардын жалпы чыгарган продукциясынын долбоорлоо багытында:

$x_{1пр(2021)}$=1359,207 (млн.сом), $x_{1пр(2022)}$=1415,898 (млн.,сом),
$x_{1пр(2023)}$=1465,005 (млн.сом), $x_{1пр(2024)}$=1508,321 (млн.,сом) (5)

Ошентип 2025жылы 2016 жылга салыштырмалуу 2,2 эсе, же 222,6%. Өсүү божомолдонууда. Ушул маалыматтарды бир нукка салган кезде, төмөндөгүдөй таблица болот:

**Таблица 3.7 (млн.сом)**

| годы | Продукция чыгаруу (божомол) | Ишеним интервалы | |
|---|---|---|---|
| | | ылдыйкы | жогорку |
| 2021 | 1359,207 | 1300,624 | 1417,789 |
| 2022 | 1415,898 | 1354,873 | 1476,923 |
| 2023 | 1465,005 | 1401,865 | 1528,147 |
| 2024 | 1508,321 | 1443,326 | 1573,321 |
| 2025 | 1547,069 | 1480,389 | 1613,748 |

Таблица көрсөткөндөй дээрлик бардык жылдарда энергетика тармагындагы ишканалардын жалпы продукциясын өндүрүү изилденген мезгилдин ичинде, б.а. 2021-2025 жылдары өскөн.

Биздин диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөтүп жаткандай, Токтогул суу сактагычынын алкагында айыл чарбасын натыйжалуу тармакка айландырууда энергетика тармагындагы ишканалардын ролу жана орду эбегейсиз. Ошондой эле кызмат көрсөтүү жана социалдык тармактардын экономикалык багыттарын башкарууда энергетика тармагындагы ишканаларды уюштуруу маанилүү роль ойноодо. Ушул эле учурда энергетика тармагындагы ишканалардын ишмердүүлүгүн эффективдүү уюштурууда алардын натыйжалуулугуна жетишүүдө, рынок

мамилелерине шайкеш келе турган механизмдердин бири катары алардын ишин оптимизациялоо деп эсепьтейбиз. Алсак, Токтогул суу сактагычынын алкагында дыйкан жана фермерлик чарбалардын ишин оптимизациялоо боюнча илимий изилдоо жасалды. Жыйынтыгында, оптималдуу логарифмалык функция иштеп чыгылды:

$x_2$=a+b+lnt (5)

Акыркы тендемеге t – нын мааниси 1 ден 5 ке чейин деп маанисин коебуз:

$$\widehat{x_{зр}}\ _{(2017)} = 16196; \qquad \widehat{x_{зр}}\ _{(2018)} = 20067{,}18;$$

$$\widehat{x_{зр}}\ _{(2019)} = 22747{,}4993; \quad \widehat{x_{зр}}\ _{(2020)} = 26639{,}7; \qquad (6)$$

Ушул маанилер менен $x_{зф}$ и $\widehat{x_{зр}}$ и $\overline{x_{зф}}$, боюнча детерминант индекси $\wp^2_{x3t}$, болсо:

$q^2_{x3} = \frac{1}{n}\sum(x_{3ф} - \overline{x_3})^2 = \frac{1}{5}(3574007089 + 3582691{,}84 + 1495484{,}41 + 1303935{,}61 + 30319339{,}69) = 14253704{,}49$ - жалпы дисперсия алынат жана жыйынтыйтоочу белги $x_3$аркылуу:

$$q^2_{ост} = \frac{1}{n}\sum(x_{3ф} - \widehat{x_{3р}})^2$$
$$= \frac{1}{5}(3147{,}21 + 25033{,}5684 + 352361{,}791 + 2571340{,}532 + 969831{,}04) = 784342{,}8284$$

Бул аткарылган эсептен корреляциялык байланыш:

$\wp^2_{x3t} = \sqrt{1 - \frac{q^2_{ост}}{\wp^2_{x3}}} = \sqrt{1 - \frac{784342{,}8284}{14283704{,}49}} = \sqrt{0{,}945}$ болгон учурда, корреляциянын коэффициенти $\wp^2_{x3t} = 0{,}945$, барабар болот. Бул деген 1-ге жакын дегндикти билдирет.

Эгеде статистикалык маалыматты колдонуп, тендемени (6) F- Фишердин критериясы аркылуу аныктасак:

$$F_ф = \frac{\wp^2_{x3t}}{1 - \wp^2_{x3t}} * \frac{n-m-1}{m} = \frac{0.945}{1 - 0.945} * 3 = 51.54$$

Эгерде, $F_{табл}$=10,13 болсо, барабарсыздык $F_ф = 51{,}54 > F_{фтабл} = 10{,}13$ болот

Мындай көрүнүштүн эң негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп энергетика тармагындагы чарбалардын чыгарган продукциясын F- Фишердин критериясы аркылуу канчалык денгээлде туура аныкталды дегендик маселеси эсептелет.

$$x_{зпр(2021)} = 28184{,}617\ (млн.сом);\ x_{зпр(2022)} = 29560{,}52\ (млн.сом);$$

$$x_{зпр(2023)} = 30806{,}56\ (млн.сом);\ x_{зпр(2024)} = 31947{,}17\ (млн.сом);$$

$$x_{зпр(2025)} = 33007{,}13\ (млн.сом); \qquad (7)$$

Ошентип 2025жылы 2016 жылга салыштырмалуу 2,0 эсе, же 202,6%. Өсүү божомолдонууда. Жогорулоо темпи жыл сайын: 2%; 4,9%; 4,2%; 3,7%; 3,3%. Болот.

Аппроксимациялык каталыктарды эске алсак:

$$Ln = \frac{1}{n}\sqrt{\frac{\left[x_{3ф} - \widehat{x_{3р}}\right]}{x_{3ф}}} * 100\%$$

$$= \frac{1}{5}(0{,}003476 + 0{,}007823 + 0{,}02543157 + 0{,}06894 + 0{,}03565) * 100\% = 2{,}83\%$$

Ушул маалыматтарды бир нукка салган кезде, төмөндөгүдөй таблица болот:

**Таблица 3.8**

| годы | Продукция чыгаруу (божомол) | Ишеним интервалы | |
|---|---|---|---|
| | | ылдыйкы | жогорку |
| 2021 | 28184,617 | 27386,992 | 28982,242 |
| 2022 | 29560,52 | 28723,957 | 30397,083 |
| 2023 | 30806,56 | 29934,733 | 32550,213 |
| 2024 | 31949,17 | 31044,997 | 32853,343 |
| 2025 | 33007,13 | 32073,028 | 33941,232 |

Таблица көрсөткөндөй дээрлик бардык жылдарда энергетика тармагындагы ишканалардын жалпы продукциясын өндүрүү изилденген

мезгилдин ичинде, б.а. 2021-2025 жылдары өскөн. Энергетика тармагындагы ишканалардын жана жалпы эле ишкердик чөйрөсү көп өзгөрүүлөргө дуушар болот, ошондуктан ишкердикти башкарууда дагы бир топ мурун тааныш эмес ыкмаларды колдонууну талап кылат, алардын эң орчундуусу ишкананын келечектеги жүрүм – турумун билүү, алардын чыгарган товарлардын же кызматтардын көлөмүн аныктоо болуп эсептелет. Бул маселени чечүүдө практикада кеңири түрдө экономика-математикалык ыкмалар колдонулат. Ошондуктан диссертацияда энергетика тармагындагы ишкердикти 2025-жылга чейин божомолдоодо Жалал-Абад облусунун статистикалык маалыматтардын негизинде графиктердин жардамы менен экономика-математикалык моделдер түзүлүп, негиздемеге кеңири орун берилди. Мунун жыйынтыгына ылайык келечекте, биздин эсеп боюнча, энергетика тармагындагы ишкердиктин ишканаларынын саны салыштырмалуу азайып, калкты жумуш орду менен бир нече эсеге көбөйүп, салыктан түшкөн каражаттын көлөмү 2 эсеге арбып, инновациялык нуктагы технологиялар кеңири камтылган өндүрүштү кеңири колдонуу сунуштары берилген.

Экономикалык божомолдоо пландоо менен бирге жалпы милдеттерди чечүүгө – мына ушул процесстин же кубулуштун бир кыйла натыйжалуу өнүгүү жолдорун аныктоого багытталат. Базар экономикасынын шарттарында– товарларга (продукция, жумуштар, тейлөөлөр) болгон сурамдын жана сунуштун, аларды сатуунун көлө-мүнүн жана шартынын (баалары, сапаттары ж.б.), атаандаштардын ж.б. бүт тиричилик циклинде керектелип жаткандардын баарысынын катыштарын алдын ала көрө билүү зарылчылыгы болуп турган убакта экономикалык божомолдоонун мааниси өзгөчө күчөп жатат.

Талдоо аныктагандай жогоруда белгиленген ыкмалардын жардамы менен 20-25 жылгы келечектеги көрсөткүчтөрдү аныктоого боло тургандыгы, ошол ыкмалардын тууралыгын тастыктап койду десек болот.

Экономика-математикалык методдорду колдонууда бир топ бир топ артыкчылыкты белгилөө менен бизнестин келечектеги өнүгүүсүнүн тенденцияларын дагы аныктаса болот. Кыскасын айтканда экономика менен математиканын методдору аркылуу ар кандай процесстерди моделдештирүү тигил же бул ишкананын келечектеги жрм турумун аныктоо маселелери да келип чыгат. Сөздүн бардыгы колдонулуучу методдордун, чыгарылган божомолдордун, тенденциялардын багыттарын объективдүү түрдө аныктоо маселеси болуп эсептелет.

### 3.3 Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Жалал-Абад облусунун аймагына кирген экономикалык субъекттеринин соода-экономикалык өз ара кызматташууну өркүндөтүүнүн милдеттери жана механизмдери

Жогоруда биз, өз ара алакалашуунун жүрүшүндө сөзсүз эле пайда табуу жана артыкчылыктарга ээ болуу кепилдиги жок экендигин белгилегенбиз, ошол пайдаларга жетишүү үчүн катышуучу-өлкөлөргө кыйла аракеттерди жумшоо, тийешелүү механизмдер менен жол - жоболорду иштеп чыгуу керектигин да айтканбыз. Алакалашуудагы ийгилик, бул иш-аракеттерге көптөгөн чарбалык субьекттер, кичи жана орто ишканаларды кошуу менен ишке тартылганда гана жараларын эске алсак, анда натыйжалуу иштеген өлкөлөр аралык (трансграничных) өндүрүштүк - өткөрүүчүлүк бириккен чынжырды түзүү үчүн, мамлекеттер аралык жана улуттук деңгээлдеги ички аймактык кызматташуунун жолун кеңири ачуунун комплекстүү соода-экономикалык иш-чараларын иштеп чыгышыбыз керек. Эл аралык кызматташуунун алгылыктуу секторлору боюнча биргелешкен программалар менен долбоорлорду ишке ашырууга түрткү боло турган жана ББнын аймагында катышуучу-өлкөлөр үчүн экономикалык өз ара аракеттенүүнүн жаңы шарттарын камсыздоодо маанилүү каржылык көмөк көрсөтө турган таасирдүү өнүгүү институттары керектиги айдан ачык болуп турат. Бул максатка жетишүү үчүн капиталдарды топтоштуруп жана

Евразиялык өнүгүү банкынын мандатын кеңейтүү керектиги да жаралышы мүмкүн. Ички аймактык соода менен инвестиция тартууну алга жылдыруу максатында ББга катышкан өлкөлөрдүн улуттук экскорттук - насыялык иш - аракеттерин жөнгө салууну күчөтүү керек, өз ара соодалашууну каржылоону көбөйтүп, анын шарттарын өркүндөтүү зарыл.

Бул жерден биз айта кетишибиз керек, камсыздоочу Париж клубунун мүчөлөрү болушкан “Белэксимгарант” бириккен экспорттук - импорттук камсыздоо ишканасы жана экспорттук насыя жана инвестициялык мамлекеттик камсыздоо корпорациясы бар Белоруссия менен Казакстандан айырмаланып, Россияда эл аралык насыялык стандартка жооп берерлик насыялык агенттик азырынча түзүлгөн эмес. Ошого байланыштуу, жогоруда аталгандай түзүмдүн жоктугу россиялык тышка алып чыгуучулардын (экспортёрлордун) тышкы рыноктогу мүмкүнчүлүктөрүн кыйла төмөндөтөт жана ББнын чегиндеги алардын кызматташуусунун өнүгүшүнө тоскоолдук жаратчу фактор болуп эсептелет. Евробиримдиктин тажрыйбасы боюнча, мүчө - өлкөлөрдүн экспорттук - насыялык агенттиктери, көпчүлүк учурларда татаал техникалар менен жабдууларды, аларга автатехниканы кошкондо, үчүнчү өлкөлөрдүн рыногуна алып чыгууда өздөрүнүн аракеттерин топтоштура алышат. Аталган түзүмгө окшогон уюмду түзгөн шартта жана ББнын катышуучу-өлкөлөрүнүн экспорттук насыялык мүмкүнчүлүктөрүн өз ара аракеттенүүсүн бириктире алганда, ошондо машина менен жабдууларды, жогорку технологиялык деңгээлде иштелип чыккан продукцияларды ББнын чегинен тышкары алып чыгуу боюнча биргелешкен программаларды аткарууга кирише берсе болоор эле.

Бүгүнкү күнгө карата Россиянын экономөнүгүү министрлиги Концепцияны иштеп чыгууда жана Россиянын экспорттук насыя жана инвестициялар боюнча агенттикти түзүү жаатында чоң иштерди аткарды. Аны түзүүнүн каржылоо булактары табылды, уюштуруу схемасы аныкталды. Иш саясый чечимде гана калды, анын үстүнө бул иш ББинин аймагында чыныгы алакалашуунун милдеттерин аткарууда өзүнүн

муктаждыгын жана маанилүүлүгүн азыр да жоготкон жок. ББинин алкагында кызматташкан өлкөлөрдүн каржылык инфраструктурасын өнүктүрүүгө өз ара соода ишинде улуттук валютаны пайдалануунун кеңейишин камсыздоо, эң алгачында, балким КМШ өлкөлөрүнүн Мамлекеттер аралык банкынын базасында бирдиктүү төлөмдүк-эсептешүүнүн тутумун түзүү аркылуу жетишсе болоор эле (мына ушул иштерди аткаруунун милдеттерине ББги өлкөлөрүнүн кызматташуусуна көмөк болчу КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы алакалашуунун жалпы өнүгүшү тыкыс байланышып турат). Бул багытта сөзсүз Алма-Ата шаарындагы аймактык каржылык борборунун иштешин жана Россиядагы эл аралык каржылык борборду түзүүнү эске алуу менен ББнын катышуучу-өлкөлөрүнүн фондулук рынокторун инфраструктураларын жакындаштыруу чараларын ишке ашырууга киришүү керек.

ББнын аймагындагы чыныгы алакалашуунун эң башкы каражаттарынын бири катары катышуучу-өлкөлөрдүн улуттук экспорттук тутуму толук тузүлүшү болуп калышы керек, алар аймактын ичиндеги соода-экономикалык алакалашуунун макулдашылган алгылыктуу багыттарын аныктоону камсыз кылат. Азырынча бул иш оңунда ыргактуу болбой жатат. Мисалы, Россиянын өнөржайсоода министрлигинин чет өлкөлүк бюджеттен каржыланчу көргөзмөлөргө катышуунун 2022-жылга эсептелген жыйынтык мерчеминде Белоруссия менен Казакстанда өткөрүлө турган бир да иш - чара жок. ББ менен БЭМды түзүүнүн артыкчылыктуу милдеттерин эсепке алуу менен россиянын экспортко көмөк көрсөтүүсүнүн кепилдик схемасында ББ боюнча өнөктөштөрүнө кепилдиктин көлөмүнүн акыркы чегин көрсөтпөө максатка ылайык келээр эле деп ойлойбуз (азыркы аракеттеги 2021 – 2022-жылдарга эсептелген өнөр жай продукциясынын экспортуна көрсөтүлүүчү кепилдик көмөктүн Тизмесинде Белоруссия үчүн кепилдиктин көлөмү 1 млрд. долларга аныкталган). ББнын аймагындагы ишкердик өз ара аракеттенүүнүн жана өндүрүштүк кооперациянын өнүгүшүнө багытталган бир катар программалар менен долбоорлорду иштеп чыгып жана ишке

киргизүү керек (аларга мамлекеттер аралык кооперациянын тармактык программаларын иштеп чыгууну, ББнын аймагында көргөзмөлүк алакалашууну, туруктуу иштеген көргөзмө аянтчаларын түзүүнү, тематикалык көргөзмө - жарманкелердин иш-чараларын өткөрүүнү, ишкердик байланыштын форумдары менен биржаларын уюштурууну, кичи жана орто ишканалардын кызматташуусун өнүктүрүү боюнча иш-чараларды – евразиялык өнөктөштүк иштерин жандандырууну киргизүү ж. б.).

Соода-экономикалык кызматташуунун ички аймактык транссакциондук чыгымдарын кыскартуу да чоң мааниге ээ болот, бул ишти ишке ашырууга, баарынан мурда, жогоруда айтылган бажылык жана административдик иш-аракеттерди жөнөкөйлөштүрүү жана ыкчамдатуунун; ишкердик кызматташуудагы маалыматтык-технологиялык инфраструктураны; ишкердик маалыматтын бирдиктүү аймактык тарамынын борборун түзүүнүн, ишкердик карым-катнашты орнотуу үчүн жана коммерциялык операцияларды өткөрүүдө учурдагы алдыңкы маалыматтык технологияларды пайдаланууну кеңейтүүнүн; трансчегаралык логистикалык схемаларды таасирдүү ишке ашыруунун, түзүлүп жаткан жалпы рыноктун орчундуу сегменттеринде бирдиктүү товар өткөрүүчү тутумду түзүүнүн эсебинен жетишсе болот. Экономикалык биримдиктин алакалашуусунун келечеги кең экендигинде талаш жок: бирдиктүү экономикалык аймактын жана Россия, Беларуссия жана Казакстандын Бажы биримдигинин түзүлүшү – бул катышуучу өлкөлөрдүн мындан аркы экономикалык жакындашуу багытындагы эң маанилүү жана жоопту кадамы, бирок бул чыныгы алакалашуу жолундагы биринчи гана кадам. Товарларды эркин жүгүртүүнү камсыздоо багытындагы бажы биримдигинин өлкөлөрүнүн бирдиктүү бажы аймагын түзүү жана анын иштеп кетиши – ошону менен бир эле учурда тейлөө рыногун, капитал менен жумушчу күчтүн ачык-айкындыгын камсыз кылбай, экономикалык операторлордун иши менен чарбалык жөнгө салуунун жалпы эрежесин аныктабай туруп натыйжага жетишүү мүмкүн эмес, бери болгондо кыйла оорчулукту жаратат. Атаандаштыктын таасирдүү чөйрөсү

түзүлбөгөн болсо, бирдиктүү бажы аймагы кайсы бир тараптар үчүн өнөктөштөрдүн эсебинен негизсиз артыкчылыктарга жетишүүнүн жолун ачып коёт.

Ошондуктан, ББги ишин баштай электе эле ЕврАзЭСтин мамлекеттер аралык Кеңешинин 2009-жылдын 19-декабрындагы чечими менен Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын жана Россия Федерациясынын аймактарында Бирдиктүү экономикалык аймакты түзүү боюнча атайын Мерчем кабыл алынган. БЭМны түзүүгө керектүү бардык документтер (21 эл аралык келишимдер) эки пакетке топтоштурулган болчу. Биринчи пакеттин чегинде жана ББнын бирдиктүү бажы аймагын түзүү иштери менен катар катышуучу-өлкөлөр ички экономикалык жөнгө салуунун эрежелери менен бирдиктүү базалык талаптарды белгилеген эл аралык укуктук документтер иштелип чыгылып жана кабыл алынып баштады (аларды ишке киргизүү 2012-жылдын 1-июлунан болжолдонгон эле). БЭМны түзүү, экономиканын айкын секторлорундагы бирдиктүү эрежеси, ошондой эле валюталык саясаттын бирдиктүү талаптары (бирдиктүү валютаны киргизүү маселеси) аныкталгандан кийин эл аралык келишимди ишке киргизүү менен 2013-жылдын 1-январына карата аяктоо жагы мерчемделген эле. Бир эле мезгилде документтердин эки пакетин даярдоо менен катар эле бирдиктүү техникалык жол – жоболордун регламенти да өзүнчө график менен иштелип чыгылмак. БЭАнын келишимдеринин пакеттик тартип менен киргизилиши мүмкүн болчу келишпестиктердин алдын алуу, тараптардын кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун сактоо, бир тараптардын преференцке ээ болуп, экинчи тараптардын жалаң милдеттерди алып калышын болтурбоо максатында тандалып алынган эле.

БЭМды түзүүнү аяктоо, алакалашуунун классикалык теориясынан алганда экономикалык жана валюталык биримдиктин анча – мынча элементтерин камтыган жалпы рынокту түзүүнү билдирет. Чындыгында, институциялык жана динамикалык мерчемде бирдиктүү экономикалык аймак Россия, Белоруссия жана Казакстан ойлонуштурган түрүндө, экономикалык

мүмкүнчүлүк жана саясый эрк жаралганда толук кандуу экономикалык, андан кийин валюталык биримдикке өтүп кете турган, болбосо өз кемтиктери жана чектелген мүмкүнчүлүктөргө эгедер туруксуз конструкция болуп саналат. Биздин оюубузча, ББнин өлкөлөрү үчүн алакалашуунун алдыга умтулган жогорулоо кыймылы бирден – бир тура чечим болуп эсептелет, ал биримдиктин экономиканын жыйынтыгынын натыйжасын ачууга жана толук ишке ашырууга алып келет. Анын үстүнө, мына ушундай өнүгүү жолунда гана Евробиримдик менен евроазиялык экономикалык мейкиндикте келечектүү өнөктөштүк карым-катнашты түзүүгө мүмкүнчүлүк болот.

ББ өлкөлөрүнүн алакалашуу алкагындагы ийгиликтүү алга жылуусу бүтүндөй КМШ өлкөлөрүнүн масштабындагы алакалашууну тереңдетүү ишине оң таасирин тийгиет, ал эми ББ менен БЭМдин укуктук-ченемдик базасын иштеп чыгуу боюнча аракеттери жол көрсөткүч катары кызмат кылат жана Кызматташтыктын алкагындагы көп тараптуу макулдашууларды, келишимдерди түзүүгө жолдомо болуп берет. ББ менен БЭМди түзүүдөгү макулдашылган аракеттер, бир жагынан КМШ өлкөлөрүнүн мейкиндигиндеги көп тараптуу эркин соода зонасын түзүүгө алып келсе, экинчи жагынан ББнын катышуучу-өлкөлөрү үчүн алакалашуу кызматташтыгындагы рыноктун кеңейиши жана андагы ишкердиктин жакшырышы аркылуу, бүтүндөй Кызматташтык мейкиндигиндеги ишкердикке кошумча артыкчылыктарды, түшүнүктүү жана алдын ала болжолдонуучу шартты берет. Ушундай жол менен барганда ББнын өлкөлөрү – КМШдагы алакалашуу иштеринин андан ары өнүгүшүнө эң кызыкдар тараптарга айланат.

Бүткүлдүйнөлүк банктын серепчилери Бажы биримдигинин катышуучу мамлекеттеринин иш - аракеттерине өз бааларын беришти (Белоруссиянын, Казакстандын жана Россиянын). Бажы биримдигин түзүүнүн тарыхы 1995-жылдын 6-январындагы келишимге барып такалат жана КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы карым-катнаштын статусун белгилөөнүн уландысы болуп саналат. 20-январда бул макулдашууга

Казакстан да кошулган. Андан кийин Кыргызстандын кошулуусу коштолду (1999-жылдын 26-февралы). Акырында, ЕврАзЭС түзүү (2000-жылдын 10-октябрында, кийинки 2006-жылдын 25-январындагы жана 2007-жылдын 6-октябрындагы өзгөртүүлөр менен) чечими кабыл алынган эле). КБС алуунун тартибин өзгөрткөн макулдашуулар болгон жана Белоруссия менен кыска мөөнөттүү мунайзат агымдарын өзгөрткөн келишимдер болгон. Бирок, серепчилердин көңүлүн негизинен Бажы биримдиги жөнүндөгү макулдашуу бурган эле. Ал алгачында өлкөлөр ортосундагы кирешени бөлүштүрүүнү көңүл сыртында калтырган болчу. Андан тышкары, Белоруссия менен мунайзат менен соодалашууну жөнгө салуу үчүн декабрда кошумча документтер чыгарылган.

Макулдашуунун экономикалык негизги мааниси жана андан кийинки баалоодогу кыска мөөнөттөгү таасири үч өлкөнүн үчүнчү өлкөлөр (КМШдан тышкаркы) менен соодалашуудагы импорттук тарифтерди жөнгө салуусуна тийешелүү эле. Макулдашууга келүү алдындагы Белоруссия менен Россиянын үчүнчү өлкөлөр менен соодалашуудагы орточо импорттук тарифи Казакстанга караганда жогору болчу – бул макулдашуунун натыйжасы Россия менен Белоруссиянын бюджети үчүн тескери чыгышы, а түгүл нөлгө барабар болуп калышы да мүмкүн эле (тартифтерди ылайыкташтыруунун деңгээлине байланыштуу). Казакстан үчүн макулдашуунун таасири оң болоору көрүнүп турган, бирок ИДПга карата (5%) импорттук алымдын төмөндүгүнөн улам тарифтерди теңдештирүү өтө кескин чаралардын учурунда болсо деле, түздөн-түз пайда берээр утуш алып келбейт болчу. Андан кийинки абал кыйла татаалдык жаратты жана тийешелүү секторлордогу продукция чыгаруу менен ага болгон талаптарга көз каранды болуп калды.

Серепчилер экономиканын негизги секторлорундагы кирешелердин баасынын жана такталган товарлардын түзүмүнүн өзгөрүштөрүнүн алгачкы таасирин баалоону эске алуу менен, сооданын түзүмү жана кошумча баа менен тармактар аралык баланстын маалыматтарын толук карап чыгышты.

Алар мындай учурларда өтө кеңири колдонулуучу жалпы теңдемеликтин үлгүлөрүнүн бирин пайдаланышты (бул жолу даяр версияны алышты). Анткени, алымдардын өзгөрүшү сандык мүнөздөгү экономикалык өзгөрүүнү камтыгандыктан, өлкөлөр боюнча натыйжанын таасирдүүлүгү баягы эле болуп чыкты: Белоруссия, Россия үчүн тескери; Казакстан үчүн болоор - болбос натыйжалуу, ал эми бүтүндөй Бажы биримдиги үчүн тескери натыйжа берди. Ар башка тараптан караганда (энергетикалык секторду ыңгайлаштыруу жана ансыз) натыйжа кыйла ар түрдүү чыкты. Россия менен Белоруссия үчүн энергетикалык секторду ыңгайлаштыруудан болчу жоготуу негизинен бир кыйла жогору (энергетикалык сектордун бөлүгүн эле ыңгайлаштыруудан болчу жоготуу мурунку 0,4% жана 3% ордуна - 1% менен 6%дын болуп калды). Казакстан үчүн буш иштин эки жолунун да таасири ИДПнын 0,4 %нан ашкан жок.

Серепчилер тарифтик саясаттын өзгөрүшүнүн таасирин баалоо боюнча пайдалуу маалыматтарынан тышкары товардык кайсы позициялар өзгөргөндүгүнө да баа беришти. Ачык айтканда, Белоруссияда тарифтер 7 пайызга көтөрүлдү, алардын ичиндеги эң маанилүү топтор – эт продукциялары, автомобилдер, металлдар. Болжол менен тариф 18 пайызга төмөндөдү – аларга кийимдер, машиналар, жабдуулар жана дары - дармектер кирет. Казакстанда тарифтер бир жагынан 10 пайызга көтөрүлсө, экинчи жагында 45 пайызга түшүп кетти. Тарифтердин көтөрүлүшү - транспорт каражаттарына, жыгачтарга, муздаткыч жабдыктарына, дары - дармек продукцияларына, кийимдерге, ошондой эле үй-курулуш тармагындагы электромеханикалык жабдууларга болду. Тарифтердин төмөндөөсү – анын ичинде Казакстандын импорту үчүн маанилүү болгон айыл чарба продукциялары, тери, медициналык жана хирургиялык оптикалык каражаттарга туура келди.

Россияда тарифтик баалардын ставкасы (мөмө - жемиш консерваларына, балдар үчүн тамак-аш продукцияларына, сүрөт тартуу (фото) материалдарына, жүн жана жүндөн жасалган буюмдарга, дары -

дармек продукцияларына, электромеханикалык жабдууларга) 14 пайызга төмөндөп, ал эми (эт азыктары менен кийимдерге) 4 пайызга жогорулап кетти. Мындай өзгөрүүлөр негизги өндүрүүчүлөрдүн алып кирүүдөгү товарларынын баасына таасирин тийгизет жана ошонусу менен товарлардын агымынын өзгөрүшүнө алып келет. Ошондон улам автор Бажы биримдигинин түзүлүшүнүн негизги өнөктөш соодалык катышуучу-өлкөлөр – Кытайга, Украинага, ЕБга, Азияга (андагы башка өлкөлөргө да), Латин Америкасына, Африкага ж.б. өлкөлөргө тийгизе турган таасирин да кошумча келтирет. Эки учурда тең тескери таасири эң эле аз (ИДПнын 0,1 пайызынан ашпайт).

Секторго бөлүштүрүлгөн таасирин да серепчилер жаңы тарифтик саясатка байланышкан өндүрүштүн сектордук (кийим - кечектерди, жүк ташуучу машиналарды, башка транспорттук жабдууларды чыгаруунун) жер которушу менен байланыштырат. Ушул үлгүдөгү варианттардын эң алгылыктуу жагына Россия менен Белоруссия үчүн энергетикалык сектордун толук ыңгайлашуусу өндүрүүгө ылайыктуу секторлор болуп эсептелет, андай учурда алар үчүн сооданын тескери таасирин төмөндөтүүгө болот. Бул сценарийден алганда эки өлкө үчүн жыйынтык таасир оңтойлуу болуп көрүнгөн менен, энергетикалык сектордун ыңгайлашуусу толук жок учурга жакын келет (белгисиздик белгилүүлүк менен барабар болуп чыга келет). Жалпысынан, кыска мөөнөттүү натыйжа (белги жагынан алганда) иш жүзүндө биригүүгө чейинки тарифтик ставканын негизги “божомолу” менен бирдей болуп чыгат. Чынын айтыш керек, акыл эстүү ой жоору ар башка болот. Эгер, баалоонун түздөн-түз бюджеттик таасиринен карасак өзгөрүүнүн кирешелик базасынын өзгөргөнүн көрөбүз, ал эми жалпы теңдештирүүгө келсек, ал үчүнчү өлкөлөр менен соодалашуунун начардашына жана өндүрүштүн жаңы тарифтик саясат менен корголгон секторлоруна ооп кетишин жаратат. Белоруссия кандай болгон учурда да Россия менен мунайзаттан түшкөн кирешени бөлүштүрүү саясатын кайра кароодон улам кирешенин бир бөлүгүнөн куржалак калат, ошондой эле

импорттук автомобилдерди сатуудан да зыян тартат (Белоруссия андан алынчу алымды россияга караганда төмөн кармачу). Анткен менен, баары бир бул маселени жөнгө салуу аргасыз муктаждык эле. Керектөөчүлөрдүн көз карашында, тарифтердин өзгөрүшүнөн эң көп жапа чеге тургандар Казакстандын инвестициялык продукцияларын пайдалануучулар болуп эсептелет. Эгер, республиканын инвестициялык керектөөсү Бажы биримдигинин ички рыногуна багыттала турган болсо, анда Белоруссия менен Россияга болгон тескери таасирдин бул багыттагы таасирин Белоруссия үчүн болгон тескери таасир менен түшүндүрүүгө болбойт. Жалпысынан алганда керектөөчүлөр үчүн тескери таасир алардын абалын оордоткон Бажы биримдигинин аймагындагы ички баалардын өсүшү менен аныкталышы мүмкүн. Негизги жоготуулар кийим - кечектер менен автомобилдерге болгон тарифтердин өсүшүнө байланыштуу болот. Бул чукул арадагы азык - түлүктөрдүн бааларынын өсүшүнө алып келет, ошол эле учурда өсүштүн жалпы көрсөткүчүн төмөндөтүп, көп жагынан Белорусся үчүн импорттун төмөндөшүн жаратат, мунун өзү башка теңдешүүлөрдү эске алган учурда да таза экспорттун ИДПга болгон салымын арттырат. Анын үстүнө керектөөчүлөрдүн активдүүлүгүнүн жалпы төмөндөшүнөн жана узак мезгилге эсептелген товарларды керектөөнүн азайышынан улам, бул керектөөнүн кескин өсүшүнө байланыштуу мындай товарларга болгон баанын өсүшүнүн таасири чоң маани ойнобой калат.

Ошол эле учурда инвестициялык продукцияларды керектөөгө болгон муктаждык сакталып калат. Ошондой болсо да товарлардын бааларынын деңгээлинин жана алардын жергиликтүү рыноктогу өндүрүлүшүнүн төмөндөшү, ошондой эле мындай шарттарда пайда болуучу инвестициялык агымдар изилдөөдөн тышкары калууда, анткени, алар кыска мөөнөттүү кырдаалга эмес, көбүнчө узак мөөнөттүү мезгилге эсептелген болот. Анткени менен, мына ушунун өзү экономикалык моделдин колундагы тестирлөөлөрдүн улам кийинки бардык баалоолор кыялдануунун чегиндеги эле ой жүгүртүүнүн эң маанилүү маселелеринин бири болуп калат. Ошентип,

серепчилик коомчулукта Бүткүлдүйнөлүк банктын серепчилеринин ойлорунан кескин айырмаланган көз караш берилди. Алакалашуунун туруктуу талапкерлеринин бири, РФ сынын  Президенти В.В.Путин 170 млн. адамдан турган жаңы кеңири рынок түзүлө тургандыгын белгиледи. Анын сөзү боюнча биргелешкен өнөр жайынын мүмкүнчүлүгү 600 млрд. АКШ долларын, мунайзат көрөңгөсү боюнча 90 млрд. баррелди, айыл чарба продукцияларынын көлөмү 112 млрд. АКШ долларын түзөт. Союзга кирген бардык  өлкөнүн ИДПсы 2 трлн. долларды,жалпы товар жүгүртүүсү 900 млрд. АКШ долларга барабар келет.

Бажы биримдигин түзүүнүн жалпы таасири Россия үчүн 14 млрд. долларга, жана Белоруссия менен Казакстан үчүн 16 млрд. долларга барабар болот. Өлкөлөрдүн экономикасы жаңы көтөрүлүүгө ээ болуп, жаңы жумушчу орундары түзүлөт, өлкөлөдөгү чыгарылган продукциялардын ассортименти арбыйт. Назарбаев тараптар транзиттик мүмкүнчүлүктөрдү да таасирдүү пайдаланаарын кошумча белгилеп өттү. Тышкы рынокко чыгуу шарттары да жакшырат. Ошону менен катар Казакстандын президенти “Казакстандан Европа өлкөлөрүнө алып чыгуучу продукциялардын, ал эми Россия менен Белоруссия үчүн азия багытындагы чыгарылчу продукцияларынын чыгымдары кыскарат” деп белгиледи. Бажы биримдигинин катышуучулары 2022-жылдын 1-январына карата бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүүнү мерчемдешкен. Алакалашуунун дал ушул формасы ортодогу карама - каршылыктар менен тирешүүлөрдү чечиши керек (мисалы россия-белоруссия ортосундагы мунайзат алымы боюнча). Мисалы, Белоруссиянын президенти Александр Лукашенко “Бажы биримдиги – бул бирдиктүү экономикалык аймакты түзүүдөгү дагы бир кадам деп эсептейт. Бул биздин өлкөлөр ортосундагы экономикалык өз ара аракеттенүүнүн толук негизделген, аякталган жана логикалык жыйынтык формасы” деп эсептейт. Ошондуктан, Бажы биримдигин алакалашуунун дагы бир этабы деп эсептөө керек. Адистердин баалоосу боюнча, деп белгилейт “Трибуна” гезити, БЭМ экономикалык натыйжасы алгачкы беш жыл ичинде ИДПнын 0,1 пайызын,

он жыл ичинде 15-17 пайызды түзүп калаарын белгилейт. Калктын кирешеси товарлардын, капиталдардын, тейлөөлөрдүн жана жумушчу күчүнүн эркин орун которуусунан улам 40 пайызга чейин өсөт. Россиянын президенти Владимир Путин алакалашуунун андан да жогорку деңгээли бар экендигине ишенет: “Биздин Евроазиялык экономикалык коомчулугубуз Евроазиялык биримдик тарапка бет алып баратат. Экономиканын бир катар тармактарынын, ачык айтканда, Кыргызстан, Белоруссиянын, Казакстандын жана Россиянын алакалашуусунун деңгээли – жогору. Европанын экономикалык коомчулугунун мамлекеттеринин баарына жайылтыла турган модель мына ушул”.

## Тыянак

Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык маселелери менен ушул багыттагы дүйнөлүк тажрыйбаны изилдөө, ошондой эле аларды Кыргызстандын региондору үчүн пайдалануунун мүмкүнчүлүгү изилдеп туруп, төмөнкү жыйынтыкка келдик:

1. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн теоретикалык жактан жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгын эске ала туруп, алардын региондордун социалдык денгээлин көтөрүү багытында изилденип, жыйынтыгында азыркы, ааламдашуунун өлкөлөргө тийгизген таасиринин күчөп бараткан шарттарында, өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн келечегине, туруктуу атаандаштыкты түзүүгө, улуттук коопсуздукту камсыз кылууга карата жаңыча ой жүгүртүү менен кароо муктаждыгы жаралып отурат. Азыркы жаралган КОВИД-19 шартында экономикалык кризис транзиттик экономикалуу өлкөлөрдүн, аларга Борбордук Азия өлкөлөрү да кирет, өнүгүү жолундагы көйгөйлөрүн курчутту. Азыркы учурдагы, өлкөнүн экономикалык атаандаштык мүмкүнчүлүгү, анын экономикасынын инновациялык деңгээлинин камсыздыгына көз каранды болуп турган шарттар, транзиттик өлкөлөрдүн алдына инновациялык экономиканы түзүүдөгү татаал милдеттерди койду, анын ийгиликтүү чечилиши Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү алакалашуунун, экономикалык өнөктөштүктүн артыкчылыктарын орду менен пайдаланууну талап кылат;

2. Азыркы эгемендүү көз карандысыз мамлекеттердин географиялык абалы, рыноктук мамилелеринин жакындыгы, бири-бирине болгон саясый кызыкчылыктарынын төп келүүсү сыяктуу жалпылыктарга ылайык ортобуздагы экономикалык ишкер байланыштарыбызды кайра калыбына келтиришибиз зарыл. Бүгүнкү дүйнөлөштүрүүнүн жана ааламдашуунун шартында ар кимибиз өзүбүздү тышкы байланыштардан таптакыр ажыратып үзүп салып, жеке өнүгүп өсүп кетебиз деген ой жүгүртүү өтө катачылык болот. Бул багыттан алып караганда Кыргызстан үчүн жакынкы кошуналарыбыз менен катар башка мамлекеттер менен өнөктөш болуу албетте, бизге керектуу багыт. Андыктан, экономикалык алдынкы мамлекеттердин рыноктук экономика шартындагы болуп көрбөгөндөй ыкчам өнүгүп өсүшүнүн сабактарын үйрөнүү, ири инвестиция булактарын тартуу зарылдыгынан жаралып отургандыгын түшүнгөнүбүз оң болот. Азыркы учурдун эң маанилүү өзгөчө белгиси адамдардын чарбалык иштерине байланышкан бардык аракеттердин ааламдашуусу болуп калды;
3. Биздин диссертациялык жумуштун жыйынтыгы айтып тургандай, ааламдашуу термини - тышкы экономикалык байланыштардын негизинде аймактык экономикалык көйгөйлөрүнүн жана чыгарган айрым продуктыларынын рынокторунун аралашып туташуусу ааламдашуунун мазмуунун түзөт деп эсептеген жана ал экономикалык колдоочулукту жогото турган глобалдык рыноктун өнүгүшү менен байланышат. Бирок, ага болгон мамилелердин ар түрдүүлүгүнө карабастан, “ааламдашууну” түшүнүүдө, тышкы рыноктогу алып-сатуунун (операциялардын) жөнөкөй көбөйүшүн эмес, акыр аягында жалпы бирдиктүү рынокту түзүү, жаңы сапатка өтүү менен улуттук экономикалардын алакалашуусуна алып келе турган жалпы мамилени эсептесе туура болот;
4. Ааламдашууга байланышкан социалдык - саясый көйгөйлөрдүн курчушу, бир гана өнүгүп келаткан өлкөлөрдө эмес, бир караганда, эң ыңгайлуу шарттагы өнүккөн өлкөлөрдө да орун алып келатат. Өндүрүштүн түзүмүнүн өзгөрүшү жана массалык чыгарылган эмгек сыйымдуу товарлардын үчүнчү дүйнөгө карата жылышы, өнөр жайлуу өлкөлөрдүн салттуу тармактарына катуу тийди, ошонусу менен көптөгөн ишканалардын жабылышына жана жумушсуздуктун арбышына алып келди. Өндүрүштүн кыскаруу өзгөчөлүгү абдырап калган анклавтардын түзүлүшүнө, коомдун социалдык ажырымынын күчөшүн жаратты. Эмгектенүүнүн жаңы формалары да (кызматка

жалдоонун жекече түргө өтүшү, убактылуу келишимдер) жана жумушчу күчүнүн рыногунун ааламдашуусу турукташууну бузуучу фактор болуп калды. Тыштан кирген арзан жумушчу күчтөрү өнүккөн өлкөлөрдүн эмгек рыногундагы атаандаштыкты күчөттү, ошонун өзү ал өлкөлөрдөгү этникалар аралык мамилелерди курчутту жана улуттук сезимди күчөттү;

5. Учурда тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун экономикасынын бардык секторлорунда жаныча рыноктук мамилелер тийиштүү деңгээлде орнотулган жана практикада кеңири колдонулуп келе жатат. Ошондой болсо дагы биздин оюбузча тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун ишканаларынын рынок мамилелеринин терендиги жана массалык түрдө колдонулушунда кээ бир маселелер бар. Мисалы рынок сунуш жана талаптын баланстуулугун талап кылат, башкача айтканда өндүрүлүп жаткан товарлар жана кызматтар рыноктогу талаптарга жооп бериш керек. Бирок мындай балансказ жетүү үчүн бир топ жылдар бар, алардын эң негизгилери биздин оюбузча эки багытта болуш керек. Биринчиден суроо-талапты билүү үчүн аларды терең изилдеш керек. Бул илимде маркетингдик изилдөө аркылуу жүргүзүлөт, башкача айтканда товарды жана кызматтарды чыгаруудан мурун суроо-талаптардын көлөмүн, багытын, кете турган каражаттарды алдын ала эсептеп жана башка жолдор менен аныкталат. Мындай көп эмгекти талап кылганына карабастан азырынча рынокту ишенимдүү жолдордон болуп эсептелет.Экинчи жактан тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде Жалал-Абад облусунун ишканаларынын тийиштүү балансты камсыз кылууда товарларды жана кызматтарды керектөөлөрдүн суроо талаптарына дал келе турган товарларды жана кызматтарды жасоо. Бул деген суроо талаптардын келечектеги тенденцияларын алдын ала билүү. Мунун өзү товарлардын сапаты, алардын практикада колдонулушунун ыңгайлуулугу жана эң негизгиси болуп алардын баалары менен байланышкан. Кептин бардыгы товар өндүрүүчүлөр жактан керектөөчүлөрдүн купулуна толо турган сапатту товарларды чыгаруу болуп эсептелет;
6. Диссертацияны жыйынтыктай туруп, белгилесек, диссертациялык жумушта келтирилген маалыматтарга ылайык тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын бизнесте рентабелдүүлүк менен иш жүргүзгөндөрдүн

арасында дүң жана чекене сооданы, маалымат жана байланышты айтсак болот. Бул түшүнүктүү, себеби, мисалы соода чөйрөсү ортомчулук ишмердүүлүктү аткаруу менен салыштырмалуу аз каражат кетирип, пайданы алып келчү тармак. Сооданын дагы бир мүнөздөмөсү бул убакыт менен байланыштуу, кандай гана соода ишканасы болбосун ал тез айлантма жасап товарды чыгаруучулар менен керектөөчүлөрдүн байланышын түзсө, ошол чөйрө натыйжалуулукка ээ болот. Ал эми өндүрүш секторлорунда, мисалы айыл чарбада, курулушта, байланышта рентабелдүүлүктүн өлчөмү өндүрүш каражаттарынын көлөмүнө өндүрүлгөн продукцияны сатуу жана суроо-талапка да көз каранды. Биздин оюбузча бул жерде рыноктогу шарттарды изилдөөгө да кеңири көңүл буруш керек. Мисалы, ошол эле мейманканалардын терс рентабелдүүлүгү аларга болгон суроо маселелерин изилдөө бир топ кыйынчылыкка тургандыгы менен түшүндүрсө боло;

7. Жалал-Абад облусунун тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Узбекистан менен чектешкен аймактардагы Узбекистан менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун ишканаларынын ишмердүүлүгүн талдоодо регионалдык факторлор дагы чоң роль ойнойт. Мунун себеби ар кандай өндүрүш жана чарбачылык мүнөзгө ээ, себеби өндүрүштүн өзгөчө айыл чарбачынын мейкиндикте жайланышы аймактык табигый климаттык шарттарынан көп көз каранды. Табигый климаттык шарттар кээ бир дыйканчылыкта жана мал чарбасында атаандаштыкка туруштук бере турган артыкчылыкты же болбосо кемчилдикти да жаратышы мүмкүн. Мисалы, Чаткал районунда мал чарбасынын ар түрдүү жолдорун колдонууга ыңгайлуу шарттар бар. Ал эми Ноокен районунда багбанчылыкты, анын ичинен жаңгак жана мөмө жемиш өстүрүүгө жакшы шарт түзүлгөн. Эгерде туризм жана эс алуу жактарын алсак Аксы районунун Сары-Челек регионунун бул жактан потенциалы баарынан жогору турат;
8. Жалал-Абад облусунун тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында бизнес жетекчилеринен сурамжылоонун маалыматтары боюнча эл аралык ишмердиктин эсебинен канааттандырылып келаткан көрсөтүлгөн ишканалардын негизги керектөөлөрүнө төмөнкүлөр киргизилиши мүмкүн: 1). *өндүрүштүк ишканалар* үчүн – жаңы рынок менен продукцияларды өткөрүүнү өздөштүрүү муктаждыгы, учурдагы алдыңкы технологиялар менен жабдууларды тартуу, ошондой эле кийинки кайра иштетүү үчүн продукцияларды сатып алуу муктаждыгы; 2). *соода ишканалары* үчүн –

ортомчулардын катарын аттап өтүп, жогорку сапаттагы товарларды жеткирүүчүлөрдү тикелей тартуу муктаждыгы; 3). *инновациялык ишканалар* үчүн – инновациялык иштеп чыгууларды жылдыруу муктаждыгы, ошондой эле инвесторлорду жана каржылык өнөктөштөрдү табуу муктаждыгы; 4). *тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары* үчүн – өнөктөштүк тарамдарды түзүү, бренддерди жылдыруу, беделдик (имидждик) колдоо;

9. Аймактык жана эл аралык рыноктордо кичи ишканалардын продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу инновациялык продукцияларды чыгарууну көбөйтүү жолу менен жетишиши мүмкүн. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн республикалар аралык кызматташуусунун инфраструктурасынын укуктук-ченемдик базасы тутумдуу, бардык деңгээлдеги тараптар менен макулдашулган болушу керек. Республикалар аралык экономикалык өз ара аракеттенүүнүн өнүгүшүн талдоо көрсөттү, ушул чөйрөдөгү башкаруунун бардык деңгээлдериндеги теңдештирилген мыйзамдык тутум али түзүлө элек. Республикалар аралык экономикалык кызматташуу жөнүндө, ушул чөйрөдөгү комплекстүү инфраструктураны түзүү жөнүндө негизги документтер жок. Экономиканын өсүшүнүн туруктуу темпи жаралып, алакалашуунун тереңдеп жаткан шарттарында экономикалык, Илимий-техникалык, социалдык-маданияттык саясатты; түзүүнүн жана иштешинин тартибин, республикалар аралык кызматташуу боюнча жөнгө салуучу жана аткаруу органдарынын ыйгарым укуктарын, республикалар аралык программаларды ишке ашырууда мыйзамдарды колдонууну жөнгө салуунун тартибин караган мыйзамдар абадай керек болуп турат;
10. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн стратегиясында ирригациялык тармактардын начарлыгынан айдоо аянтына жеткенче суунун 40% коромжу болору белгиленип, ирригацияны өнүктүрүү схемасын даярдоого 2,2 млн доллар каралган. Андан тышкары, ар жылы 10 миң гектар жерге суу чыгарып, жаңы өздөштүрүү же кайра өздөштүрүү болжолдонгон. Сууну үнөмдүү колдонуу жана түшүмдүүлүктү арттыруу максатында тамчылатып сугаруу технологиясы акырындап колдонула баштады. Бул келечектүү саясат. Сууну пайдалануу жана сууну керектее системасында чарбалар аралык жана мамлекеттер ортосунда суу мамилелери мыйзам жүзүндө бекитилген жана Кыргыз Республикасынын 1994-жылы 14-январда кабыл алып, 1995-жылы өзгөртүүлөр киргизилген «Суу жөнүндөгү» мыйзамы иштеп жатат.

Анын башкы артыкчьшыгы белгиленген лимиттин деңгээлинде жаратылышты пайдалануу боюнча акы төлөө укугу, ошондой эле суу объектилерине жана булгоочу заттар чогулган суу курулмаларына суу жеткирүү жана суу берүү кызматгары көрсөтүлгөн. Диссертацияда белгиленгендей, эреже катары кайсы гана мамлекет болбосун андагы системанын саясий, экономикалык жана социалдык жактан кескин өзгөрүшү, андагы өндүрүштүк-чарбалык байланыштардын бузулушу, такыр башкача жаңы шартка даярдыксыздык өндүрүштүн төмөндөшүнө, финансынын тартыштыгына жана башка негативдүү кубулуштар коштогон кыйынчылыктарга алып келет. Мына ушундай объективдүү себептер экономиканын башка тармактарындай эле суу чарбасын өткөөл мезгилдин алгачкы жылдарында эң татаал шартта иштөөгө алып келди. Мамлекет тарабынан болгон жардам, чет өлкөлүк инвестициялар жана башка суу чарба өндүрүшүндө болгон аракеттер плотина, суу сактагыч, насостук станцияларда жана башка курулмаларда, машина, механизм жана жабдуулардын иштешинде ар кандай бузулууларды, кырсыктарды болтурбай коюуга жардам берди. Ошол эле убакта суу пайдалануучу өндүрүш жана ведомстволордо акыркы жылдарда гана стабилдештирүү башталды. Мамлекеттин ичинде жана мамлекеттердин ортосунда экономика жана калктын жыргалчылыгы эске алынып, суу пайдалануу азыркы стандартка ылайыкташтырышып камсыз кылууга багыт алды.Бир нече эл аралык уюмдар кандайдыр бир деңгээлде Орто Азиянын суу көйгөйлөрүн чечүүдөгү макулдашылган иш-аракеттеринин эң жакшы, бирок сейрек кездешкен мисалдарынын бири болуп калды. БУУнун пикири боюнча, Комиссиянын түзүлүшүн аймактагы мамлекеттер аралык суу мамилелериндеги жаңы ачылыш катары бааласа болот, жана ал Орто Азиядагы башка суу бассейндериндеги кызматташуунун өнүгүшүнө зор түрткүлүк кызмат кылат. Алсак: 1). Орто Азияда, айлана - чөйрө менен байланышкан көйгөйлөрдүн курчтугун жана саясый боёгун эске алып, эл аралык суу агымдарында мерчемделип жаткан долбоорлор менен программалардын экологиялык баалоосун, ал өлкөлөр ОВОС Конвенциясына катышпаган болсо да, мындай долбоорлордун баарынан талап кылынат; 2). КМШ катышуучу – мамлекеттеринин трансчегаралык суу обьекттерин рационалдуу пайдалануу жана коргоо тармагындагы биргелешкен аракеттердин негизги талаптары жөнүндө Макулдашууга кол коюлган; 3). Мамлекеттер аралык булактардын суу көрөңгөлөрүн биргелешип башкаруу жана коргоо чөйрөсүндөгү кызматташуу жөнүндө Макулдашууга кол коюлган; 4). Жалпысынан

алганда Орто Азиянын суу-энергетикалык көрөңгөлөрүн пайдалануу үчүн кызматташуунун аймактык укуктук базасы жеткилең эмес жана жаңыдан топтоштуруга (консолидацияга) жана кайрадан иштеп чыгууга муктаж; 5). Казакстан менен Кыргызстандын ортосундагы Чүй жана Талас сууларындагы мамлекеттер аралык суу чарба курулуштарын пайдалануу жөнүндөгү Келишимге кол кюлган;

11. Диссертациянын бул бапында тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн негизинде башка мамлекеттер менен соода-сатык мамилелер менен иштешкен Жалал-Абад облусунун аймагына кирген Аксы районунун ичкен суу пайдалануу чарбасынын акыркы 5 жылдын ичиндеги иш-аракетин изилдей туруп экономикалык башкаруу илиминин модель түзүү ыкмасын колдонуу божомолдоо ишинде аталган чарбанын тигил же бул статистикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүлүшүн аныктоого, бышыктоого мүмкүнчүлүк түздү. Жумушту аткарууда биз тараптан диссертацияда божомолдоого байланыштуу көптөгөн чиймелер, графиктер даярдалды. Бул үчүн маалымат арбын талап кылынды, анткени андай изилдоо жасаш учун статистикалык материалдар жетишсиз. Диссертация жазуунун алкагында долбоорлоо боюнча изилдоо ишин аткарууга пайдаланууга чейин талдоодон толук өткөрүп туруп, соңунан божомолдоону негиздөөгө керектелет;
12. Кыргыз Республикасы тышкы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүнүн алкагында Борбордук Азиянын энергетикалык ресурстарынын 2%ке, көмүрдүн чоң запастарына жана 30% гидроэнергетикалык ресурстарга ээ, анын ондон бир бөлүгү гана иштетилип жатат. Кыргыз Республикасынын энергетика тармагы бир катар жылдар бою көптөгөн көйгөйлөргө туш болду. Коммерциялык жана техникалык жоготуулар жол берилгис жогору. Электр энергиясын өндүрүү жана бөлүштүрүү, жоготуулар, тарифтер, керектөө структурасы, ири керектөөчүлөрдү энергия менен камсыздоо ж.б. Учурда өлкөнүн энергетика тармагында курч кырдаал түзүлдү: 2021 жылдын күз-кыш мезгилинде электр энергиясына болгон суроо-талаптын канааттанбагандыгы 1,5 миллиарддан 3 миллиард кВт саатка чейин жетет деген божомол бар. Бул тартыштык бир нече себептерден улам пайда болгон: Биринчиден, быйыл Токтогул суу сактагычында суунун аздыгы байкалууда (суунун деңгээли былтыркы 15,2 млрд куб метрге салыштырмалуу 9,7 млрд куб метрге чейин төмөндөгөн). Бул Нарын дарыясында суунун агымынын деңгээлинин орточо жылдык көрсөткүчтүн 70%га чейин төмөндөшүнө байланыштуу; Экинчиден, республиканын түштүгүндө 2021-жылдын август, сентябрь айында

газдын жоктугу  электр энергиясын колдонууну 12%га жогорулаткан. Демек, кышында да керектөөнүн көбөйүшүн күтүү керек; Үчүнчүдөн, жаңы кубаттуулуктардын жетишсиздиги оптимисттик сценарий боюнча 2022-2023-жылдары гана ишке киргизилиши күтүлүүдө; Төртүнчүдөн, мамлекеттик энергоэффективдүү саясаттын жоктугу жана энергетика тармагынын эл аралык стандарттарга  ( ISO 50001) кээ бир маселелер боюнча туура келбестиги; Бешинчиден, электр энергиясына төмөн тарифтер электр энергиясын өндүрүүгө кеткен чыгымдарды толугу менен жаба албайт, ошондой эле энергетикалык ишканаларга энергетикалык объектилерди модернизациялоого капиталдык салымдарды жумшоого мүмкүндүк бербейт; Алтынчыдан, негизги энергия булактарына (газ, бензин, дизелдик отун, мазут, көмүр) баалардын өсүшү.  Бул негизги себептер электр энергиясын керектөөнү (орто эсеп менен 8,9%га) көбөйтүүнү камсыз кылууга мүмкүндүк бербейт жана ошого жараша экономикалык өсүштү кепилдейт, бул бизге жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана эмгек акыны жана пенсияларды жогорулатууга тийиш. Ушуга байланыштуу республикада 1,5тен 3 миллиард кВт саатка чейин электр энергиясынын дефицити түзүлөт, ал төмөндөгүлөрдүн эсебинен жабылууга тийиш: (1) энергиянын өздүк өндүрүшүн көбөйтүү; (2) энергетикалык ресурстардын импорту; (3) энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу жана (4) чектөөлөрдү киргизүү аркылуу керектөөнү азайтуу.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Портной М. А. Современные тенденции мировых интеграционных процессов//США - Экономика, политика, идеология. 2019г. №7. С. 12;
2. Курт Якобайт. Теория региональной интеграции//Региональная интеграция в Центральной Азии: шансы, риски и потенциалы. Берлин, 2018г.
3. Курт Хюбнер. Региональная интеграция и платёжный союз: западноевропейский опыт//Региональная интеграция в Центральной Азии: шансы, риски и потенциалы. Берлин, 2019 г.
4. Совместные действия “группы восьми” в области торговли. Эвиаи, 1-3 июня 2018 г.; Договор об учреждении Евразийского экономического сообщества. Астана, 10 октября 2018 г.; Заседание Совета по автомобильному транспорту. //Международные автомобильные перевозки. М. 2019. №5. С. 26-28;
5. Омэ К. Мир без границ: сила и стратегия интегриров. экономики.Фонтане, 2018 г.
6. Долгов С. И. Глобализация экономики. Новое слово и новое явление. М. Экономика, 2018 г.С. 14.
7. World economic outlook (International Monetary Fund) www.Imf.org
8. Европейский союз: прошлое, настоящее, будущее. Договоры, учреждающие европейские сообщества. М.,: Право, 2018; Европейский союз – ваш сосед. Люксембург, 2018 г..
9. Кастельс М. Информационная эпоха. М., 2018 г. Т. 1-2.
10. Handy Ch. The Age of Paradox. Bocton. 2018. C. 3-286.
11. Allen R. Finankial Crises and Recession in the Global Economy. Aldershot 2018 . P.69-71
12. The Global Economy in Transitiion. L. 2019.
13. Ценности, которые мы защищаем, перемены, к которым мы стремимся. Социальная справедливость в условиях глобализации экономики//Доклад Генерального директор МОТ. 81-сессия. Женева, 2018 г. С. 1-15.
14. ГеншерГ. Д. Deefense national. 2018. 10.С. 1-26
15. Ретерсен-Тумсер Ж., Примбетов С. Состояние и перспективы регионального сотрудничества в Центральной Азии и Европейском союзе. Бишкек; Берлин, 2018 г.
16. Зиядуллаев Н. СНГ – современное состояние и перспективы//Экономист. 2017. №3. С. 112.
17. Г.Г. Разматуллина, к.э.н.,главный научный сотрудник Казакстанского института стратегических исследований (КИСИ) при Президенте Республики Казахстан (Казахстан); Т. С. Дыйканбаева ,д.э.н.,директор Центра ээкономических исследований Национальной Акадаемии наук Кыргызской Республики (Кыргызстан); М.А.Олимов, профессор, директор независимого научно-исследовательсконо центра “Шарк”; Х.Х.Хабибуллаев, к.т.н., зав. кафедрой Таджикского технического

университета им.М. С.Осими и Ш.К. Сахибов, независимый эксперт (Таджикистан); В.В.Парамонов, кан. Полит. Наук и А.В. Строков – независимые эксперты (Узбекстан); Чжу Сянпин, профессор, директор Института по изучению Северо- Восточной Азии Цзилиньского университета (Китай). Сборник трудов. Астана 2018 г.
18. Каримов И.А.Узбекстан: национальная независимость, экономика, политика, идеология. Т. 1-4.Т:Узбекистон, 1996. С. 5-349; Узбекистон на порогу ХХ1 века: угрозы безопасности, условия и гарантии прогресса. Т.: Узбекистон, 1977.
19. Каримов И.А.Узбекстан: национальная независимость, экономика, политика, идеология. Т. 1-4.Т:Узбекистон, 1996. С. 5-349; Узбекистон на порогу ХХ1 века: угрозы безопасности, условия и гарантии прогресса. Т.: Узбекистон, 1977.
20. Интеграция в Центральной Азии:Взгляд изнутри и извне. Публикации в Интернет. Подготовлено командой проекта Central Asian Gateway; Гериберт Дитер. Региональная интеграция в Центральной Азии. Берлин, 2018. С. 7-382; Доклад о человеческом развити в Центральной Азии. В будущее без барьеров: региональное сотрудничествов области человеческого развития и обеспечения человеческой безопасности. Региональн сотрудничествов области человеческого развития и обеспечения человеческой безопасности. Региональное бюро ПРООН по странам Европы и СНГ, 2018. С. 10-300.
21. Мусакожоев Ш.М. Введение в экономику. – Бишкек, 2009. – 22 с.
22. Большой экономический словарь. – Москва, 2002. – 1088 с.
23. Самуэльсон П. Экономика. Вводный курс. – Москва: Прогресс, 1964. С. Гл.3. Функционирование «смешанной» системы.
24. Асанкулова М. Об одном приложенном метолом решения многоиндексном задачи размещения //Труды ИВМиМГ СО РАН. Серия: Информатика. – Вып.5. - Новосибирск, 2005. - С.119-125.
25. Джаилов Д.С. Развитие аграрного сектора в условиях реформирова-ния. – Бишкек: ЦЭиСР при МФ КР, 2002.
26. Койчуев Т. Экономика Кыргызстана в последнее десятилетие ХХ в.- Бишкек, 2000.
27. Култаев Т.Ч. Задача оптимального использования сельскохозяйствен-ной техники в крестьянских хозяйствах. Дискретный анализ и исследование операций - DAOR – 04. - Новосибирск: Изд. Института Математики СО РАН, 2004. – С. 224.
28. Култаев Т.Ч., Маматкадырова Г.Т. Определение оптимальной урожайности сельскохозяйственных культур по критерию максимума прибыли. Труды ИВМиМГ СО РАН. Сер. Информатика. - Новосибирск, 2004.-С.96-100.
29. Култаев Т.Ч. Экономико-математическая модель задачи оптималь-ного распределения удобрений в крестьянских кооперациях. Вестник ОшГУ: Специальный выпуск. Часть II. - Ош, 2004. –С.138-139

30. Джумабаев К.Ж., Мурсабекова Г.Т. Нормативно – правовая основа и региональные особенности поведения сельскохозяйственной переписи в Кыргызстане. «Экономика и статистика»- Бишкек,2002., №3, - С .65-70.
31. Добрынин В.А. Экономическая эффективность сельскохозяйственного производства в условиях перехода к рыночным отношениям (лекция). - Москва: МСХА, 1994.
32. Статистический бюллетень Жалал-Абадской области за 2010-2020 гг.. – Жалал-Абад. Областная типография. 2021г. 358 с.
33. Статистический сборник. Посевные площади, валовой сбор и урожайность сельскохозяйственных культур во всех категориях хозяйств Жалал-Абадской области за 2010 2020 гг. – Жалал-Абад. 2021 г. 250 с.
34. Статистический ежегодник Кыргызской Республики. - Бишкек, 2005-2020 гг.
35. Мусакожоев Ш.М. Стратегия инновационной модернизации экономики. - Бишкек, Полиграфкомбинат. Б 2018 г. – 163 с.
36. Култаев Т.Ч. Об одном методе совершенствовании управления и организации аграрного производства. Вестник ОшГУ. – Ош, 2019г. - №1,2. – С.209 - 212.
37. Жусупбаев А.Ж. Задача оптимального распределения сельскохозяйственной техники между крестьянскими хозяйствами. Наука и новые технологии. - Бишкек, 2018.- №2. -С.91-95.
38. Смит А. Исследование о природе и причинах богатства народов. – М. : Соцэкгиз, 1962. – С. 331.
39. Рикардо Д. Сочинения. – Т.3. – М. : Госполитиздат, 1955. – С. 111.
40. Ксенофонт. Сократические сочинения. – СПб. : АО «Комплект»,1993. – С. 317
41. Петти У. Трактат о налогах и сборах / Антология экономической классики. – Т. 1. – М. : Эконов, 1993. – С. 31-35.
42. Кене Франсуа. Избранные экономические произведения. – М. : Соцэкгиз, 1960. – С. 387, 422, 431.
43. Макконнелл Кэмпбелл Р. Экономикс: Принципы, проблемы и политика / К.Р. Макконнелл, Л.Брю Стенли. - в 2 т. Пер. с англ. 11 изд.: О.Н. Антипова и др.; Общ. Ред. пер. А.А. Пороховского. - М.: Республика. Т. 2. 1992.-400с.
44. Бланк И.А. Словарь-справочник финансового менеджера / И.А. Бланк - Киев: Ника-Центр: Эльга, 1998. - 477 с. -(Б-ка финансового менеджера).
45. Словарь-справочник: Рыночная экономика: понятия, термины, мы рыночной экономики. Кн. 1/А.А. Зайцев, Ю.Г. Одегов, В.Г. Одегов, Г.П. Елисеев, В.С. Бабий. - Саратов: Изд-во Сарат. ун-та, 1991. - 128с.
46. Дамари Р. Финансы и предпринимательство: Финансовые инструменты используемые западными фирмами для роста и развития организаций./ Пер. с англ. Вышинской Е.В., Пипейкина В.П., Науч. ред. Рысина В.Н. - Ярославль, "Елень", 1993. (Школа менеджера).

47.Закон о государственном прогнозировании социально-экономического развития Кыргызской Республики №61 от 20.02.2009 г.
48.Доугерти К. Введение в эконометрику: Пер. с англ. - Москва: ИНФРА-М, 2018г 420 с..
49.Магнус Я.Р., Катышев П.К., Пересецкий А.А. Эконометрика. Начальный курс. - Москва: Дело, 2018 г. 396 с.
50.Эддоус М., Стенсфилд Р. Методы принятия решений: Пер. с англ. - Москва: Аудит - ЮНИТИ, 2018 г. 286 с.
51.Карасев А.И., Кремер Н.Ш., Савельева Т.И. Математические методы и модели в планировании. - Москва: Экономика, М: 2018 г. 312 с.
52.Заводгинов Н.Д. Основы предпринимательской деятельности в АПК. – Москва, «Наука» М: 2018 г. 340 с.
53.Классификация расходов в целях повышения эффективности управленческого учета Перспективы развития науки и образования: сборник научных трудов по материалам международной научно-практической конференции Россия, г Тамбов. 2015г
54.Новожилов В.В. Проблемы измерения затрат и результатов при оптимальном планировании. – М.: Экономика, 2018 г. 338 с..
55.Нойбауэр Х. Инновационная деятельность на малых и средних предприятиях //Проблемы теории и практики управления. – 2002. – №3.
56.Носова С.С. Экономическая теория: Учебник – М.: ИНФРА – М, 2018 г., с. 672.
57.Омурзаков С.А. Формирование и развитие различных форм хозяйствования и их управление в сельском хозяйстве (монография), Изд. Жалал-Абад, 2011 г., 8,3 п.л.
58.Омурзаков С.А. Рынок шарттарында агрардык өндүрүштү башкаруу механизмин өркүндөтүү (монография), Изд.Жалал-Абад, 2012ж., 14,25 б.т.
59.Ознобин Е.С., Санду И.С., Полунин Г.А. Факторы и направления научно-технического прогресса АПК //Вестник Российской академии сельскохозяйственных наук . – 2018г. – №4.
60.Ойкен В. Основные принципы экономической политики // Русский экономический журнал. – 1993. – №6.
61.Организация инновационного развития сельского бизнеса в регионе /Под ред. В.В. Козлова. -М.: МСХ РФ, 2018г.
62.Отинова М., Литвинов В., Стратегия экономического развития сельскохозяйственных организаций //АПК: экономика, управление.- 2018.- №3.
63.Павленко Н.Е. Экономическая оценка сельскохозяйственных угодий //АПК: экономика, управление . – 2018. – №3.

64.Парахин Ю. Инвестиции в АПК: состояние и перспектива //АПК: экономика, управление. – 2017. – №10.
65.Петриков А.. Крупные сельскохозяйственные предприятия и изменение социально-экономической структуры аграрного сектора. // АПК: экономика, управление. – 2018г. – №5.
66.Пигу А.С. Экономическая теория благосостояния. В 2-х томах. Том 1.– М.: Прогресс, 1985г.
67.Покус Б. Почему застопорилась аграрная реформа в России. // АПК: экономика, управление. – 2001г. – №4. – С. 26.
68.Полбицын С. Управление инновационным потенциалом предприятий //АПК: экономика, управление. -2018г. – №12.
69.Постановление Правительства Кыргызской Республики от 28 июля 2004 года «Государственная программа научного обеспечения агропромышленного комплекса Кыргызской Республики до 2010 года».
70.Починок А.П. Нехватка квалифицированных рабочих превратится в ограничитель экономического роста //Человек и труд . – 2016г. – №3.
71.Прогнозирование и планирование в условиях рынка: Учебное пособие/Под редакцией Т. Г. Морозовой – Москва: ЮНИТИ , 2018 г.
72.Риммер М.И., Касатов А.Д., Матиенко Н.А. Экономическая оценка инвестиции – 2-е изд. – СПб.: Питер, 2018г.
73.Ротанин П.И. Инновационное предпринимательство в переходный период России к рынку.- М., 2017 г.
74.Самигуллин Э.В. Социальная экономика Кыргызстана: теория, анализ, оценка. – Б.: 2017г. –140 с.
75.Токсобаева Б.А. Кыргызстан в интеграционных процессах СНГ и центральноазиатского региона. //Экономика и статистика.- 2002.- №4. – С.43-50.
76.Токтомаматов К.Ш. Современные аспекты социально-экономического развития Кыргызской Республики. – Бишкек, 1999. – 212 с.
77.Тунеев М.М., Сухоруков В.Ф. Экономико-математические методы в организации и планировании сельскохозяйственного производства. - М.: Финансы и статистика, 2018г.
78.Турдубаев С.К. Инвестиции в агропромышленном комплексе и повышение их эффективности // Ежеквартальный научно-информационный журнал «Экономический вестник». – 2018 . -№4. – С. 33-41.

79. Турдубаев С.К. Инновационно-инвестиционные механизмы формирования и развития занятости населения Кыргызской Республики. – Ош, 2018. – 92 с.
80. Турдубаев С.К. Инновационные модели занятости нового типа в развитии растениеводства и животноводства. Интернет-журнал ВАК КР http://nakkr.org:81/jurnal/. №2, 2012 г.
81. Ушачев И.Г. Научное обеспечение стратегии социально-экономического развития АПК России // АПК: экономика, управление . – 2017г. – №3.
82. Фатхудинов Р.А. Инновационный менеджмент как система повышения конкурентоспособности //Управление персоналом. – 2018г. – №1.
83. Фатьякина Л.П., Бутыркин Л.Я., Фатькин А.Ю. Финансово-кредитный механизм стимулирования инновационной деятельности: Учебное пособие – М.: ИНИЦ, 2018 г.
84. Булгакова с.в. Некоторые общеметодологические подходы к исследованию сущности управленческого учета. // Экономический анализ: теория и практика №11(26), 2004 с 41-47
85. Вопросы совершенствования действующей отчетности хозяйствующих субъектов // Материалы Международной научно-практической конференции. – Б.: 2006.- 0,5 п.л.
86. Гущина И.Э. Учет факторов хозяйственной деятельности. // Бухгалтерский учет № 23, 2006 с 28-32
87. Ендовицкий Д.А. Формирование прибыли и анализ показателей прибыли организации. // Экономический анализ: теория и практика №11(26), 2004 с 14-25
88. Карачаровский В. Концентрация капитала и новая экономика. // Экономист №12, 2006 с 14-22
89. Илясов Г.Г. Улучшение финансового состояния предприятия за счет проведения финансового анализа и введения управленческого учета.
// Экономический анализ: теория и практика №11(26), 2004 с 62-67
90. Ермакова Н.А. Использование бухгалтерских и управленческих методов в системе бюджетирования. // Экономический анализ: теория и практика №18(33), 2004 с 48-53

91.Маслов Б.Г. Повышение эффективности использования оборотного капитала: материально-производственные запасы. // Управленческий учет №1, 2005 с 30-44
92.Выборова Е.Н. Особенности эффективности принятия управленческих решений. // Экономический анализ: теория и практика №8(41), 2005 с 38
93.Бурцев В.В. Сущность комплексного экономического анализа в современных условиях. // Экономический анализ: теория и практика №8(23), 2004 с 3-9
94.Власова М.А. Определение целесообразности капитальных вложений в действующее производство. // Экономика и производство №3, 2006 с 21-24
95.Бурдюгова О.М., Гриб Р.Б. Учет субсидирования процентов по кредитам. // Бухгалтерский учет №19, 2006 с 19-23
96.Константинов В.А. Организация системы управленческого анализа затрат на предприятиях молочной промышленности. // Управленческий учет №1, 2005 с 78-88
97.О стратегии регулирования бухгалтерского учета в новых условиях хозяйствования // Материалы Международной научно-практической конференции. – Б.: 2007.- 0,4 п.л.
98.Козлова Е.П. и др. Бухгалтерский учет затрат на производство. // Бухгалтерский учет №19, 2001 с 50-53
99.Плотников В. Условия финансового оздоровления предприятий. // Экономист №5, 2001 с 92-94
100. Сатубалдин С.С. К вопросу выбора предпочтительной системы показателей, характеризующих цель деятельности предприятий. // Сборник научных трудов, Алматы №3, 2005 с 16-18
101. Скляр Е.Н. и др. Промышленный интегрированный контроллинг как инструмент управления российскими предприятиями. // Экономика и производство №3, 2005 с 9-13
102. Сырбу А.Н. и др. Стратегия формирования инвестиционного потенциала для расширения и модернизации производственных мощностей предприятий путем проектного финансирования. // Экономический анализ: теория и практика №12(27), 2004 с 42-44